# ХАЛИФАЛЫК МАМЛЕКЕТИНИН ЖИХАЗЫ

## (Башкаруу жана идара)

# ХАЛИФАЛЫК МАМЛЕКЕТИНИН ЖИХАЗЫ

## (Башкаруу жана идара)

**Бул китепти Хизбут-Тахрир табанний кылып басып чыгарды.**
**Бул китеп өзүнө тескери нерселерди бекер кылат.**

Халифалык мамлекетинин жихазы (башкаруу ва идара)
Кыргыз тилиндеги экинчи басылышы
1431-х. – 2010-м.

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمَٰنِ الرَّحِيمِ

## КИРИШ СӨЗ

Алла Таалага хамд-мактоолор болсун, Расулулла ﷺга, ал кишинин үй-бүлөсү менен сахабаларына жана ал кишини дос туткандарга салату-саламдар болсун. Ва баъд:

Алла Субханаху айтат:

﴿وَعَدَ اللَّهُ الَّذِينَ آمَنُوا مِنْكُمْ وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ لَيَسْتَخْلِفَنَّهُم فِي الأَرْضِ كَمَا اسْتَخْلَفَ الَّذِينَ مِنْ قَبْلِهِمْ وَلَيُمَكِّنَنَّ لَهُمْ دِينَهُمُ الَّذِي ارْتَضَى لَهُمْ وَلَيُبَدِّلَنَّهُمْ مِنْ بَعْدِ خَوْفِهِمْ أَمْناً يَعْبُدُونَنِي لا يُشْرِكُونَ بِي شَيْئاً وَمَنْ كَفَرَ بَعْدَ ذَلِكَ فَأُوْلَئِكَ هُمُ الْفَاسِقُونَ﴾

***«Алла силерден ыйман келтирген жана жакшы амалдар кылган заттарга, кудум мурунку өткөн*** *(ыйман-этикаттуу)* ***заттарды*** *(жер жүзүнө)* ***халифа кылганындай, аларды да жер жүзүнө халифа кылууну жана алар үчүн Өзү ыраазы болгон*** *(Ислам)* ***динин, үстөм-бекем кылууну о.э. аларды*** *(көргөн)* ***коoп-коркунучтарынан кийин тынчтык-бейпилдикке бөлөп коюуну убада кылды. Алар Мага ибадат кылышат жана Мага бир да нерсени шерик кылышпайт. Ким мына ушул*** *(убада)****дан кийин куфрону неъмат кылса, демек, алар итаатсыз кишилер».*** **[24:55]**

Расулулла ﷺ айтат:

«تَكُونُ النُّبُوَّةُ فِيكُمْ مَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ، فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ مُلْكًا عَاضًّا، فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ مُلْكًا جَبْرِيَّةً، فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ» ثُمَّ سَكَتَ

**«Силердин араңарда Алла каалаганча пайгамбарлык болот. Кийин Алла каалаган убакта аны көтөрөт. Кийин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот жана ал Алла каалаганча турат. Кийин Алла Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин зордукчул падышалык болот жана ал Алла каалаганча турат. Кийин Алла Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин жабыр көрсөтүүчү падышалык болот жана ал Алла каалаганча турат. Кийин Алла өзү каалаганда аны көтөрөт.**

**Кийин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот». Кийин Пайгамбар ﷺ сүкүт сактады.** (Ахмад риваяты).

Биз, **Хизбут-Тахрир** мүчөлөрү, Алла Субханахунун убадасына ыйман келтиребиз жана Расулулла ﷺдын башаратын тастыктап, Исламий Үммөт менен бирге жана анын жардамында Халифалыкты жаңыдан тикелөө үчүн аракет кылабыз. Биз Алла Субханахудан бизди Халифалыкты тикелөөгө, анын аскерлеринен кылып, анын байрагын жакшылык менен көтөрүшүбүзгө жана бул байрак менен арты-артынан жеңиштерге карай кадам таштышыбызга жетиштиришин сурайбыз жана бул иштин жүзөгө ашышына ишенебиз. Бул иш Аллага кыйын эмес.

Биз бул китепте Халифалык мамлекетиндеги башкаруу жана идара кылуу жихаздарынын (аппарат) аныктамаларын анык, түшүнүүгө оңой жана иш жүзүндө колдонуу көрүнүшүндө баян кылууну кааладык. О.э. жүрөк кадыржам болушу үчүн истинбат жана истидлал (далил келтирүү) жагынан да туура-сахих болушун максат кылдык.

Буга бизди үндөгөн нерсе – азыркы убактагы мавжуд башкаруу түзүмдөрүнүн форма жагынан да, мазмун жагынан да Исламдын башкаруу түзүмүнөн абдан алыс экендиги. Мазмунга келсек, азыркы түзүмдөрдүн баары Алланын Китебинен жана Расулунун сүннөтүнөн о.э. бул экөөсүнүн негизиндеги ижма жана кыястан алынбагандыгы бардык мусулмандарга анык белгилүү. Бул түзүмдөрдүн Ислам түзүмдөрүнө тескери экендиги мусулмандарга даана көрүнүп турат жана бул жаатта алар ихтилаф да кылышпайт.

Бирок, аларды чаташтырып турган нерсе – «азыркы башкаруу аппараттары Ислам башкаруу формасынын аппараттынан айырмаланбайт» деп ойлогондугу. Ошондуктан, Исламий башкаруу жихаздарында да – азыркы өздөрү ойлоп тапкан түзүмдөрдө болгондой укуктарга ээ болгон – министрлер кеңеши, министрлер, министрликтер жана ушуга окшогон нерселердин болушунун зыяны жок деп ойлошот. Ошондуктан, бул китепте Халифалык мамлекетиндеги башкаруу жихаздарына көңүл буруута зор маани бердик. Мунун себеби, Алланын уруксаты менен, бул мамлекеттин тикеленишинен мурун, анын башкаруу формасы адамдардын зээндеринде түшүнүктүү болуп, алар көз алдында элестете алышсын.

О.э. бул китепке Халифалык мамлекетинин байрактарын (роя жана лива) да коштук. Китепке кошулбаган башка зарыл нерселер да бар, аларды кийинкиге калтырдык. Тез арада, Алланын уруксаты менен, бул зарыл мыйзамдар китептин тиркемесинде басылып чыгат. Алар төмөнкүлөр:

- Халифаны шайлоо, байъаттын текстин белгилөө;
- Халифа туткунга түшүп калганда – кутулушу үмүт кылынабы же жокпу – убактылуу амирдин укуктарын белгилөө;

- Идарага жана аткарууга тиешелүү вилаят шуртасын түзүү;
- Ички коопсуздук идарасында аял миршаба (шурта) дайындоо;
- Вилаят межлистерин жана Үммөт межлисин шайлоо абалдары (кайфият);
- Мамлекеттин расмий гимнин тандоо.

Китепте бул иштердин баарына өз орундарында шилтеме жасап өттүк.

Алла Субханахудан нусратты тездетишин, Өз фазилаты менен бизге ырайымдуулук көрсөтүшүн, Азиздиги жана Карами менен бизди азиз-мукаррам кылышын, натыйжада, Үммөт кайра дагы адамдар үчүн чыгарылган эң жакшы Үммөткө айланышын, мамлекетибиз дүйнөдө биринчи орундагы мамлекет болуп, бүткүл дүйнө бойлоп жакшылык жана адилет жайышын сурап калабыз. Ошол күндө момундар Алланын нусраты себептүү шаттанышат жана Алла ал себептүү момундар коомунун жүрөктөрүнө шыпаа берет.

Акыркы дубабыз: бардык мактоолор бүткүл ааламдардын Роббиси Алла таалага гана таандык.

## АЛГЫ СӨЗ

Халифалык мамлекетинин жихаздарын толук баян кылуудан мурун төмөнкү нерселерди айтып өтүшүбүз зарыл.

**Биринчи:** Ааламдар Роббиси фарз кылган Исламдагы башкаруу түзүмү – бул Халифалык түзүмү. Бул түзүмдө, Алланын Китеби жана Расулунун сүннөтүнө ылайык, Алла түшүргөн нерсе менен башкарууга берилген байъат аркылуу халифа дайындалат. Буга Китеп, сүннөт жана сахабалар ижмасынан далилдер абдан көп.

Китепте айтылып өткөн далилдерге келсек, Алла Таала Расул ﷺга хытаб кылып, мындай дейт:

﴿فَاحْكُمْ بَيْنَهُمْ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ وَلاَ تَتَّبِعْ أَهْوَاءَهُمْ عَمَّا جَاءَكَ مِنَ الْحَقِّ﴾

***«Демек, адамдар ортосунда Алла түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын жана сага келген акыйкаттан жүз үйрүп, алардын көңүл кушу каалаган нерселерине ээрчип кетпе!»*** **[5:48]**

﴿وَأَنِ احْكُمْ بَيْنَهُمْ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ وَلاَ تَتَّبِعْ أَهْوَاءَهُمْ وَاحْذَرْهُمْ أَنْ يَفْتِنُوكَ عَنْ بَعْضِ مَا أَنزَلَ اللَّهُ إِلَيْكَ﴾

*«(Эй Мухаммад),* ***алардын арасында Алла түшүргөн нерсе*** *(дин)* ***менен өкүм кылгын, алардын көңүл кушу каалаган нерселерине ээрчип кетпе жана да Алла сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан сени буруп фитнага салып коюуларынан этият бол!»*** **[5:49]**

Расулулла ﷺга «адамдар ортосунда Алла түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын» деп айтылган хытаб ал кишинин Үммөтүнө да болгон хытаб эсептелет. Мунун мазмуну: Расулулла ﷺдан кийин адамдардын арасында Алла түшүргөн нерсе менен өкүм кылган акимди тикелегиле, - дегени. Бул хытабдагы буйрук катъийликти көрсөтүп турат. Себеби, бул жерде хытаб мавзусу – фарз. Бул болсо усул илиминде катъийликке далалат кылат. Расулулла ﷺдан кийин адамдардын ортосунда Алла түшүргөн нерсе менен өкүм кыла турган аким – халифа. Мына ошондой башкаруу түзүмү Халифалык түзүмү болуп эсептелет. Мындан тышкары, хаддар жана башка өкүмдөрдү өтөө важиб, алар болсо аким аркылуу гана өтөлөт. «Важиб эмне менен акырына жетке, ал да важиб» деген коидага ылайык, шариятты өтөй турган акимди тикелөө важиб. Бул аким болсо – халифа. Башкаруу түзүмү болсо – Халифалык түзүмү.

Сүннөттө айтылган далилдерге келсек, Нафиъден риваят кылынат, Абдулла ибн Умар мага «Расулулла ﷺ мындай дегенин уктум» деди:

**«مَنْ خَلَعَ يَدًا مِنْ طَاعَةٍ لَقِيَ اللَّهَ يَوْمَ الْقِيَامَةِ لاَ حُجَّةَ لَهُ، وَمَنْ مَاتَ وَلَيْسَ فِي عُنُقِهِ بَيْعَةٌ مَاتَ مِيتَةً جَاهِلِيَّةً»**

**«Кимде-ким итааттан баш тартса, Кыямат күнү Аллага хужжаты жок абалда жолугат. Кимде-ким мойнунда байъат болбогон абалда өлсө, жахилият өлүмү менен өлүптүр».** (Муслим риваяты). Набий ﷺ ар бир мусулмандын мойнунда байъат болушун фарз кылды жана кимде-ким мойнунда байъаты жок абалда өлсө, аны жахилият өлүмү менен өлүптүр деп сыпаттады. Расулулла ﷺдан кийин байъат бир гана халифага берилет, башкасына эмес. Бул хадис ар бир мусулмандын мойнунда байъат болушун важиб кылып жатат т.а. халифа мавжуд болушу менен ар бир мусулмандын ага байъат бериши важиб болот. Муслим Аърождан, ал киши Абу Хурайрадан, ал Расулулла ﷺдан риваят кылат. Ал киши айтат:

**«إِنَّمَا الإِمَامُ** (الخَلِيفَةُ) **جُنَّةٌ يُقاتَلُ مَنْ وَرَائَهُ وَيُتَّقَى بِهِ»**

**«Имам** (халифа) **– калкан, анын артында туруп согуш кылынат жана аны менен коргонулат».** Муслим Абу Хазимден келтирет: Мен Абу Хурайра менен беш жыл бирге болдум, ал кишиден Расулулла ﷺдын мындай дегенин уктум:

**«كَانَتْ بَنُو إِسْرَائِيلَ تَسُوسُهُمُ الأَنْبِيَاءُ، كُلَّمَا هَلَكَ نَبِيٌّ خَلَفَهُ نَبِيٌّ، وَإِنَّهُ لاَ نَبِيَّ بَعْدِي، وَسَيَكُونُ خُلَفَاءُ فَيَكْثُرُونَ، قَالُوا: فَمَا تَأْمُرُنَا؟ قَالَ فُوا بِبَيْعَةِ الأَوَّلِ فَالأَوَّلِ، أَعْطُوهُمْ حَقَّهُمْ فَإِنَّ اللَّهَ سَائِلُهُمْ عَمَّا اسْتَرْعَاهُمْ»**

**«Бану Исраилге пайгамбарлар саясат жүргүзүшөр эле. Качан бир пайгамбар өлсө, артынан башка бир пайгамбар келчү. Менден кийин болсо пайгамбар жок, халифалар болот. Алар көп болот.** Сахабалар «бизди эмнеге буюрасыз?» деп сурашты. Айтты: **Эң биринчисинин, жана дагы эң биринчисинин байъатына бапаа кылгыла. Алардын акыларын өздөрүнө бергиле. Анткени, Алла алардан раиятты кандай башкаргандыгы жөнүндө сурайт».** Бул хадистерде халифа калкан т.а. коргоо деп сыпатталып жатат. Расулулла ﷺ имамды калкан деп сыпаттады, бул жерде имамдын мавжуддугу мактоо менен кабар берилип жатат, бул болсо талап болот. Себеби, кабар берүү Алла жана Расулу тарабынан болуп, мазамматты (каралоону) өз ичине алса, ал таштоо талабы т.а. тыюу болот. Эгер кабар берүү өз ичине мактоону алса, бул кабар ишти кылуу талабы болот. Эгер талап кылынган ишти кылууда шаръий өкүмдү өтөө, таштоодо болсо шаръий өкүмдү бекер кылуу болсо, бул талап катъий болот. Бул хадистерде мусулмандарды башкара тургандар халифалар экендиги да айтылып жатат. Бул болсо халифаны тикелөө зарылдыгын билдирет. Анткени, Расулулла ﷺ халифаларга моюн сунууга жана алардан Халифалыкты талашып жаткандарга каршы согушууга буюрду. Бул халифаны тикелөөгө жана анын халифалыгын

сактоо үчүн ага каршы чыккандар менен согушууга болгон буйрук. Муслим риваят кылат, Набий ﷺ айтты:

«مَنْ بَايَعَ إِمَامًا فَأَعْطَاهُ صَفْقَةَ يَدِهِ، وَثَمَرَةَ قَلْبِهِ، فَلْيُطِعْهُ إِنِ اسْتَطَاعَ، فَإِنْ جَاءَ آخَرُ يُنَازِعُهُ فَاضْرِبُوا عُنُقَ الآخَرِ»

**«Ким имамга байъат кылып, ага колун жана жүрөгүн берсе, кудурети жетишинче ага моюн сунсун. Эгер башкасы келип, (халифалыкты) талашса, кийинкисинин мойнуна ургула».** Имамга моюн сунууга болгон буйрук имамды тикелөөгө болгон буйрук болот. Андан халифалыкты талашып жаткандарга каршы согушууга болгон буйрук ар дайым бир халифа болушунун катъийлигине далил болот.

Сахабалар ижмасындагы далилдерге келсек, сахаба ؓдар Расулулла ﷺ көз жумгандан кийин Расулулла ﷺга халифа дайындоо керектигине ижма кылышкан. Ошондуктан, алар Абу Бакр, кийин Умар, кийин Усмандын ордуна – алар дүйнөдөн кайтышкандан кийин – халифа дайындоо зарылдыгына ижма кылышкан. Сахаба ؓдар Расулулла ﷺ көз жумгандан кийин халифаны дайындоо менен алектенип, ал кишини жайына коюуну кечиктирүүлөрү сахаба ؓдардын ижмасын тастыктайт. Негизи, майитти өлүмүнөн кийин эле көмүү фарз болчу. Расулулла ﷺды жайына коюулары важиб болгон сахаба ؓдардын айрымдары халифа дайындоо менен алек болушту. Алардын башка бир бөлүгү болсо – муну инкар кылууга жана майитти жайына коюуга кудуреттери жетсе да – бул ишке унчукпай сүкүт кылып, алар да майитти жерге берүүнүн эки күнгө кечиктирилишине шерик болушту. Расулулла ﷺ дүйшөмбү күнү шашкеде дүйнөдөн кайтты, шейшембиге өткөн түнү да, Абу Бакрга байъат берилген шейшемби күнү да дафн кылынбады (жайга коюлбады). Шаршембиге өткөн түнү дафн кылынды. Т.а. дафн эки түнгө кечикти. Расулулла ﷺды дафн кылуудан мурун Абу Бакрга байъат берилди. Демек, дафн кылуудан мурун халифаны дайындоо менен алектенүү ижма болуп калды. Мындай иш халифаны дайындоо майитти дафн кылуудан көрө важиб болгондо гана болот. О.э. сахаба ؓдар тирүү кездеринде халифаны дайындоо важибдигине ижма кылышкан. Мейли, алар халифа болуп шайлана турган адам жөнүндө ихтилаф кылышкан болушса да, Расулулла ﷺ дүйнөдөн кайтканда да, хулафаи рошидиндердин өлүмүнөн кийин да, халифаны тикелөө жаатында таптакыр ихтилаф кылышкан эмес. Демек, сахаба ؓдардын ижмасы халифаны дайындоо важибдигине күчтүү жана ачык далил болот.

**Экинчи**: Исламдагы (Халифалыктагы) башкаруу түзүмүнүн формасы дүйнөдөгү белгилүү болгон башкаруу формаларынан бүтүндөй айырмаланат. Мындай айырма ал курулган негизде болобу, же пикирлер, түшүнүктөр, өлчөөлөр жана алардын талаптары менен аткарыла турган

өкүмдөрдө болобу, же колдонула турган жана аткарыла турган мыйзамдар жана дустурда болобу, же Ислам мамлекети көрүнө турган формада болобу, даана көзгө көрүнөт.

Ислам мамлекетинин башкаруу формасы дүйнөдөгү бардык башкаруу формаларынан айырмалануусу төмөнкүдөй:

**Исламдагы башкаруу түзүмү королдук түзүмү эмес,** ал королдук түзүмүн тан албайт, королдук түзүмүнө окшобойт. Себеби, королдук түзүмүндө бийлик атадан балага мураска калат, үммөттүн буга эч кандай алакасы болбойт. Ал эми, Халифалык түзүмүндө мураскорлук жок. Үммөттүн байъаты гана – Халифаны тикелөөнүн тарыйкаты. О.э. королдук түзүм королго артыкчылыктарды, жарандардын эч бирине берилбеген өзгөчө укуктарды берип, аны мыйзамдан бийик кылып коёт. Айрым королдук түзүмдөрүндө король (малик) улуттун символу катары таанылат, бирок, ал бийликти башкарбайт. (Европадагы королдук түзүмдөрү ушундай). Башка королдук түзүмдөрдө болсо, король өлкөнү жана адамдарды өзү каалагандай башкарат, кандай гана жамандык жана зулум кылбасын, ал кол тийгис бойдон калат. (Мисалы, Саудия, Иордания ж.б.дагы королдук түзүмдөрү сыяктуу). Ал эми, Халифалык түзүмү халифаны королдук түзүмүндөгүдөй жарандарда болбогон артыкчылыктар менен өзгөчөлөп койбойт жана ага үммөттүн перзенттеринен өзгөчөлөнүп турган укуктарды да бербейт. О.э. халифа падышалык түзүмүндөгүдөй, жогоруда айтып өтүлгөн маанидеги үммөттүн символу да болбойт. Ал башкаруу жана салтанатта Үммөттүн жардамчысы (наиб) болуп, Алланын шариятын колдонушу үчүн үммөт аны тандап, ага байъат берет. Ал бардык тасарруфтарында жана өкүм жүргүзүүсүндө о.э. үммөттүн иштерин жана кызыкчылыктарын камкордук менен башкарууда шаръий өкүмдөрдүн алкагында гана иш жүргүзөт.

**Исламдагы башкаруу түзүмү императорлук түзүмү да эмес.** Себеби, императорлук түзүмү Исламдан бүтүндөй башкача. Ислам башкарып жаткан аймактар – алардын улуттары ар түрдүү болуп, бир борборго баш ийсе да – императорлук түзүмү менен башкарылбайт. Ал императорлук түзүмүнө тескери. Себеби, императорлук түзүмү өз аймактарында жашап жаткандарга өкүм жүргүзүүдө тең карабайт, балким, империянын борборуна башкарууда (хукм), финансы (малия) жана экономикада (иктисод) абзелдик берип коёт.

Исламдын башкаруудагы тарыйкаты мамлекеттин бардык жерлеринде жарандарга тең карап, улутчулдук бөлүнүүлөрүн инкар кылат жана мамлекет жараны болгон кайрымусулмандарга да шарият өкүмдөрүнө ылайык жарандык акы-укуктарын берет. Аларга да мусулмандарга кылынгандай эле ынсап менен мамиле кылынат о.э. мусулмандардан талап кылынгандай эле, алардан да милдеттери ынсап менен талап кылынат. Бул эле эмес, мыйзам алдында эч бир жаранга – кайсыл динде экенине карабастан, жада калса, мусулман болсо да – башкаларда

болбогон укук берилбейт. Демек, Ислам түзүмү мындай теңдик орнотуу менен императорлуктан бүтүндөй айырмаланат. Анткени, Ислам түзүмү аймактарды колонияга, эксплуатациялоо ордуна, пайдалары жалаң борборго гана агып келе турган булактарга айлантпайт. Тескерисинче, бардык аймактарды – алар бири-биринен канчалык алыс аралыкта жайгашпасын, аларда кандай гана түрдүү улуттар жашабасын – бир бүтүн аймакка айлантат, ар бир аймак мамлекеттин бөлүнгүс бир бөлүгү эсептелет. Борбордогу калк кандай укукка ээ болсо, аймактардагы калктар да ошондой укуктарга ээ болушат жана башкаруу салтанаты, түзүм, мыйзамчылык – булардын баары бардык аймактарда бирдей болот.

**<u>Исламдагы башкаруу түзүмү федерация түзүмү да эмес.</u>** Федерация түзүмүндө аймактар автономиялык эгемендүүлүккө ээ болгон субъекттер катары эсептелип, алардын бардыгы бир жалпы башкарууга моюн сунат. Исламда болсо андай эмес. Тескерисинче, Ислам түзүмү бир бүтүн түзүм болуп, анда – эгер борбор Каир болсо – батыштагы Марокко, чыгыштагы Хурасан о.э. Фаюм провинциясы ж.б. бардык аймактардын малиясы бир малия эсептелип, кайсы вилаятта болушуна карабастан бардык жарандардын кызыкчылыктарына сарпталат. Мисалы, эгер бир вилаяттын киришелери өз муктаждыктарынан эки эсеге көп болсо да, ага киришелеринин өлчөмүнө карап эмес, балким, муктаждыгына карап сарпталат. Эми, эгер бирер вилаяттын кирешелери муктаждыктарына жетишпесе, анда ага муктаждыктарына карап мамлекет бюджетинен сарпталат. Мында анын кирешелери муктаждыктарын каптайбы же жокпу, мунун айырмасы жок.

**<u>Исламдагы башкаруу түзүмү республика түзүмү да эмес.</u>** Себеби, республика түзүмү королдук түзүмдүн зомбулугун жокко чыгаруу (рад) үчүн жүзөгө келген. Ошол доорлордо король чектелбеген кожоюндук (сиядат) жана бийликке (өкүмдарлык салтанатына) ээ болуп, мамлекет жана калк үстүнөн каалагандай өкүм жүргүзүп, мыйзамдарды өз каалоосуна карап чыгарган. Ага каршы, аны рад кылып республика түзүмү жүзөгө келди, сиядат жана салтанатты демократия деген наам менен элге өткөрдү. Натыйжада, адал же арам деп мыйзам чыгаруучу эл болуп калды. Ал эми, башкаруу (бийлик) болсо, президенттик башкаруу формасындагы республикалык түзүмдө президент менен министрлердин колуна, парламенттик башкаруу формасындагы республикалык түзүмдө болсо министрлер кеңешинин колуна өтүп калды. (Мындай абалды – т.а. министрлер кеңешинин колундагы башкарууну королдук түзүмдөрдөн көрүүгө болот. Мындай түзүмдөрдө башкаруу укугу королдон алып коюлат да, ал титулга ээ болгону менен, бийлик жүргүзбөй турган бир символ болуп калат).

Исламда болсо мыйзам чыгаруу укугу элдики эмес, балким, бир гана **АЛЛА**ныкы. Алладан башка эч ким адал же арам деп өкүм чыгарууга

акысы жок. Исламда мыйзам чыгарууну элге тапшырып коюу чоң кылмыш эсептелет. Мына бул:

﴿اتَّخَذُوا أَحْبَارَهُمْ وَرُهْبَانَهُمْ أَرْبَابًا مِنْ دُونِ اللَّهِ﴾

***«Алар Алланы коюп өздөрүнүн ахбар-даанышмандарын жана рахибдерин кудай деп билишти»,*** **[9:31]**

- деген аяти карима түшүрүлгөндө, алардын ахбар жана рохибдери мыйзам чыгарышып, нерселерди адамдарга адал жана арам кылып беришчү. Адамдар болсо аларга моюн сунушчу. Расул ﷺ бул аятты «ушул нерсе адамдардын Алланы коюп жетекчилерин кудай кылып алышканы» деп тафсир кылды. Расулулла ﷺдын аяти кариманы мындай тафсирлеши Алладан башка бирөөнүн нерсени адал жана арам кылышы чоң кылмыш экенине далалат кылат. Термизий чыгарган хадисте Адий ибн Хатам айтты.

«أَتَيْتُ النَّبِيَّ ﷺ وَفِي عُنُقِي صَلِيبٌ مِنْ ذَهَبٍ، فَقَالَ يَا عَدِيُّ اطْرَحْ عَنْكَ هَذَا الْوَثَنَ. وَسَمِعْتُهُ يَقْرَأُ فِي سُورَةِ بَرَاءَةٌ ﴿اتَّخَذُوا أَحْبَارَهُمْ وَرُهْبَانَهُمْ أَرْبَابًا مِنْ دُونِ اللَّهِ﴾ قَالَ: أَمَا إِنَّهُمْ لَمْ يَكُونُوا يَعْبُدُونَهُمْ، وَلَكِنَّهُمْ كَانُوا إِذَا أَحَلُّوا لَهُمْ شَيْئًا اسْتَحَلُّوهُ وَإِذَا حَرَّمُوا عَلَيْهِمْ شَيْئًا حَرَّمُوهُ»

**Мен Набий ﷺдын алдына келдим – мойнумда алтын крест бар эле – ал зат мага «бутту алып ташта» деди. Жана «Бароат» сүрөсүнүн мына бул: *«Алар Алланы коюп өздөрүнүн даанышмандарын жана рохибдерин кудай деп билишти»* аятын окуп, мындай дегенин уктум: «Туура, адамдар рохибдерге ибадат кылышпаган, бирок, рохибдер бирер нерсени адал дешсе, адамдар аларды адал санашкан, бирер нерсени арам дешсе, аны арам дешкен».**

О.э. Исламда башкаруу министрлер кеңеши аркылуу болбойт. Министрликтердин өздөрүнө таандык адистиктери жана укуктары, өзүнчө бюджеттери болот. Алардын бюджети бири-биринен ашык же кем болот. Мунусунун бюджетиндеги артыкча каражат тигинисине абдан көп расмиятчылыктар менен гана өткөрүлөт. Бул болсо адамдардын кызыкчылыктарын чечүүдө көптөгөн чиеликтерге себеп болот. Негизи, адамдардын кызыкчылыктары ушул кызыкчылыктарды камтыган бир идарий жихаздын алкагында чечилиши керек эле. Мисалы, республикалык түзүмдө башкаруу министрликтерге (вазирликтерге) бөлүнүп берилет жана жамаий шекилде (коллективдик көрүнүштө) башкаруу укугуна ээ болгон министрлер кеңеши бул министрликтерди жамдайт. Исламда болсо (демократиялык формада болгондой) башкарууну толук колго алган министрлер кеңеши болбойт. Балким, Үммөттү Алланын Китеби жана Расулунун сүннөтү менен башкарышы үчүн Үммөт халифага байъат берет. Халифа халифалык милдеттерин өтөөдө жардам бериши үчүн өзүнө жардамчыларды (тафвид вазирлерин)

дайындайт. Демек, алар лугавий маанидеги вазирлер болот т.а. Халифа дайындаган иштерде ага жардам берүүчүлөр болуп саналат.

Исламдагы башкаруу түзүмү чыныгы маанидеги демократия да эмес т.а. мыйзам чыгарууну, нерселердин адал жана арамдыгын, жагымдуу (хусн) жана жагымсыздыгын (кубх) белгилөөнү шарият өкүмдөрүнө баш ийбей, «эркиндик» деген нерсе аркылуу элге берип койгон демократия эмес. Мусулмандар чыныгы маанидеги демократияны кабыл албашын кафирлер абдан жакшы билишет. Ошондуктан, колонизатор кафир мамлекеттер – бүгүнкү күндө, айрыкча Америка – мусулмандар өлкөлөрүнө демократияны алдоо жолдору менен киргизүүгө урунуп, мусулмандарды адаштыруу үчүн «демократия – бул акимди шайлоо механизми» деп мусулмандардын туйгулары менен ойношуп жатканын көрөсүң. Алар демократиянын негизги иши акимди шайлоодой кылып көрсөтүшөт. Себеби, мусулмандар өлкөлөрү – алар королдук же республика деп аталып жаткан режимдер болобу, эч айырмасыз – зомбулукка, зулумга, үндөрдү басуу жана диктатурага дуушар болгон. Ошондуктан, мындай балээлерге дуушар болгон мусулман өлкөлөрдө кафирлер үчүн «демократия – акимди шайлоо жолу» деген нерсе аркылуу анын «базарын өтүмдүү» кылууга оңой болуп калды жана кафирлер андагы негизги нерсени т.а. мыйзам чыгарууну, адал-арамды белгилөөнү Аллага эмес, адамга берүү экендигин ороп-бекитишти. Ал тургай, кээ бир исламчылар, балким, кээ бир шейхтер да жакшы ниет мененби же жаман ниет мененби, бул капканга түшүп калышты. Эгер алардан демократия жөнүндө сурасаң, аны «акимди шайлоо деген этибар менен жайиз» дешет. Алардын жаман ниеттегилери болсо, демократтар демократияга берген чыныгы мааниден буруп, аны ороп жабышат. Ал эми, демократиянын чыныгы мааниси болсо өкүмдарлыкты элге берүү болуп, калк көпчүлүктүн райы менен каалагандай мыйзам чыгарып, нерселерди адал-арам кылып, аларды жагымдуу жана жагымсыз деп белгилейт. О.э. адам эркин болуп, каалаган ишин кылат, демократия жана эркиндиктер деген наам астында арак да иче берет, зина да кыла берет, муртад да боло берет, ыйык нерселерди да акараттай берет. Демократиянын мазмуну, вакиъи жана акыйкаты мына ушундай. Ошондой болгон соң, Исламга ыйман келтирген мусулман «демократия жайиз» же «демократия Исламдан» дешке кантип батына алат?!

Ал эми, Үммөттүн акимди т.а. халифаны шайлоо маселесине келсек, буга насста далил бар. Исламда өкүмдарлык шарияттыкы, лекин, адамдардын халифага байъат берүүлөрү анын халифа болушунун негизги шарты. Дүйнө диктатура зулуму жана королдук ээзүүсү астында жашап жаткан доорлордо да Исламда халифалар шайланган. Хулафаи рошидиндер: Абу Бакр, Умар, Усман жана Али رضي الله عنهم лардын шайлануу услубдарын күзөткөн адам, алардын ар бири халифа болушу үчүн ахли хал вал-акд о.э. мусулмандар өкүлдөрүнүн байъаты аягына жеткенден

кийин гана адамдар моюун сунушу важиб болгон халифа болушканын анык көрөт. Мусулмандар өкүлдөрүнүн (алар Мадина калкы эле) райын билүү тапшырылган Абдуррахман ибн Ауф ﷺ андан-мындан сурап аралап жүрдү. Ал киши ар үйлөргө барып, эркек жана аялдардан «талапкерлердин кайсы бирин тандайсыңар» деп сурап жатты. Акыры адамдардын пикири Усман ﷺга келип токтогону анык болгондон кийин, ал кишиге байъат берүү аягына жетти.

<u>Тыянак: Демократия – куфр түзүмү. Ал акимди шайлоо дегени үчүн эле эмес – себеби, бул негизги маселе эмес – балким, демократиядагы негизги нерсе болгон мыйзам чыгарууну ааламдар Роббиси Аллага эмес, балким, адамга берүү болгону үчүн куфр түзүмү болуп эсептелет.</u> Алла Субханаху айтат:

﴿إِنِ الْحُكْمُ إِلاَّ لِلَّهِ﴾

***«Өкүм жалгыз Аллага гана таандык».*** **[12:67]**

Ал зат мындай дейт:

﴿فَلاَ وَرَبِّكَ لاَ يُؤْمِنُونَ حَتَّىَ يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ بَيْنَهُمْ ثُمَّ لاَ يَجِدُواْ فِي أَنفُسِهِمْ حَرَجًا مِّمَّا قَضَيْتَ وَيُسَلِّمُواْ تَسْلِيمًا﴾

***«Жок,*** *(эй Мухаммад алайхис-салам),* ***Роббиңе ант болсун, тээ алар өз ортолорунда чыккан келишпөөчүлүктөрдө сени өкүм чыгаруучу кылышмайынча жана кийин сен чыгарган өкүмдөн дилдеринде эч кандай мүчүлүштүк таппай, толук моюн сунушмайынча эч качан момун боло алышпайт».*** **[4:65]**

Мыйзам чыгаруу жалгыз Аллага гана таандык экендигине абдан көп машхур далилдер бар.

Мындан тышкары, демократия жеке эркиндикке уруксат бергендиги үчүн, эркек да, аял да адал-арамдыгына карабастан каалаган ишин кыла берет. О.э. ал динден чыгуу жана динди өзгөртүү сыяктуу диний эркиндикке да уруксат берет. Кийин андагы мүлк эркиндиги себептүү, коомдо күчтүү киши алсызды каалагандай ыкмалар менен эксплуатация кылат, натыйжада, бай байып, кембагал жакырланып бара берет. О.э. демократиядагы сөз эркиндиги – акыйкат сөздү айтуу үчүн эмес – балким, Үммөттүн ыйык нерселерине каршы иштетилет, жада калса, алар сөз эркиндиги деп аталган нерсе менен Исламга чабуул кылып, акараттаган кимселерди билимдүү кишилер деп, аларды белектер менен көмүп ташташат.

<u>Демек, Исламда башкаруу түзүмү, жогоруда айтып өткөнүбүздөй, королдук, императорлук, федерация да эмес, социалистик жана демократиялык түзүм да эмес, ал бир гана Халифалык түзүмү.</u>

**<u>Үчүнчү</u>:** Халифалык мамлекетинин жихаздары – айрым көрүнүштөрдө окшоп кетсе да – бүгүнкү күндөгү түзүмдөр

аппараттарынан бүтүндөй айырмаланат. Халифалык мамлекетинин жихазы Расулулла ﷺ Мадинаи Мунавварага хижрат кылып, ал жерде тикелеген мамлекет жихазынан алынат. Хулафаи рошидиндер да Расулулла көз жумгандан кийин дал ошол жолдон жүрүшкөн.

Бул жаатта келген нусустарды үйрөнүп чыккандан кийин, Халифалык мамлекетинде башкаруу жана идара кылуу төмөнкүдөй тартипте болушу анык болот:

1. **Халифа.**
2. **Муавиндер (тафвид вазирлери).**
3. **Танфиз вазирлери.**
4. **Валийлер.**
5. **Жихад амири (жайш-кошуун).**
6. **Ички коопсуздук .**
7. **Тышкы иштер (хорижийа).**
8. **Өнөржай (санъат).**
9. **Казылык (козо).**
10. **Адамдар кызыкчылыктары (масолихин-наас).**
11. **Байтулмал.**
12. **Маалымат (иълам).**
13. **Үммөт межлиси (шуро жана мухасаба).**

Бул жихаздар менен алардын далилдерине кийинки бөлүмдөрдө кеңири токтолуп өтөбүз. Биз Алла Субханахудан бизди Өз нусраты менен азиз мукаррам кылышын жана туура жолду тутуучу экинчи Халифалыкты тикелөөгө жетиштирип, Ислам жана мусулмандарды азиз, куфр жана кафирлерди болсо кор кылышын жана бүткүл дүйнө бойлоп изгилик таралышын сурап калабыз.

﴿إِنَّ اللَّهَ بَالِغُ أَمْرِهِ قَدْ جَعَلَ اللَّهُ لِكُلِّ شَيْءٍ قَدْرًا﴾

***«Албетте, Алла Өзү** (каалаган) **ишине жетүүчү** (т.а. Анын каалоосуна каршы туруучу эч ким жок). **Чындыгында, Алла бардык нерсе үчүн өлчөм кылып койгон».*** **[65:3]**

Анткени, жалгыз Алладан гана жардам суралат жана Анын Өзүнө гана таянылат.

**14-зул-хижжа 1425-х.**
**24-январь 2005-м.**

## ХАЛИФАЛЫК МАМЛЕКЕТИНИН ЖИХАЗЫ
## (Башкаруу жана идара)

# Биринчи: Халифа

Халифа башкаруу (хукм) жана бийликте (салтанат) о.э. шаръий өкүмдөрдү аткарууда Үммөттүн өкүлү болуп саналат. Себеби, Ислам башкаруу жана салтанат ишин Үммөткө тапшырган, аны Үммөттүн өкүлү болгон бир адам аткарат. Алла Таала Үммөткө шарияттын бардык өкүмдөрүн аткарууну важиб кылган.

Халифаны мусулмандар шайлашат. Ошондуктан, ал башкарууда, бийликте, шарият өкүмдөрүн аткарууда Үммөттүн өкүлү эсептелет. Ушуга ылайык, халифанын халифа болушу үчүн албетте Үммөт ага байъат бериши керек. Үммөттүн байъаты халифаны Үммөттүн өкүлүнө айлантып коёт о.э. Халифалыкка берилген бул байъат инъикод байъаты болуп, ага бийликти тапшырат жана ага моюн сунууну Үммөткө важиб кылат.

Мусулмандардын ишин башкарган инсан качан Үммөт арасынан ахли хал вал-акд (ишти чечүүчү адамдар) өз ыраазылык жана ыктыярлары менен ага шаръий инъикод байъатын беришкенде жана бул инсанда инъикод шарттары толук бар болгондо о.э. ага инъикод байъаты берилгенден кийин шарият өкүмдөрүнүн колдонуусуна тездик менен киришкенде гана халифа болуп эсептелет.

### Лакап (наам)

Эми бул адамга коюлган наамга келсек, алар халифа, имам, же амирул муъминин деген наамдар. Чындыгында, ушул лакаптар сахих хадистерде жана сахабалардын ижмасында келген о.э. хулафаи рошидиндер да ушул лакаптар менен аталган. Абу Саид Худрий Расулулла ﷺдын:

«إِذَا بُويِعَ لِخَلِيفَتَيْنِ فَاقْتُلُوا الآخَرَ مِنْهُمَا»

**«Эгер эки халифага байъат берилсе, алардын кийинкисин өлтүргүлө»** дегенин риваят кылган. (Муслим риваяты). Абдулла ибн Амр ибн Аастан риваят кылынышынча, ал Расулулла ﷺдын мындай дегенин уккан экен:

«مَنْ بَايَعَ إِمَامًا فَأَعْطَاهُ صَفْقَةَ يَدِهِ، وَثَمَرَةَ قَلْبِهِ، فَلْيُطِعْهُ... »

**«Ким имамга байъат берип, ага колун жана жана жүрөгүн берсе, ага моюн сунсун...»**. (Муслим риваяты). Ауф ибн Малик Расулулла ﷺдын мындай дегенин риваят кылат:

«خِيَارُ أَئِمَّتِكُمُ الَّذِينَ تُحِبُّونَهُمْ وَيُحِبُّونَكُمْ، وَتُصَلُّونَ عَلَيْهِمْ وَيُصَلُّونَ عَلَيْكُمْ»

**«Имамдарыңардын эң жакшылары ушундай дейсиң, силер аларды жакшы көрөсүңөр, алар да силерди жакшы көрүшөт,**

**силер аларга жакшылык тилеп бата кыласыңар, алар да силерге жакшы бата кылышат».** (Муслим риваяты). Бул хадистерде Исламда шарият өкүмдөрүн тикелеген акимдин лакабы халифа же имам деп айтылып өттү.

Амирул муъминин деген лакапка келсек, «Мустадрак» китебинде ибн Шихаб Зухрий Хакимден риваят кылган, Захабий сахих деген, Табароний чыгарган, ровийлерин Хайсамий сахих кишилер деген хадисте айтылышынча: «Ибн Шихабдын риваят кылышынча, Умар ибн Абдул-Азиз Абу Бакр ибн Сулайман ибн Хасмдан сурады. Абу Бакр رضي الله عنه нун заманында каттар Расулулла ﷺ дын халифасынан деп жазылчу. Умар رضي الله عنه халифалыгынын башында Абу Бакрдын халифасынан деп жазар эле. Биринчи жолу катты амирул муъмининден деп жазган адам ким? – деп сурады. Абу Бакр ибн Сулайман мындай деди: Эң биринчи хижрат кылган аял Шифанын мага айтышынча, Умар ибн Хаттаб Ирактагы өкүлүнө «мага эки жакшы кишини жөнөтсөң, алардан Ирак жана анын калкы жөнүндө сурайт элем» деп кат жөнөттү. Ошондо Ирак валийи Лабид ибн Робийа менен Адий ибн Хатамды жөнөттү. Экөөсү тең Мединага жетип келип, төөлөрүн мечиттин короосуна чөктүрүштү. Кийин мечитке кирип, Амр ибн Ааска туш келишти. Ага: «Амирул муъмининдин алдына киришибизге уруксат сурап бериңиз, эй Амр» дешти. Ошондо Амр: «Аллага ант болсун, силер анын атын абдан туура айттыңар. Чындыгында, ал амир, биз болсо момундарбыз» деп ордунан турду да, момундар амири Умардын алдына кирип: «Ассаламу алайкум, я амирул муъминин» деди. Ошондо Умар: «Бул атты каяктан алдың, эй Амр?» - деди. Амр жооп берди: «Лабид ибн Робийа менен Адий ибн Хатам келишти, төөлөрүн мечит короосуна байлап, менин алдыма кирип, мага: Эй Амр, амирул муъмининдин алдына киришибизге уруксат алып бериңиз, - дешти. Аллага ант болсун, алар атыңызды туура айтышты, биз момундарбыз, сиз биздин амирибизсиз». Ибн Шихаб айтат: Ошол күндөн тартып кат мына ошондой баштала турган болду. Шифа Абу Бакр ибн Сулаймандын чоң энеси болчу». Муну ушул лафз менен Хаким риваят кылды. Умар رضي الله عنه дан кийин халифаларды минтип атоо сахабалардын заманында да, сахабалардан кийин да улантылды.

## Халифанын шарттары

Халифа халифалыкка жарактуу болушу жана анын халифалыгына инъикод байъаты берилиши үчүн, анда албетте жети шарт табылышы керек. Ал жети шарт инъикод шарттары болуп, эгер алардын бир эле шарты жетишпей калса, Халифалык бүтүмү (акд) түзүлбөй калат.

## Инъикод шарттары төмөнкүлөр:

**<u>Биринчи</u>: Мусулман болушу шарт.** Себеби, кафирдин халифа болушу таптакыр жайиз эмес жана кафирге моюн сунуу важиб болбойт. Себеби, Алла Таала мындай дейт:

﴿وَلَن يَجْعَلَ اللّهُ لِلْكَافِرِينَ عَلَى الْمُؤْمِنِينَ سَبِيلاً﴾

***«Алла эч качан капырлар үчүн момундар үстүнөн жол бербейт».*[4:141]**
Башкаруу болсо хакимдин махкум үстүнөн өкүм жүргүзүүсүнүн эң күчтүү жолу. Аяттагы لَنْ *«эч»* сөзү абадийликти түшүндүрүүчү сөз болуп – Халифалык болобу же башкасыбы, эч айырмасыз – кафирлердин мусулмандар үстүнөн ар кандай башкарууга ээ болушунан катъий кайтарылып жатканына карийна болот. Андыктан, Алла момундар үстүнөн кафирлерге жол (бийлик) болушун арам кылган соң, демек, мусулмандар өздөрү үстүнөн кафирлерди аким кылып алуулары арам болот.

Мунун үстүнө, халифа иш башкаруучу (валийуль-амр) болуп, Алла Субханаху мусулмандардын ишин башкарган киши мусулман болушун шарт кылган. Алла Таала мындай дейт:

﴿يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا أَطِيعُوا اللَّهَ وَأَطِيعُوا الرَّسُولَ وَأُوْلِي الْأَمْرِ مِنْكُمْ﴾

***«Эй момундар! Аллага моюн сунгула жана пайгамбарга о.э. өзүңөрдөн болгон** (мусулман) **амирлерге моюн сунгула!»*** **[4:59]**

﴿وَإِذَا جَاءَهُمْ أَمْرٌ مِنَ الْأَمْنِ أَوِ الْخَوْفِ أَذَاعُوا بِهِ وَلَوْ رَدُّوهُ إِلَى الرَّسُولِ وَإِلَى أُوْلِي الْأَمْرِ مِنْهُمْ﴾

***«Качан аларга** (согушка кеткен мусулман аскерлер жөнүндө) **тынчтык же коркунуч** (т.а. жеңиш же жеңилүү) **кабары келсе, аны жайып жиберишет. Эгер** (алар өздөрүнө келген кабарды ар кимге жайып жибербестен) **пайгамбарга жана өздөрүнөн чыккан** (т.а. мусулман) **башчыларга жеткизишкенде...».*** **[4:83]**
Курани Каримде *«башчылар»* (улиль-амр) деген сөз каерде келбесин, албетте алар өздөрүнөн чыккан мусулмандардан болушу керек деген сөз менен бирге келип, бул нерсе *«башчы»* мусулман болушу шарт кылынганына далалат кылат. Демек, халифа башчы болуп, башчылар болгон муавин, валий жана аамилдерди да ал дайындагандыктан, демек, анын мусулман болушу шарт болот.

**<u>Экинчи</u>: Эркек киши болушу шарт.** Аял киши халифа болушу жайиз эмес. Бул жөнүндө Бухарий Абу Бакрдан риваят кылган. Расулулла ﷺга фарс калкы өздөрүнө Кисронун кызын падыша (малика) кылып алгандыгынын кабары жеткенде, ал зат:

«لَنْ يُفْلِحَ قَوْمٌ وَلَّوْا أَمْرَهُمْ امْرَأَةً»

**«Өз иштерине аял кишини башчы кылып алган коом эч качан ийгиликке жетишпейт»,** - деди. Расулулланын өз иштерине аял кишини башчы кылып алган кишилердин ийгиликке жетишпеши жөнүндөгү кабары аял кишини башчы кылуудан тыюу болуп саналат. Себеби, бул талап буйрук сыйгасында болуп, Расулулланын бул хадиси – иштерине аял кишини башчы кылып алган кимселердин ийгиликке жетишпеши менен – мазаммат кылуу кабарынан тургандыгы тыюунун катъийлигине далил болот. Демек, бул жерде аял кишини башчы кылып алууга болгон тыюу салуу – аны таштоону катъий талап кылууга далалат кылып жаткан карийна менен жанаша келгендиктен – мындан аял кишини башчы кылуунун арамдыгы келип чыгат. «Аял кишини башчы кылуу» деген сөздөн «башкаруу» т.а. халифалык жана башкаруу деп этибар кылына турган башка мансаптар көздө тутулган. Анткени, хадистин мавзусу (темасы) Кисро кызынын белгилүү бир падышалыкка башчы болуусунан туруп, бул дал ушул хадисте келген башкаруу мавзусуна хос мавзу болуп эсептелет. Бул бир гана Кисро кызынын башчы болуу вакиъине гана хос эмес. О.э. бул хадистин мавзусу умумий эмес. Ал башкаруу мавзусунан башка мавзуну өз ичине албайт. Т.а. казылык, шуро межлиси, мухасаба жана аким шайлоону өз ичине албайт, балким, булардын баарына аял киши катышышы мүмкүн. Кийинчерээк бул кошумча түрдө баян кылынат.

**<u>Үчүнчү</u>: Балагат жашына жеткен болушу шарт.** Халифа балагатка жетпеген болушу мүмкүн эмес. Бул жөнүндө Абу Давуд Али ибн Абу Талибден риваят кылышынча, Расулулла ﷺ айтты:

**«رُفِعَ الْقَلَمُ عَنْ ثَلاَثَةٍ: عَنِ الصَّبِيِّ حَتَّى يَبْلُغَ، وَعَنِ النَّائِمِ حَتَّى يَسْتَيْقِظَ، وَعَنِ الْمَعْتُوهِ حَتَّى يَبْرَأَ»**

**«Үч кишиден калем көтөрүлдү: Наристеден балагатка жеткенине чейин, уктап жаткандан ойгонгонуна чейин жана акылы ажизден айыкканына чейин».** Абу Давуддун башка лафздагы мына бул риваяты да бар:

**«رُفِعَ الْقَلَمُ عَنْ ثَلاَثَةٍ: عَنِ الْمَجْنُونِ الْمَغْلُوبِ عَلَى عَقْلِهِ حَتَّى يَفِيقَ، وَعَنِ النَّائِمِ حَتَّى يَسْتَيْقِظَ، وَعَنِ الصَّبِيِّ حَتَّى يَحْتَلِمَ»**

**«Үч кишиден калем көтөрүлдү: мажнун-жиндиден акыл-эси жайына келгенге чейин, уктап жаткан адамдан ойгонгонго чейин жана наристеден ихтилам болгонго чейин».** Кимден калем көтөрүлүп өз иштерин тасарруф кыла албаса жана шаръан жоопкер киши болбосо, анын халифалык ишинде же халифалыктан башка бирер башкаруу ишинде болушу мүмкүн эмес. Себеби, ал иштерди тасарруф

кыла албайт. Халифанын наристе бала болушу жайиз эместигине дагы бир далил, Бухарийдин мына бул риваяты:

«عَنْ أَبِي عَقِيلٍ زُهْرَةَ بْنِ مَعْبَدٍ عَنْ جَدِّهِ عَبْدِ اللَّهِ بْنِ هِشَامٍ وَكَانَ قَدْ أَدْرَكَ النَّبِيَّ ﷺ وَذَهَبَتْ بِهِ زَيْنَبُ بِنْتُ حُمَيْدٍ إِلَى رَسُولِ اللَّهِ ﷺ فَقَالَتْ: يَا رَسُولَ اللَّهِ، بَايِعْهُ، فَقَالَ النَّبِيُّ ﷺ: هُوَ صَغِيرٌ. فَمَسَحَ رَأْسَهُ وَدَعَا لَهُ...»

**«Абу Акыйл Зухра ибн Маъбад чоң атасы Абдулла ибн Хишамдан риваят кылат, Абдулла ибн Хишам Пайгамбар ﷺды көрүүгө жетишкен, аны Расулулла ﷺдын алдына энеси Зайнаб бинти Хамид алып барган. Энеси: «Я Расулулла, уулум менен байъат кылыңыз», - деди. Ошондо Пайгамбар ﷺ: «Бул али жаш бала (согийр) экен» деди жана баланын башынан сылап, ага дуба кылды...».** Андыктан, наристенин байъаты этибарсыз эсептелип, башкага халифа катары байъат берүү жопкерчилигинде болбогон соң, демек, анын халифа болушу деги эле жайиз эмес.

**<u>Төртүнчү</u>: Акылы жайында болушу шарт.** Расулулла ﷺдын:

«...رُفِعَ الْقَلَمُ عَنِ ثَلاَثَةٍ...»

**«Үч кишиден калем көтөрүлдү...»** деген жана ушул хадистеги:

«...الْمَجْنُونِ الْمَغْلُوبِ عَلَى عَقْلِهِ حَتَّى يَفِيقَ...»

**«...жиндиден акыл-эси жайына келгенге чейин...»** деп зикир кылынган сөздөргө ылайык, халифа акылдан тайган адам болушу жайиз эмес. Кимден калем көтөрүлгөн болсо, ал мукаллаф киши эсептелбейт. Себеби, акыл мукаллаф болуунун булагы жана иштерди туура башкаруунун шарты болуп саналат. Халифа болсо башкаруу иштерин тасарруф кылуу, шаръий сунуштарды ишке ашыруу менен алектенет. Ошондуктан, ал жинди болушу жайиз эмес. Анткени, жинди өзүнүн жеке иштерин тасарруф кыла албаган соң, башка адамдардын иштерин тасарруф кылышы таптакыр жайиз эмес.

**<u>Бешинчи</u>: Адилеттүү болушу шарт.** Халифа фасик болушу жайиз эмес. Халифалыкка байъат берилиши жана улантылышы үчүн адилеттүүлүк зарыл шарт болуп эсептелет. Алла Таала мындай дейт:

﴿وَأَشْهِدُوا ذَوَى عَدْلٍ مِنْكُمْ﴾

***«...жана өзүңөрдөн болгон эки адилеттүү адамды күбө кылгыла...».*****[65:2]** Демек, эң чоң күбө халифа болгондон кийин, анын адилеттүү болушу дагы да зарыл. Себеби, күбөгө адилеттүүлүк шарт кылынган болсо, ушул адилеттүүлүктүн халифага шарт кылынышы өзгөчө зарыл.

**<u>Алтынчы</u>: Хур (азат) болушу шарт.** Себеби, кул кожосунун мүлкү болуп, өзү эгемендүү тасарруф жүргүзө албайт. Демек, ал өзүнөн

башканы башкара албаган соң, башка адамдарды да башкара албашы анык.

**<u>Жетинчи</u>: Кадыр (кудуреттүү) болушу шарт.** Халифа халифалык жүгүн көтөрүүгө кудуреттүү адамдардан болушу керек. Себеби, бул байъат талап кылган иштерден эсептелет. Анткени, ажиз-алсыз адам райъият иштерин Куран жана сүннөткө ылайык алып баруу жаатында берилген байъатты аткара албайт. Халифада болбошу керек болгон «ажиздиктин түрлөрүн» махкаматул мазолим белгилейт.

## Абзелдик шарттары

Мына ушулар халифага халифалык инъикодунун (акд берилиши) шарттары болуп, бул жети шарттан башка эч бир шарт инъикод шарты болууга жарабайт. Кандайдыр бир шарт – эгер ал жөнүндө сахих нусустар келген болсо, же ал бирер сахих насс менен сабит болгон өкүм астына кирген болсо – абзелдик шарты болушу мүмкүн. Бирок, ал инъикод шарты болууга жарабайт. Себеби, инъикод шарты болушу үчүн, анын ошондой шарт экендиги жөнүндөгү далил талабы жазм (катъий талап) мазмунун өз ичине алышы керек. Мындай талап мазмуну болсо, ал ылазымдыкка карийна болот. Эми, эгер далил талабы жазм мазмунун өз ичине албаса, анда шарт инъикод шарты эмес, абзелдик шарты болот. Жазм талабы бар далил келген шарттар болсо, болгону, мына ушул жети шарт гана. Ошондуктан, алар гана инъикод шарттары болот. Сахих далил келген башка шарт болсо абзелдик шарты гана болуп эсептелет. Мисалы, халифанын курайш болушу же мужтахид болушу, же курал иштетүүдө чебер болушу, же ушуга окшогон жазм болбогон далил келген иштер сыяктуу.

## Халифа шайлоонун тарыйкаты

Шарият Үммөткө өзүнө халифа шайлоону важиб кылуу менен бирге, ага халифаны шайлоо тарыйкатын да белгилеп берди. Бул тарыйкат Куран, сүннөт жана сахабалар ижмасы менен сабит болгон. Бул тарыйкат – байъат. Демек, халифанын дайындалышы, Алланын Китеби жана Расулунун сүннөтүнө ылайык, мусулмандар ага байъат берүүлөрү менен ишке ашат. Мусулмандар деген сөздөн – эгер Халифалык бар болсо, мурунку халифанын кол астындагы мусулман райъият; эгер халифа жок болсо, Халифалык тикеленип жаткан региондун мусулман калкы назарда тутулат.

Эми халифаны дайындоо тарыйкаты байъат экендигине келсек, бул нерсе мусулмандардын Расулуллага байъат бергендеринен жана Расулулланын бизди имамга байъат берүүгө буйруган буйругу менен сабит болгон. Мусулмандардын Расулуллага берген байъаттары пайгамбарлыкка берилген байъат эмес, балким, башкарууга берилген байъат эсептелет. Себеби, бул байъат тастыктоого эмес, балким, амал

кылууга болгон байъат. Ошондуктан, Расулуллага набий жана расул деген этибарда эмес, балким, аким деген этибарда байъат берилген. Себеби, набийлик жана расулдукту тастыктоо – байъат берүү эмес, ыйман келтирүү болот. Демек, Расулуллага мамлекет башчысы деген этибарда гана байъат берилген. Чындыгында, Куран менен сүннөттө байъат жөнүндө аят жана хадистер келген. Алла Таала айтат:

﴿يَاأَيُّهَا النَّبِيُّ إِذَا جَاءَكَ الْمُؤْمِنَاتُ يُبَايِعْنَكَ عَلَى أَنْ لاَ يُشْرِكْنَ بِاللَّهِ شَيْئًا وَلاَ يَسْرِقْنَ وَلاَ يَزْنِينَ وَلاَ يَقْتُلْنَ أَوْلاَدَهُنَّ وَلاَ يَأْتِينَ بِبُهْتَانٍ يَفْتَرِينَهُ بَيْنَ أَيْدِيهِنَّ وَأَرْجُلِهِنَّ وَلاَ يَعْصِينَكَ فِي مَعْرُوفٍ فَبَايِعْهُنَّ﴾

***«Эй Пайгамбар ﷺ, эгер сенин алдыңа муминалар келишип, сага өздөрүнүн Аллага эч бир нерсени шерик кылбашына, уурулук кылбашына, зина кылбашына, өз балдарын өлтүрбөшүнө жана кол-буттары ортосунда токуп ала турган ушак-жалааны кылбашына, дагы кандайдыр бир жакшы иште сага моюн сунбастык кылбашына байъат кылышса, сен алардын байъаттарын кабыл алгын…».*** **[60:12]**

﴿إِنَّ الَّذِينَ يُبَايِعُونَكَ إِنَّمَا يُبَايِعُونَ اللَّهَ يَدُ اللَّهِ فَوْقَ أَيْدِيهِمْ﴾

*«(Эй Мухаммад ﷺ),* ***чындыгында, сага байъат бере турган заттар эч шек-күмөнсүз Аллага байъат беришет – Алланын колу алардын колдорунун үстүндө болот».*** **[48:10]**

Бухарий риваят кылып, мындай дейт: Бизге Исмаил, ага Малик Яхя ибн Саидден мындай риваят кылат. Мага Убада ибн Валид, ага атасы Убада ибн Сомиттен кабар беришинче:

«بَايَعْنَا رَسُولَ اللَّهِ ﷺ عَلَى السَّمْعِ وَالطَّاعَةِ، وَالْمَنْشَطِ وَالْمَكْرَهِ وَأَنْ لاَ نُنَازِعَ الأَمْرَ أَهْلَهُ، وَأَنْ نَقُومَ أَوْ نَقُولَ بِالْحَقِّ حَيْثُمَا كُنَّا لاَ نَخَافُ فِي اللَّهِ لَوْمَةَ لاَئِمٍ»

**«Расулулла ﷺга шаттыкта да, кайгыда да кулак салып моюн сунууга, иш ээлеринен иш талашпоого, каерде болсок да, Алланын жолунда жаманатты кылуучунун жаманаттысынан коркпой акыйкат үчүн күрөшүүгө, чындыкты айтууга байъат бердик».** Муслим Абдулла ибн Амр ибн Аастан Расулулла ﷺдын мындай дегенин риваят кылган:

«...مَنْ بَايَعَ إِمَامًا فَأَعْطَاهُ صَفْقَةَ يَدِهِ، وَثَمَرَةَ قَلْبِهِ، فَلْيُطِعْهُ إِنِ اسْتَطَاعَ، فَإِنْ جَاءَ آخَرُ يُنَازِعُهُ فَاضْرِبُوا عُنُقَ الآخَرِ»

**«Ким имамга байъат кылып, ага колун жана жүрөгүн берсе, кудурети жетишинче ага моюн сунсун. Эгер башкасы келип, (халифалыкты) талашса, кийинкисинин мойнуна ургула».**

Муслим Абу Саид Худрийден Расулулла ﷺдын мындай дегенин риваят кылат:

«إِذَا بُويِعَ لِخَلِيفَتَيْنِ فَاقْتُلُوا الآخَرَ مِنْهُمَا»

**«Эгер эки халифага байъат берилсе, алардын кийинкисин өлтүргүлө».** Муслим Абу Хазимден мындай риваят кылат: «Мен Абу Хурайра менен беш жыл бирге болдум. Ал киши Пайгамбар ﷺдын мындай дегенин айтып берди:

«كَانَتْ بَنُو إِسْرَائِيلَ تَسُوسُهُمُ الأَنْبِيَاءُ كُلَّمَا هَلَكَ نَبِيٌّ خَلَفَهُ نَبِيٌّ وَإِنَّهُ لاَ نَبِيَّ بَعْدِي وَسَتَكُونُ خُلَفَاءُ فَتَكْثُرُ قَالُوا فَمَا تَأْمُرُنَا قَالَ فُوا بِبَيْعَةِ الأَوَّلِ فَالأَوَّلِ أَعْطُوهُمْ حَقَّهُمْ فَإِنَّ اللَّهَ سَائِلُهُمْ عَمَّا اسْتَرْعَاهُمْ»

**«Бану Исраилге пайгамбарлар саясат жүргүзүшөр эле. Качан бир пайгамбар өлсө, артынан башка бир пайгамбар келер эле. Менден кийин болсо пайгамбар жок. Халифалар болот. Алар көп болушат.** Сахабалар: бизди эмнеге буюрасыз? – деп сурашты. Айтты: **Эң биринчисинин, жана дагы эң биринчисинин байъатына бапаа кылгыла. Алардын акыларын өздөрүнө бергиле. Анткени, Алла алардан раъиятты кандай башкарышканы жөнүндө сурайт»,** - деди. Демек, Куран жана сүннөттөгү нусустарда халифа шайлоонун тарыйкаты байъат экендиги ачык-айкын келген. Муну бардык сахабалар абдан жакшы түшүнүшкөн, ушул негизде жүрүшкөн. Муну хулафаи рошидиндерге берилген байъаттан анык көрүүгө болот.

## Халифаны шайлоо жана ага байъат берүү иш-чаралары

Халифага байъат берүүдөн мурун аны шайлоо иш-чаралары дал хулафаи рошидиндер менен болгондой, ар түрдүү жагдайларда болушу мүмкүн. Ал хулафаи рошидиндер Расулулла ﷺ көз жумгандан кийин эле бийлик башына келишкен, алар: Абу Бакр, Умар, Усман жана Али رضي الله عنهдар. Чындыгында, бул иш-чараларга бардык сахабалар каршылык көрсөтпөй, тастыкташкан. Негизи, эгер бул иш-чаралар шариятка тескери болгондо, инкар кылынган иштерден болор эле. Себеби, бул нерсе мусулмандар барлыгына жана Ислам менен өкүм жүргүзүүнүн үзгүлтүксүздүгүнө барып такалган эң негизги ишке тиешелүү. Халифалардын шайлануураларын кылдаттык менен карап чыксак, анда Бани Саиданын бастырмасында мусулмандардын айрымдары бул ишти талкуулашканын көрөбүз. Халифалыкка талапкерлер Саъд, Абу Убайда, Умар жана Абу Бакрлар болчу. Бирок, Умар менен Абу Убайда Абу Бакр менен атаандашууга ыраазы болушпады. Маселе Абу Бакр менен Саъд ибн Убаданын ортолорунда болуп жаткандай болуп калды. Талкуудан кийин Абу Бакрга

байъат берилди. Кийин экинчи күнү мусулмандар мечитке чакырылды, алар Абу Бакрга байъат беришти. Бастырамадагы байъат инъикод байъаты болуп, Абу Бакр бул байъат аркылуу мусулмандардын халифасына айланды. Экинчи күнкү мечиттеги байъат болсо итаат байъаты болду. Абу Бакр өзүнүн оорусу өлүмгө алып бара турган оору экенин сезгенден кийин – ал учурда мусулмандар кошууну улуу мамлекеттер болгон Фарс жана Рум менен согушуп жаткан болчу – мусулмандарды чакырып, ким халифа болушу жөнүндө алардан кеңеш сурады. Абу Бакрдын кеңеши үч айга созулду. Кеңеш аяктап, көпчүлүктүн пикирин билген соң, өзүнөн кийин Умардын халифа болушу жөнүндө мусулмандар менен ахддашты (убадалашты). Бүгүнкү күндүн тили менен айтканда – анын талапкерлигин койду. Абу Бакрдын бул ахды же Умардын талапкерлигин кубатташы өзүнөн кийин Умарды халифа кылуу жөнүндөгү акд (бүтүм) эмес эле. Себеби, Абу Бакр ﵁нун өлүмүнөн кийин мусулмандар мечитке жыйылып, Умардын халифалыгына байъат беришти. Умар аларга Абу Бакрдын мусулмандардан кеңеш сурашы же алардын пикирине ыраазы болушу менен эмес, балким, мусулмандардын байъаты менен халифа болду. Анткени, эгер Абу Бакр Умардын талапкерлигин көрсөтүшү анын халифа болушуна акд болгондо, мусулмандардын Умарга байъат берүүлөрүнө муктаждык болбойт эле. Мындан тышкары, бир да адам мусулмандардын байъатысыз халифа болушу жайиз эместигине ачык далалат кылуучу нусустарды жогоруда айтып өттүк. Кийин Умар бычакталганда, мусулмандар андан өзүнүн ордуна халифа дайындоону талап кылышканда, ал баш тартты. Алар катуу талап кылып туруп алышкандан кийин, Умар алты кишини бөлдү, башкача айтканда, алты кишинин «талапкерлигин койду». Кийин Сухайбды адамдарга намазды окуп берүү жана Умар белгилеп берген үч күндүн ичинде алты кишинин бирин тандашын көзөмөлдөп турууну дайындады. Умар Сухайбга мындай деди: «...Эгер беш киши биригип, өздөрүнөн бир кишинин халифа болушуна ыраазы болуп, бир киши буга ыраазы болбосо, анын башын кылыч менен чаап ташта...». Бул сөздү Табарий өзүнүн «Тарыхында», Ибн Кутайба халифалар тарыхы деп таанылган «Китабул имамати вас-сиясати» деген китебинде о.э. ибн Саъд «Табакатул Кубродо» накл кылган. Кийин Умар ошол алты кишини коруу үчүн Абу Талха ал-Ансарийди элүү киши менен бирге сакчы кылып дайындады. Микдад ибн Асвадга болсо талапкерлер топтоло турган жайды тандоону тапшырды. Умар ﵁нун өлүмүнөн кийин, талапкерлердин кеңеши чечим тапкандан кийин, Абдуррахман ибн Ауф талапкерлерге карап: Кайсы бириңер өзүңөрдүн талапкерлигиңерди алып таштап, Халифалыкты эң абзелиңерге тапшырууга ыраазы болосуңар? - деп сурады. Баары ооз ачышпады. Ошондо, Абдуррахман «мен өзүмдүн талапкерлигимди чыгарып аламын» деди да, талапкерлерден бирме-бир: Менден башка ким Халифалыкка акылуураак деп ойлойсуңар, - деп

кеңеш сурай баштады. Алардын жообу эки кишиге, Усман менен Алиге барып токтоду. Ошондон кийин Абдуррахман мусулмандардын пикирин карап чыга баштады, экөөсүнүн кайсы бирин каалай тургандыгын суроого киришти. Ал эркек-аял дебей сурап, адамдардын пикирин үйрөнчү. Абдуррахман ﵁ күндүзү эле эмес, ал тургай, түнү да иштер эле. Бухарий Мисвар ибн Махрамадан мындай риваятты чыгарган: Мисвар айтты: «Түндө уктап жатканымда Абдуррахман эшигимди какты, ойгонуп кеттим. Ал мага: Уктап жатасыңбы? Аллага ант болсун, ушул үч түн көз ирмебедим, - деди». Адамдар багымдат намазын окушкандан кийин, Усманга байъат берүү акырына чыкты. Усман Умардын алты кишини бөлүп бериши менен эмес, балким, мусулмандардын байъаты менен халифа болду. Кийин, Усман да өлтүрүлгөндөн кийин, Медина менен Куфадагы мусулмандардын көпчүлүгү Али ибн Абу Талибге байъат беришти. Али да мусулмандардын байъаты менен менен халифа болду.

Хулафаи рошидин ﵃дарга кандай байъат берилгенин текшерсек, Халифалыкка талапкерлердин адамдарга жарыя кылынганы о.э. алардын ар биринде байъат берүүнүн шарттары толук бар болгону айкын болот. Ошондон кийин Үммөттүн өкүлдөрү болгон мусулмандар арасындагы ахли хал вал-акддын пикири алынат. Хулафаи рошидиндердин заманында мындай өкүлдөр сахабалар же Медина калкы болгондугу белгилүү. Сахабалар же алардын көпчүлүгү кимдин халифа болушун каалашса, ага инъикод байъаты берилип, ал халифа болуп, ага моюн сунуу важиб болор эле. Андан кийин бардык мусулмандар ага итаат байъатын беришчү. Халифа ушундай көрүнүштө халифа болуп, ал башкарууда, бийликте Ислам Үммөтүнүн өкүлүнө айланат.

Хулафаи рошидин ﵃дарга берилген байъат туурасындагы иштерден түшүнүлгөн нерселер мына ушулар. Бул жерде, Умардын алты кишинин талапкерлигин көрсөтүшү о.э. Усман ﵁нун байъат иш-чаралары дагы эки ишти көрсөтүп турат. Алар төмөнкүдөй: Жаңы халифаны шайлоо учурунда башкаруу иштерин аткаруучу убактылуу амирдин болушу о.э. талапкерлердин ашып кетсе алты киши менен чектелиши.

## Убактылуу амир

Халифа өз ажалын сезип калса, кыска жана жетиштүү убакыттын ичинде, Халифалык мансабы бошоп калышынан мурунураак убактылуу (муваккат) амирди дайындашы зарыл. Мындай убактылуу амир жаңы халифаны шайлоо иш-чаралары көрүлүп жаткан кыска убакытта мусулмандардын иштерин башкарып турат жана халифа өлгөндөн кийин анын иштерине түздөн-түз киришет. Анын негизги иши, ошол үч күн ичинде жаңы халифанын шайланышын аягына жеткирүү.

Убактылуу амир өкүмдөрдү табанний кылышы мүмкүн эмес. Себеби, мындай иш Үммөт байъат берген халифанын укугуна кирет. О.э. ал Халифалыкка өзүнүн талапкерлигин коюшу же талапкерлерди колдоп-

кубатташы да жайиз эмес. Себеби, Умар ﷺ убактылуу амир кылып Халифалыкка талапкерлигин көрсөткөн кишилерден башка кишини дайындаган. Убактылуу амирдин башкаруусу жаңы амирдин шайланышы менен аяктайт. Себеби, анын кыла турган иши ошол милдетти убактылуу өтөө болчу.

Сухайбдын Умар ﷺ дайындаган убактылуу амир болгонуна далил: Умар ﷺнун алты талапкерге карата «Силер өз ара кеңеше турган мына ушул үч күн ичинде силерге намазды Сухайб окуп берсин» деген сөзү. Кийин Сухайбга: «Үч күн адамдарга намаз окуп бер... Эгер беш киши биригип, бир кишинин халифа болушуна ыраазы болушуп, дагы бир киши ыраазы болбосо, анын башын кылыч менен чаап ташта...» дегени Сухайбдын аларга амир болуп дайындалганын түшүндүрөт. Себеби, ал намазга амир болуп дайындалды. Намазда амир болуу болсо адамдарга амир болууну түшүндүрөт. Себеби, Умар Сухайбга «башын чаап ташта» деп, жаза-чара колдонуу укугун берди. Өлтүрүүнү болсо амир ишке ашырат.

Мындай амалият бир топ сахабалардын эч кандай каршылыгысыз ишке ашырылды. Бул нерсе халифа жаңы халифаны шайлоо иш-чараларын башкарып туруу үчүн убактылуу амирди дайындашы мүмкүн деген ижма болуп калды. Ушуга ылайык, халифа тирүү кезинде – эгер халифа дүйнөдөн кайтып, жаңы халифаны шайлоо иш-чараларын көрүү үчүн убактылуу амир дайындабаган болсо, бирер адам убактылуу амир болушу керек деген беренени табанний кылышы да жайиз болот.

Биз бул жерде төмөнкүнү табанний кылабыз: Эгер халифа өлүмгө алып бара турган оору кезинде убактылуу амирди дайындабаган болсо, убактылуу амир халифа муавиндеринин жаш жагынан эң улуусу болушу керек. Эгер ал (халифа болууга) өз талапкерлигин койгон болсо, андан кийинки жашы улуу муавини жана башка ушул сыяктуу... боло берет. Алардан кийин болсо жогорудагыдай тартипте танфиз вазирлери турат.

Мындай иш халифа иштен алынган абалга да туура келет. Анда убактылуу амир – өз талапкерлигин койбогон болсо – муавиндердин эң жашы улуусу болот. Эгер өз талапкерлигин койгон болсо, андан кийинкиси, анан андан кийинкиси... ушинтип тээ акырына чейин боло берет. Алардан кийин танфиз вазирлеринин эң жашы улуусу жана башка ушул сыяктуу боло берет. Эгер алардын баары өз талапкерлигин коймокчу болушса, анда убактылуу амирликке танфиз вазирлеринин жашы эң кичүүсүн дайындоо керек болот.

О.э. мындай иш халифа туткунга түшүп калган абалга да туура келет. Бул жерде – халифанын туткундан азат болушуна үмүт кылынган же кылынбаган убакта да – убактылуу амирдин укуктарына тиешелүү айрым тафсилаттар бар. Ал укуктарды болсо ошол учурда чыгарылган мыйзам тезинен тартиптештирет.

Убактылуу амир – Расулулла ﷺ жихадга чыккан убакта, же коштошуу ажылыгы жана ушуга окшош убактарда кылгандай – халифа жихадга же сапарга чыккан убакта өзүнүн ордуна орун басар кылып калтырган адамдан бүтүндөй айырмаланат. Себеби, мындай абалда халифага орун басар болгон адам, ошол орун басарлыгы талап кылган иштерди башкаруу жаатында халифа ага белгилеп берген укуктарга гана ээ болот.

## Талапкерлердин санын чектөө

Хулафаи рошидиндердин кантип шайланганын көңүл коюп карап чыксак, бул маселеде талапкерлердин санында белгилүү бир чектөөгө амал кылынгандыгы маалым болот. Мисалы, Бану Саиданын бастырмасында талапкерлер Абу Бакр, Умар, Абу Убайда жана Саъд ибн Убадалар болуп, талапкерликке ушулар гана жетиштүү болгон. Бирок, Умар менен Абу Убайда өздөрүн Абу Бакрга теңдештиришпеди, Халифалык үчүн аны менен атаандашышкан жок. Натыйжада, талапкерлигин коюу иш жүзүндө Абу Бакр менен Саъд ибн Убадалардын ортосунда гана болду. Ошондон кийин бастырмада ахли хал вал-акд Абу Бакрды халифа кылып шайлап, ага инъикод байъатын беришти. Кийин, эртеси күнү мечитте мусулмандар Абу Бакрга итаат байъатын беришти.

Абу Бакр мусулмандарга халифалыкка Умардын талапкерлигин көрсөттү. Умар менен башка талапкер болбогон. Кийин мусулмандар ага алгач инъикод байъатын, кийин итаат байъатын беришти.

Умар да мусулмандарга алты кишинин талапкерлигин көрсөтүп, алардын арасынан бирин халифа кылып шайлап алуулары үчүн алардын санын алтоого чектеди. Кийин Абудуррахман ибн Ауф бешөөсү менен талкуулашып, калган үчөөсүнөн вакалат алып, Али менен Усмандын талапкерлигине токтоду. Андан кийин, адамдардын пикирин карап чыкты, алардын пикири Усмандын халифа болушуна келип токтоду.

Эми Али ؓга келсек, Халифалыкка андан башка бир да талапкер болбоду. Ошондуктан, ага Медина жана Куфадагы мусулмандардын көпчүлүгү байъат беришти, ал төртүнчү халифа болду.

Усман ؓнун байъатында: Халифа шайлоо үчүн уруксат берилген эң көп мөөнөт т.а. үч күн – үч түн о.э. талапкерлердин санын алты кишиге чейин, кийинчерээк болсо эки кишиге чектөө учурлары болду. Биз, темабызга ушул байъаттын пайдасы бар экендигин эске алып, ушул байъаттын кандай болгонун азыраак тафсилаттары менен айтып өтмөкчүбүз:

1. Умар ؓ хижраттын 24-жылы, мухаррам айынын башында, эртең менен Абу Луълуъа – ага Алланын наалаты болсун – тарабынан бычакталганы себептүү дүйнөдөн кайтты. Ал хижраттын 23-жылы, зулхижжа айынын бүтүшүнө төрт күн калганда, шаршемби күнү мехрабда багымдат намазын окуп жаткан убакта бычакталды. Умар ؓнун осуятына ылайык, анын жаназасын Сухайб ؓ окуду.

2. Умарды жерге узатуу иштери бүткөндөн кийин, Микдад Умар осуят кылган алты кишиден турган ахли шурону (кеңеш мүчөлөрүн) бир үйгө топтоду. Абу Талха болсо аларды коруктап турду. Алар отуруп кеңешишкенден кийин, Абдуррахман ибн Ауфту – өздөрү ыраазы болуп – өздөрүнүн араларынан бирөөнү халифа кылып тандоого өкүл кылышты.

3. Абдуррахман алар менен талкуулашып, ар биринен, өз-өзүнчө минтип сурай баштады: Эгер силер халифа болбосоңор, калгандардын кимисинин халифа болушун каалайсыңар? Алардын жообу Али менен Усмандан нарыга өтпөдү. Ошондон кийин Абдуррахман талапкерлердин санын алты кишиден эки кишиге чектеди.

4. Андан соң, жогоруда айтып өткөнүбүздөй, Абдуррахман адамдардан кеңеш сурады.

5. Шаршемби күнү-түнү т.а. Умар ﵁ кайткандан (т.а. жекшембинин күндүзүнөн) үч күндөн кийин, Абдуррахман эжесинин уулу Мисвар ибн Махраманын үйүнө барды. Ибн Касирдин «Бидая ва нихая» китебинен минтип накл кылынат:

«Умардын кайтышынан төртүнчү күнгө өткөн түнү Абдуррахман эжесинин уулу Мисвар ибн Махраманын үйүнө барып: Эй Мисвар, уктап жатасыңбы? Аллага ант болсун, мен үч күндөн бери уктабадым, - деди» т.а. Умар өлгөн жекшембиден дүйшөмбүгө өткөн түн, шейшембиге өткөн түн жана шаршемби түнү. Кийин «...Бар, мага Али менен Усманды чакырып кел деп, мечитке чыгып кетти... кийин бардык адамдар «ас-салату жамиатун» деп чакырылды…». Бул шаршемби багымдаты болчу. Кийин ал Алини – (Алла ал заттан ыраазы болсун жана жүзүн нурлуу кылсын) – колунан кармап, андан Алланын Китеби, Расулунун сүннөтүнө ылайык жана Абу Бакр менен Умардын ишин улантууга байъат бересиңби? – деп сурады. Али ﵁ өзүнүн кеңири белгилүү ушул жообун айтты: «Мен, Алланын Китеби жана Расулунун сүннөтү болсо, ооба, байъат беремин, ал эми, Абу Бакр менен Умардын амалдарына болсо, жок, мен өз пикирим боюнча ижтихад кыламын». Абдуррахман Алинин колун коё берди, кийин Усмандын колун кармап, ага да дал ушул суроону берди. Ошондо Усман: «Ооба, байъат беремин» деди. Усман ﵁нун халифалыгына байъат берилди.

Сухайб ошол күнү адамдарга багымдат намазын да, бешим намазын да окуп берди. Усман ﵁ мусулмандарга халифа катары аср намазын окуп берди. Башкача айтканда, Усман ﵁га багымдат намазынан кийин инъикод байъаты башталганына карабастан, Сухайбдын амирлиги Мединада ахли хал вал-акд Усманга байъат беришкенден кийин гана аягына жетти. Чындыгында, анын амирлиги ошол күндүн асрынан алдыраак, сахабалар Усманга байъат бергени бири-бирлерин чакырып болушкан убакта аягына жетти. Байъат берүү асрдан кичине мурун бүтүшү менен Сухайбдын амирлиги да акырына жетти жана Усман адамдарга халифа катары аср намазын окуп берди.

«Бидая ва нихаянын» ээси, Сухайб Усмандын байъаты багымдат убагында болуп өткөнүн билсе да, эмне үчүн бешимде да адамдарга имам болгонун баян кылып, мындай дейт: «...Мечитте адамдар ага байъат беришкенден кийин ал шуро короосуна т.а. «ахли шуро топтолгон үйгө» алып барылып, калган адамдар ага ошол жерде байъат беришти. Т.а. байъат бешимден кийин гана бүттү. Сухайб болсо ошол күнү бешимде Масжиди набавийде имам болду. Халифа амирул муъминин Усман ﷺнун алгачкы имамдык кылган намазы болсо аср намазы болду...».

«Умар бычакталган, өлгөн жана Усманга байъат берилген күн жөнүндө кайчылаш пикирлер бар... Бирок, биз алардын эң күчтүүсүн айтып өттүк».

Ушуга ылайык, «дүйнөдөн кайтуу же иштен бошотуу сыяктуу» абалдарда Халифалык орду бошоп калганда, ага талапкерди көрсөтүү учурунда этибарга алынышы зарыл болгон иштер бар. Алар төмөнкүлөр:

1. Талапкерди көрсөтүү жаатындагы иш-аракет мөөнөт белгиленген күндөрдүн ичинде түнү жана күндүзү болот.

2. Талапкерлердин санын инъикод шарттары толук табылган көрүнүштө чектөө. Муну махкаматул мазолим алып барат.

3. Жөндөмдүү талапкерлердин санын эки жолу: биринчи жолкусунда алтоого, экинчи жолкусунда эки кишиге чектөө. Бул эки чектөөнү Үммөттүн өкүлү деген этибарда Үммөт межлиси алып барат. Себеби, Үммөт Умарга укук берген, Умар алты кишиге укук берди, алты киши болсо араларынан Абдуррахманга укук беришти, ал талкуудан кийин алты кишиден эки кишиге чектеди. Айкын болгондой, бул иштердин баары Үммөткө барып такалат т.а. алар Үммөт өкүлдөрү болуп эсептелет.

4. Убактылуу амирдин укугу шайлоо натыйжасынын жарыя кылынышы менен эмес, балким, байъат иш-чараларынын бүтүшү, халифанын шайланышы менен аяктайт. Мисалы, Сухайбдын амирлиги Усмандын шайланышы менен эмес, балким, ага байъат берүүнүн аякташы менен бүттү.

Жогорудагы нерселерден көрүнүп тургандай, Халифаны үч түн жана үч күндүз ичинде кантип шайлоону белгилөөчү бир мыйзам чыгарылат. Бул мыйзам түзүлдү. Анын талкуусу жана табанний кылынышы – Алланын уруксаты менен – татыктуу учурда ишке ашат.

Булардын баары халифа көз жумган же иштен алынган... жана анын ордуна башка халифанын коюлушу керек болгон абалга байланыштуу сөздөр.

Ал эми, таптакыр халифа жок болгон учурда болсо, шарият өкүмдөрүн аткаруу жана бүткүл дүйнөгө даъватты алып чыгуу үчүн бир халифаны тикелөө мусулмандарга фарз болуп калат. 1342-хижрий жыл 28-ражаб, 1924-миладий жыл 3-мартта Истамбулда Исламий Халифалык кулатылгандан берки бүгүнкү абал сыяктуу. Себеби, исламий дүйнөдөгү

исламий өлкөлөрдүн ар бири бир халифага байъат берүүгө татыктуу жана ушуну менен Халифалык тикеленет. Эгер мына ушул исламий өлкөлөрдүн бирөөсү халифага байъат берсе, Халифалык тикеленген болот да, калган мамлекеттерде жашаган бардык мусулмандар ага итаат байъатын т.а. моюн сунуу байъатын бериши фарз болуп калат. Мындай нерсе болсо Халифалыкка калкы тарабынан инъикод байъаты берилген мына ошол мамлекетте төмөнкү төрт шарт табылгандан кийин гана болот:

**Биринчи шарт:** Мына ошол мамлекеттеги бийлик кафир мамлекетке же кафирдин таасирине эмес, бир гана мусулмандарга таянган көз карандысыз бийлик болушу;

**Экинчи шарт:** Ал мамлекеттеги мусулмандардын коопсуздугу (коргоосу) куфр тарабынан эмес, Ислам тарабынан камсыздалышы т.а. мамлекет нукура исламий кубат деген этибарда мусулмандардын кубаты аркылуу ички жана тышкы жактан Ислам коргоосу менен корголгон болушу;

**Үчүнчү шарт:** Тезинен, толук көрүнүштө Исламды колдонууга жана исламий даъватты жеткирүүгө киришиши;

**Төртүнчү шарт:** Байъат берилген халифада – мейли, анда абзелдик шарттары жок болсо да – инъикод шарттарынын толук болушу. Себеби, этибарлуу нерсе инъикод шарттары болуп саналат.

Эгер ошол өлкөдө ушул төрт шарт толук бар болсо, ал мамлекеттин байъаты менен Халифалык жүзөгө келет. Ушул өлкөнүн эли берген чыныгы туура инъикод байъаты менен халифа шаръий халифа болуп калат. Андан башкасына байъат берүү жайиз болбойт.

Мына ошондон кийин бирер өлкө башка бир халифага байъат берсе, Расулулла ﷺдын мына бул сөздөрүнө ылайык ошол мамлекеттин байъаты батыл байъат болот:

«إِذَا بُويِعَ لِخَلِيفَتَيْنِ فَاقْتُلُوا الآخَرَ مِنْهُمَا»

**«Эгер эки халифага байъат берилсе, алардын кийинкисин өлтүргүлө».** Расулулла ﷺ дагы мындай дейт:

«... فُوا بِبَيْعَةِ الأَوَّلِ فَالأَوَّلِ»

**«... биринчисинин, биринчисинин байъатына бапаа кылгыла».** Расулулла ﷺ дагы мындай дейт:

«مَنْ بَايَعَ إِمَامًا فَأَعْطَاهُ صَفْقَةَ يَدِهِ، وَثَمَرَةَ قَلْبِهِ، فَلْيُطِعْهُ إِنِ اسْتَطَاعَ، فَإِنْ جَاءَ آخَرُ يُنَازِعُهُ فَاضْرِبُوا عُنُقَ الآخَرِ»

**«Ким имамга байъат берип, ага колун жана жүрөгүн берсе, кудурети жетишинче ага моюн сунсун. Эгер башкасы келип андан Халифалыкты талашса, кийинкисинин мойнуна ургула».**

## Байъат берүү абалы

Биз жогоруда байъат берүүнүн далилдерин жана байъат Исламда халифа шайлоонун жападан жалгыз тарыйкаты экендигин баян кылдык. Эми байъат кандай абалда (кайфият) болушуна келсек, ал кол алышуу менен болот. Кээде кат аркылуу да болот. Абдулла ибн Динар мындай деген: Мен Абдулла ибн Умарды, адамдар Абдулмаликке байъат берүүгө топтолушканда көргөн элем. Ал минтип кат жазган: «Мен Алланын кулу амирул муъминин Абдулмаликке Алланын Китеби жана Расулунун сүннөтүнө негизделип, кудуретим жетишинче кулак салып моюн сунууну чечтим». Байъат башка бир услуб менен да болушу дурус боло берет.

Бирок, байъатты балагатка жеткен адам бериши шарт кылынат, жаш балдар (согийр) тарабынан байъат берилиши дурус эмес. Абу Укойлдун айтышынча, ал чоң атасынан, чоң атасы болсо Абдулла ибн Хишамдан риваят кылат: Ал Пайгамбар ﷺды көргөн экен. Энеси Зайнаб бинти Хамид аны Расулулла ﷺдын алдына алып барып, «ага байъат бериңиз, я Расулулла» дейт. Ошондо Расулулла ﷺ:

«هُوَ صَغِيرٌ. فَمَسَحَ رَأْسَهُ وَدَعَا لَهُ»

**«Ал али жаш бала, - деди да, баланын башын сылап, ага дуба кылды».** (Бухарий риваяты).

Эми байъаттын сөздөрүнө келсек, алар белгилүү бир сөздөргө чектелген эмес. Бирок, халифа тарабынан Алланын Китеби жана Расулунун сүннөтүнө амал кылууну камтыган сөздөр, байъат берип жаткан киши тарабынан жеңилдик жана кыйынчылыкта да, шаттык жана кайгыда да моюн сунууну өз ичине алган сөздөр айтылышы албетте зарыл. Жогорудагы маалыматтарга ылайык, бул сөздөрдүн түзүлүшүн белгилөөчү мыйзам иштелип чыгат.

Байъат берүүчү адам халифага байъат бердиби, болду, эми бул байъат, байъат берген адамдын желкесиндеги аманатка айланат, анын байъаттан кайтышы арам болот. Бул байъат, халифалыкка инъикод байъаты деген этибарда, тээ аны бергенге чейин байъат берүүчүнүн укугу болот. Андан кийин кайтууну кааласа да кайтышы мүмкүн эмес. Бухарийдин Жабир ибн Абдулла ؓдан мындай риваяты бар: Бир көчмөн араб Расулулла ﷺга Исламга амал кылуу жөнүндө байъат берди. Кийин ал жеңил безгек оорусуна учурап: «Байъатымды кайтарып бериңиз» деди. Расулулла көнбөдү. Кийин дагы келип: «Байъатымды кайтарып бериңиз» деди. Расулулла көндөбү. Ал кайтып кетти. Ошондо Расулулла ﷺ мындай деди:

«اَلْمَدِينَةُ كَالْكِيرِ تَنْفِي خَبَثَهَا، وَيَنْصَعُ طِيْبُهَا»

**«Мадина темир устанын барсканына окшойт, ал бардык кирлерди кетирет, тазаларын болсо жаркыратат».** Нафиъ айтты,

Абдулла ибн Умар мындай деди: «Расулулла ﷺдын мындай дегенин укканмын:

«مَنْ خَلَعَ يَدًا مِنْ طَاعَةٍ لَقِيَ اللَّهَ يَوْمَ الْقِيَامَةِ لاَ حُجَّةَ لَهُ»

**«Ким моюн сунуудан колун тартса, Кыямат күнү Аллага хужжаты жок абалда жолугат».** (Муслим риваяты). Халифага берилген байъатты бузуу – бул Аллага моюн сунуудан колду тартуу болот. Бирок, бул качан гана байъат берүүчү адам халифага инъикод байъатын, же инъикод байъаты туура берилген халифага итаат байъатын берген болсо ошондой болот. Ал эми, бир халифага башында биринчи байъат берип, кийин бул байъат акырына жетпеген болсо, байъат берүүчү мусулмандар тарабынан халифага инъикод байъаты берилип бүткөн жок деген этибарда, дал ошол байъатынан кутулуу укугуна ээ. Себеби, хадистеги тыюу толук халифа болуп шайланбаган кишиге берилген байъаттан кайтууга эмес, балким, халифага байъат берүүдөн кайтууга тиешелүү.

## Халифалыктын бирөө гана болушу

Бардык мусулмандар бир мамлекетте болуп, алардын бир гана халифасы болушу керек. Дүйнөдөгү мусулмандар үчүн жалгыз мамлекеттен башка мамлекет жана жалгыз халифадан башка халифа болушу шаръан арам.

О.э. Халифалык мамлекетинде башкаруу түзүмү да бир түзүм болушу важиб, анын иттифак (федерация) түзүмү болушу арам. Мунун далили Муслимдин Абдулла ибн Амр ибн Аастан кылган риваяты. Абдулла мен Расулулла ﷺдын:

«مَنْ بَايَعَ إِمَامًا فَأَعْطَاهُ صَفْقَةَ يَدِهِ، وَثَمَرَةَ قَلْبِهِ، فَلْيُطِعْهُ إِنِ اسْتَطَاعَ، فَإِنْ جَاءَ آخَرُ يُنَازِعُهُ فَاضْرِبُوا عُنُقَ الآخَرِ»

**«Ким имамга байъат берип, ага колун жана жүрөгүн берсе, кудурети жетишинче ага моюн сунсун. Эгер башкасы келип андан Халифалыкты талашса, кийинкисинин мойнуна ургула»,** - дегенин уктум дейт.

«مَنْ أَتَاكُمْ وَأَمْرُكُمْ جَمِيعٌ عَلَى رَجُلٍ وَاحِدٍ يُرِيدُ أَنْ يَشُقَّ عَصَاكُمْ أَوْ يُفَرِّقَ جَمَاعَتَكُمْ فَاقْتُلُوهُ»

**«Бир кишинин айланасында биригип турган чагыңарда, бирөө келип биримдигиңерди бузмакчы жана жамаатыңарды бөлүп жибермекчи болсо, аны өлтүргүлө».** Дагы Муслим Абу Саид Худрийден, ал болсо Расулулла ﷺдан кылган риваяты:

«إِذَا بُويِعَ لِخَلِيفَتَيْنِ فَاقْتُلُوا الآخَرَ مِنْهُمَا»

**«Эгер эки халифага байъат берилсе, алардын кийинкисин өлтүргүлө».** Дагы Муслимдин Абу Хазимден кылган риваяты. Ал

мындай дейт: Мен Абу Хурайра менен беш жыл бирге болдум жана андан Расулулла ﷺдын мындай дегенин уктум:

«كَانَتْ بَنُو إِسْرَائِيلَ تَسُوسُهُمُ الأَنْبِيَاءُ كُلَّمَا هَلَكَ نَبِيٌّ خَلَفَهُ نَبِيٌّ وَإِنَّهُ لاَ نَبِيَّ بَعْدِي وَسَتَكُونُ خُلَفَاءُ فَتَكْثُرُ قَالُوا فَمَا تَأْمُرُنَا قَالَ فُوا بِبَيْعَةِ الأَوَّلِ فَالأَوَّلِ أَعْطُوهُمْ حَقَّهُمْ فَإِنَّ اللَّهَ سَائِلُهُمْ عَمَّا اسْتَرْعَاهُمْ»

**«Бану Исраилге пайгамбарлар саясат жүргүзүшөр эле. Качан бир пайгамбар өлсө, артынан башка бир пайгамбар келер эле. Менден кийин болсо пайгамбар жок, халифалар болот. Алар көп болот.** Сахабалар: бизди эмнеге буюрасыз? – деп сурашты. Айтты: **Эң биринчисинин, дагы да биринчисинин байъатына бапаа кылгыла. Алардын акыларын өздөрүнө бергиле. Анткени, Алла алардан раиятты кандай башкарышканы жөнүндө сурайт».**

Биринчи хадис, бир кишиге имамдык т.а. халифалык берилгенден кийин, ага моюн сунуунун важибдигин, кийин, эгер башка бир адам келип андан Халифалыкты талашса, аны менен согушууну, эгер ал талашуудан кайтпаса, аны өлтүрүүнү баян кылып жатат.

Экинчи хадис, мусулмандар жалгыз халифанын амирлиги астында бир жамаат болсо, кийин бир адам келип, мусулмандардын биримдигин бузмакчы жана жамаатын таратып жибермекчи болсо, аны өлтүрүү важиб экендигин баян кылып жатат. Эки хадис маани-мазмуну менен – кылыч жардамында болсо да – мамлекеттин бөлүнүп кетишине жол койбоого үндөө, андан бөлүнүп чыгууну тыюу керектигине далалат кылып жатат.

Үчүнчү хадис, мамлекет – халифанын өлүмү, иштен бошошу же иштен бошотулушу себептүү – халифасыз калса о.э. халифалык үчүн эки адамга байъат берилип калса, кийинкисин өлтүрүү важиб болушу, башкача айтканда, халифа чыныгы туура байъат берилген биринчи киши болуп, кийинки байъат берилген экинчи адам – эгер халифалыктан баш тартарын жарыя кылбаса – өлтүрүлүшү важиб болгон абал жөнүндө баян кылып жатат. Экиден көп адамга байъат берилген абал жөнүндө болсо, сөз болушу да мүмкүн эмес. Бул болсо мамлекеттин талкаланып кетишинен сактоого ишара т.а. мамлекетти майда мамлекетчелерге бөлүп таштоо арам экендигин, жападан жалгыз мамлекет болуп калышы важибдигин түшүндүрөт.

Төртүнчү хадис болсо, Расулулла ﷺдан кийин халифалардын көп болушу, сахабалар (Алла алардан ыраазы болсун) Расулулладан халифалар көп болуп кеткен учурда эмне кылуулары керектигин сурашканда, ал зат биринчи байъат берилген халифага бапаа кылуулары жана ага моюн сунуулары керек, себеби, ал шаръий халифа деп жооп

бергенине далалат кылып жатат. Башкаларына болсо моюн сунулбайт, себеби, алардын байъаты батыл жана шаръий эмес байъат болот. Анткени, мусулмандардын халифасы бар болуп туруп, башка халифага байъат берилиши жайиз эмес. О.э. бул хадис моюн сунуу бир гана халифага болушунун важибдигине, арийне, мусулмандардын бирден ашык мамлекети болушу таптакыр жайиз эместигине да далалат кылып жатат.

## Халифанын укуктары

Халифа төмөндөгү укуктарга (салахият) ээ:

а) Халифа гана Үммөт иштерин башкарууда керек болгон, Алланын Китеби жана Расулунун сүннөтүнөн туура ижтихад менен истинбат кылынган шаръий өкүмдөрдү табанний кылат. Бул өкүмдөр моюн сунуу важиб болгон жана ага каршы чыгуу мүмкүн болбогон мыйзамдарга (конун) айланат.

б) Халифа мамлекеттин ички да, тышкы да саясатынан жоопкер. Ал кошуунду башкарат. Ал согуш жарыялоо, сулх (келишим) түзүү, жарашуу жана башка бүтүмдөрдү түзүү укугуна ээ.

в) Ал чет элдик элчилерди кабыл алуу же кабыл кылбоо о.э. мусулман элчилерди дайындоо же бошотуу укугуна ээ.

г) Ал гана муавиндерди, валийлерди дайындайт жана бошотот. Алардын баары, Үммөт межлисинин алдында жооптуу болушканы сыяктуу, халифанын алдында да жооптуу.

д) Ал казылардын казысын, казыларды дайындайт жана бошотот. Ал эми, мазолим казысын дайындоо жана бошотуу укугуна ээ эмес. Аны бошотууга тиешелүү эрежелер бар, алар казылар деген бөлүмдө баяндалган. Ал идаралар мүдүрлөрүн, кошуун командачыларын, штаб башчыларын, байрак алып жүрүүчү амирлерди дайындайт жана бошотот. Алар халифа алдында жооптуу, Үммөт межлиси алдында жооптуу эмес.

е) Халифа гана шаръий өкүмдөрдү табанний кылат жана мына ошол өкүмдөрдүн талабына ылайык мамлекеттин бюджети иштелип чыгат. Ал бюджет бөлүмдөрүн, киреше же чыгашаларга тийиштүү болушуна карабастан, түрдүү тармактарда зарыл болгон каражаттарды белгилейт.

Эми жогорудагы алты берененин тафсилий далилдерине келсек, алардын ичиндеги (а) беренесинин далили сахабалар ижмасы болот. Себеби, «мыйзам» сөзү истилахий сөз (термин) болуп, анын мааниси: Адамдар амал кылуулары үчүн султан чыгарган буйрук. Мыйзам сөзүнүн аныктамасы болсо мындай: «**Адамдарды өз ара алакаларында ээрчүүлөрүнө султан мажбур кылган эрежелер топтому**». Т.а. эгер султан белгилүү бир өкүмдөргө буюрса, бул өкүмдөр адамдар баш ийе турган мыйзамга айланат. Эгер султан мына ошол өкүмдөргө буйрубаса, алар мыйзамга айланбайт жана адамдардын да аларга баш ийүүлөрү ылазым болбойт. Мусулмандар шарият өкүмдөрүнө ылайык

жүрүшөт. Алар султандын буйрук-кайтарууларына ылайык эмес, балким, Алланын буйрук-кайтарууларына ылайык жүрүшөт. Алар султандын буйругу негизинде эмес, балким, шаръий өкүмдөр негизинде аракет кылышат. Бирок, дал ушул шаръий өкүмдөр туурасында сахабалар ихтилаф кылышкан. Себеби, алардын кээ бирөөлөрү шаръий нусустардан башка бир нерсени түшүнгөн болсо, кээ бирөөлөрү башка бир нерсени түшүнгөн. Алардын ар бири өзүнүн түшүнүшү боюнча жүргөн жана мына ошол түшүнүшү өзүнө Алланын өкүмү болгон. Ал эми, ушундай бир шаръий өкүмдөр бар дейсиң, алар Үммөттүн иштерин башкарууда бардык мусулмандардын бир пикирде жүрүүлөрү жана ар бири өз ижтиходы боюнча жүрбөшү керектигин талап кылат. Ошондой да болгон. Мисалы, Абу Бакр "мүлк мусулмандар ортосунда тең таркатылышы керек" деген пикирде болду. Умар болсо, "мүлк өтмүштө Расулуллага каршы согушкан адамга ал заттын жанында туруп согушкан адамга берилген өлчөмдө о.э. кембагалга байга берилген өлчөмдө берилиши дурус эмес" деген пикирде болду. Бирок, Абу Бакр халифа эле, ушул себептүү өзүнүн пикирине амал кылууга буйруду т.а. малды тең бөлүштүрүүнү табанний кылды. Мусулмандар да ушуга ээрчишти, казылар жана валийлер да ушуга негизделип жүрүштү. Умар да ага моюн сунду жана Абу Бакрдын пикирине амал кылып, аны аткарды. Умар халифа болгондон кийин, Абу Бакрдын пикирине кайчы пикирди табанний кылды т.а. мүлктү тең эмес, балким, өзү табанний кылган пикир боюнча мүлктү абзелдикке карай бөлүштүрүп, Исламга мурун киргендигине жана муктаждыгына карап берилишине буюрду. Валийлер да, казылар да ушуга амал кылышты. Бардык сахабалар – имам шарияттан туура ижтихад менен алынган белгилүү бир өкүмдөрдү табанний кылып, ага амал кылууга буюруу укугуна ээ – деп ижма кылышкан. Мусулмандар болсо, өз ижтихаддарына тескери болсо да, ал өкүмдөргө моюн сунуулары, өз пикир жана ижтихаддарына амал кылууну таштоолору керек. Демек, табанний кылынган бул өкүмдөр мыйзам болот. Мындан, мыйзамдаштыруу жалгыз халифанын укугу болуп, андан башкасы буга таптакыр ээ эмес экендиги айкын болот.

Эми (б) беренесине келсек, анын далили Расулулла ﷺдын амалдары. Себеби, Расулулла ﷺ валийлер жана казыларды өзү дайындап, алардан эсеп-китеп талап кылчу. Ал зат соода иштерин текшерип турчу жана бул иштеги алдоолорго жол койбос эле. Ал зат мүлктү да бөлүштүрүп, жумушсуз адамдын жумуш табышына жардам берчү, мамлекеттин бардык ички иштерин өзү аткарчу. О.э. падышаларга кайрылып, элчилерди күтүп алган да, мамлекетти бардык тышкы иштерин башкарган да өзү эле. Ошону менен бирге, Расулулла ﷺ кошуун командачылыгын да иш жүзүндө башкарчу, казаттарда согуш командачылыгына өзү башчылык кылчу, сарийяларды да өзү жөнөтүп, алардын командачысын өзү дайындачу. Мисалы, Усама ибн Зайдды Шам

өлкөсүнө жөнөтүү үчүн кошуунга командачы кылып дайындаган кезинде, сахабалар Усаманын жаш экендиги себептүү, бул ишти жактырбады. Бирок, Расулулла Усаманын командачылыгын кабыл кылууга аларды мажбурлады. Бул болсо өз учурунда, халифа башкы командачы эле эмес, балким, кошуундун иш жүзүндөгү командачысы экендигине да далил болот. О.э. Расулулла ﷺ Курайшка согуш жарыялады. Бану Курайзага, Бану Назирге, Бану Кайнукага, Хайбар жана Румга да согуш жарыялады. Болуп өткөн бардык согуштарды жарыялаган Расулулла ﷺдын өзү эле. Бул да, согуш жарыялоо халифанын укугу экендигине далалат кылат. О.э. Расулулла ﷺ яхудийлер менен келишимдерди түздү, Бану Зумранын союздашы болгон Бану Мудлиж менен келишим түздү. О.э. ал зат Айла акими Юханна ибн Руъба менен да келишим түздү. Ал зат Худайбия келишимин түзгөндө, ал тургай, мусулмандар буга ачууланышкан эле. Ал эми, Расулулла ﷺ алардын сөздөрүнө көнбөй, алардын пикирлерин четке кагып, келишимге кол койду. Бул да, сулх түзүү келишимдери болобу же башка келишимдер болобу, аларды түзүү башканын эмес, жалгыз халифанын гана укугу экендигине далалат кылат.

Эми (в) беренесине келсек, анын далили Расулулла ﷺ алдамчы (каззоб) Мусайламанын эки элчисин күтүп алганы жана Курайштан элчи болуп келген Абу Рофъини да күтүп алганы. Хиракл, Кисро, Мукавкис, Хиро падышасы Харисул Гассаний, Яман падышасы Харисул Хумайрий жана Хабашистан падышасы Нажжашийге да элчилерди өзү жөнөткөн. Усман ибн Аффанды Худайбия согушунда Курайшка элчи кылып жөнөттү. Булар да өз кезегинде, халифанын өзү элчилерди кабыл алышына, рад кылышына жана элчилерди дайындашына далил болот.

Эми (г) беренесинин далилине келсек, Расулулла ﷺ валийлерди дайындаган. Мисалы, Муазды Яманга валий кылып дайындады. Ал зат валийлерди иштен да бошоткон, мисалы, Бахрейн калкы арызданганы себептүү Алаа ибн Хазрамийди Бахрейн валийлигинен бошоткон. Бул болсо валийлер халифа алдында жооптуу болгондой, Үммөт межлиси алдында да (себеби, межлис бардык вилаяттардын өкүлү эсептелет), вилаят калкы алдында да жооптуу экендигине далалат кылат. Ал эми, муавиндерге келсек, Расулулла ﷺдын муавиндери Абу Бакр менен Умар болгон, өмүрүнүн акырына чейин аларды бошоткон эмес. Алардан башка муавин да дайындабаган. Расулулла ﷺ өзү эки муавинди дайындады, бирок, бошотподу. Бирок, муавин халифадан бийликти кабыл кылып ала турган адам болгондугу үчүн, ал халифанын өкүлү (вакил) ордунда болуп, халифа өкүл катары муавинди да бошотууга акылуу. Себеби, өкүл кылуучу адам өз өкүлүн бошотуу укугуна ээ.

Ал эми, (д) беренесинин далили, Расулулла ﷺдын Яманга Али رضي الله عنهну казылыкка дайындаганы. Ахмад Амр ибн Аастан риваят кылып, мындай дейт:

«جَاءَ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ خَصْمَانِ يَخْتَصِمَانِ فَقَالَ لِعَمْرٍو: **اِقْضِ بَيْنَهُمَا يَا عَمْرُو** فَقَالَ: أَنْتَ أَوْلَى بِذَلِكَ مِنِّي يَا رَسُولَ اللَّهِ، قَالَ: **وَإِنْ كَانَ**، قَالَ: فَإِذَا قَضَيْتُ بَيْنَهُمَا فَمَا لِي؟ قَالَ: **إِنْ أَنْتَ قَضَيْتَ بَيْنَهُمَا فَأَصَبْتَ الْقَضَاءَ فَلَكَ عَشْرُ حَسَنَاتٍ. وَإِنْ أَنْتَ اجْتَهَدْتَ فَأَخْطَأْتَ فَلَكَ حَسَنَةٌ**»

«Расулулла ﷺдын алдына эки киши өз ара урушуп келишти. Ошондо, Расулулла Амрга «**алардын ортосун ажырым кыл, эй Амр**» деди. Амр «я Расулулла, сиз бул ишке менден көрө жакшырааксыз» деди. Расулулла «**ошондой болсо да, ажырым кыл**» деди. Амр «эгер экөөсүнүн ортосун ажырым кылсам, мага эмне болот?» деди. Расулулла: «**Эгер казылык кылып, туура ажырым кылсаң, сага он сооп тиет. Эгер ижтихад кылып ката кылсаң, сага бир сооп тиет**», - деди.

Умар ؓ да валийлер менен казыларды ишке дайындаган жана иштен бошоткон. Мисалы, Шурайхты Куфага, Абу Мусаны Басрага казы кылып дайындаган. Умар Шурахбил ибн Хасананы Шам валийлигинен алып, ордуна Муавияны койгон. Ошондо Шурахбил андан «**Мени коркоктук себептүү бошоттуңузбу же кыянаттык себептүүбү?**» деп сурады. Умар айтты: «**Экөөсү тең эмес, балким, бир кишиден көрө күчтүүрөөк кишини кааладым**». Али ؓ да Абу Асвадды валий кылган жана кийин валийликтен бошоткон. Абу Асвад «Мени эмнеге бошоттуңуз, кыянат да, кылмыш да кылбадым го?» деди. Али айтты: «Эки өз ара урушуп жаткандарга үнүң көтөрүлүп кеткенин көрдүм», - деди. Умар да, Али да мындай иштерди сахабалар көз алдында кылышты. Ал эми, сахабалардын эч кимиси экөөсүнүн бул иштерин четке кагышпады. Булардын баары казыны дайындоо халифанын укугу экендигине далил болот. О.э. халифа казыларды дайындай турган кишини өзүнөн өкүл кылышы мүмкүн. Себеби, халифа өзүнүн бардык тасарруфаттарында бирөөнү өкүл кылууга акысы болгондой, бардык укуктар жаатында бирөөнү өзүнө орун басар кылууга да акысы бар.

Эми, мазолим казысын иштен бошотуу укугу халифанын укугу болбой калган учурга келсек, бул казы халифага каршы же анын муавиндерине каршы, же казылардын казысына каршы көтөрүлгөн бирер маселени карап чыгып жаткан абалда гана болот. Мында «арамга алып баруучу васита да арам» деген шаръий коидага таянылган. Т.а. мындай абалда халифанын мазолим казысын иштен бошотуу укугу казынын чыгарган өкүмүнө таасир көрсөтөт, арийне, шаръий өкүмдү бекер кылып коёт. Бул болсо арам. Мына ушул жерде, мазолим казысын иштен бошотуу укугун халифанын колуна тапшырып коюу арамга алып баруучу васита болуп калат. Айрыкча, ушул күмөндүн үстөм келишинин өзү жетиштүү, катъийлик болушу шарт эмес. Ошондуктан, мына ушундай абалда мазолим казысын бошотуу укугу мазолим мекемесине тапшырылат.

Мындан башка абалдарда болсо өкүм өз негизинде калат т.а. мазолим казысын дайындоо жана иштен алуу укугу халифада калат.

Эми идаралар мүдүрлөрүн дайындоого келсек, Расулулла ﷺ мамлекет жихазындагы идара үчүн катчыларды дайындап, алар идаралардын мүдүрлөрү катары эсептелчү. Мисалы, Расулулла Муайкиб ибн Абу Фатима Давсийди олжолор ишине дайындоо менен бирге, өз мөөрүнө жооптуу кылып да дайындаган. Хузайфа ибн Яманды Хижаз мөмөлөрүн чамалап жазууга, Зубайр ибн Авамды садака мүлктөрүн жазууга, Мугийра ибн Шуъбаны болсо карыздар менен мамилелерди жазууга дайындады ж.б.у.с.

Кошуун командачылары жана байрак алып жүрүүчү амирлер жаатында болсо, Расулулла ﷺ Хамза ибн Абдулмутталибди деңиз жээгинде Курайшты күзөтүп туруу үчүн отуз кишиге командачы кылып дайындады. Убайда ибн Харисти алтымыш кишиге командачы кылып, Курайшты күтүп алуу үчүн Робиг өрөөнүнө жөнөттү. Саъд ибн Абу Ваккосту болсо жыйырма кишиге командачы кылып, Мекке тарапка жөнөттү. Ошентип, Расулулла ﷺдын кошуун командачыларын дайындашы халифанын өзү командачылар менен байрак алып жүрүүчү амирлерди дайындашына далил болот.

Алардын баары Расулулла ﷺдын алдында жооптуу болуп, ал кишиден башка эч кимдин алдында жооптуу болушпаган. Бул болсо казылар, идаралар мүдүрлөрү, кошуун командачылары, штаб башчылары жана башка амалдарлар жалгыз халифанын гана алдында жооптуу экенине, Үммөт межлиси алдында жооптуу эместигине далалат кылат. Муавиндер менен валийлерден башка бир да киши Үммөт межлиси алдында жооп бербейт. Аамилдер да муавин жана валийлер сыяктуу болушат. Себеби, алар – акимдер. Булардан башка бир да киши Үммөт межлиси алдында жооптуу эмес, балким, бардыгы халифанын алдында гана жоопкер болушат.

Эми (е) беренесине келсек, мамлекет бюджетинин киреше-чыгаша бөлүмдөрү шаръий өкүмдөрдүн алкагынан чыкпайт. Бир да динар шаръий өкүмгө ылайык келбеген түрдө жыйып алынбайт. Бир да динар шаръий өкүмгө ылайык келбеген түрдө сарпталбайт. Ал эми, чыгашалар тафсилаттарын же бюджет бөлүмдөрүн белгилөө халифанын пикири менен ижтихадына тапшырылган. Киреше бөлүмдөрү да дал ушундай, мисалы, хирожий жерден алына турган хирождун о.э. жизянын көлөмүн халифа белгилейт. Жана ушуга окшогондордун баары киреше бөлүмдөрү болуп саналат. О.э. халифа жолдорго, ооруканаларга сарптала турган каражаттарды да белгилейт. Бул жана ушуга окшогондор чыгашалардын түрлөрү болот. Бул иш бир гана халифанын райына байланыштуу болот. Халифа аларды өз пикири жана ижтихадына ылайык тастыктайт. Себеби, Расулулла ﷺ аамилдерден түшүм каражатын өзү кабыл алып, чыгашаларга иштеткен. Муаз Яманга валий болуп турганда болгонундай,

кээ бир валийлерге мүлктөрдү алып, кайра сарптоолоруна уруксат берилет. Кийинчерээк хулафаи рошидиндер да мүлктөрдү кабыл алуу жана сарптоодо халифа катары пикир жана ижтихаддарында ар бири өз райына ээ болгон. Алардын бирин да эч ким инкар кылбаган. Халифадан башка бир да киши бир да динарды өзүнчө тасарруф кылууга акылуу болбогон. Халифа сарптоого уруксат бергенде гана сарпталган. Мисалы, Умар Муавияны валий кылып дайындаганда ушундай кылган. Ошондо Муавияга мүлктү алууга жана сарптоого акысы болгон жалпы валийликти берген болчу. Булардын баары мамлекет бюджетинин бөлүмдөрүн бир гана халифа же анын орун басары белгилешине далалат кылат.

Мына ушулар халифа укуктарынын түрлөрүнө карата толук далилдер. Булардын баары Ахмад менен Бухарий Абдулла ибн Умардан кылган риваятта келген. Абдулла Пайгамбар ﷺдын:

«...اَلإِمَامُ رَاعٍ وَهُوَ مَسْؤُولٌ عَنْ رَعِيَّتِهِ»

**«...Имам – башчы жана ал өз раияты үчүн жооптуу»** дегенин уккан экен. Т.а. жарандардын иштерин башкарууга тиешелүү бардык иштер халифанын иши. Ал каалаган адамды каалаган ишке – вакалат өкүмүнө салыштыруу менен – орун басар кылууга акылуу.

## Халифа табанний кылууда шаръий өкүмдөр алкагынан чыкпайт

Халифа табанний кылууда шаръий өкүмдөргө чектелет. Анын шаръий далилдерден туура истинбат кылынбаган бирер өкүмдү табанний кылышы арам. Ал өзү табанний кылган өкүмдөргө жана өзү моюн сунган истинбат тарыйкатына чектелет. Өзү табанний кылган тарыйкатка тескери тарыйкат менен истинбат кылынган өкүмдү табанний кылышы жана өзү табанний кылган өкүмгө тескери болгон буйрукту бериши мүмкүн эмес. Демек, халифа мына ушул эки ишке чектелет.

Биринчи иш т.а. халифа табанний кылууда шаръий өкүмдөргө чектелгендигине далилдер төмөндөгүлөр:

**Биринчи:** Алла Субханаху ар бир мусулманга – халифа болобу же башкасыбы – бардык амалдарын шаръий өкүмдөргө ылайык алып барууну фарз кылды. Алла Таала мындай дейт:

﴿فَلاَ وَرَبِّكَ لاَ يُؤْمِنُونَ حَتَّىَ يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ بَيْنَهُمْ﴾

***«Жок,** (эй Мухаммад ﷺ), **Роббиңе ант болсун, тээ алар өз ортолорунда чыккан келишпөөчүлүктөрдө сени өкүм чыгаруучу кылышмайынча... эч качан момун боло алышпайт».*** **[4:65]**
Амалдарды шаръий өкүмдөргө ылайык алып баруу качан Шариънин хытабы ар түрдүү түшүнүлгөндө т.а. шаръий өкүм ар түрдүү болуп калган убакта, алардын ичинен белгилүү бир өкүмдү табанний кылууну пендеге шарт кылды. Мусулман амал кылууну т.а. өкүмдү колдонууну каалаганда,

бир канча өкүмдөрдүн ичинен белгилүү бир өкүмдү табанний кылышы важиб болот. Халифа бирер амалды т.а. өкүмдү өтөөнү каалаганда, ага табанний кылуу важиб болот жана бул табанний өкүм болот.

**Экинчи:** Халифага берилген байъаттын матны (тексти) халифаны Ислам өкүмдөрүн бекем кармоого мажбур кылат. Себеби, байъат Куран жана сүннөткө амал кылууга болгон байъат болуп, халифанын андан четке чыгышы арам. Эгер ал «Куран жана сүннөттөн четке чыкса боло берет» деген итикад менен четке чыкса, кафир болот. Эгер мындай итикад кылбастан четке чыккан болсо асий, залим жана фасик болот.

**Үчүнчү:** Халифа шариятты аткаруу үчүн коюлган. Анын шарияттан башкасын мусулмандарга карата аткаруу үчүн алышы арам. Себеби, шарият мындан катъий кайтарды жана Исламдан башка нерсе менен өкүм кылган адамды ыймансыз дегенге чейин барды. Бул болсо катъийликке далил. Мунун мааниси халифа өкүмдөрдү табанний кылууда т.а. мыйзамдаштырууда жалаң гана шаръий өкүмдөргө чектелишин түшүндүрөт. Эгер ал кандайдыр бир мыйзамды «шарияттан башка тараптан алса боло берет» деген итикад менен алса, кафир болот. Эгер минтип этикат кылбастан алса асий, залим жана фасик болот.

Эми экинчи иш т.а. халифа өзү табанний кылган өкүмдөргө о.э. өзү моюн сунган истинбат тарыйкатына келсек, буга далил, халифа аткара турган шаръий өкүм халифанын гана акысы болгон, андан башкасынын акысы болбогон шаръий өкүм. Башкача айтканда, халифа ага ылайык амалдарды алып барышы үчүн табанний кылган шаръий өкүм. Башка бирер шаръий өкүм эмес. Эгер халифа кандайдыр бир өкүмдү истинбат кылса же бирер өкүмгө таклид кылса, ушул шаръий өкүм ал үчүн Алланын өкүмү болот. Халифа мусулмандар үчүн өкүм табанний кылууда ушул шаръий өкүмгө чектелиши керек болот жана ага тескери өкүмдү табанний кылышы арам болот. Себеби, бул тескери өкүм ал үчүн Алланын өкүмү деп этибар кылынбайт жана ага карата шаръий өкүм болбойт. Ошондой болгон соң, мусулмандарга да шаръий өкүм эсептелбейт. Ошондуктан, ал жарандарга чыгарып жаткан буйруктарда өзү табанний кылган шаръий өкүмгө чектелет. Өзү табанний кылган өкүмгө тескери буйрукту чыгарышы ага адал эмес. Себеби, ал ушундай кылса, анда шаръий өкүмгө тескери буйрукту берген болуп калат. Мына ошондон ал өзү табанний кылган өкүмдөргө кайчы (хилаф) буйрукту чыгарышынын жайиз эместиги келип чыгат.

Буга кошумча, истинбат тарыйкатына карай шаръий өкүмдү түшүнүү өзгөрөт. Мисалы, эгер халифа «өкүмдүн иллети шаръий нусустан алынган болсо, ал шаръий иллет деп этибар кылынат» деген пикирде болсо, кызыкчылыкты болсо шаръий иллет эмес деп билип, масалихул мурсала да шаръий далил эмес деп эсептесе, демек, ал өзү үчүн истинбат тарыйкатын дайындап алган болот. Мында ал жалаң гана ушул

тарыйкатка чектелиши керек. Далили масалихул мурсала болгон бир да өкүмдү табанний кылышы же шаръий нусустан алынбаган иллетке кыясташы дурус болбойт. Себеби, бул өкүм ал үчүн шаръий өкүм деп этибар кылынбайт. Себеби, ал өкүмдүн далили шаръий далил эмес деген пикирде эле. Демек, бул анын назарында шаръий өкүм болбогон. Ал халифа үчүн шаръий өкүм болбогондуктан, мусулмандар үчүн да шаръий өкүм эмес. Эгер халифа бул өкүмдү табанний кылса, анда шаръий өкүм болбогон башка өкүмдү табанний кылып койгондой болот да, бул болсо ага арам. Эгер халифа мукаллид же мужтахиди масала болуп, мужтахиди мутлак болбосо, же мазхаб мужтахиди болуп, истинбат кылууда өзүнүн белгилүү бир тарыйкаты бар болсо, анда далил же далилге окшогон нерсе болгондуктан, ал табанний кылууда өзү таклид кылган мужтахидге ылайык, же бир маселедеги өз ижтихадына ылайык жүрөт. Мындай учурда анын буйруктары бир гана өзү табанний кылган өкүмдөргө ылайык буйруктар чыгаруу менен чектелет.

## Халифалык мамлекети башарий мамлекет, илахий мамлекет эмес

Исламий мамлекет – бул Халифалык дегени. Ал дүйнөдөгү бардык мусулмандарга жалпы башчылык. Мусулман өлкөлөрүнүн биринде бир халифага туура байъат берилип, Халифалык тикеленсе, дүйнөнүн бардык жериндеги мусулмандарга башка халифаны тикелөө арам болот. Буга Расулулла ﷺдын ушул сөзү далил:

«إِذَا بُويِعَ لِخَلِيفَتَيْنِ فَاقْتُلُوا الآخَرَ مِنْهُمَا»

**«Эгер эки халифага байъат берилсе, алардын кийинкисин өлтүргүлө».** Халифалык Ислам алып келген пикирлер жана Ислам түзүп берген шарияттын жардамы менен исламий шарият өкүмдөрүн тикелөө үчүн, Исламды адамдарга таанытып, ага даъват кылуу жана Алланын жолунда жихад кылуу аркылуу исламий даъватты бүткүл дүйнөгө алып чыгуу үчүн тикеленет. Халифалык имамат, момундардын амирлиги деп да аталат. Халифалык дунявий мансап да, ухровий мансап да эмес. Ал Ислам динин адамзатка (башар) колдонуу жана аны адамзатка жаюу үчүн тикеленет. Демек, анын пайгамбарлык (нубуват) эместиги анык.

Пайгамбарлык илахий мансап болуп, Алла аны Өзү каалаган кишиге берет. Пайгамбарлыкта пайгамбар (набий) же элчи (расул) вахий жолу менен шариятты Алладан алат. Ошол эле учурда, Халифалык башарий мансап болуп, мусулмандар өздөрү каалаган кишиге байъат беришет жана мусулмандардын ичинен каалаган кишилерди халифа кылышат. Саййидибиз Мухаммад ﷺ да аким болуп, өзү алып келген шариятты колдонгон. Ал зат пайгамбарлык менен расулдук милдетин аткарып, ошол эле учурда, Ислам өкүмдөрүн иш жүзүнө ашырууда мусулмандарга

башчылык мансабын да ээлеген. Ушул себептен улам, Алла ал затка мындай деген:

﴿وَأَنِ احْكُمْ بَيْنَهُمْ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ﴾

*«(Эй Мухаммад ﷺ), **алардын арасында Алла түшүргөн нерсе** (дин) **менен өкүм кылгын...».*** **[5:49]**

﴿إِنَّا أَنزَلْنَا إِلَيْكَ الْكِتَابَ بِالْحَقِّ لِتَحْكُمَ بَيْنَ النَّاسِ بِمَا أَرَاكَ اللَّهُ﴾

*«(Эй Мухаммад ﷺ), **албетте Биз сага Акыйкат Китепти** (Куранды) **адамдар арасында Алла сага көрсөткөн жол менен өкүм кылышың үчүн түшүрдүк».*** **[4:105]**

﴿يَاأَيُّهَا الرَّسُولُ بَلِّغْ مَا أُنزِلَ إِلَيْكَ مِنْ رَبِّكَ﴾

***«Эй Пайгамбар ﷺ, сага Роббиң тарабынан түшүрүлгөн нерсени жеткиргин!»*** **[5:67]**

﴿وَأُوحِيَ إِلَيَّ هَذَا الْقُرْآنُ لِأُنذِرَكُمْ بِهِ وَمَنْ بَلَغَ﴾

*«**Силерди жана Куран жетип барган** (бардык) **кишилерди** (Акырет азабынан) **эскертишим үчүн мага – мына ушул Куран вахий кылынды».*** **[6:19]**

﴿يَاأَيُّهَا الْمُدَّثِّرُ ۝ قُمْ فَأَنذِرْ﴾

*«**Эй** (кийимдерине) **чүмкөнүп алган зат, тургун дагы,** (инсандарга Акырет азабын) **эстерткин!»*** **[74:1-2]**

Демек, Расулулла ﷺ эки мансапты: 1. Пайгамбарлык жана расулдук мансабын; 2. Бул дүйнөдө өзүнө вахий кылынган Алланын шариятын тикелөө үчүн мусулмандарга башчылык мансабын ээлеген.

Расулулла ﷺдан кийин халифалыкты адамдар аткарышат жана алар пайгамбар эмес. Аларда адамдарда болушу мүмкүн болгон ката, адашуу, унутуу, асийлик жана башка кемчилдиктер болушу мүмкүн, себеби, алар адамдар. Алар күнөө кылуудан маъсум-аруу эмес. Себеби, алар пайгамбар же расул эмес. Чындыгында, Расулулла ﷺ да имам (халифа) ката кетиришинин мүмкүндүгү о.э. андан адамдарды жийиркентүүчү зулум, маъсият жана башка каталар жүз беришинин мүмкүндүгү жөнүндө кабар берген. Ал тургай, ал зат халифадан ачык куфр жүз беришинин мүмкүндүгү, мындай абалда ага моюн сунбоо, тескерисинче, ага каршы согушуу керектиги жөнүндө кабар берген. Муслим Абу Хурайра ؓдан Расулулла ﷺдын мындай дегенин риваят кылат:

«إِنَّمَا الإِمَامُ جُنَّةٌ، يُقَاتَلُ مِنْ وَرَاءِهِ وَيُتَّقَى بِهِ، فَإِنْ أَمَرَ بِتَقْوَى اللَّهِ عَزَّ وَجَلَّ وَعَدَلَ كَانَ لَهُ بِذَلِكَ أَجْرٌ، وَإِنْ يَأْمُرْ بِغَيْرِهِ كَانَ عَلَيْهِ مِنْهُ»

**«Имам – калкан. Анын артында туруп согуш кылынат жана аны менен коргонулат. Эгер ал Алла Азза ва Жаллага таква болууга буюрса жана адилеттүүлүк кылса, мында ага сыйлык бар. Эгер ал мындан башкага буюрса, бул анын өзүнө каршы хужжат болот».** Мунун мааниси, имам күнөөдөн маъсум болбойт жана Аллага таква болуудан башка нерсеге буйруп коюшу да мүмкүн. Муслим Абдулла ибн Масъуддан риваят кылышынча, Расулулла ﷺ мындай деген:

«**إِنَّهَا سَتَكُونُ بَعْدِي أَثَرَةٌ وَأُمُورٌ تُنْكِرُونَهَا**، قَالُوا: يَا رَسُولَ اللَّهِ كَيْفَ تَأْمُرُ مَنْ أَدْرَكَ مِنَّا ذَلِكَ؟ قَالَ: **تُؤَدُّونَ الْحَقَّ الَّذِي عَلَيْكُمْ وَتَسْأَلُونَ اللَّهَ الَّذِي لَكُمْ**»

**«Менден кийин өзүмчүлдүк жана силер макулдабай турган иштер болот».** «Я Расулулла, бизден мындай иштерге туш келген кишиге эмнени буюрасыз?» дешти. Расулулла мындай деди: **«Үстүңөрдөгү акыны өтөйсүңөр жана өзүңөр муктаж болгон нерсени Алладан сурайсыңар».** Бухарий Жунада ибн Абу Умайядан риваят кылат. Жунада айтат: «Биз Убада ибн Сомиттин алдына ооруп жаткан чагында кирген элек. Биз ага «Алла дартыңызга шыпаа берсин, сиз Пайгамбар ﷺдан уккан жана Алла сизге пайда бере турган бирер хадисти бизге айтып бериңиз» дедик. Ал мындай деди:

«**دَعَانَا النَّبِيُّ ﷺ فَبَايَعْنَاهُ فَقَالَ فِيمَا أَخَذَ مِنَّا أَنْ بَايَعَنَا عَلَى السَّمْعِ وَالطَّاعَةِ، فِي مَنْشَطِنَا وَمَكْرَهِنَا، وَعُسْرِنَا وَيُسْرِنَا، وَأَثَرَةً عَلَيْنَا، وَأَنْ لاَ نُنَازِعَ الأَمْرَ أَهْلَهُ، قَالَ إِلاَّ أَنْ تَرَوْا كُفْرًا بَوَاحًا عِنْدَكُمْ مِنَ اللَّهِ فِيهِ بُرْهَانٌ**»

**«Бизди Расулулла ﷺ чакырды, ал затка байъат бердик. Бизден алып жаткан байъатта Расулулла шаттыгыбызда да, кайгыбызда да, кыйынчылыгыбызда да, жеңилчилигибизде да, өзүбүз жакшы көргөн нерселерде да кулак салып моюн сунушубуз, иш ээлеринен иш талашпастыгыбыз керектигин айтты. Эгер иш ээлеринен ачык куфрду көрсөңөр жана силерде бул жөнүндө Алладан хужжат болсо, моюн сунбагыла», -** деди». Айша ﵂дан риваят кылынышынча, Расулулла ﷺ мындай деген:

«**ادْرَءُوا الْحُدُودَ عَنْ الْمُسْلِمِينَ مَا اسْتَطَعْتُمْ فَإِنْ كَانَ لَهُ مَخْرَجٌ فَخَلُّوا سَبِيلَهُ. فَإِنَّ الإِمَامَ أَنْ يُخْطِئَ فِي الْعَفْوِ خَيْرٌ مِنْ أَنْ يُخْطِئَ فِي الْعُقُوبَةِ**»

**«Мүмкүн болушунча мусулмандарды жазалоодон сактангыла, эгер мусулмандын айыпсыздыгына бир эле далил болсо, аны коё бергиле. Себеби, имам жаза берип ката кылгандан көрө, кечирип ката кылганы жакшыраак».** (Термизий риваяты). Бул

хадистер имам ката кетиришине, унутуп коюшуна жана асийлик кылып коюшуна ачык далил. Ушуну менен бирге, бул хадистерде эгер имам Ислам менен өкүм жүргүзсө, андан ачык куфр жүз бербесе жана асийликке буюрбаса, ага моюн сунуу керектигине буюрду. Ошондуктан, Расулулла ﷺдан кийинки халифалар ката да, туура иш да кыла турган адамдар болуп, маъсум эмес. Алар пайгамбарлар эмес, Халифалык илахий мамлекет делингендей. Тескерисинче, ал башарий мамлекет болуп, анда мусулмандар Исламий шарият өкүмдөрүн жүзөгө чыгаруу үчүн бир халифага байъат беришет.

## Халифанын башкаруу мөөнөтү

Халифанын башкаруу мөөнөтү белгилүү бир убакытка чектелбеген. Эгер ал шариятты коргоп, анын өкүмдөрүн аткарса, мамлекет иштерин жана халифалык жоопкерчилигин өтөөгө кудуреттүү болсо, ал халифа болуп кала берет. Хадистердеги байъат берүү жөнүндөгү насстын мутлак келгени жана белгилүү бир мөөнөттү чектебегени буга далил болот. Бул жөнүндө Бухарий Анас ибн Маликтен Пайгамбар ﷺдын мындай дегенин риваят кылган:

«اسْمَعُوا وَأَطِيعُوا وَإِنْ اسْتُعْمِلَ عَلَيْكُمْ عَبْدٌ حَبَشِيٌّ كَأَنَّ رَأْسَهُ زَبِيبَةٌ»

**«Ал тургай, үстүңөргө башы кара мейиздей бир хабаший кул башчы болуп калса да, ага кулак салып, моюн сунгула».** Муслимдин Умму Хусайн аркылуу кылган башка бир риваятында:

«يَقُودُكُمْ فِي كِتَابِ اللَّهِ»

**«Силерди Алланын Китеби менен жетелесе...»** деп айтылган. О.э. хулафаи рошидиндердин ар бирине байъат – хадистерде келгендей – мутлак кылынган. Алар кандайдыр бир мөөнөткө чектелбей, ар бири байъат берилгенден баштап өлгөнгө чейин халифалык милдетин өтөшкөн. Бул халифалыкка белгилүү бир мөөнөт жоктугуна, балким, Халифалыктын мутлактыгына, эгер байъат берилген болсо, өлгөнгө чейин халифа болуп калышына сахаба ؓдар тарабынан болгон ижма.

Бирок, эгер халифада анын иштен бошошуна мажбур кылган же аны бошотууну важиб кылган кандайдыр бир иш жүз берсе, анын мөөнөтү аяктап, иштен бошотулат. Бирок, бул халифалыктын мөөнөтүн чектөө дегени эмес, балким, халифалык шарттарында бузулуу жүз берүү дегени. Себеби, байъаттын шаръий насс жана сахабалар ижмасы менен сабит болгону халифалык мөөнөтүн чексиз мөөнөткө айлантып коёт. Бирок, халифалыктын мөөнөтү халифа өзүнө байъат берилген иштерди аткарышына т.а. Куран менен сүннөткө амал кылышына о.э. анын өкүмдөрүн аткарышына байланыштуу. Эгер ал шариятты коргобосо же аны аткарбаса, аны иштен бошотуу важиб болот.

## Халифаны иштен бошотуу

Эгер халифа инъикод байъатынын жети шартынын кайсы бирин жоготсо, шариятта ал Халифалыкты улантышы дурус болбой, аны иштен бошотуу акылуу иш болуп калат.

Халифаны иштен бошотуу укугуна бир гана махкаматул мазолим ээ. Жалгыз ал гана – халифа инъикод шарттарынын бирин жоготсо – иштен бошотууга чечим чыгарат же чыгарбайт. Себеби, халифа иштен бошой турган жана халифаны иштен бошотууга акылуу болгон иштердин бирөөсү жүз беришинин өзү мазолимдин т.а. адилетсиздиктердин бири. Бул адилетсиздикти жоготуу керек. Иштен бошотуу иши далилге муктаж болгон иш. Ошондуктан, албетте аны казынын алдында далилдөө керек. Арийне, мазолим мекемеси адилетсиздиктерди жоюу менен өкүм жүргүзгөн мекеме болуп, андагы казылар адилетсиздикти далилдөө жана өкүм чыгаруу жаатында укук ээси эсептелишет. Ошондуктан, мазолим мекемеси халифанын инъикод байъатынын шарттарын жоготкон же жоготпогондугун белгилейт о.э. халифаны иштен бошотууга чечим чыгарат. Бирок, эгер халифа инъикод байъатынын шарттарын жоготуп, өз ыктыяры менен иштен бошосо, ошонун өзү менен иш бүтөт. Эгер мусулмандар халифа инъикод байъат шарттарынын кайсы бирин жоготкондугу үчүн иштен алынышы керек деген пикирде болсо, халифа бул жаатта алар менен келише албаса, бул ишти чечүү үчүн, Алла Тааланын ушул сөзүнө ылайык, казыларга сунушталат:

﴿فَإِنْ تَنَازَعْتُمْ فِي شَيْءٍ فَرُدُّوهُ إِلَى اللَّهِ وَالرَّسُولِ﴾

***«Эгер кандайдыр бир нерсе жөнүндө талашып калсаңар – ал нерсени Аллага жана пайгамбарына кайтаргыла!»*** **[4:59]**

Т.а. силер жана иш ээлери. Бул болсо иш ээлери менен Үммөт ортосундагы тартышуу. Аны Алла жана Расулуна кайтаруу болсо казыларга т.а. мазолимдер мекемесине кайтаруу.

## Халифаны тикелөө үчүн мусулмандарга берилген мөөнөт

Халифаны тикелөө үчүн мусулмандарга берилген мөөнөт үч күндүз түнү менен ((б.а. үч күндүз, эки түн), эч бир мусулманга мойнунда байъатсыз абалда үч түн түнөө адал эмес. Эми мөөнөттүн үч күндүз түнү менен болушуна чектеп коюлушуна келсек, халифаны шайлоо мурунку халифа дүйнөдөн кайткан же иштен бошотулган убакыттан баштап фарз болот. Ал эми, шайлоо менен алек болуп, аны үч күндүз жана үч түнгө кечиктирүү да мүмкүн. Эгер үч түндөн ашып кетип, халифа шайланбаган болсо, каралып чыгат: эгер мусулмандар халифаны тикелөө менен алек болушуп, мажбурий иштер пайда болуп, аларды жоюу колдорунан келбегендиги себептүү үч түндүн ичинде халифаны шайлоого кудуреттүү болушпаса, алар фарзды өтөө менен алек болушканы жана бир мажбурлуу иш себептүү аны кечиктирүүгө мажбур болушканы себептүү,

алардан күнөө сакыт болот. Ибн Хиббан менен Ибн Мажа Аббастан мындай риваят кылат, Расулулла ﷺ айтат:

«إِنَّ اللَّه وَضَعَ عَنْ أُمَّتِي الْخَطَأَ، وَالنِّسْيَانَ، وَمَا اسْتُكْرِهُوا عَلَيْهِ»

**«Алла үммөтүмдөн ката кетирүү, унутуп коюу жана мажбур кылынган иштердин күнөөсүн алып таштады».** Эгер мусулмандар халифа шайлоо менен алек болушпаса, тээ ал тикеленгенге чейин баардыгы күнөөкөр болуп кала берет. Качан аны тикелегенде гана күнөө алардан сакыт болот. Ал эми, халифа тикелөөдөн токтоп калуу күнөөлөрдү сакыт кылбайт. Тескерисинче, моюндарында күнөө калып – мусулман киши фарзды өтөөнү таштап, күнөө кылгандыгы үчүн Алла аны тергегендей – аларды да тергеп-тескейт.

Эми халифалык мансабы бошоп калышы менен эле халифага байъат берүүгө түздөн-түз аракеттенүүнүн важиб экендигине келсек, сахабалар Расулулла ﷺ көз жумганда, ошол күндүн өзүндө эле, ал затты жерге коюудан мурун Бану Саиданын бастырмасында бул иш менен түздөн-түз алек болушкан. Ошол күнү Абу Бакрга инъикод байъаты берилип, экинчи күнү адамдар мечитте топтолуп, ага итаат байъатын берүүлөрү менен Абу Бакрдын байъаты аяктаган.

Мусулмандарга халифа шайлоо үчүн берилген мөөнөт ашыгы менен үч күндүз түнү менен экендигине келсек, мунун себеби төмөндөгүчө: Бычакталганы себептүү өлөрү анык болуп калган Умар ؓ ахли шурого ишеним көрсөтүп, аларга үч күндүздү чектеп-белгилеп берди. Эгер үч күндүз ичинде араларынан бир халифага келишишпесе, үч күндөн кийин каршы чыгуучуну өлтүрүүнү осуят кылды. Мунун аткарылышын т.а. каршы чыгуучуну өлтүрүүнү элүү мусулманга тапшырды. Акыйкатта, алар ахли шуро жана улуу сахабалардан эле. Бул иш сахабалардын көз алдында болуп, алардын биринин да бул ишке каршы чыккандыгы айтылган эмес. Бул мусулмандар үч күндүздөн ашык убакыт халифасыз калуулары мүмкүн эместигине карата сахабалардын ижмасы болуп калды. Сахабалар ижмасы болсо, дал Куран жана сүннөт сыяктуу шаръий далил болуп саналат.

Бухарий Мисвар ибн Махрамадан ушул хадисти чыгарган. Мисвар айтат: «Түндөсү, уктап жатканымда Абдуррахман келип эшигимди каккылаганда, ойгонуп кеттим. Ал мага: Уктап жатасыңбы? Аллага ант болсун, ушул өткөн үч түн мен уктай албадым, - деди». Адамдар багымдатты окушкандан кийин, Усманга байъат берүү аягына жетти.

Ушуларга караганда, мусулмандар халифанын мансабы бошоп калган убакта, кийинки халифага байъат берүү менен алек болуулары жана бул байъатты үч күндүн ичинде өтөөлөрү важиб. Ал эми, халифага байъат берүү менен алек болушпаса, тескерисинче, халифага байъат бербей калышса, бардыгы ошол убакыттан баштап күнөөкөр болушат. Бүгүнкү күндө болуп жаткандай, бардык мусулмандар 1342-хижрий жылдын 28-

ражаб айында Халифалык бекер кылынгандан баштап тээ аны кайра тикелешкенге чейин Халифалыкты тикелешпегени үчүн күнөөкөр болуп эсептелет. Бир ыкластуу, берилген жамаат менен бирге Халифалык үчүн олуттуу аракетке киришкен адам гана бул күнөөдөн таза болот. Себеби, бул – Расулулла ﷺ хадистеринде баян кылгандай – чоң күнөөлөрдөн:

«...وَمَنْ مَاتَ وَلَيْسَ فِي عُنُقِهِ بَيْعَةٌ مَاتَ مِيتَةً جَاهِلِيَّةً»

**«Мойнунда байъаты болбогон абалда өлгөн адам жахилият өлүмү менен өлүптүр».** «Жахилият өлүмү» чоң күнөөгө далалат кылат.

## <u>Экинчи</u>: Муавиндер (тафвид вазирлери)

Муавиндер – бул халифа өзүнө халифалыктын оор жүктөрүн көтөрүү, анын жоопкерчиликтерин өтөөдө жардам берүүлөрү үчүн дайындаган вазирлер. Халифалыктын иштери оор болуп, айрыкча, Халифалык мамлекети кеңейген сайын, бул кыйынчылыктар халифага оордук кылат. Ошондуктан, халифа дал ушул кыйынчылыктарды көтөрүүдө жана жоопкерчиликти өтөөдө аларга муктаж болот.

Муавиндерди «вазирлер» деп, анык түшүндүрмөсүз атоо туура болбойт. Антпесе, Исламдагы вазир сөзүнүн мааниси капиталисттик илманий негизге курулган инсаний түзүмдөгү министрдин, же биз азыркы кылымда күбө болуп жаткан башка түзүмдөрдөгү вазирдин мааниси менен аралашып кетет.

Тафвид вазири же тафвид муавини башкаруу (хукм) жана бийлик (салтанат) иштерин бирге алып баруу үчүн халифа дайындаган киши болуп, ага иштерди өз пикирине таянып чечүү, шарият өкүмдөрүнө ылайык өз ижтиходы менен алып баруу укугу берилет. Муну менен халифа ага жалпы назар жана орунбасарлык вазыйпасын тапшырат.

Хаким жана Термизий Абу Саид Худрийден риваят кылат, Расулулла ﷺ мындай деген:

«وَزِيْرَايَ مِنَ السَّماءِ جِبْرِيْلُ وَمِيْكَائِيْلُ، وَمِنَ الأَرْضِ أَبُو بَكْرٍ وَعُمَرُ»

**«Менин асмандагы эки вазирим: Жабраил жана Микаил. Жердегилери: Абу Бакр жана Умар».** Хадистеги «вазир» сөзү лугатта жардамчы (муъийн) жана көмөктөшүүчү (мусаид) маанисин түшүндүрөт. Чындыгында, Курани Каримде да «вазир» сөзү дал ушул мааниде келет. Алла Таала айтат:

﴿وَاجْعَلْ لِّي وَزِيرًا مِنْ أَهْلِي﴾

***«Мага өз бүлөмдөн болгон Харун агамды вазир кылгын»,*** **[20:29]**
т.а. жардамчы жана көмөктөшүүчү кылгын. Хадистеги **«вазир»** сөзү ар кандай иште ар кандай жардам жана көмөк берүү маанисин, ошону менен бирге, халифага анын жоопкерчилигинде жана иштеринде жардам берүү маанисин камтыйт. Абу Саид риваят кылган хадис болсо, жалаң башкаруудагы өз ара жардамга гана хос эмес. Себеби, Жабраил менен Микаил Расулулла ﷺдын асмандагы вазирлери болуп, бул эки периштенин башкаруу жана ага байланыштуу болгон жоопкерчиликтерде жардам берүүгө алакалары жок. Ушул себептен улам, хадистеги **«эки вазирим»** сөзү менин эки жардамчым деген лугавий маанини түшүндүрөт. Бул хадистен бир канча жардамчылардын болушу мүмкүндүгү түшүнүлөт.

Ошону менен бирге, Абу Бакр жана Умар Расулулла ﷺ менен бирге башкаруу жүктөрүн көтөргөндүгү сыртынан көрүнбөсө да, Расулулла

алардды өзүнө вазир кылганын, башкаруу жана ага байланыштуу болгон бардык иштерде экөөсүнө тең чектөөсүз жардамчылык укугун бергендигин билдирет. Абу Бакр халифа болгондон кийин Умарды өзүнө жардамчы вазир кылып алган жана анын жардамчылыгы анык көрүнүп турган.

Умар халифа болгондон кийин, Усман менен Алини өзүнө жардамчы кылып алды. Ал эми, алардын кайсы бири Умардын башкаруу иштериндеги жардамчысы болгону анык эмес. Экөөсүнүн Умарга жардамчылык кылган абалы Абу Бакр менен Умардын Расулулла ﷺга жардамчылык абалдарына окшойт. Усмандын халифалык заманында Али менен Марван ибн Хакам анын жардамчылары болушкан. Ал эми, Али айрым иштерде наразы болгондугу үчүн бир аз алысыраак турган болсо да, Марван ибн Хакамдын Усманга башкаруу иштеринде жардамчы болгондугу анык.

Эгер тафвид муавин садакаттуу (ишенимдүү-берилген) вазир болсо, шексиз, анын халифага көрсөтө турган жардамы – ушулардын катарында, ар бир жакшы иштерди анын эсине салып, жардам берүүдө – абдан чоң болот. Айша ﵂ риваят кылат, Расулулла ﷺ мындай деген:

«وَإِذَا أَرَادَ اللَّهُ بِالأَمِيرِ خَيْرًا جَعَلَ لَهُ وَزِيرَ صِدْقٍ، إِنْ نَسِيَ ذَكَّرَهُ، وَإِنْ ذَكَرَ أَعَانَهُ، وَإِذَا أَرَادَ اللَّهُ بِهِ غَيْرَ ذَلِكَ جَعَلَ لَهُ وَزِيرَ سُوءٍ، إِنْ نَسِيَ لَمْ يُذَكِّرْهُ، وَإِنْ ذَكَرَ لَمْ يُعِنْهُ»

**«Эгер Алла амирге жакшылыкты кааласа, ага ушундай бир садык вазирди насип кылат дейсиң, амир унутуп калса, бул вазир эстетип турат, эстесе жардам берет. Эгер Алла мындан башкасын кааласа, ага ушундай бир вазирди насип кылат дейсиң, амир унутуп койсо, вазир эстетпейт, эстесе, жардам бербейт».** (Ахмад риваяты). Бул хадистин санадын Нававий жакшы санад деген. Баззар да бир санад менен риваят кылган, Хайсамий анын ровийлерин сахих кишилер деген.

Расулулла ﷺдын заманы менен хулафаи рошидиндердин заманындагы муавиндардин аткарган иштерин карап чыксак, муавинге жалпы көзөмөл кылууга акылуу болгон белгилүү бир маселелердин, же жалпы көзөмөлдөй турган бардык маселелердин тапшырылышы мүмкүн экендигин көрөбүз. О.э. ал жалпы көзөмөлдөй турган белгилүү бир жерге, же жалпы көзөмөлдөй турган бир канча жерге дайындалышы мүмкүн. Эки шейх Абу Хурайрадан риваят кылат:

«بَعَثَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ عُمَرَ عَلَى الصَّدَقَةِ»

**«Расулулла Умарды зекет жыйып келүүгө жөнөттү».** Ибн Хузайма менен Ибн Хиббан мындай риваятты чыгарышкан:

«أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ حِينَ رَجَعَ مِنْ عُمْرَةِ الْجِعْرَانِ، بَعَثَ أَبَا بَكْرٍ عَلَى الْحَجِّ»

**«Расулулла Жиърон умрасынан кайткан соң, Абу Бакрды хажга башчы кылып жөнөттү».** Т.а. Расулулла ﷺдын заманында Абу Бакр менен Умарга – экөөсү Расулулланын вазирлери болгон – бардык иштер эмес, балким, белгилүү бир иштер тапшырылган. Негизи, экөөсү тең муавиндар (вазирлер) болуп, дал тафвид вазирлиги талап кылгандай, жалпы көзөмөлдөөчү жана орунбасар милдетин аткарышкан. О.э. Умардын халифалык доорунда Али менен Усман да дал ушундай болушкан. Ал тургай, Абу Бакрдын халифалыгында Умардын Абу Бакрга жалпы көзөмөл жана орунбасарлыктагы жардамы ушундай бир даражада көп болгондуктан, кээ бир сахабалар Абу Бакрга «халифа сизби же Умарбы, билбей калдык» дегенге чейин барышкан. Ошону менен бирге, Абу Бакр Умарды айрым учурларда гана казылыкка дайындаган. Байхакий чыгарган бул риваяттын санадын Хафиз күчтүү деген.

Демек, Расулулла ﷺ жана ал заттан кийинки хулафаи рошидиндердин тарыхынан алынган нерсе ушул, муавин жалпы көзөмөлдөөчү жана орунбасарлык милдетин аткарат, ошондой эле, муавин бир жерге же болбосо бир ишке чектелип дайындалышы да жайиз. Мисалы, Расулулла ﷺ Абу Бакр менен Умарды бирин түндүк вилаяттарга кароочу валий, экинчисин түштүк вилаяттарга кароочу валий кылып дайындаган. Кийин Абу Бакр да Умарга карата ушундай иш туткан. Муавиндердин бирин экинчисинин ордуна, экинчисин биринчисинин ордуна дайындоого, халифага жардам берүүнүн талабына карай, баланча муавинди түкүнчө муавиндин ордуна, түкүнчөнү болсо башка муавиндин ордуна коюуга да болот. Мында жаңыдан дайындоо керек болбойт, балким, бир иштен экинчисине көчүрүү боло берет. Себеби, негизи ал жалпы көзөмөлдөөчү жана орунбасар вазыйпасын ээлеген болуп, бул амалдардын бардыгы анын жардамчы-муавин катарындагы кызматынын алкагына кирет. Бул маселеде муавин валийден айырмаланат. Себеби, валий бир жерди жалпы көзөмөлдөп, башка ишке өтпөйт, тескерисинче, жаңыдан дайындалууга муктаж болот. Себеби, жаңы жайдын мурунку дайындалууга тиешеси жок. Бирок, муавин бир эле учурда жалпы көзөмөлчүлүк да, орунбасардык да милдетин аткаргандыктан, эч кандай жаңыдан дайындалууга кажет жок, бир жерден башка жерге көчүшү мүмкүн. Себеби, ал, негизин алганда, бардык иштерде жалпы көзөмөл жана орунбасарлык милдетине дайындалган.

<u>Жогорудагылардан ушул нерсе айкын болот, халифа өз муавинине мамлекеттин бардык тармактарында орунбасарлык вазыйпасын о.э. иштерди жалпы көзөмөлдөө вазыйпасын тапшырат. Ошону менен бирге, ага белгилүү бир ишти сунушташы да мүмкүн. Мисалы, бир муавинды чыгыштагы вилаяттарга, башкасын болсо батыштагы вилаяттарга дайындоо сыяктуу ж.б.у.с. Вазирлер бирөөдөн көп болгон учурда</u>

алардын иштери бири-бирине тескери болуп калбашы үчүн ушуга зарылдык туулат.

Халифа, айрыкча, мамлекет кеңейген убакта, бирден ашык муавинге муктаждык сезет. Вазирлердин ар бирине мамлекеттин бардык жайында иш алып баруу тапшырылса, алардын өз милдеттерин аткарышында проблемалар жаралат. Анткени, мында алардын баары жалпы көзөмөлгө жана орунбасарлыкка акылуу болушкандыктан, бири-биринин иштерине аралашуу ыктымалы бар. Ошондуктан, биз төмөндөгүлөрдү табанний кылдык:

Дайындоо жагынан: Муавин мамлекеттин бардык жеринде жалпы көзөмөл жана орунбасарлык вазыйпасын аткарууга дайындалат.

Иш жагынан болсо: Муавинге мамлекеттин бир бөлүгүндө иш тапшырылат т.а. вилаяттар муавиндердин ортосунда бөлүштүрүлөт. Мисалы, бири халифанын чыгыштагы муавини, бири батыштагы муавини, дагы бири түндүктөгү муавини болот ж.б.у.с.

Башка жерге которуу жагынан болсо: Муавин бир жерден экинчи жерге жана бир иштен экинчи ишке которулууда эч кандай жаңыдан дайындалууга муктаж болбойт, тескерисинче, мурунку дайындалышы менен эле жаңы жай жана ишке отура берет. Себеби, анын муавин болуп дайындалышы бардык ишти өз ичине алат.

## Тафвид муавиндердин шарттары

Тафвид муавинге да халифага көрсөтүлгөн шарттар коюлган. Т.а. муавин эркек киши болушу, эркин болушу, мусулман болушу, балагатка жеткен болушу, акылы толук болушу, адилеттүү болушу жана өзүнө тапшырылган иштерди аткарууга жөндөмдүү болушу шарт.

Тафвид муавинди дайындоо шарттарынын далили да халифага болгон далилдердин дал өзү. Себеби, муавин кыла турган иш да башкаруу иши болуп, Пайгамбар алайхис-саламдын төмөнкү сөзүнө ылайык, ал эркек киши болушу важиб:

«لَنْ يُفْلِحَ قَوْمٌ وَلَّوْا أَمْرَهُمُ امْرَأَةً»

**«Өз иштерине аял кишини башчы кылган коом эч качан ийгиликке жетишпейт».** Бул хадисти Бухарий Абу Бакрадан риваят кылган. Муавин эркин болушу важиб. Себеби, кулдун ыктыяры өзүндө болбогондон кийин, башкалардын ишин башкара албашы турган кеп. Муавин Расулулла ﷺдын мындай сөзүнө ылайык балагатка жеткен болушу важиб:

«رُفِعَ الْقَلَمُ عَنْ ثَلاَثَةٍ عَنِ النَّائِمِ حَتَّى يَسْتَيْقِظَ، وَعَنِ الصَبِيِّ حَتَّى يَبْلُغَ، وَعَنِ الْمَعْتُوهِ حَتَّى يَبْرَأَ»

**«Үч кишиден** (күнөөлөрдү жазуучу) **калем көтөрүлөт: Уктап калган адамдан тээ ойгонгонго чейин, жаш баладан тээ балагатка жеткенге чейин жана акылы кемден тээ айыкканга чейин».** (Абу Давуддун риваяты). Дал ушул хадиске ылайык, акыл болушу керек. Бул хадистин дагы бир риваятында минтип келет:

«وَعَنِ الْمَجْنُونِ الْمَغْلُوبِ عَلَى عَقْلِهِ حَتَّى يَفِيقَ»

**«... жана акылын жоготкон жиндиден тээ ал өзүнө келгенге чейин».** Муавин адилеттүү болушу важиб. Себеби, Алла күбөлүккө адилеттүүлүктү шарт кылып, мындай деген:

﴿وَأَشْهِدُوا۟ ذَوَىْ عَدْلٍ مِّنكُمْ﴾

***«Жана өзүңөрдөн** (т.а. мусулмандардан) **болгон эки адилеттүү адамды күбө кылгыла...».*** **[65:2]**

Демек, адилеттүүлүк халифа муавинине алда качан эле шарт болгон. О.э. муавин Халифалыктын кыйынчылыктарын, башкаруу жана бийлик жоопкерчилигин көтөрүүгө кудуреттүү болушу үчүн башкаруу иштерине жөндөмдүү болушу да шарт кылынган.

## Тафвид муавиндин иши

Тафвид муавиндин иши өзү токтом кылган тадбирлерди (иш-чараларды) халифага жеткирип туруудан турат, анткени, укук жаатында халифа менен бирдей деңгээлде болуп калбашы үчүн өзү ишке ашырган тадбирлеринен, валийликке жана кызматтарга дайындаганынан халифаны кабардар кылып туруусу керек. Демек, анын иши халифаны иштерден кабардар кылуу жана эгер халифа аны бул иштерден токтотпосо, аларды аткаруу.

Мунун далили, муавин өзүнө жүктөлгөн иштерде халифанын орунбасары экендиги. Орунбасар – бул өзүнө орунбасар кылып дайындаган адам тарабынан наиб болуп иш жүргүзө турган адам. Ошондуктан, ал халифага баш ийбей, өз алдынча иш кылбайт. Тескерисинче, ал – кудум Умар Абу Бакрга вазир болуп турганда кандай иш жасаган болсо – өзүнүн ар бир ишинен халифаны толук кабардар кылып турат. Умар эмнени пикирлеген болсо, мындан Абу Бакрды кабардар кылып, халифанын пикирине карап аны аткарчу. Халифаны кабардар кылып туруу дегендин мааниси ар бир майда-чүйдө иштерде андан уруксат сурашын түшүндүрбөйт, себеби, бул нерсе муавиндын вакиъине тескери келет. Тескерисинче, кабардар кылуунун мааниси халифа менен иштерди талкуулоо, мисалы, вилаяттардын бирине жөндөмдүү бир валийди дайындоо керектиги, же элдин даттануусуна себеп болгон базарлардагы азык-түлүк жетишсиздиги проблемасын жоюу сыяктуу маселелерди жана ушуга окшогон мамлекет иштерин халифа менен талкуулоо, же болбосо, халифа иштерден кабардар болуп, өзү

маанилүү деп билген ишке токтолушу үчүн аны иштерден кабардар кылып туруу менен алектенүү дегени. Халифаны мына ушундай көрүнүштө кабардар кылуу болсо, муавиндин толук кабардар кылган бардык иштерди – аларды кылууга эч кандай уруксат албастан эле – аткарышына жетиштүү болот. Бирок, халифа кабардар болгон ишти кылбоо жөнүндө буйрук берсе, аны ишке ашыруу дурус эмес. Демек, кабардар кылуу – ишти аткарууга андан уруксат алуу эмес, ишти халифага көрсөтүү же аны менен талкуулоо гана. Эгер халифа кабардар болгон ишти аткаруудан муавинди токтотпосо, муавин аны ишке ашыруу укугуна ээ.

Халифа тафвид муавиндин иштерин жакшылап күзөтүп турушу керек. Анткени, анын иштеринин туурасын макулдап, катасын оңдоп турсун. Себеби, Үммөт иштерин тадбир менен башкаруу халифага тапшырылган жана анын ижтихадына жүктөлгөн. Буга далил жаран (райият) жаатындагы жоопкерчиликке тиешелүү Расулулла алайхис-салату вас-саламдын ушул хадиси болот:

«الإِمَامُ رَاعٍ وَهُوَ مَسْؤُولٌ عَنْ رَعِيَّتِهِ»

**«Имам – башкаруучу жана өз райияты үчүн жооптуу»,** демек, иштерди тадбир менен башкаруу халифага тапшырылып, ал жарандар үчүн жоопкер. Тафвид муавин болсо жарандар үчүн жооптуу эмес, ал жалгыз өзүнө тапшырылган иштер үчүн гана жоопкер. Халифанын жалгыз өзү гана жарандар үчүн жоопкер. Ошондуктан да, халифа жарандарга болгон өз жоопкерчилигин өтөшү үчүн муавиндин иштерин кылдаттык менен күзөтүп турушу важиб. О.э. тафвид муавин да кээде ката кетирет. Ошондуктан, анын катасы албетте оңдолушу жана анын бардык иштери албетте кунт коюу менен текшерилип турушу керек. Жарандарга болгон жоопкерчиликти өтөөдөн жана тафвид муавиндин катасын оңдоодон турган мына ушул эки иш себептүү халифа муавиндин бардык иштерин кылдаттык менен күзөтүп турушу зарыл.

Тафвид муавин эгер бир ишти кылмакчы болуп, халифа бул ишти тастыктаган болсо, ишти ал тастыктагандай, эч кандай ашырып жибербестен же кемитпестен өтөшү керек. Эгер халифа пикиринен кайтып, муавиндин дал ушул ишти аткарышына каршы чыкса, анда каралат: Эгер иш кандайдыр бир өкүм жөнүндө болуп, аны муавин өз ордуна коюп аткарган болсо, же иш кандайдыр бир каражат жөнүндө болуп, аны орундуу жайга сарптаган болсо, мында тафвид муавиндин пикири таасирдүү эсептелет. Себеби, бул негизинен халифанын пикири болуп, халифа иш жүзүнө ашырылган өкүмдөрдү өзгөртүүгө жана сарпталган каражаттарды орунсуз деп айтууга акылуу эмес. Эгер муавин аткарган иш мындан башка иш болсо, мисалы, бирер валийди дайындоо же кошуун даярдоо болсо, халифа тафвид муавиндин мындай ишине каршы чыгууга акылуу болот. Мында халифанын пикири таасирдүү

болуп, муавиндин ишин бекер кылат. Себеби, халифа өзүнүн ишин да, муавиндын ишин да оңдоо укугуна ээ.

Тафвид муавиндин өз иштерин аткарышы жана халифанын муавин иштерин текшерип турушунун абалы мына ушундан туруп, бул нерсе халифа кайсы иштерден кайтса жайиз болушунан жана кайсылардан кайтса жайиз болбостугунан алынды. Себеби, тафвид муавиндин иши халифанын иши деп этибар кылынат. Анығыраак кылып айтканда, халифага мүмкүн болгондой, өзүнө орун басар катары тапшырылган иштерде тафвид муавин да өз алдынча өкүм жүргүзүшү же акимдерди дайындашы мүмкүн. Себеби, бул башкаруу (хукм) шарттарына туура келет. Муавин адилетсиздикти (мазолим) көрүп чыгышы да о.э. буга өзүнөн бирөөнү өкүл кылып жөнөтүшү да мүмкүн. Себеби, бул мазолимди көрүп чыгуу шарттарына туура келет. Ал жихадга өзү жетекчилик кылышы же башка бирөөнү дайындашы да мүмкүн. Себеби, бул да согуш шарттарына туура келет. Дагы ал өзү тадбир кылган иштерди түздөн-түз өзү аткарышы мүмкүн, же аткарууга бирөөнү өкүл кылышы да мүмкүн. Себеби, бул да пикир жана тадбир шарттарына туура келет. Бирок, бул нерсе «халифа муавин аткарган иштен кабардар болгондуктан, халифанын ошол ишти бекер кылышы дурус эмес» деген маанини түшүндүрбөйт. Тескерисинче, мунун мааниси, муавин да өзүнө жүктөлгөн иштерде халифа ээ болгон укукка ээ, бирок, халифадан өз алдынча эмес, балким, анын орунбасары катары ошол укукка ээ дегени. Халифа муавин аткарган иштерге каршы чыгышы, ал аткарган иштерди бекер кылышы мүмкүн. Ал эми, бекер кылып жатканда, халифа өзү чектен чыкпашы керек болгон чегарадан өтпөшү ылазым. Эгер муавин кандайдыр бир өкүмдү өз ордуна коюп өтөгөн болуп, же кандайдыр бир каражатты орундуу жайга сарптаган болуп, халифа анын бул ишине каршы чыккан болсо, бул каршылык эч кандай мааниге ээ эмес. Тескерисинче, муавиндин иши күчүндө калып, халифанын пикири жана каршылыгы четке кагылат. Себеби, ошол иш негизи халифанын пикири болуп, халифанын мындай абалда өзүнүн мына ушул пикиринен кайтышы же аткарылып болгон нерсени бекер кылышы дурус эмес. Демек, ал муавиндин дал ушул ишин да бекер кылышы дурус эмес. Ал эми, муавин бирер валийди, амалдарды, кошуун командачысын жана ушуга окшогон кызматтарга бирөөнү дайындаган болсо, же бирер экономикалык саясатты, же аскерий планды, же болбосо өнөржай долбоорлорун же ушуга окшогон нерселерди иштеп чыккан болсо, халифа аларды бекер кылышы жайиз. Себеби, бул, мейли, халифанын пикири болсо да, мейли, бул ишти өзү кылган болсо да, бирок, бул иш халифанын өз пикиринен кайтышы жайиз болгон иштердин курамына кирет. Демек, мындай абалда ал муавиндин иштерин бекер кылышы жайиз. Бул жаатта мындай коида (эреже) бар: Өзү аткарган бардык иштерди кайра оңдоо халифага жайиз болгондуктан, ага муавиндин иштерин да кайра оңдоо жайиз.

Өзүнүн кайсы бир иштерин кайра оңдоо халифага жайиз болбосо, муавиндин да ошондой иштерин кайра оңдоо ага жайиз эмес.

Тафвид муавин, мисалы, таалим идарасы сыяктуу идарий жихаздан бирер идарага атайын дайындалбайт. Себеби, идарий иштер менен алектенүүчүлөр эмгек акы алып иштеген адамдар болуп, алар башкаруучу аким эмес. Тафвид муавин болсо аким болуп, эмгек акы алып иштей турган адам эмес. Анын иши эмгегине жараша акы ала турган иштердин катарына кирбейт.

Мына ушундан анын идарий иштер менен түздөн-түз алектенбеши келип чыгат. Бул болсо тафвид муавини идарий ишти кылуусуна тыюу салынганын түшүндүрбөйт. Тескерисинче, ал идарий иштерге атайын дайындалбашын, балким, аларды жалпы көзөмөлдөө укугуна ээ экендигин түшүндүрөт.

## Муавиндерди дайындоо жана иштен бошотуу

Муавин халифанын буйругу менен дайындалат жана иштен алынат. Халифа дүйнөдөн кайткан убакта болсо муавиндердин вакалаты бүтөт. Алар өз иштерин муваккат амирдин учурунда гана улантып турушат. Андан кийин өз иштерин улантуулары үчүн жаңы халифа тарабынан жаңыдан дайындалуулары керек болот. Муавиндиктен бошотуу үчүн өзүнчө чечим керек болбойт. Себеби, алардын вакалаты аларды өзүнө муавин кылып алган халифанын дүйнөдөн кайтышы менен аяктаган болот.

## <u>Үчүнчү</u>: Танфиз вазирлери

Танфиз вазири – халифа иштерди аткарууда (танфиз), күзөтүүдө жана өтөөдө өзүнө жардамчы кылып дайындаган вазир. Ал халифа менен мамлекет жихазынын, халифа менен жарандардын жана халифа менен чет өлкөлөрдүн ортосундагы ортомчу. Халифа тарабынан көрсөтүлгөн нерселерди аларга жеткирүү жана алардан болгон нерселерди халифага жеткирүү милдетин өтөйт. Демек, ал иштерди башкаруучу да эмес, иштерге дайындалган да эмес, балким, ал иштерди аткарууда бир жардамчы болуп саналат. Ошондуктан, анын иши идарий иштерден болуп, башкарууга кирбейт. Анын идарасы – ички жана тышкы жактарга тиешелүү болгон халифанын буйруктарын аткаруучу о.э. мына ошол жактардан халифага келе турган нерселерди ага жеткирип туруучу жихаз. Демек, бул идара халифа менен башкалардын ортосундагы ортомчу болуп, халифа тарабынан болгон нерселерди аларга жана алардан болгон нерселерди халифага жеткирүү милдетин өтөйт.

Танфиз вазири Расулулла ﷺ жана хулафаи рошидиндердин доорунда «катиб» (катчы) деп аталган. Андан соң кат же каттар диванынын ээси (башчысы), кийинчерээк болсо инша катчысы же инша диванынын ээси деп аталган. Кийин факихтер ага «танфиз вазири» деген наам беришкен.

Халифа – башкаруу (хукм), аткаруу (танфиз) жана адамдардын иштерин башкаруу (риоя) менен алектенген аким. Хукм, танфиз жана риояда болсо идарий иштерге муктаждык болот. Бул болсо өз кезегинде, Халифалыктын милдеттерин аткарууда зарыл болгон иштерди идара кылуу үчүн халифа менен бирге иш алып бара турган бир атайын жихазды жүзөгө келтирүүнү талап кылат. Ушул себептен улам, халифа тарабынан дайындалып, өкүм иштери менен эмес, балким, идарий иштер менен алектенген бир аткаруучу жардамчыны жүзөгө келтирүү зарыл болуп калат. Анын иши башкаруу жаатында эмес, идарий иштерде халифага жардам берүү. Анын тафвид муавинине окшоп кандайдыр бир башкаруу ишин кылууга укугу жок. Ошондуктан, ал валийди да, аамилди да дайындабайт жана адамдардын иштерин башкарбайт. Балким, анын иши халифа же тафвид муавини тарабынан чыгарылган өкүмдү жана идара иштерин аткаруу. Ошондуктан да, ал танфиз муавини (аткаруучу жардамчы) деп аталган. Факихтер сөздүктө «вазир» сөзү жардамчы маанисин түшүндүргөнүнө негизделип, аны танфиз вазири т.а. танфиз муавини деп аташкан. Алар мындай дешкен: Бул вазир халифа менен жарандардын жана валийлердин ортосундагы ортомчу болуп, халифанын буйруктарын, чыгарылган токтомдорду, өкүмдөрдү аткарат, валийлердин дайындалганы, кошуун жана коргоочулардын дайындалганы жөнүндө адамдарга кабар берип, халифага адамдардан келген нерселер жана жаңылыктар жөнүндө маалымат берип турат. Аларга карата халифанын буйругуна ылайык иш тутуу үчүн ушундай кылат. Демек, ал иштерди

башкаруучу да жана аларга дайындалган да эмес, балким, иштерди аткарууда жардамчы. Ал бүгүнкү күндөгү мамлекет президентинин администрация башчысына окшойт.

Ошондуктан да, танфиз муавин да тафвид муавинге окшоп, халифага түздөн-түз байланышкан. Ал халифанын жакын адамы болуп, анын иши халифага катуу байланышкандыктан, күндүзү болобу, түнү болобу, халифа менен жекече учурашып, ага кабар жеткирүүнү талап кылат. Бул болсо шарият өкүмдөрүнө ылайык, аял кишинин шартына туура келбей турган кызмат, ошондуктан, танфиз муавини эркек киши болот. О.э. танфиз муавини халифанын эң жакын адамы болгондуктан жана Алла Тааланын ушул сөзүнө ылайык, кафир болушу да мүмкүн эмес, балким, мусулман болушу керек:

﴿يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لاَ تَتَّخِذُوا بِطَانَةً مِنْ دُونِكُمْ لاَ يَأْلُونَكُمْ خَبَالًا وَدُّوا مَا عَنِتُّمْ قَدْ بَدَتِ الْبَغْضَاءُ مِنْ أَفْوَاهِهِمْ وَمَا تُخْفِي صُدُورُهُمْ أَكْبَرُ﴾

***«Эй, момундар, өзүңөрдөн башкаларды*** *(т.а. кайрыдиндерди)* ***сырдаш-дос тутпагыла! Алар силерге зыян жеткирүүдө күчтөрүн аяшпайт жана жаман абалга түшүшүңөрдү арзуу кылышат. Алардын силерди жаман көрүүлөрү ооздорунан ашкере болду. Дилдериндеги душмандыктары болсо андан да чоңураак».*** **[3:118]**

Халифаны кайрымусулмандарды өзүнө жакын адам кылып алуудан кайтаруу ушул аятта ачык көрүнүп турат. Ошондуктан, танфиз муавин кафир болушу мүмкүн эмес, балким, тафвид муавинге окшоп, халифага түздөн-түз байланышкандыктан жана андан ажыралбагандыктан, албетте, мусулман болушу керек. Танфиз муавин муктаждыкка карап о.э. халифа менен башкалар ортосундагы ортомчулук ишине карап, бирден көп болушу жайиз.

Танфиз муавиндин халифа менен башкалар ортосундагы ортомчулугу төмөнкү төрт иште көрүнөт:

1. Мамлекеттер аралык алакалар. Ага халифа түздөн-түз жетекчилик кылабы, же ага тышкы иштер менен алектенген бирер идараны дайындайбы, айырмасы жок.
2. Кошуун же армия.
3. Мамлекеттин кошуундан башка жихаздары.
4. Жарандар менен боло турган алакалар.

Танфиз муавин аткара турган иштеринин вакиъи мына ушулар. Ал халифа менен башкалардын ортосунда ортомчу болгондуктан, демек, ал халифадан жеткирүүчү жана халифага жеткирүүчү жихаз. Ошону менен бирге, ал мамлекет жихазынын күзөтүү талап кылган иштерин көзөмөлдөйт.

Халифа – аракеттеги аким. Ал башкаруу, аткаруу жана адамдардын иштерин башкаруу (риоя) менен түздөн-түз өзү алектенет. Ошондуктан,

ал башкаруу жихазы, ал Үммөт жана мамлекеттер аралык алакалар жаатында туруктуу байланышып, өкүмдөрдү чыгарат, чечимдерди кабыл алат, жарандарды башкаруу иштери менен алектенет. Башкаруу жихазынын иштери менен, ал туш келип жаткан проблемалар жана ага зарыл болгон нерселер менен жакындан таанышып барат. Ушуну менен бирге, Үммөттүн талаптары, арыздары жана маселелери ага жеткирилет, ал мамлекет иштерин үзгүлтүксүз көзөмөлдөйт. Ошондуктан, мындай иштердин акыйкатынан (вакиъ) танфиз муавиндин аларга ортомчу болушунун зарылдыгы келип чыгат. Ал бул иштерди халифадан башкаларга, башкалардан халифага жеткирип турат. Халифа тарабынан мамлекет жихазына карата чыгарылган буйруктардын жана жихаздан халифага келе турган нерселердин аткарылышын көзөмөлдөө зарыл. Ошондуктан, бул көзөмөлдөө милдети танфиз муавиндин жоопкерчилигине жүктөлөт. Аткаруу толук аягына жетиши үчүн ушундай кылынат. Демек, ал халифаны да, мамлекет жихазын да көзөмөлдөйт. Халифа андан көзөмөлдөөнү токтотууну талап кылмайынча, көзөмөлдөөнү уланта берет. Халифа талап кылса, анын буйругуна моюн сунуп, көзөмөлдөөнү токтотушу керек. Себеби, халифа аким жана анын буйругу аткарылат.

Эми кошуунга жана мамлекеттер аралык алакаларга тиешелүү иштерге келсек, булар жашыруун иштер болуп, халифага гана тиешелүү иштер эсептелет. Ошондуктан, танфиз муавин бул иштерди жана алардын аткарылышын көзөмөлдөбөйт. Эгер халифа ал иштердин кайсы бир нерсесин гана көзөмөлдөөнү талап кылса, ошол бөлүгүн гана көзөмөлдөйт. Андан башкасын көзөмөлдөбөйт.

Жарандарды башкаруу, анын талаптарын аткаруу, аны адилетсиздиктерден чыгаруу жагынан боло турган алакаларга келсек, мындай иштер халифа жана анын бул жааттагы орун басарынын иши болуп, танфиз муавиндин иши эмес. Ал бул иштерди халифа талап кылса гана көзөмөлдөйт. Демек, бул иштерде анын аткара турган иши көзөмөлдөө эмес, өтөө. Булардын бардыгы халифа аткара турган иштердин, арийне, танфиз муавин аткара турган иштердин вакиъине карай ушундай болот.

Расулулла ﷺ жана хулафаи рошидиндердин доорундагы танфиз муавиндердин (ал кезде алар катчы деп аталчу) иштеринен мисалдар:

**1. Мамлекеттер аралык алакалар** жана аларга тиешелүү мисалдар:

- Худайбия сулху. Бул жөнүндө Бухарий Мисвар жана Марвандан мындай риваят кылат:

«فَدَعَا النَبِيُّ ﷺ الْكَاتِبَ...»

**«Ошондо Расулулла ﷺ катчыны чакырды...».** Абу Юсуф да «Хирож» китебинде бул жөнүндө мындай риваят кылган:

«وَحدَّثَنِي مُحَمَّدُ بْنُ اِسْحَاقَ وَالْكَلْبِيُّ، زَادَ بَعْضُهُمْ عَلَى بَعْضٍ فِي الْحَدِيثِ، وَفِيهِ وَقَالَ <u>اكْتُبُوا</u>...»

**«Мага Мухаммад ибн Исхак менен Калбий хадис риваят кылган. Анда кээ бир ровийлер кээ биринен ашырып айтышкан. Анда мындай делет** (Пайгамбарыбыз ﷺ)**: «<u>Жазгыла</u>» деди».** Бул риваятта катчыларга карата жазгыла деп айтылды, ал эми катчынын аты айтылбады. Бул хадисти Ибн Касир минтип риваят кылган:

«قَالَ بْنُ اِسْحَاقَ قَالَ الزُّهْرِيُّ... ثُمَّ دَعَا رَسُوْلُ اللَّهِ ﷺ عَلِيَّ بْنَ أَبِي طَالِبٍ ﵁ فَقَالَ <u>اكْتُبْ</u>...»

**«Ибн Исхак мындай дейт: Зухрий айтат... Кийин Расулулла ﷺ Али ибн Абу Талиб ﵁ну чакырып, <u>жаз</u> деди...».** Абу Убайд ал жөнүндө «Амвал» китебинде Ибн Аббастан мындай риваят кылат:

«... فَقَالَ لِعَلِيٍّ: اُكْتُبْ يَا عَلِيُّ...»

**«...Ошондо ага «жаз, эй Али» деди».** Хаким да ал жөнүндө Ибн Аббастан риваят кылып, бул риваятты Захабий сахих деп эсептеп, ага кошулган. Риваятта:

«... اُكْتُبْ يَا عَلِيُّ...»

**«...жаз, эй Али...»** делген. Ошол сулхтун тексти кеңири белгилүү болгондуктан, аны айтып өтүүнү ылазым таппадык.

- Расулулла ﷺ Хираклга (Ираклий) жазган катты ибн Мажадан башка бардык мухаддистер жамааты риваят кылган. Бухарийде бул каттын сөздөрү ибн Аббастан, ал болсо Абу Суфяндан мындай лафзда келет:

«بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ، مِنْ مُحَمَّدٍ عَبْدِ اللَّهِ وَرَسُولِهِ إِلَى هِرَقْلَ عَظِيمِ الرُّومِ، سَلاَمٌ عَلَى مَنِ اتَّبَعَ الْهُدَى، أَمَّا بَعْدُ، فَإِنِّي أَدْعُوكَ بِدِعَايَةِ الإِسْلاَمِ، أَسْلِمْ تَسْلَمْ يُؤْتِكَ اللَّهُ أَجْرَكَ مَرَّتَيْنِ، فَإِنْ تَوَلَّيْتَ فَعَلَيْكَ إِثْمُ الأَرِيسِيِّينَ، وَ يَا أَهْلَ الْكِتَابِ تَعَالَوْا إِلَى كَلِمَةٍ سَوَاءٍ بَيْنَنَا وَبَيْنَكُمْ، أَلاَّ نَعْبُدَ إِلاَّ اللَّهَ, وَلاَ نُشْرِكَ بِهِ شَيْئًا، وَلاَ يَتَّخِذَ بَعْضُنَا بَعْضًا أَرْبَابًا مِنْ دُونِ اللَّهِ، فَإِنْ تَوَلَّوْا فَقُولُوا اشْهَدُوا بِأَنَّا مُسْلِمُونَ»

**«Мээримдүү жана Ырайымдуу Алланын наамы менен. Алланын пендеси жана расулу Мухаммаддан Рум падышасы Хираклга. Хидаятка ээрчигендерге салам. Амма баъд. Мен сени Ислам даъваты менен чакырамын. Исламга кир, саламат болосуң, Алла ажырыңды эки эсе кылып берет. Баш тартсаң,**

**бардык арисийлердин күнөөсү сага болот. Эй ахли китеп, бизге да, силерге да бирдей болгон бир сөзгө келгиле – Жалгыз Аллага гана ибадат кылалы. Ага эч нерсени шерик кылбайлы жана Алланы коюп бири-бирибизди кудай кылып албайлы. Эгер алар** (т.а. ахли китептер, ушул даъваттан) **баш тартышса, анда силер** (эй момундар): **«Күбө болгула, биз мусулмандар – Жалгыз Аллага моюн сунуучуларбыз» деп айткыла!».**

- Хираклдын Расулулла ﷺга жазган жооп каты. Абу Убайд «Амвал» китебинде Бакр ибн Абдулла Музанийден минтип чыгарган: «...жана ал (т.а. Хиракл) Расулулла ﷺга «мен өзү мусулманмын» деп кат жазып, динарлар берип элчи жөнөттү. Расулулла ﷺ катты окуп туруп:

«كَذِبَ عَدُوُّ اللَّهِ لَيْسَ بِمُسْلِمٍ، وَلَكِنَّهُ عَلَى النَّصْرَانِيَّةِ»

**«Алланын душманы жалган айтыптыр, ал мусулман эмес, балким, насроний дининде», -** деди. Хафиз «Фатх» китебинде: Бакр риваят кылган мурсал хадистен сахих санад менен риваят кылынган, - деген.

- Манбаж калкынын Умарга жазган каты жана Умардын ага жообу. Абу Юсуф «Хирож» китебинде минтип чыгарган: «Бизге Абдулмалик ибн Журайж Амр ибн Шуайбдан мындай икая кылат, Манбаж калкы – алар биз менен согуш абалында болгон деңиздин аркы бетиндеги коом эле – Умар ибн Хаттаб رضي الله عنهга: «Бизге тийбегиле, биз өлкөңөргө соодагер болуп кирели, силер бизден үшүр (ушр) алгыла», - деп кат жазышат. Ошондо Умар Расулулла ﷺдын сахабалары менен кеңешип, алар бул ишти макулдашат. Алар үшүр алынган ахли харбдын биринчиси болушту».

**2. Кошуун же армия** жана аны менен болгон кат алышуулардан үлгүлөр:

- Абу Бакрдын Холидге аны Шамга жүрүш жасоого буйруп жазган каты. Абу Юсуф «Хирож» китебинде минтип чыгарган: «Холид Хираны өзү жашаган дияр кылууну каалачу, ага Абу Бакрдын Абу Убайда менен мусулмандарга жардам берүү үчүн Шамга жүрүшкө буйрук берген каты келип калды...».
- Шамдагы кошуундардын Умардан жардам суроолору жана Умардын аларга жазган каты. Ахмад ровийлери сахих кишилер болгон санад менен о.э. Абу Хатам ибн Хиббан да Саммактан сахих санад менен риваят кылат: Мен Ияз Ашъарийдин мындай дегенин укканмын: «Мен Ярмук согушунун күбөсү болдум. Бизге беш амир башчы эле. Алар: Абу Убайда ибн Жаррох, Язид ибн Абу Суфян, ибн Хасана, Холид ибн Валид жана Ияздар болчу. Бул Ияз Саммак айткан киши эмес – Ал сөзүн улантып – Кийин Умар: «Эгер согуш башталса, силерге Абу Убайда башчы болот», - деди. Кийин Умарга бизге өлүм коркунуч туудуруп жатат деп андан жардам сурап кат жаздык. Ошондо Умар бизге мындай деп кат

жазды: «Мага жардам сурап жазган катыңар жетип келди. Мен силерге жеңиш менен азиз кылуучу жана аскерлерди даярдоочу Алла Азза ва Жалладан жардам суроону сунуш кыламын. Эми, Андан жардам сурагыла. Анткени, Мухаммад ﷺ Бадр согушунда даярдык жана сан жагынан силерден аз болгон аскерлер менен жеңишке жетишкен. Ушул кат силерге жетип барса, аларга каршы согушкула жана мага кайра кайрылбагыла». Ияз сөзүн улантат: Ошондо биз аларга каршы согушуп, аларды жеңдик. Аларды төрт фарсахка чейин кууп бардык…».

- Шам кошууну Умар ибн Хаттабга мындай кат жөнөткөн: «Биз душманга жолукканыбызда куралдарын жибек менен ороп алышканын көрүп, жүрөгүбүздө коркууну сездик». Умар аларга мындай деп кат жазат: «Алар куралдарын кантип ороп алышкан болсо, силер да куралдарыңарды ошентип ороп алгыла». Муну Ибн Таймия «Фатава» китебинде айтып өткөн.

**3. Мамлекеттин кошуундан башка жихазы** жана алардын өз ара кат алышуулары:

- Расулулла ﷺдын Муазга ушр жөнүндө жазган каты. Яхя ибн Адам «Хирож» китебинде Хакамдан риваят кылат, Расулулла ﷺ Яманга Муаз ибн Жабалга минтип кат жазган:

«فِيْمَا سَقَتِ السَّمَاءُ أَوْ سُقِيَ غَيْلاً اَلْعُشْرُ، وَمَا سُقِيَ بِالْغَرْبِ فَنِصْفُ الْعُشْرِ»

**«Асман** (жамгыр) **сугарган же арык суусунда сугарылган жерлерден ушр, чакалап сугарылган жерлерден ушрдун жарымы алынсын».** Шаъбийден да дал ушундай риваят кылынат.

- Расулулла ﷺдын Мунзир ибн Савийге жазган жизя жөнүндөгү каты. Абу Юсуф «Хирож» китебинде Абу Убайдадан мындай риваят кылат: Расулулла ﷺ Мунзир ибн Савийге минтип кат жазган:

«أَنَّ مَنْ صَلَّى صَلاتَنَا، وَاسْتَقْبَلَ قِبْلَتَنَا، وَأَكَلَ ذَبِيحَتَنَا، فَذَلِكَ الْمُسْلِمُ، لَهُ ذِمَّةُ اللَّهِ وَذِمَّةُ رَسُوْلِهِ، فَمَنْ أَحَبَّ ذَلِكَ مِنَ الْمَجُوسِ فَهُوَ آمِنٌ، وَمَنْ أَبَى فَعَلَيْهِ الْجِزْيَةُ»

**«Ким биздин намазыбызды окуса, кыбылабызга жүздөнсө жана сойгон нерселерибизден жесе, демек, ал мусулман. Ал Алланын жана расулунун коргоосунда. Мажусийлерден ким ушуга ыраазы болсо, демек, ага амандык берилет. Ким мындан баш тартса, ага жизя салынат».**

- Абу Бакрдын Анасты Бахрейнге жөнөтүп жатып зекеттин фарздыгы жөнүндөгү жазган каты. Бухарий Анастан чыгарган: «Абу Бакр ؓ ага Алла жана Расулу ﷺ буюрган зекеттин фарздыгын жазат...».

- Умардын ачарчылык жылында Амр ибн Ааска жазган каты жана Амрдын ага жообу. Аны ибн Хузайма өзүнүн «Сахих»инде риваят кылган, Хаким аны Муслим шартына ылайык сахих деген о.э. Байхакий «Сунан» китебинде, ибн Саъд «Тобакот» китебинде ибн Асламдан, ал болсо,

атасынан риваят кылат: «Ачарчылык жылы жана араб өлкөлөрү кургакчылыкка учураган жылы Умар ибн Хаттаб Амр ибн Ааска кат жазат: «Алланын пендесинен, момундардын амиринен Амр ибн Ааска. Жаныма ант болсун, сен жана сен тараптагылар семирип, мен жана мен тараптагылар болсо азып-арыктап кетсе, сен көңүл бурбай жатасың, жардам бергин». Амр минтип жооп жазат: «Ассаламу алайка. Амма баъд. Лаббайка ( т.а. буйругуңузга даярмын). Сизге башы сиз тарапта, аягы мен тарапта болгон кербен барат. Ошону менен бирге, мен деңиз аркылуу жүк жиберүү үчүн жол табууга үмүттөнөмүн».

- Абу Бакрдын уулу Мухаммаддын муртаддар маселеси боюнча Алиге жазган каты жана Алинин жооп каты. Ибн Абу Шайба Комус ибн Мухориктен, ал болсо атасынан мындай риваят кылган: «Али Абу Бакрдын уулу Мухаммадды Мисирге амир кылып жөнөтөт. Мухаммад Алиден Мисирдеги кафирлер жөнүндө сурап, кат жазган. Кафирлердин арасында күнгө, айга ибадат кылуучулар, дагы башка нерселерге ибадат кылуучулар жана мусулманбыз деп дааба кылгандар бар болчу. Али ага кат жазып, кафирлердин "исламданбыз" деп жалган дааба кылгандарын өлтүрүүнү, калгандарын каалаган нерселерине ибадат кылууларына уруксат берүүнү буюрат».

**4. Түздөн-түз жарандарга жөнөтүлгөн каттардан үлгүлөр:**

- Расулулла ﷺдын Нажрон калкына жазган каты. Аны Абу Давуд Саддийден, ал ибн Аббастан риваят кылган. Мунзирий «Саддийдин ибн Аббастан укканы туурасында мулахаза бар» деген. Аны Абу Убайд «Амвал» китебинде Абул Малих Хузалийден риваят кылып, риваяттын акырында:

«شَهِدَ بِذَلِكَ عُثْمانُ بْنُ عَفّانَ وَمُعَيْقِبُ، وَكَتَبَ»

**«Буга Усман ибн Аффан менен Муайкиб күбө болду жана кат жазды»**, - деген. Бул риваятты «Хирож» китебинде Абу Юсуф келтирип, катты жазган адам Мугийра ибн Шуъба болгондугун айтып өткөн. Кийин Абу Юсуф Абу Бакрдын аларга жазган катын жазган адам Мугийра экендигин, кийин Умардын катын жазган адам Муайкиб болгондугун, кийин Усмандын аларга жазган катын жазган адам анын мавласы (азат кылган кулу) Хумрон болгонун, кийин Алинин катын жазган адам Абдулла ибн Абу Рофиъ болгондугун айткан.

- Расулулла ﷺдын Тамийм Дарийге жазган каты. «Хирож» китебинде Абу Юсуф мындай деген:

«قامَ تَمِيْمُ الدَّارِيُّ وَهُوَ تَمِيْمُ بْنُ أَوْسٍ – رَجُلٌ مِنْ لَخْمٍ – فَقَالَ يا رَسُولَ اللَّهِ، إِنَّ لِي جِيرَةً مِنَ الرُّومِ بِفِلِسْطِينَ، لَهُمْ قَرْيَةٌ يُقَالُ لَهَا حِبْرَى، وَأُخْرَى يُقَالُ لَهَا عَيْنُونَ، وَإِنْ فَتَحَ اللَّهُ عَلَيْكَ الشّامَ فَهَبْهُمَا لِي، فَقَالَ: هُمَا لَكَ، قَالَ: فَاكْتُبْ لِي بِذَلِكَ، فَكَتَبَ لَهُ: بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَنِ

الرَّحِيمِ، هَذَا كِتَابٌ مِنْ مُحَمَّدٍ رَسُولِ اللَّهِ لِتَمِيمِ بْنِ أَوْسٍ الدَّارِيِّ، أَنَّ لَهُ قَرْيَةَ حِبْرَى وَبَيْتَ عَيْنُونَ قَرْيَتُهَا كُلُّهَا، وَسَهْلُهَا وَجَبَلُهَا وَمَاؤُهَا وَحَرْثُهَا وَأَنْبَاطُهَا وَبَقَرُهَا وَلِعَقِبِهِ مِنْ بَعْدِهِ، لايُحَاقُّهُ فِيهَا أَحَدٌ، وَلا يُلْحِدُ عَلَيْهِمْ أَحَدٌ بِظُلْمٍ، فَمَنْ ظَلَمَ وَأَخَذَ مِنْهُمْ شَيْئاً فَإِنَّ عَلَيْهِ لَعْنَةَ اللَّهِ وَالْمَلائِكَةِ وَالنَّاسِ أَجْمَعِينَ. وَكَتَبَ عَلِيٌّ»

**«Тамийм Дарий Тамийм ибн Авс – ал лахмдык бир киши эле – мындай деди: «Я Расулулла, мени Палестинадагы румдуктарга коңшучулугум бар. Алардын Хубро деген айылы бар. Дагы бир айылды Айнун деп аташат. Эгер Алла сизге Шамды фатх кылып берсе, ушул эки айылды мага хадя кылыңыз». Расулулла «Эки айыл сага» деди. Ал «муну мага кат катары жазып бериңиз» деди. Ошондо Расулулла мындай деп жазып берди: «Мээримдүү жана Ырайымдуу Алланын наамы менен. Бул кат Алланын Расулу Мухаммаддан Тамийм ибн Авс Дарийге. Хубро айылы, Айнундагы үй о.э. анын тегиздиктеги жерлери, тоосу, суусу, эгини, өсүмдүктөрү, кара малдары, ушул Тамийм жана анын кийинки урпактарына тийиштүү. Ал жерди эч кимдин ороп алууга акысы жок жана буларга эч ким зулум өткөрбөсүн. Ким зулум кылып, алардын бирер нерсесин тартып алса, ага Алланын, периштелердин жана бардык адамдардын наалаты болсун». Катты Али жазды».** Кийин Абу Бакр халифа болгондо, аларга төмөнкү катты жазып берди: «Мээримдүү жана Ырайымдуу Алланын наамы менен. Бул кат жер жүзүндө Расулулла ﷺга халифа болуп калган Абу Бакрдан Дарийлердин урпактарына. Алардын кол астындагы Хубро жана Айнун айылдары зыян көрбөсүн. Ким кулак салып, Аллага моюн сунса, ал эки айылдын эч нерсесине зыян жеткирбесин. Эки айылга эки дарбаза орнотуп, бузукулук таркатуучу кимселерден коргосун».

Халифа өзүнүн жазуу иштерине катчыларды канча керек болсо, ошончо дайындоого акысы бар. Ал тургай, эгер важиб амалы аларды дайындоо менен гана ишке аша турган болсо, дайындоо важибдик даражасына жетет. Сийрат ээлеринин айтышынча, Расулулла ﷺдын жыйырманын тегерегиндеги катчылары болгон. Бухарий өзүнүн «Сахих»инде риваят кылат, Расулулла ﷺ яхудийлердин жазган каттарын ал кишиге окуп берүүсү үчүн Зайд ибн Сабитке жөөттөрдүн жазуусун үйрөнүүнү буюрат. Зайд аны он беш күндө үйрөнүп алат. Ибн Исхак Абдулла ибн Зубайрдан риваят кылып айтат:

«أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ اِسْتَكْتَبَ عَبْدَ اللَّهِ ابْنَ الأَرْقَمِ بْنِ عَبْدِ يَغُوْثَ، وَكَانَ يُجِيبُ عَنْهُ الْمُلُوكَ...»

**«Расулулла ﷺ Абдулла ибн Аркам ибн Абди Ягустан кат жазууну сурады. Ал Пайгамбарыбыздын наамынан падышаларга жооп кат жазар эле...».** Байхакий Абдулла ибн Умар ؓдан риваят кылып мындай деген:

«أَتَى النَّبِيَّ ﷺ كِتَابُ رَجُلٍ، فَقَالَ لِعَبْدِ اللَّهِ بْنِ الأَرْقَمِ: أَجِبْ عَنِّي، فَكَتَبَ جَوَابَهُ، ثُمَّ قَرَأَهُ عَلَيْهِ فَقَالَ: أَصَبْتَ وَأَحْسَنْتَ اَللَّهُمَّ وَفِّقْهُ»

**«Набий ﷺга бир кишиден кат келди. Пайгамбарыбыз Абдулла ибн Аркамга: «Менин атымдан ага жооп кат жаз», - деди. Ал жооп кат жазып, Пайгамбарыбызга окуп берди. Пайгамбарыбыз: «Абдан туура жана көркөм жазыптырсың. Аллахым, аны жакшылыкка жетиштиргин», - деди».** Мухаммад ибн Саъд Али ибн Мухаммад Мадаинийден санаддары менен риваят кылып, Мухаммад ибн Масламанын Расулулла ﷺдын буйругу менен Мурра уруусунун өкүлдөрүнө кат жазгандыгын айтат. Али ибн Абу Талиб Пайгамбарыбыз ахднама түзсө, ошол ахднамаларды, сулх түзсө, ошол сулх бүтүмдөрүн жазар эле. Муайкиб ибн Абу Фатимада болсо Пайгамбарыбыздын мөөрү бар шакек турчу. Бухарий «Тарых»та Мухаммад ибн Башшардан, ал болсо чоң атасы Муайкибден ушул риваятты чыгарган:

«كَانَ خَاتَمُ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ مِنْ حَدِيدٍ مُلَوَّنٌ عَلَيْهِ فِضَّةٌ كَانَ بِيَدِي. وَكَانَ الْمُعَيْقِيبُ عَلَى خَاتَمِ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ»

**«Расулулла ﷺдын шакеги темирден болуп, үстүнө күмүш капталган эле. Ал менин колумда турчу».**

## Төртүнчү: Валийлер

Валий – бул халифа тарабынан Халифалык мамлекетинин вилаяттарынын бирине аким жана амир болуп дайындалган адам.

Мамлекет өкүмдарлык кылган жерлер бир канча аймактык бирдиктерге бөлүнөт. Ар бир аймактык бирдик «вилаят» деп аталат. Ар бир вилаяттын өзү дагы башка аймактык бирдиктерге бөлүнүп, алар «амаала» деп айтылат. Вилаятты башкарган адам валий же амир, амааланы башкарган адам болсо аамил же аким деп аталат.

Амаала да өз кезегинде бир нече идарий бирдиктерге бөлүнүп, алардын ар бири «кособа» деп аталат. Кособа да кичинерээк идарий бирдиктерге бөлүнүп, алар «хай» деп аталат. Кособанын башчысы мүдүр деп аталат. Хайдын башчысы да мүдүр делет. Анткени, анын милдети да идарага тиешелүү.

Валийлер аким болуп эсептелет. Анткени, бул жердеги валийлик акимдик маанисинде келген. «Ал-Комус ал-Мухит»те «бул сөз амирлик жана салтанат маанилерин түшүндүрөт» делген. Валийлик да акимдик болгондуктан, аким болуу үчүн кандай шарттар табылышы керек болсо, валий болуш үчүн да ошондой шарттар табылышы керек. Т.а. валий эркек, эркин, мусулман, балагатка жеткен, акылы толук, адилеттүү жана жөндөмдүү болушу шарт. Валийди халифа же анын ушул тармактагы өкүлү дайындайт. Себеби, валий халифа тарабынан гана дайындалат. Валийликке же амирликке адам дайындоо Пайгамбар ﷺдын иштеринен болгон. Риваяттарда келишинче, Пайгамбар ﷺ вилаяттарга валийлерди дайындап, аларга белгилүү бир аймактык бирдикти башкаруу укугун берген. Мисалы, Муаз ибн Жабалды Жанадга, Зияд ибн Лабидди Хазрамавтка, Абу Муса Ашъарийди Забид менен Аданга валий кылган.

Пайгамбар ﷺ валийликке өкүм жүргүзүүгө жөндөмдүү, илимдүү, таквалыгы менен таанылган, өз ишин тыкан аткарган, жаран жүрөгүнө ыйманды, мамлекетке болгон сүйүүнү сиңдире турган адамдарды тандачу. Сулайман ибн Бурайда атасынан риваят кылып мындай дейт:

«كَانَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ إِذَا أَمَّرَ أَمِيرًا عَلَى جَيْشٍ أَوْ سَرِيَّةٍ أَوْصَاهُ فِي خَاصَّتِهِ بِتَقْوَى اللَّهِ. وَمَنْ مَعَهُ مِنَ الْمُسْلِمِينَ خَيْرًا»

**«Пайгамбар ﷺ бирер кошуунга амир дайындаса, ага Алладан коркуу, аны менен бирге бара жаткан мусулмандарга жакшылык кылуу жөнүндө көрсөтмө берер эле».** (Муслим риваяты). Валий да өз вилаятынын амири болуп саналат. Ушуга ылайык, бул хадис ага да тиешелүү.

Валийликтен бошотуу халифанын пикирине о.э. вилаят калкынын же вилаяттын калк өкүлдөрүнүн валийге болгон наразычылыктарына жана аны жактырбоолоруна карай болот. Ошондуктан, вилаят калкынан

вилаят кеңешине өкүлдөр шайланышын эки максатка ылайык табанний кылабыз. Максаттардын бири валийге өз вилаятынын акыйкатын түшүнүүдө жардам берүү. Анткени, вилаяттагы абалды вилаят калкынын өзү жакшыраак билет. Ошондуктан, валий туура иш алып барышы үчүн алардын маалыматтарынан пайдаланат. Экинчиси, керек болгондо валийдин кандай өкүм жүргүзүп жаткандыгы жөнүндө Кеңештин пикирин алуу. Эгер Кеңеш мүчөлөрүнүн көпчүлүгү валий үстүнөн арызданышса, халифа аны иштен бошотот. Себеби, Пайгамбар ﷺ Бахрейнге аамил болуп дайындалган Алаа ибн Хазрамийди Абду Койстун өкүлдөрү анын үстүнөн арызданышкандыктары себептүү иштен бошоткон. Халифа валийди эч бир себепсиз иштен бошотушу мүмкүн. Пайгамбар ﷺ Муаз ибн Жабалды Яман акимдигинен эч бир себепсиз бошоткон. Умар ибн Хаттаб валийлерди себепсиз да, себеп менен да бошоткон. Мисалы, Зияд ибн Абу Суфянды иштен алып, себебин көрсөтпөгөн. Саъд ибн Абу Ваккосту болсо адамдардын арыздары себептүү бошотуп: «Мен аны ишти эптей албаганы же кыянаты үчүн бошотконум жок», - деген. Ушулардан халифа каалаган убагында валийди иштен бошото алышы көрүнүп турат. Вилаят калкынан арыз түшкөн убакта болсо, аны иштен бошотуу халифага важиб болот.

Алгачкы кылымдарда валийлик эки бөлүккө: намаз валийлиги (вилаятус-сола) жана хирож валийлигине (вилаятуль-хорож) бөлүнгөн. Ошондуктан, тарых китептеринде эки түрдүү сөз: намазга амирлик (имарату алас-сола) о.э. намаз менен хирожго амирлик (имарату алас-сола валь-хорож) деген сөздөр кездешет. Т.а. амир же намаз менен хирожго, же намаздын өзүнө, же хирождун өзүнө амир болгон. Намазга валийлик же амирлик кылуу адамдардын намаздарына имамдык кылып берүү маанисин гана түшүндүрбөйт. Анын мааниси каржыдан (малия) башка бардык иштерди башкаруу болуп саналат. Намаз (солат) сөзү каражат жыюудан башка бардык башкаруу иштерин түшүндүргөн. Эгер валий намазга да, хирожго да валийлик кылса, анын валийлиги умумий т.а. чектелбеген валийлик эсептелген. Эгер намаз же хирождун өзүнө гана валийлик кылса, анын валийлиги хусусий т.а. чектелген валийлик болгон. Бул иштер халифанын раъйына карап болот. Ал валийди хирождун өзүнө чектеши да, казылыктын өзүнө чектеши да, малия, казылык жана кошуундан башка иштерге чектеши да мүмкүн. Мамлекет же вилаят идарасы үчүн кайсы жолду макул деп билсе, ошону кылат. Себеби, шарият валий үчүн белгилүү бир милдетти белгилебеген. Бийликке тийиштүү бардык иштер анын колунда болушу шарт эмес. Валий же амирдин иши өкмөт жана салтанат экендиги, анын өзү халифага орун басар экендиги гана белгиленген. Пайгамбар ﷺ ушундай кылган. Ал зат валийди чектөө же чектебөөнү халифанын ыктыярына койгон. Мындай абалды Пайгамбар ﷺдын иштеринен көрөбүз. Ал зат умумий т.а. чектелбеген валий кылып да, хусусий т.а. чектелген валий

кылып да дайындаган. Амр ибн Хазмды Яманга умумий валий кылып, Али ибн Абу Талибди болсо казылыкка гана валий кылып дайындаган. Ибн Хишамдын сийратында келишинче, Пайгамбар ﷺ Фарва ибн Мусайкты Мурад, Забид жана Мазхаж урууларына валий кылып, аны менен бирге Холид ибн Саид ибн Аасты зекетке валий кылып жөнөткөн. Дагы варид болушунча, Пайгамбар ﷺ Зияд ибн Лабид Ансарийди Хазрамавтка да, анын зекеттерине да валий кылып жиберген. Али ибн Абу Талибди Нажронго зекет менен жизяларды жыйып келүүгө жөнөткөн. Дагы аны Яманга казы кылып жиберген (Хаким ушундай деген). «Истийоб»до келишинче, Пайгамбар ﷺ Муаз ибн Жабалды Жанаддагы адамдарга Куран жана Ислам шариятын үйрөтүү, аларга казылык кылуу үчүн жиберип, Ямандагы аамилдерден зекет жыюуну ага тапшырган.

Халифа валийдин укуктарын чектөө же чектебөө укугуна ээ болсо да т.а. аны умумий же хусусий валий кылып дайындаса да, бирок, Аббасий халифалардын дооруна келип, мамлекет күчсүздөнүп, умумий валийлик вилаяттардын өз алдынча болуп алышына мүмкүнчүлүк жаратып берген. Абал ушундай бир даражага жеткен дейсиң, халифанын – ага дуба кылуудан жана анын наамы менен теңге басып чыгаруудан башка – өкүмдарлыгы калбады. Кыскасы, умумий валийликти берүү Ислам мамлекетине зыян алып келди.

<u>Валийдин умумий же хусусий болушу жайиздигинен о.э. умумий валийликтин мамлекет үчүн зыяндуу жана кооптуу болушу мүмкүндүгүнөн келип чыгып, биз – вакиъни үйрөнүп чыгуу натыйжасы валийдин халифадан эгемендүү болуу жаатындагы таквасы алсыздашканын көрсөткөн учурда – аны хусусий кылууну т.а. кошуун, казылык жана малиядан башка иштерге чектөөнү табанний кылабыз. Бул үч иш болсо, Халифалык мамлекетинин башка жихаздары сыяктуу, валийден эркин көрүнүштө түздөн-түз халифага моюн сунат.</u>

Валий бир вилаяттан башка вилаятка көчүрүлбөйт. Бир вилаяттын валийлигинен бошотулуп, башка вилаяттын валийлигине дайындалат. Анткени, Пайгамбар ﷺ валийлерди жалаң гана бошоткон. Ал заттын валийди бир жерден башка жерге көчүргөнү жөнүндө эч кандай риваят жок. Ошону менен бирге, валийлик – ачык сөз менен түзүлө турган бүтүм. Аймак же шаарга валийлик кылуу бүтүмүндө валийлик кылына турган жер анык көрсөтүп берилет жана халифа тарабынан бошотулганга чейин валийдин ошол аймакта өкүм жүргүзүү укугу сакталып турат. Тээ иштен алынганга чейин валий эсептеле берет. Ошондуктан, башка жерге көчүрүлсө, ушул көчүрүү себептүү мурунку жеринен бошотулуп, көчүрүлгөн жерине валий болуп дайындалган болбойт. Себеби, аны иштен алуу үчүн иштен алынганы жөнүндө ачык айтылышы керек. Башка жерге дайындалышы да дайындалгандыгы жөнүндө ачык айтылышын талап кылат. Ошондон келип чыгып, валий бир жерден башка жерге

көчүрүлбөйт. Балким, ал бир жерден бошотулуп, башка жерге дайындалат.

## Валийдин иштерин текшерип туруу – халифанын милдети

Халифа валийдин иштерин күзөтүшү, аны катуу көзөмөлдөшү, түздөн-түз же бирер орун басар аркылуу текшерип турушу керек. О.э. вилаяттар боюнча муавин да вилаяттардагы абалды күзөтүп, халифаны кабардар кылып турушу керек. Бул иш жогоруда айтып өткөнүбүздөй, тафвид муавиндин иши сыяктуу тадбир менен болот. Мына ошондо халифа валийлердин абалынан, иштеринен кабардар болот. Ал кез-кезде валийлердин баарын же бир бөлүгүн бир жерге топтоп, алардын үстүнөн түшкөн жарандар арыздарын көрүп чыгышы да керек.

Сабит болушунча, Набий ﷺ валийлерди валийликке дайындоодон мурун сынап көргөн. Мисалы, Муаз менен Абу Мусаны ушундай кылган. Ага кантип иш алып барууну көрсөтүп берген. Мисалы, Амр ибн Хазмга ушундай кылган. Аны айрым маанилүү иштерден эскерткен. Мисалы, Аббан ибн Саидди Бахрейнге валий кылып жиберип жатып, ага мындай деген:

«اِسْتَوْصِ بِعَبْدِ قَيْسٍ خَيْراً وَأَكْرِمْ سَراتِهِمْ»

**«Абду Кайска жакшы мамиле кыл жана улууларын урматта».** Пайгамбар ﷺдын валийлерди текшерип, алардан эсеп-китеп алып, алар жөнүндөгү кабарлардан кабардар болуп турушу да сабит болгон. Ал зат валийлерден чыгышалар жана кирешелер боюнча эсеп-кысап талап кылчу. Бухарий жана Муслим Абу Хамид Саидийден мындай риваят кылат:

«أَنَّ النَّبِيَّ ﷺ اسْتَعْمَلَ ابْنَ الُّتْبِيَّةِ عَلَى صَدَقَاتِ بَنِي سُلَيْمٍ، فَلَمَّا جَاءَ إِلَى رَسُولِ اللَّهِ ﷺ وَحَاسَبَهُ، قَالَ: هَذَا الَّذِي لَكُمْ، وَهَذِهِ هَدِيَّةٌ أُهْدِيَتْ لِي. فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ فَهَلاَّ جَلَسْتَ فِي بَيْتِ أَبِيكَ وَبَيْتِ أُمِّكَ حَتَّى تَأْتِيَكَ هَدِيَّتُكَ إِنْ كُنْتَ صَادِقًا...»

**«Пайгамбар ﷺ Ибн Лутбийяны Бану Сулаймдын зекеттерин жыйноого жиберди. Ал келгенден кийин, Пайгамбар ﷺ андан эсеп-кысап талап кылды. Ал: мына бул силер үчүн, мына мунусу мага хадя катары берилди, - деди. Ошондо Пайгамбар ﷺ: Эгер сөзүң ырас болсо, сен ата-энеңдин үйүндө отурганыңда да хадя келет беле? - деди...».** Айрыкча, Умар رضي الله عنه валийлерди абдан катуу текшерип турган. Ал валийлерди текшерип, аткарып жаткан иштеринен кабардар болуп туруу ишине Мухаммад ибн Масламаны дайындаган. Өзү хаж мезгилинде валийлерди топтоп, жасаган иштерин көрүп чыкчу, букаранын арыздарына кулак салчу, вилаят иштери туурасында кеңешип,

алардын абалдарынан кабардар болуп турчу. Риваяттарга караганда, Умар ﷺ бир күнү айланасындагыларга: «Эгер силерге өзүм жакшы деп билген адамды валий кылып дайындап, ага адилеттүүлүк кылууну буюрсам, үстүмдөгү милдетимди өтөгөм боломбу?» - деп сурады. Алар «ооба» деп жооп беришти. Ошондо ал: «Жок, тээ ал мен буюрган ишти аткарган же аткарбаганын аныктап билмейинче, өз милдетимди өтөгөн болбойм», - деди. Ал валийлерден абдан катуу эсеп алат эле. Ушунчалык катуу дейсиң, валийлерди катъий далил болбосо да, күмөндүн өзү менен да, ал тургай, абдан күчсүз шектенүү менен да иштен бошотчу. Бир күнү бул жөнүндө андан сурашканда: «Бир амирдин ордуна башка бир амирди алмаштыруу менен бир коомду оңдогонум жеңилирээк» деп жооп берген. Бирок, ал катуу туруу менен бирге алардын колдорун узун кылып койчу, бийликтеги айбаттарын сактап, аларга кулак салар эле, хужжаттарын угуп, хужжаттары канааттандырса, канааттандырганын жашырбастан аларды мактар эле. Бир күнү Химстин валийи Умайр ибн Саъд Химс минбарында туруп мындай деген экен: «Ырас, султан катуу турса, Ислам бекем тура берет. Султандын катуу турушу кылыч менен өлтүрүү, же камчы менен сабалоо эмес, акыйкат менен өкүм чыгаруу жана адилеттүүлүктү бекем кармоо менен болот». Бул кабарды уккан Умар ﷺ: «Кана эми, Умайр ибн Саъдга окшогон адам болсо жана аны мусулмандарга валий кылсам», - деген экен.

# Жихад

Жихад – Ислам өркөчүнүн туу чокусу. Ал Исламий даъватты чет өлкөгө алып чыгуунун негизги тарыйкаты. Исламий даъватты сыртка алып чыгуу болсо, Ислам мамлекетинин ичинде Исламды колдонгондон кийинки негизги иш.

Жихад – Алла жолунда Алланын сөзүн үстөм кылуу үчүн алып барыла турган согуш. Ал эми, согуш үчүн кошуун, даярдык, курал-жарак, офицерлер, аскерлер, машыгуу, колдоо, камсыздоо керек. Кошуун үчүн курал, курал үчүн өнөржай керек. Ушуга ылайык, өнөржай кошуун жана жихад үчүн зарыл эсептелет. Ошондуктан, мамлекеттеги бардык өндүрүш ишканалары аскерий өнөржай негизинде курулушу ылазым.

О.э. ички абалдын туруктуулугу кошуундун согуштагы бекемдигин күчөтөт. Ички абал туруксуз жана тынч болбосо, кошуун жихаддан чалгып, ички иштер менен алек болуп калат. Жихадга чыккан күндө да, артындагы ички тынчсыздык анын согуштагы кубатын солгундатат.

Мындан тышкары, тышкы алакалардын негизги огу – Исламий даъватты алып чыгуу.

Бул иштер үчүн төрт идара бар. Алар: кошуун, ички коопсуздук, өнөржай жана тышкы иштер. Ушулардын баарын бир идарага бириктирип, ага бир амирди дайындоого халифанын акысы бар. Анткени, алардын бардыгы жихадга тиешелүү идаралар.

О.э. бул идаралар өзүнчө бөлөк-бөлөк болушу да мүмкүн. Анда халифа ар бир идарага өзүнчө бир амир дайындайт. Кошуундун өз амири жана командачысы болот. Анткени, Пайгамбар ﷺ казаттарда кошуундарга өнөржайга алакасы болбогон амирлерди дайындачу. Өнөржайга болсо башка амир дайындар эле. О.э. ички коопсуздукка тиешелүү шурта, кайгуул күзөтчүлүк, уурулар жана каракчыларга каршы күрөшүү... сыяктуу идараларга да амир дайындалат. Мамлекеттер аралык мамилелер жаатында да ушундай десе болот. Расул ﷺдын падышалар жана акимдерге каттарды жибергени ушуга далалат кылат.

Бул идаралардын ар бирине бир жооптуу дайындап, аларды өзүнчө бөлөк-бөлөк кылуу төмөнкү далилдер менен далилденген:

## <u>Биринчи</u>: Кошуун

- Расул ﷺ Муъта согушунда Зайд ибн Харисаны, ал шейит болгондон кийин болсо башкаларды амир кылып дайындаган. Ибн Саъддын риваятында Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«أَمِيرُ النَّاسِ زَيْدُ ابْنُ حَارِثَةَ، فَإِنْ قُتِلَ فَجَعْفَرُ بْنُ أَبِي طَالِبٍ، فَإِنْ قُتِلَ فَعَبْدُ اللَّهِ بْنُ رَوَاحَةَ، فَإِنْ قُتِلَ فَلْيَرْتَضِ الْمُسْلِمُونَ بَيْنَهُمْ رَجُلاً فَيَجْعَلُوهُ عَلَيْهِمْ»

**«Адамдардын амири – Зайд ибн Хариса. Эгер ал өлтүрүлсө, Жаъфар ибн Абу Талиб. Ал да өлтүрүлсө, Абдулла ибн Раваха.**

**Ал да өлтүрүлсө, мусулмандар өз ара келишип, өздөрүнө бир кишини амир кылып алышсын».** Бухарий Абдулла ибн Умардан риваят кылат: «Пайгамбар ﷺ Муъта казатында Зайд ибн Харисаны амир кылып дайындады...». Бухарий Салама ибн Акваънын хадисинен риваят кылат: «Зайд менен бирге согуштум. Ал бизге амирлик кылган». Бухарий жана Муслим Абдулла ибн Умардан риваят кылат:

**«بَعَثَ النَّبِيُّ ﷺ بَعْثًا، وَأَمَّرَ عَلَيْهِمْ أُسَامَةَ بْنَ زَيْدٍ، فَطَعَنَ بَعْضُ النَّاسِ فِي إِمَارَتِهِ، فَقَالَ النَّبِيُّ ﷺ إِنْ تَطْعُنُوا فِي إِمَارَتِهِ فَقَدْ كُنْتُمْ تَطْعُنُونَ فِي إِمَارَةِ أَبِيهِ مِنْ قَبْلُ، وَأَيْمُ اللَّهِ إِنْ كَانَ لَخَلِيقًا لِلْإِمَارَةِ...»**

**«Набий ﷺ бир жолу адамдарды жиберип жатып, аларга Усама ибн Зайдды амир кылып дайындады. Айрым адамдар анын амир болушун сынга алышты. Ошондо Пайгамбар ﷺ: «Азыр анын амирлигин сындап жатасыңар, бир кездерде атасынын амир болгонун да сындаган элеңер. Аллага ант болсун, ал амирликке ылайыктуу адам болгон эле», - деди...».** Сахабалар Муъта кошуунун «амирлер кошууну» деп аташчу. Муслим Бурайдадан риваят кылат: «Пайгамбар ﷺ бирер кошуунга же сарийяга амир дайындаганда, ага көрсөтмөлөр берчү...».

- Абу Бакр муртаддарга каршы согушта жана Ярмук согушунда Холидди амир кылып дайындаган. Халифа аттуу ровий айтат: «Адамдарга амирлик кылуу Холидге тапшырылды. Ансарларга Сабит ибн Кайс ибн Шаммас амир болуп дайындалган болсо, Холид алардын бардыгына башкы амир болуп дайындалды». Абу Бакр Ярмук согушунда Шам кошуундарын Холидге топтоп берет. Ибн Жарир айтат: «Ага Иректан Шамга келишин жана ал жердегилерге амир болушун дайындап адам жиберди». Умар ؓ да Шам кошуундарын Абу Убайдага топтоп берген. Ибн Асакир айтат: «Ал Шамда биринчилерден болуп амирлердин амири деген наамды алды».

## <u>Экинчи</u>: Ички коопсуздук

Бухарий Анас ؓдан риваят кылат:

**«إِنَّ قَيْسَ بْنَ سَعْدٍ كَانَ يَكُونُ بَيْنَ يَدَيِ النَّبِيِّ ﷺ بِمَنْزِلَةِ صَاحِبِ الشُّرَطِ مِنَ الأَمِيرِ»**

**«Кайс ибн Саъд Набий ﷺдын алдында амир алдындагы башкы миршаб даражасында болгон».** Бул жерде Койс ибн Саъд ибн Убада Ансарий Хазражий назарда тутулуп жатат. Термизий риваят кылат:

**«كَانَ قَيْسُ بْنُ سَعْدٍ مِنَ النَّبِيِّ ﷺ بِمَنْزِلَةِ صَاحِبِ الشُّرَطِ مِنَ الأَمِيرِ. قَالَ الأَنْصَارِيُّ: يَعْنِي مِمَّا يَلِي مِنْ أُمُورِهِ»**

**«Кайс ибн Саъд Набий ﷺдын алдында амир алдындагы башкы миршаб даражасында болгон. Ансарий айтат: Т.а. иштерди башкарууда».** Ибн Хиббан бул хадисти «Мустафа алайхис-саламды межлистерге кирип келген мушриктерден коруктоо» деп түшүндүргөн.

Бухарий риваят кылышынча, Расул ﷺ Али ибн Абу Талибди бир ишке жиберген. Алинин өзү айтат:

«بَعَثَنِي رَسُولُ اللَّهِ ﷺ وَالزُّبَيْرَ وَأَبَا مَرْثَدٍ، وَكُلُّنَا فَارِسٌ، قَالَ: انْطَلِقُوا حَتَّى تَأْتُوا رَوْضَةَ حَاجٍ، هَكَذَا قَالَ أَبُو عَوَانَةَ حَاجٌ، وَفِي رِوَايَةٍ خَاخٌ، فَإِنَّ فِيهَا امْرَأَةً مَعَهَا صَحِيفَةٌ مِنْ حَاطِبِ بْنِ أَبِي بَلْتَعَةَ إِلَى الْمُشْرِكِينَ، فَأْتُونِي بِهَا، فَانْطَلَقْنَا عَلَى أَفْرَاسِنَا حَتَّى أَدْرَكْنَاهَا، حَيْثُ قَالَ لَنَا رَسُولُ اللَّهِ ﷺ، تَسِيرُ عَلَى بَعِيرٍ لَهَا، وَقَدْ كَانَ كَتَبَ إِلَى أَهْلِ مَكَّةَ بِمَسِيرِ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ إِلَيْهِمْ. فَقُلْنَا: أَيْنَ الْكِتَابُ الَّذِي مَعَكِ؟ قَالَتْ: مَا مَعِي كِتَابٌ. فَأَنَخْنَا بِهَا بَعِيرَهَا، فَابْتَغَيْنَا فِي رَحْلِهَا فَمَا وَجَدْنَا شَيْئًا. فَقَالَ صَاحِبَايَ: مَا نَرَى مَعَهَا كِتَابًا. فَقُلْتُ لَقَدْ عَلِمْنَا مَا كَذَبَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ، ثُمَّ حَلَفَ عَلِيٌّ: وَالَّذِي يُحْلَفُ بِهِ لَتُخْرِجِنَّ الْكِتَابَ أَوْ لَأُجَرِّدَنَّكِ. فَأَهْوَتْ إِلَى حُجْزَتِهَا، وَهِيَ مُحْتَجِزَةٌ بِكِسَاءٍ، فَأَخْرَجَتِ الصَّحِيفَةَ فَأَتَوْا بِهَا رَسُولَ اللَّهِ ﷺ...»

**«Пайгамбар ﷺ мени, Зубайр жана Абу Мурсидди жиберип жатып: «Хаж багына жеткениңерде** (Абу Авананын риваятында Хаж делген, башка риваятта болсо Хох делген) **бир аялды учуратасыңар, анда Хатиб ибн Абу Балтаъанын мушриктерге жазган каты бар, ошону алып келгиле», - деди. Аттарыбызды минип жөнөдүк. Дал Пайгамбар ﷺ айткан жерде аны учураттык. Ал төөдө бара жаткан экен. Хатиб меккеликтерге Пайгамбар ﷺдын алар тарапка бара жатканы жөнүндө кабар берип, кат жолдогон экен. Аялдан «кат кана?» деп сурадык. Ал «менде эч кандай кат жок» деп жооп берди. Төөсүн чөктүрүп, аны издедик, бирок, эч нерсе таба албадык. Эки досум «анда кат жок деп ойлойбуз» дешти. «Пайгамбар ﷺдын жалган сүйлөбөшүн жакшы билебиз го» дедим. Кийин Али: «Же катты чыгарасың, же сени жылаңач кыламын», - деп ант берди. Ошондон кийин аял белбоосуна эңкейип,** (ал белбоону көйнөк ичинен тагып алган эле) **катты чыгарып берди жана ал Пайгамбар ﷺга алып келинди...».**

## **<u>Үчүнчү</u>: Өнөржай**

- Расул ﷺ манжаник (катапульта) жана арроda т.а. даббаба (дубал уратуучу курал) жасоого буюрган. Байхакий «Сунан»да Абу Убайда ؓдан риваят кылат: «Кийин Пайгамбар ﷺ Тоиф калкын он жети күн камал

кылып, аларга каршы манжаник орнотту». Абу Давуд «Маросил»де Макхулдан риваят кылат: «Пайгамбар ﷺ Тоиф калкына каршы манжаник орнотту». Санъаний «Субулус-Салам»да бул хадистин ровийлери ишеничтүү деген. «Ас-Сийра ал-Халабийя»нын автору айтат: «Ал затка Салман Фарсий манжаник жасоонун жолун көрсөттү. Салман Фарсий ؓ айтты: «Биз фарс жерлеринде коргондорго каршы манжаниктерди орнотчубуз. Ушуну менен душманды талкалачу элек". Айтымдарга караганда, манжаникти Салман Фарсий өз колу менен жасачу экен». Ибн Коййим «Задул-Маъад»да жана Ибн Хишам «Ас-Сийра»да Ибн Исхактан риваят кылат: «Тоиф дубалынын алдында Пайгамбар ﷺдын бир нече сахабалары даббаба менен Тоифтин дубалына кирип, аны күйгүзмөкчү болушту. Сакыйф аларга каршы чокто кызытылган темирлерди таштады. Натыйжада, алар даббаба астынан чыгышты. Ошондо Сакыйф аларга найза ыргытып, көп адамдарды өлтүрдү».

Манжаник жасоо жөнүндө Салман кеңеш берген. Айтымдарга ылайык, ал манжаникти өз колу менен жасаган. Бул үчүн Пайгамбар ﷺдан буйрук алган болуш керек. «Ас-Сийра ал-Халабийя»дагы «Ал затка Салман Фарсий манжаниктин жолун көрсөттү» дегени – ушул ишти кылууга кеңеш берди дегени. Ушулардан көрүнүп тургандай, аскерий өнөржайлар халифанын вазыйпасына кирет. Бул үчүн анын адистеринен пайдаланылат. Мындай иш үчүн амир эмес, мүдүр керек. Салман аскерий өнөржай амири эмес, манжаник өнөржайынын мүдүрү болгон. Аны өз колу менен жасаган болушу да мүмкүн. Кыскасы, аскерий ишканаларды куруу фарз. Себеби, Алла Тааланын:

﴿وَأَعِدُّوا لَهُمْ مَّا اسْتَطَعْتُمْ مِنْ قُوَّةٍ وَمِنْ رِّبَاطِ الْخَيْلِ تُرْهِبُونَ بِهِ عَدُوَّ اللَّهِ وَعَدُوَّكُمْ وَآخَرِينَ مِنْ دُونِهِمْ لاَ تَعْلَمُونَهُمُ اللَّهُ يَعْلَمُهُمْ﴾

*«(Эй момундар),* ***алар****(га каршы согушуу)* ***үчүн мүмкүнчүлүгүңөрдүн барынча күч*** *(топтоп)* ***жана токулуу аттарды даярдап койгула, муну менен Алланын жана өзүңөрдүн душманыңарды о.э. алардан тышкары, силер билбей турган, бирок, Алла биле турган башка бирөөлөрдү да коркутасыңар»,*** **[8:60]**

- деген аятындагы коркутуу даярдыксыз ишке ашпайт. Ал эми, даярдык өндүрүш ишканаларынын болушун талап кылат. Ушуга ылайык, бул аят илтизам далалаты менен же «важиб эмне менен ишке ашса, ошол нерсе да важиб» деген коидага ылайык, аскерий ишканалар куруунун фарз экендигине далил болот. О.э. жихаддын важибдиги жөнүндөгү далилдер да илтизам далалаты менен өндүрүш ишканаларын куруунун важибдигине далил болот.

Алла мамлекетке курууну важиб кылган ишканалар аскерий ишканалардын өзү эле эмес. Мамлекет башка ишканаларды да курушу

керек. Алар «Халифалык мамлекетиндеги малия» китебинде төмөндөгүчө баян кылынган:

«Ишканалар. Мамлекет элдин кызыкчылыгын коргошу керектигинен келип чыгып, эки түрдүү ишканаларды курушу важиб:

**Биринчи түрдөгү** ишканаларга умумий (жалпы элдик) мүлккө алакадар ишканалар, маселен, кендерди казып алуу, тазалоо жана куюу ишканалары, нефть казып алуу жана аны тазалоо сыяктуу ишканалар кирет. Мындай түрдөгү ишканалар иштеткен чийки сырьё этибары менен умумий мүлк эсептелет. Умумий мүлк – бардык мусулмандардын мүлкү. Демек, бул ишканалар бардык мусулмандардын мүлкү эсептелет. Мамлекет мусулмандардын өкүлү катары аларды курат жана башкарат.

**Экинчи түрдөгү** ишканаларга оор өнөржай жана аскерий өнөржай кирет. Бул түрдөгү ишканалар фардий (жеке менчик) болушу мүмкүн. Анткени, алар фардий мүлктөр катарынан. Бирок, мындай ишканалар үчүн абдан чоң өлчөмдөгү каражаттын зарылдыгын жана мындай каражаттын адамда болушу оңой эместигин о.э. Пайгамбар ﷺдын доорунда куралдар фардий мүлк эсептелген болсо, бүгүнкү күнгө келип, оор куралдар фардий мүлк болбой, мамлекеттик мүлккө айлангандыгын этибарга алуу менен, бул ишти аткаруу мамлекеттин жоопкерчилигинде болот. Анткени, башкаруу жоопкерчилиги ушуну талап кылат. Айрыкча, бүгүнкү күндө курал укмуштуудай даражада өнүгүп кетти. Аны иштеп чыгаруу жолдору абдан оор болуп, көп каражат талап кылып жатат. Ошондуктан, оор өнөржай ишканаларын, курал өнөржай ишканаларын куруу жана башкаруу мамлекеттин жоопкерчилигине жүктөлөт. Бул сөздөн адамдардын ушундай ишканаларды курушуна тыюу салынат деген маани келип чыкпайт.

Мындай ишканаларды куруу малекеттин т.а. халифанын милдети. Халифа бул иш үчүн бир башкы мүдүр дайындайт, бул башкы мүдүр халифанын өзү же өкүлү менен байланышып турат.

## Төртүнчү: Мамлекеттер аралык алакалар

Жогоруда айтып өткөнүбүздөй, эл аралык алакаларда танфиз вазири халифа менен башка мамлекеттердин ортосундагы ортомчу болот.

Пайгамбар ﷺ жана хулафаи рошидиндердин доорунда бул алакаларды түздөн-түз Пайгамбар ﷺ жана хулафаи рошидиндер өз катчысы т.а. танфиз вазиринин жардамында башкарышкан. Мисалы, Пайгамбар ﷺ Худайбия сулхунда сулх бүтүмүн түзүү боюнча кат алышып турган. Дагы бир мисал: Кисронун элчиси келип, Умар ؓну сурап, Мадинаи Мунавваранын кире беришинде уктап жаткан абалда табат.

Ушуну да айтып өтүү керек, халифа танфиз вазири аркылуу бул ишти түздөн-түз аткарышы да о.э. мамлекеттин башка жихаздары сыяктуу мамлекеттер аралык алакалар үчүн бир мүдүр дайындашы да мүмкүн.

Ушуга ылайык, бул төрт идара бир идаранын т.а. жихад амири идарасынын курамында болушу да мүмкүн. Себеби, алар бири-бирине байланыштуу.

Ошол эле учурда, алар бири-биринен өзүнчө бөлөк-бөлөк болушу да мүмкүн. Жогоруда айтып өткөнүбүздөй, Расулﷺ ушундай кылган.

Бул идаралардын тармактарынын көптүгү – айрыкча, бүгүнкү күндө кошуундун түрдүү бөлүктөргө бөлүнүшү, ички проблемалардын ар түрдүүлүгү, мамлекеттердин фитналары, малайлар жана сатылган саясий катмардын айла-амалдары көбөйүп кеткени, ар түрдүү кылмыштардын пайда болуп жатканы о.э. мамлекеттер аралык мамилелердин чиеленишип жатканы, кала берсе, өнөржай тармагынын кеңейгени, техникалык каражаттардын татаалдашып кеткени – жана башка ушул сыяктууларды этибарга алып, жихад амиринин укуктары кеңейип кетпеши, таквалыгы солгундашкан убакта мамлекетке зыян жеткирип койбошу үчүн, биз бул идараларды төмөнкүдөй көрүнүштө бири-биринен ажыратып, өзүнчө бөлөк-бөлөк болушун жана мамлекеттин башка жихаздары сыяктуу халифага байланышын табанний кылдык:

- Жихад амири – аскерий идара (кошуун).
- Ички коопсуздук идарасы.
- Өнөржай идарасы.
- Тышкы иштер идарасы

## <u>Бешинчи</u>: Жихад амири – Аскерий идара (кошуун)

Аскерий идара мамлекет жихаздарынын бири болуп эсептелет. Анын башчысы жихад мүдүрү эмес, «жихад амири» деп аталат. Анткени, Расул ﷺ кошуун командачыларын «амирлер» деп атаган. Ибн Саъддын риваятында Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«أَمِيرُ النَّاسِ زَيْدُ ابْنُ حَارِثَةَ، فَإِنْ قُتِلَ فَجَعْفَرُ بْنُ أَبِي طَالِبٍ، فَإِنْ قُتِلَ فَعَبْدُ اللَّهِ بْنُ رَوَاحَةَ، فَإِنْ قُتِلَ فَلْيَرْتَضِ الْمُسْلِمُوْنَ بَيْنَهُمْ رَجُلاً فَيَجْعَلُوهُ عَلَيْهِمْ»

**«Адамдардын амири – Зайд ибн Хариса. Эгер ал өлтүрүлсө, Жаъфар ибн Абу Талиб. Ал да өлтүрүлсө, Абдулла ибн Раваха. Ал да өлтүрүлсө, мусулмандар өз ара келишип, өздөрүнө бир кишини амир кылып алышсын».** Бухарий Абдулла ибн Умардан риваят кылат: «Расул ﷺ Муъта казатында Зайд ибн Харисаны амир кылып дайындады...». Бухарий Салама ибн Акваънын хадисинен риваят кылат: «Зайд менен бирге согуштум. Пайгамбарыбыз аны бизге амир кылып дайындады». Бухарий жана Муслим Абдулла ибн Умардан риваят кылат:

«بَعَثَ النَّبِيُّ ﷺ بَعْثًا، وَأَمَّرَ عَلَيْهِمْ أُسَامَةَ بْنَ زَيْدٍ، فَطَعَنَ بَعْضُ النَّاسِ فِي إِمَارَتِهِ، فَقَالَ النَّبِيُّ ﷺ إِنْ تَطْعُنُوا فِي إِمَارَتِهِ فَقَدْ كُنْتُمْ تَطْعُنُونَ فِي إِمَارَةِ أَبِيهِ مِنْ قَبْلُ، وَأَيْمُ اللَّهِ إِنْ كَانَ لَخَلِيقًا لِلْإِمَارَةِ...»

**«Набий ﷺ бир жолу адамдарды жиберип жатып, аларга Усама ибн Зайдды амир кылып дайындады. Айрым адамдар анын амир болушун сынга алышты. Ошондо Пайгамбар ﷺ: «Азыр анын амирлигин сындап жатасыңар, бир кездерде атасынын амир болгонун да сындаган элеңер. Аллага ант болсун, ал амирликке ылайыктуу адам болгон эле», - деди...».** Сахабалар Муъта кошуунун амирлер кошууну деп аташчу. Муслим Бурайдадан риваят кылат: «Пайгамбар ﷺ бирер кошуунга же сарийяга амир дайындаган чагында, ага көрсөтмөлөр берчү...».

Аскерий идара куралдуу күчтөргө тиешелүү бардык иштерди башкарат. Кошуун, даярдыктар, курал-жарактар, аскер жарак-жабдыктары, аскерий окуу жайлар, аскерий делегациялар о.э. исламий сакофат, жалпы аскерий таалим, согушка тиешелүү билим сыяктуу иштер ушул идарага караштуу. Согуш абалындагы кафирлерден сак болуп туруу, чалгынчыларды жиберүү да аскерий идаранын укугуна кирет. Бул үчүн аскерий идарага караштуу дагы бир идара түзүлөт. Андай кылууга Пайгамбар ﷺдын сийратында далилдер көп.

Мына ушул иштердин баарын аскерий идара башкарат. Бул идаранын наамынын өзү эле согуш жана согушка байланыштуулугун көрсөтүп

турат. Согуш үчүн кошуун, кошуун үчүн болсо даярдык, командачылык, штабдар, офицерлер жана аскерлер керек.

Кошуунду түзүү үчүн жисманий машыгуулар жана чебердик зарыл болуп, бул чебердик түрдүү курал-жаракка тиешелүү согуш өнөржайын өз ичине алат. Бул чебердик күндөн-күнгө өөрчүп бара берет. Ошондуктан, аскерий тажрыйба арттыруу кошуундун ажыралгыс бөлүгү болуп саналат. Согуш тактикаларын жана ар түрдүү куралдарды иштетүүнү үйрөнүү анын зарылдыктарынан.

Алла Субханаху мусулмандарды бүткүл дүйнөгө Ислам рисалатын алып чыгуу милдетин аларга тапшыруу менен азиз кылды, бул иш үчүн даъват жана жихадды тарыйкат кылып белгиледи. Аларга жихадды фарз, аскерий машыгууну важиб кылды.

Он беш жашка толгон ар бир мусулманга жихадга даярдануу үчүн аскерий машыгуудан өтүү важиб. Аскерий кызматка алуу фарзи кифая.

Аскерий кызматты өтөөгө далилдер: Алла Таала айтат:

﴿وَقَاتِلُوهُمْ حَتَّى لاَ تَكُونَ فِتْنَةٌ وَيَكُونَ الدِّينُ كُلُّهُ لِلَّهِ﴾

*«(Эй момундар), **тээ** (дүйнөдө) **бир да фитна калбай, бүткүл дин Алла үчүн гана болгонго чейин алар менен согуша бергиле!»*** **[8:39]**
Расул ﷺ айтат:

«جَاهِدُوا الْمُشْرِكِينَ بِأَمْوَالِكُمْ وَ أَنْفُسِكُمْ وَ أَلْسِنَتِكُمْ»

**«Мушриктерге каршы малыңар, жаныңар жана тилиңер менен жихад кылгыла».** Бул хадисти Абу Давуд Анастан риваят кылган. Шарияттын талабы т.а. душмандын жеңилиши жана мамлекеттердин фатх кылынышы үчүн бүгүнкү күндө аскерий кубаттануу зарыл болгондуктан, бул иш кудум жихад сыяктуу фарз. Шаръий коидада **«Важиб эмне менен ишке ашса, ошол нерсе да важиб»** делген. Согуш жаатындагы талап аскерий кызматты да өз ичине камтыйт. Себеби, аяттагы ﴿وَقَاتِلُوهُمْ﴾ сөзү умумий мааниде келип, «мүмкүнчүлүктөгү бардык нерсе менен согушуу» деген маанини түшүндүрөт. Мындан тышкары, Алла Тааланын:

﴿وَأَعِدُّوا لَهُمْ مَّا اسْتَطَعْتُمْ مِنْ قُوَّةٍ﴾

*«(Эй момундар), **алар**(га каршы согушуу) **үчүн мүмкүнчүлүгүңөрдүн барынча күч** (топтоп) **жана токулуу аттарды даярдап койгула»**,* **[8:60]** - деген аяты да бар. Аскерий кубаттануу, аскерий тажрыйба арттыруу, жетик аскерий адис болуу – даярдыктардын катарына кирет. Себеби, согушуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу үчүн ушул нерселер абдан зарыл. Алар кудум курал-жарактар, согуш жарак-жабдыктары сыяктуу кубат эсептелет.

Аскерий кызматка алуу – бул кошуунду куралдуу абалда туруктуу кармап туруу т.а. жихад кылуучу жана жихадга тиешелүү иштерди аткаруучу мужахиддерди түзүү дегени. Бул иш фарз. Себеби, жихад душман чабуул кылабы-жокпу, ар дайым фарз. Ушуга ылайык, аскерий кызматка адамдарды тартуу жихад өкүмүнүн ичиндеги фарз.

Куракты он беш жаш менен белгилөөгө келсек, буга Бухарийдин Нафиъ жолунан чыгарган мына бул хадиси далил болот:

«حَدَّثَنِي ابْنُ عُمَرَ ﷺ أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ عَرَضَهُ يَوْمَ أُحُدٍ وَهُوَ ابْنُ أَرْبَعَ عَشْرَةَ سَنَةً فَلَمْ يُجِزْنِي، ثُمَّ عَرَضَنِي يَوْمَ الْخَنْدَقِ وَأَنَا ابْنُ خَمْسَ عَشْرَةَ سَنَةً فَأَجَازَنِي»

**«Ибн Умардын мага айтышынча, ал Ухуд күнү он төрт жаш курагында Пайгамбар ﷺга жолуккан. Пайгамбар** ﷺ (ага жихад кылууга) **уруксат бербеген. «Кийин он беш жаш курагымда Хандак согушунда да жолугуп калдым, Пайгамбар** ﷺ (бул жолу согуш кылышыма) **уруксат берди», -** (дейт Ибн Умар)**».** Нафиъ айтат: «Халифа Умар ибн Абдул-Азиздин алдына барып, ушул хадисти айтып бердим эле, ал: «Кичине менен чоңду ажыратуучу чегара мына ушул», - деди да, валийлерге кат жөнөтүп, он беш жашка толгондорго аскерий кызматты фарз кылууну дайындады». Т.а. аларга кошуун диванынан айлык белгилөөнү дайындады.

Биз да ушуну табанний кылабыз. Т.а. он беш жашка толгон адам аскерий кызматты өтөшү важиб.

## Кошуун бөлүктөрү

Кошуун эки бөлүккө бөлүнөт. Биринчиси – запастагы бөлүк. Алар курал көтөрө алган бардык мусулмандар. Экинчиси – армиядагы туруктуу бөлүктөр, алар үчүн кудум мамлекет кызматчылары сыяктуу мамлекет бюджетинен айлык бөлүнөт.

Бул нерсе жихаддын фарздыгынан келип чыгат. Себеби, ар бир мусулманга жихад кылуу фарз. Ушуга ылайык, аскерий машыгуудан өтүү да фарз. Ошондуктан, бардык мусулмандар запастагы кошуун эсептелишет. Себеби, жихад аларга фарз. Алардын бир бөлүгүн армиянын туруктуу бөлүгүнө айлантуунун далили болсо «**Важиб эмне менен ишке ашса, ошол нерсе да важиб**» деген коида. Анткени, жихад фарзын өтөө, Ислам кол тийгистиги жана мусулмандар ариетин капырлардан коргоо туруктуу кошуундун бар экендиги менен гана ишке ашат. Ошондуктан, туруктуу кошуунду түзүү халифага фарз.

Эми бул аскерлерге кудум мамлекет кызматчылары сыяктуу маяна ажыратууга келсек, аскерий кызматтагы мусулман эместер үчүн ушундай болушу табигый абал. Себеби, кафирден жихад кылуу талап кылынбайт. Эгер өзү жихад кылууну каалаtca, уруксат берилет. Мына ошондо ага маяна акы берүү жайиз болот. Термизий Зухрийден риваят кылат:

«أَنَّ النَّبِيَّ ﷺ أَسْهَمَ لِقَوْمٍ مِنَ الْيَهُودِ قَاتَلُوا مَعَهُ»

**«Набий ﷺ өзү менен бирге согушкан яхудийлердин бир коомуна үлүш бөлдү».** Ибн Хишам риваят кылат:

«أَنَّ صَفْوَانَ ابْنَ أَمَيَّةَ خَرَجَ مَعَ النَّبِيِّ ﷺ إِلَى حُنَيْنٍ، وَهُوَ عَلَى شِرْكِهِ، فَأَعْطَاهُ مَعَ الْمُؤَلَّفَةِ قُلُوبُهُمْ مِنْ غَنَائِمِ حُنَيْنٍ»

**«Сафван ибн Умайя мушрик абалында Набий ﷺ менен бирге Хунайн согушуна чыкты. Ошондо Пайгамбар ﷺ муаллафати кулубухумдар** (Исламга дилдери ыктап келе жаткандар) **менен бирге ага да Хунайн олжолорунан берди».**

Ушуга ылайык, Ислам кошуунунун арасында кафирдин болушу жана ушул иши үчүн ага каражат ажыратылышы жайиз. Мындан тышкары, ижарага «кызыкчылыкка негизделген бүтүм» деп аныктама берилген. Ошондуктан, мындай аныктама жалдоочу жалдануучудан толук пайдаланышы мүмкүн болгон ар бир кызыкчылык үстүндө ижаранын жайиздигине далалат кылат. Адамды согушууга, аскерге жалдоо да ушулардын катарынан. Себеби, бул иш да кызыкчылык. Демек, ижарага тиешелүү далилдин ар кандай кызыкчылыкка туура келе бериши т.а. умумийлиги кафирди аскерге жана согушка жалдоонун жайиздигине далил.

Айтып өткөндөрүбүз мусулман эместерге тиешелүү сөздөр. Эми мусулмандарга токтоло турган болсок, мейли, жихад ибадат эсептелсе да, мусулманды аскерге жана согушка жалдоого, ижарага алууга болот. Буга да далил ижара жөнүндөгү далилдин умумий болуп келгени. Эгер ибадаттын пайдасы абиддин (ибадаткөйдүн) өзүнө гана чектелбестен, башкаларга да тийсе, анда жалдоо, ижарага алуу жайиз. Пайгамбар ﷺ айтат:

«إِنَّ أَحَقَّ مَا أَخَذْتُمْ عَلَيْهِ أَجْراً كِتَابُ اللَّهِ»

**«Акы алууга эң көп акылуу болгон ишиңер – Алланын Китеби**(н үйрөткөнүңөр)**».** Бул хадисти Бухарий Ибн Аббастан риваят кылган. Алланын Китебин үйрөнүү – ибадат. Мусулмандарды Куран үйрөтүү, имамдык кылуу, азан айтуу сыяктуу ибадат иштерине жалдоо, ижарага алуу жайиз болгондой, жихадга жалдоо да жайиз. Себеби, бул ибадаттардын пайдасы аны аткарган адамдын өзүнө гана чектелбестен, башкаларга да тиет. Ал тургай, жихадга дайындалган адамдын өзүн жалдоо да жайиз. Мунун далили хадисте анык келген. Абу Давуд Абдулла ибн Амрдан риваят кылышынча, Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«لِلْغَازِي أَجْرُهُ، وَلِلْجَاعِلِ أَجْرُهُ وَ أَجْرُ الْغَازِي»

**«Гозий үчүн согушкердин сообу болот. Жалдоочу үчүн болсо жалдоочунун да, согушкердин да сообу болот».** Гозий өзү согуша турган адам. Өзүнүн ордуна согушушу үчүн башка бирөөнү акы эсебине жалдаган адам болсо жалдоочу. «Ал-Комус ал-Мухит»те мындай делген: «Жалдоо – жалдануучунун иши үчүн бериле турган ажрды үчкө бөлүү. Көпчүлүк бир нерсени өз ара аткарышты дегени – аны ортодо ишке ашырышты дегени. Силердин атыңардан согушушу үчүн бир согушкерди акы эсебине жалдашыңар да ушул сыяктуу». Хадис өзүнүн ордуна согушуусу үчүн башка бир адамды жалдоонун, башкача айтканда, согушка адам жалдоонун мүмкүндүгүн көрсөтүп жатат. Байхакий Жубайр ибн Нуфайрдан риваят кылышынча, Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«مَثَلُ الَّذِينَ يَغْزُونَ مِنْ أُمَّتِي، وَيَأْخُذُونَ الْجُعْلَ، وَيَتَقَوَّوْنَ عَلَى عَدُوِّهِمْ، مَثَلُ أُمِّ مُوسَى، تُرْضِعُ وَلَدَهَا، وَتَأْخُذُ أَجْرَهَا»

**«Үммөтүмдөн согушуп, ушул иштери үчүн акы алгандар жана душмандан үстөм болгондор Мусанын энеси сыяктуу, ал да өз баласын эмизген жана ушул иши үчүн акы алган».** Ушуга ылайык, аскерлерге кызматкерлердей эле акы бөлүнөт, эмгек акы дайындалат.

Мусулман аскерлер, мейли, жихад үчүн акы алышса да, Алланын сообуна да жетишишет. Анткени, жогорудагы Бухарийдин хадисинде ибадат эсептелген иш т.а. Алланын Китебин үйрөтүү үчүн да акы алуунун жайиздиги айтылган. Акыйкатта болсо, бул иш үчүн мударристин ниетине карап, ага Алла ажр-сооп берет.

Ислам армиясы бир канча кошуундардан түзүлгөн армия болот. Ар бир кошуун иреттик сан, вилаят же амаала менен аталат. Мисалы, биринчи кошуун, үчүнчү кошуун, Шам кошууну, Мисир кошууну, Санъа кошууну сыяктуу.

Ислам армиясы атайын лагерлерге жайгаштырылат. Ар бир лагерге бир же бир нече кошуун, же кошуундун бир бөлүгү жайгаштырылат. Бирок, бул лагерлер түрдүү вилаяттарда болушу важиб. Айрым кошуундар аскерий базаларга жайгаштырылат. Дайымий көчүп жүрө турган көчмө лагерлердеги кошуундар сокку берүүчү күчтөр эсептелишет. Ар бир лагер өзүнүн наамы менен аталат. Мисалы, «Хиббанийя лагери» сыяктуу. Ар бир лагердин өзүнүн байрагы болот.

Мындай тартиптин мубах жагы да бар, «Важиб эмне менен ишке ашса, ошол нерсе да важиб» деген коидага негизделген жагы да бар. Мисалы, кошуундардын вилаяттар же иреттик сандар менен аталышы мубахтык жагы болсо, чегаралардагы тартиптер, лагерлерди стратегиялык жерлерге орнотуу сыяктуу иштер ушул коидага негизделген жактар болуп саналат ж.б.у.с.

Умар ибн Хаттаб кошуун лагерлерин вилаяттарга бөлгөн. Палестинага бир кошуунду, Мавсилге дагы бир кошуунду жайгаштырган. Мамлекет борборунда да бир кошуун жайгаштырган. Өзүнүн алдында да корукчу макамындагы биринчи шилтемде эле согушка аттана турган бир кошуун турган.

## Кошуун командачысы – халифа

Кошуундун башкы командачысы халифа болот. Башкы штаб башчысын да, ар бир бригадага амирди да, ар бир дивизияга командачыны да ал дайындайт. Кошуундун башка кызматтарына болсо амирлер менен командачылар адам дайындашат. Штабга аскерий билими бар адамдар алынат. Аларды башкы штаб башчысы дайындайт.

Халифалык – бул бардык мусулмандардын ушул дүйнөгө тиешелүү иштерин башкаруу, шарият өкүмдөрүн иш жүзүнө ашыруу жана даъватты дүйнөгө алып чыгуу. Даъватты дүйнөгө алып чыгуунун негизги тарыйкаты болсо жихад. Ошондуктан да, жихадды халифанын өзү башкарышы керек. Анткени, халифалык келишими шахсан халифага болгон. Ушуга ылайык, жихадды андан башка адам башкарышы дурус эмес. Ушундан тыянак кылып, жихадга тиешелүү бардык иштер халифага хос деп айтууга болот. Мейли, ар бир мусулман жихад кылса да, жихадга тиешелүү иштерди халифадан башка адам башкарышы дурус эмес. Жихадды башкаруу жихад кылуудан бүтүндөй башка нерсе. Жихад кылуу ар бир мусулманга фарз. Жихадды башкаруу болсо халифанын гана иши. Ал орун басар дайындашы мүмкүн. Ошондо да болуп жаткан иштерден кабардар болуп турушу, ишти шахсан өзү көзөмөлдөшү шарт. Орун басарды бүтүндөй өз эркине коё бериши жайиз эмес. Халифанын кабардар болушу – бул муавиндын кабарларын угуп коюу эле эмес, балким, орун басардын түздөн-түз халифанын көзөмөлү астында иш алып барышы. Кошуунду мына ушундай шарттар менен орун басар башкарышы жайиз. Ал эми, бул иштин куру расмиятчылык болушу мүмкүн эмес. Себеби, Халифалык бүтүмү халифанын шахсына жазылган. Ошондуктан, жихадга тиешелүү иштерди шахсан халифанын өзү башкарышы важиб. Исламдан башка түзүмдөрдө кошуундун башкы командачысы сырттан караганда мамлекет жетекчиси болот. Негизи болсо, кошуун командачысы армияны эркин көрүнүштө башкарат. Мындай иш Ислам назарында шарият тан албаган батыл иш болуп саналат. Шарият кошуундун иш жүзүндөгү, чыныгы командачысы халифа болушун важиб кылат. Башка идарий же техникалык иштерде болсо орун басар дайындашы жана ал ишти шахсан өзү башкарбашы мүмкүн.

Кала берсе, кошуунга Пайгамбар ﷺ шахсан өзү башчылык кылчу. Согуштарды да өзү башкарган. Өзү катышпаган согушка чыккан кошуун бөлүмдөрүнө т.а. сарийяларга командачыларды дайындаган. Кээде этияттык чарасы катары эгер бир командачы өлсө, анын ордуна башка

бирөө болушун да дайындаган. Муъта согушунда ошондой болгон. Бухарий Абдулла ибн Умардан риваят кылат:

«أَمَّرَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ فِي غَزْوَةِ مُؤْتَةَ زَيْدَ بْنَ حَارِثَةَ، فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ: إِنْ قُتِلَ زَيْدٌ فَجَعْفَرٌ، فَإِنْ قَتِلَ جَعْفَرٌ فَعَبْدُ اللَّهِ بْنُ رَوَاحَةَ»

**«Расул Муъта казатында Зайд ибн Харисаны амир кылып дайындады. Кийин: «Эгер Зайд өлтүрүлсө, Жаъфар, Жаъфар да өлтүрүлсө, Абдулла ибн Раваха болот», - деди».** Кошуун командачысын да, дивизия командачысын да, бригада командачыларын да халифа дайындайт жана ар бир дивизияга бир байрак белгилейт. Шамга жиберилген Муъта кошууну жана Усама кошууну сыяктуу кошуундар бир дивизия болгон. Пайгамбар ﷺ байракты Усамага тапшырган. Сарийялар болсо Жазирада согушуп, кийин кайтып келген аскерлер болгон. Мисалы, Мекке тарапка жиберилген Саъд ибн Абу Ваккостун сарийясы бригада макамында болгон. Ушулардан дивизия амирлерин жана бригада командачыларын халифа дайындашы көрүнүп турат. Булардан башкаларын болсо Пайгамбар ﷺдын шахсан өзү дайындаганы жөнүндө эч кандай риваят жок. Ошондуктан, бул иш ошол аскерий бөлүмдөрдүн башчыларына калат. Аскерий иштердин жооптуусун т.а. башкы штаб башчысын болсо, дал кошуун командачысы сыяктуу кылып, халифанын өзү дайындайт жана ал, мейли, өзү халифанын кол астында болсо да, өзүнүн ишин халифанын түздөн-түз башкаруусусуз аткарат.

# <u>Алтынчы</u>: Ички коопсуздук

Ички коопсуздукту ички коопсуздук идарасы башкарат. Ага ички коопсуздук мүдүрү башчылык кылат. Бул идаранын ар бир вилаятта өзүнүн бөлүмү болуп, ал «ички коопсуздук идарасы» деп аталат. Ага вилаяттын шурта башчысы жетекчилик кылат. Ал аткаруу жагынан валийге, идарий жактан болсо ички коопсуздук идарасына моюн сунат. Бул иш атайын мыйзам менен тартипке салынат.

Ички коопсуздук идарасы коопсуздукка тиешелүү иштер менен алектенет. Шурта аркылуу өлкө коопсуздугун коргойт. Анткени, шурта коопсуздукту коргоонун негизги жолу болуп саналат. Бул идара каалаган убакта шуртаны ишке салышы мүмкүн. Анын буйругу дароо аткарылат. Эгер кошуундун күчүнө муктаждык сезсе, бул ишти халифага алып чыгат. Кошуун үчүн ички коопсуздукка жардам берүүгө же башка бир иш үстүнөн буйрук чыгарууга бир гана халифанын акысы бар. Халифа талапты кандырбастан, шурта менен чектелүүгө буюрушу да мүмкүн.

Шурта жарандыгы болгон, балагатка жеткен эркек кишилерден түзүлөт. Анда коопсуздук идарасынын аялдарга тиешелүү иштерин аткаруулары үчүн аялдар иштеши да мүмкүн. Буга шарият өкүмдөрүнө туура келген атайын мыйзам кабыл алынат.

Шурта эки түрдүү болот: аскерий шурта жана акимдин кол астындагы шурта. Алардын башкалардан өзгөчөлөнтүп турган өздөрүнө тиешелүү формалары жана белгилери болот.

Азхарий айтат: «Шурта – ар бир нерсенин эң көзгө көрүнгөн бөлүгү (араб тилинде شرطة сөзү «белги» деген маанини түшүндүрөт). Мына ошондон шурот сөзү алынган. Шуроттор – кошуундун эң тандалмалары. Алар кошуундун эң алдындагы авангарддар деген сөз да бар. Алар түзүлүшү жана кийимдери менен айырмаланып турушкандыктан да «шурот» деп аталган». Асмаъий ушуну макулдаган. «Комус»та келет: «Шурта сөзү шурот сөзүнүн жекелик сандагысы. Алар согушка биринчи болуп кирген, өлүмгө даяр турган отряд. Валийлерге жардам бере турган бир тайпа да шурталар деп айтылат. Шуртий сөзү түрк, жуханий сөздөрүнө окшош сөз. Андай аталыштарынын себеби алар өздөрүн таанытып турган белгилерге ээ».

Аскерий шурта – кошуундан жогору турган, анын иштерин көзөмөлдөп турган бир бригада. Ал кошуундун бир бөлүгү болуп, жихад амирине т.а. аскерий идарага моюн сунат. Акимдин кол астындагы шурта болсо ички коопсуздук идарасына моюн сунат. Бухарий Анас ﷺдан риваят кылат: «Койс ибн Саъд Пайгамбар ﷺдын алдында амир алдындагы башкы миршаб макамында болгон». Бул жерде Койс ибн Саъд ибн Убада Ансарий Хазражий назарда тутулуп жатат. Термизий риваят кылат: «Койс ибн Саъд Пайгамбар ﷺдын алдында амир алдындагы башкы миршаб макамында болгон. Т.а. Ансарий иштерди башкарган».

Халифа ички коопсуздукту коргой турган шуртаны кошуундун бир бөлүгүнө айлантышы т.а. аскерий идарага моюн сундурушу да, ички коопсуздуктун наамы менен өзүнчө бир идара кылышы да мүмкүн.

Бирок, биз бул бөлүмдүн өзүнчө болушун жана халифага түздөн-түз моюн сунган башка жихаздар сыяктуу ички коопсуздук идарасынын көзөмөлүнө өтүшүн табанний кылабыз. Андай кылышыбызга Анас ﷺнун Койс ибн Саъд жөнүндөгү хадиси о.э. жогоруда жихадга тиешелүү төрт идаранын бардыгы бир жихаз болбостон, ар бири түздөн-түз халифага моюн сунган өзүнчө бир идара болушу жөнүндө айткан сөздөрүбүз негиз болот.

Ошентип, шурта ички коопсуздук идарасына караштуу болот.

## Ички коопсуздук идарасынын милдеттери

Ички коопсуздук идарасы мамлекеттин ички коопсуздугун коргоо менен алектенет. Төмөндөгү иштер ички коопсуздуктун бузулушуна алып барышы мүмкүн:

Муртаддык – Исламдан кайтуу о.э. багийлик – мамлекетке каршы чыгуу. Мамлекетке каршы чыгуу иш таштоолор, мамлекеттин маанилүү борборлорун басып алып, ал жерлерде саботаждар уюштуруу, жеке менчик мүлк, жалпы элдик мүлк жана мамлекет мүлкүнө кол салуу сыяктуу бузгунчулук о.э. жардырып-бүлүндүрүү иштери менен же мамлекетке курал көтөрүп каршы чыгуу менен болот.

Каракчылык т.а. адамдардын жолдорун тосуп, алардын мүлкүнө, өмүрүнө кол салуу да ички коопсуздукка коркунуч туудуруучу иштерден.

Уурулук, баскынчылык, талап-тоноочулук, чөнтөк уурулук, көз боёмочулук сыяктуу адамдардын мал-мүлкүнө көз артуу о.э. токмоктоо, жаракаттандыруу, өлтүрүү сыяктуу алардын өмүрүнө жана миш-миш таркатуу, доомат, зына (зордуктоо) сыяктуу алардын ар-намыстарына кол салуу да ички коопсуздукка коркунуч туудуруучу факторлордон.

О.э. шектүү адамдардын үстүнөн иш алып баруу, Үммөт жана мамлекетти алардын жамандыктарынан сактоо да ички коопсуздук идарасынын милдети.

Айтып өткөндөрүбүз ички коопсуздукка коркунуч туудуруучу негизги факторлор болду. Ички коопсуздук идарасы мамлекет жана адамдарды мына ушул кооп-коркунучтардан коргойт. Ошондуктан, ким динден кайтса, тообо кылдырылат. Тообо келтирбесе, өлтүрүлөт. Бул ишти ички коопсуздук идарасы аткарат. Эгер муртаддар жамаат болушса, алар менен кат алышуулар алып барылат. Аларды Исламга кайтууга чакырат. Кайтып, тообо келтиришип, шарият өкүмдөрүнө моюн сунушса, аларга тийилбейт. Муртаддыгында туруп алышса, аларга каршы согуш алып барылат. Алардын жамааты азчылык болуп, алар менен күрөшүүгө шуртанын күчү жетсе, анын өзү күрөшөт. Эгер алардын жамааты

көпчүлүк болуп, алар менен күрөшүүгө шуртанын күчү жетпесе, халифадан аскерий күчтөр же кошуун аркылуу жардамчы күч суралат.

Айтып өткөндөрүбүз муртаддар жөнүндөгү сөздөр болду. Эми багийлерге токтолсок, эгер алар курал иштетпестен, бузгунчулук, тартип бузуучулук, мамлекеттин маанилүү борборлорун басып алуу сыяктуу иштерди аткарса, жеке адамдын, мамлекеттин жана элдин мүлкүнө кол салышса, мындай иштерди токтотуу үчүн ички коопсуздук идарасы шурта менен гана чектелет. Шуртанын күчү жетпесе, мамлекетке каршы чыккан ошол багийлердин бузгунчулук жана жардырып-бүлүндүрүү иштерин токтотуу үчүн халифадан аскерий күч менен жардам бериши суралат.

Эгер багийлер мамлекетке каршы курал көтөрүп чыгышса, бир жерге жыйылып, топ болуп алышса жана аларга каршы күрөшүүгө шуртанын күчү жетпесе, халифадан муктаждыкка карай аскерий күчтөр же кошуун аркылуу жардам бериши суралат. Алар менен согушуудан мурун кат алышуулар алып барылат. Алардан куралды таштоо жана мамлекетке моюн сунуу талап кылынат. Тообо келтирип, кайтышып, шарият өкүмдөрүнө моюн сунушса, аларга тийилбейт. Кайтышпаса, согушабыз деп туруп алышса, аларды өлтүрүү-жок кылуу эмес, адеп берип коюу согушу алып барылат. Анткени, муну менен куралдарын таштап, жолдорунан кайтышсын. Али ﵁ хавариждерге ушундай кылган. Аларды оболу даъват кылган, каршы чыгуудан кайтышса, аларга тийбестигин, бут тиреп алышса тээ жолдорунан кайтып, куралды таштагандарына чейин алар менен адеп берүү согушун жүргүзүшүн айткан.

Мухарибдерди т.а. адамдарды жолдорунан тосуп, мал-мүлкүнө жана өмүрүнө кол салган каракчыларды тыюу үчүн ички коопсуздук идарасы шуртаны жиберет. Аларга карата өлтүрүү, асуу, кол-бутун кайчылаштыра (т.а. оң бут менен сол кол же сол бут менен оң колду) кесүү же сүргүн кылуу жазасы колдонулат. Алла Таала айтат:

﴿إِنَّمَا جَزَاءُ الَّذِينَ يُحَارِبُونَ اللَّهَ وَرَسُولَهُ وَيَسْعَوْنَ فِي الْأَرْضِ فَسَادًا أَنْ يُقَتَّلُوا أَوْ يُصَلَّبُوا أَوْ تُقَطَّعَ أَيْدِيهِمْ وَأَرْجُلُهُمْ مِنْ خِلَافٍ أَوْ يُنفَوْا مِنَ الْأَرْضِ﴾

***«Албетте, Алла менен Анын элчисине каршы согуша турган жана жерде бузукулук кылуу аракетинде жүрө турган адамдардын жазасы – өлтүрүлүү, же дарга асылуу, же кол-буттары кайчылаш кесилүүсү, же өз жерлеринен сүргүн кылынуусу».*** **[5:33]**

Алар менен согушуу мамлекетке каршы чыккан багийлер менен согушкандай болбойт. Багийлер менен согушуу адеп берүү согушу болот. Каракчылар менен согушуу болсо өлтүрүү, асуу согушу. Аларга карата аятта эмне деп айтылган болсо, ошондой мамиле кылынат. Кайсы бир каракчы өлтүргөн жана мал-мүлк алган болсо, ал өлтүрүлөт жана асылат. Кайсы бири өлтүрүп, бирок, мал-мүлктү албаган болсо, ал өлтүрүлөт, бирок, асылбайт. Кайсы бири мал-мүлк алып, бирок, өлтүрбөгөн болсо,

ал өлтүрүлбөйт, бирок, колу-буту кайчылаш кесилет. Кайсы бири өлтүрбөстөн, мал-мүлк да албай, болгону курал менен коркуткан болсо, ал мамлекеттин ичиндеги алыс бир өлкөгө сүргүн кылынат.

Ички коопсуздук идарасы коопсуздукту коргоодо шуртаны ишке салат. Коопсуздукту турукташтырууга шуртанын күчү жетпей калганда гана халифадан муктаждыкка карап аскерий күчтөр же кошуун аркылуу жардам бериши суралат.

Уурулук, баскынчылык, чөнтөк уурулук, көз боёмочулук сыяктуу адамдардын мал-мүлкүнө; жана токмоктоо, жаракаттандыруу, өлтүрүү сыяктуу алардын өмүрүнө; о.э. миш-миш таркатуу, доомат, зордуктоо сыяктуу алардын ар-намыстарына кол салуу сыяктуу кылмыштарды коопсуздук идарасы өзүнүн сергектиги, сакчылары, көзөмөл пункттары о.э. казылар чыгарган өкүмдөрдү аткаруу аркылуу жоёт. Бул иштерде шуртанын күчү жетиштүү болот.

Түзүмдү коргоо жана ички коопсуздукту көзөмөлдөө о.э. бардык аткаруу иштери шуртага тапшырылат. Жогорудагы хадисте айтылып өткөндөй, Пайгамбар ﷺдын алдында Койс ибн Саъддын миршаб башчысы макамында тургандыгы шурта акимдердин кол астында болушуна далалат кылат. Алардын кол астында болуулары болсо шариятты аткаруу, түзүмдү, коопсуздукту коргоо о.э. кайгуул күзөт, түнкү көзөмөл сыяктуу акимдер үчүн зарыл болгон иштерди аткарууларын талап кылат. Абу Бакр доорунда Абдулла ибн Масъуд түнкү көзөмөл бөлүмүнүн башчысы болгон. Умар ؓ болсо бул ишти түздөн-түз өзү аткарган. Ага бул иште азат кылган кулу шерик болгон. Абдуррахман ибн Авф шерик болгон учурлар да кездешет. Ошондуктан, азыркы күндөгү айрым исламий өлкөлөрдө жашаган дүкөн ээлеринин өз үйлөрүнө корукчу жалдоолору же мамлекеттин дүкөн ээлеринен алынган каражат эсебине сакчыларды коюшу туура эмес. Себеби, бул иштер асаска т.а. түнкү көзөмөл бөлүмүнө караштуу иштер болуп, аны аткаруу мамлекеттин жоопкерчилигинде. Бул иш шуртанын милдети. Ошондуктан, ага катардагы адамдар тартылбайт. Бул иш үчүн адамдардан акы да алынбайт.

Шектүү т.а. мамлекетке, коомго же адамдарга зыян жеткирип коюшунун ыктымалы болгон адамдар менен алектенүү да мамлекеттин милдети. Алар жөнүндө бирер нерсени сезип калган киши дароо тиешелүү жайга кабар бериши керек. Буга далил Бухарий жана Муслим Зайд ибн Аркамдан риваят кылган мына бул хадис: «Бир казатта элем. Абдулла ибн Убайдын «Пайгамбардын жанындагы адамдарга эч нерсе бербегиле, ошондо алар анын айланасынан таркап кетишет, эгер Мадинага кайтсак, албетте, ал жерден азиз корду чыгарып жиберет» дегенин угуп калып, бул сөздү абакеме же Умарга айттым. Ал Пайгамбар ﷺга айтыптыр. Пайгамбар ﷺ мени чакырды, болгон сөздү айтып бердим...». Муслим риваятында «Пайгамбар ﷺдын алдына барып, ал

затты бул сөздөн кабардар кылдым» делген. Ибн Убайдын мухариб (согуш абалындагы) кафирлерине көп каттагандыгы о.э. алар менен да, Ислам душмандары болгон Мадина айланасындагы яхудийлер менен да ымалалаш экендиги маалым эле. Бул жаатта абдан тыкандык менен иштөө керек. Анткени, жаранга карата тыңчылык кылуу абалдары жүзөгө келип калбашы керек. Анткени, тыңчылык кылуу (жасус) арам. Алла Таала айтат:

﴿وَلاَ تَجَسَّسُوا﴾

***«...тыңчылык кылып жүрбөгүлө...».*** **[49:12]**
Ошондуктан, бул иште жалаң шектүү адамдарга гана чектелүү керек.

Амалий же хукман мухариб капырлар менен алакада болуп турган кишилер шектүү адамдар болуп саналат. Сөздүн мааниси ушунда, аскерий саясаттан туруп караганда жана мусулмандарга зыян жетип калышынын алдын алуу үчүн, мухариб кафирлерине каршы тыңчылык кылуу жайиз. Бул жөнүндөгү шаръий далилдер ахли харбдардын баарына тиешелүү. Анткени, эгер алар амалий ахли харб болсо, аларга каршы тыңчылык кылуу мамлекеттин милдети экени өз-өзүнөн маалым, эгер алар назарий ахли харб болушса, бул иш жайиз. Себеби, алар ар кандай убакта амалий ахли харбга айланышы мүмкүн.

Ушуну менен мухариб кафирлер менен алакада болгон ар бир жаран шектүү эсептелет. Анткени, ал ага каршы тыңчылык кылууга мүмкүн болгон адам менен байланышып жатат.

Мунун тафсилаты төмөнкүдөй:

1. Амалий мухариб кафирлерге каршы тыңчылык кылуу мамлекетке важиб. Муну жогорудагы «**Важиб эмне менен ишке ашса, ошол нерсе да важиб**» деген коида да тастыктайт. Анткени, душманды жеңүү үчүн анын күчү, пландары, максаттары жана стратегиялык жайгашуусунан кабардар болуу шарт. Бул иш менен аскерий идара алектенет. Амалий ахли харб кафирлери менен алакада болгон жарандарга карата да тыңчылык кылынат. Анткени, алардын амалий ахли харбдар менен алакада болушу адаттагы абал эмес. Себеби, биз алар менен согуш абалындабыз.

2. Ахли харб өкүмүнө киргендерге карата тыңчылык кылуу жайиз. Зыян жеткирүү коркунучу, мисалы, алардын амалий мухарибдерге жардам берүү же аларга кошулуп кетүү коркунучу туулган убакта, бул жайиз иш важиб ишке айланат. Хукман ахли харб кафирлери эки түргө бөлүнөт:

Биринчиси, өз өлкөлөрүндө жашаган хукман мухариб кафирлер. Аларга карата тыңчылык кылуу менен аскерий идара алектенет.

Экинчиси, элчи болуу, бүтүм түзүү сыяктуу иштер менен биздин өлкөбүзгө кирип келген хукман ахли харб кафирлери. Аларга карата тыңчылык кылуу менен ички коопсуздук идарасы алектенет.

Ички коопсуздук идарасы хукман мухариб кафирлердин жетекчилери менен же алардын өлкөбүздөгү өкүлдөрү менен сүйлөшүп жүргөн жарандарды күзөтүп, аларга карата да тыңчылык иштерин алып барат. Ошол эле учурда, аскерий идара дал ушул ишти өз өлкөлөрүндөгү хукман мухариб кафирлердин жетекчилери же алардын өкүлдөрү менен алакада болгон жарандарга карата да кылат. Бирок, мындай кылуунун эки шарты бар:

Биринчиден, аскерий идара жана ички коопсуздук идарасы ошол жарандарды күзөтүп, хукман мухариб кафирлердин жетекчилерине – бул жарандардын алар менен алакада болушу адаттан тышкары жана этибарды тарта турган иш экендигин – эскертип коюшу керек.

Экинчиден, ушул эки идара тең көзөмөлдөөчү казыга кайрылышы жана казы «мындай алакалар Ислам жана мусулмандарга зыян жеткириши мүмкүн» деп тыянак чыгарышы керек.

Мына ушул эки шарт аткарылгандан кийин, ички коопсуздук идарасы хукман мухариб кафирлердин жетекчилери менен же алардын өлкөбүздөгү өкүлдөрү менен алакада болгон букараларды күзөтүп, аларга карата тыңчылык иштерин алып барышы, ошол эле учурда, аскерий идара дал ушул ишти өз өлкөлөрүндө хукман мухариб кафирлердин жетекчилери же алардын өкүлдөрү менен алакада болгон жарандарга карата кылышы мүмкүн болот. Буга төмөндөгүлөр далил болот:

1. Мусулмандарга карата тыңчылык кылуу

﴿وَلاَ تَجَسَّسُوا﴾

***«...тыңчылык кылып жүрбөгүлө...»,*** **[49:12]**
аяты менен арам. Бул аятта тыңчылыктан кайтаруу умумий мааниде келген. Аны хос кыла турган далил жок болгондуктан, ал умумий бойдон кала берет. Муну Ахмад о.э. Абу Давуд өз санады менен Микдад жана Абу Умамадан риваят кылган хадис да тастыктайт. Хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«إِنَّ الأَمِيرَ إِذَا ابْتَغَى الرَّيْبَةَ مِنَ النَّاسِ أَفْسَدَهُمْ»

**«Эгер амир адамдардан күмөн издесе, аларды бузат».** Ошондуктан, мусулмандарга карата тыңчылык кылуу арам. Бул өкүм мамлекет жараны болгон зиммийлерге да тиешелүү. Демек, мусулман болушу же болбошуна карабастан, жарандарга карата тыңчылык кылуу арам.

2. Амалий мухариб кафирлерге каршы о.э. өлкөбүзгө амандык сурап, же бүтүм түзүү үчүн, же элчи катары кирип келген хукман мухариб кафирлерге каршы жана өз өлкөлөрүндө жашап жаткан хукман мухариб кафирлерге каршы тыңчылык кылуу жайиз. Ал тургай, амалий мухариб

кафирлерге жана зыян коркунучу туулган убакта хукман кафирлерге да каршы тыңчылык кылуу важиб.

Мунун далилдери Пайгамбар ﷺдын сийратынан көп кездешет:

- Ибн Хишамдын «Сийрат» китебинде Абдулла ибн Жахштын сарийясы жөнүндө айтылышынча, Пайгамбар ﷺ ага бир кат жазып берип, эки күн жүргөндөн кийин гана аны ачып окууну буюрган. Абдулла ибн Жахш эки күн жүргөндөн кийин Пайгамбар ﷺдын катын ачып окуса, анда минтип айтылган экен:

«إِذَا نَظَرْتَ فِي كِتَابِي هَذَا، فَامْضِ حَتَّى تَنْزِلَ نَخْلَةً بَيْنَ مَكَّةَ وَالطَّائِفِ، فَتَرَصَّدْ بِهَا قُرَيْشًا، وَتَعَلَّمْ لَنَا مِنْ أَخْبَارِهِمْ»

**«Менин бул катыма караган болсоң, Мекке менен Тоифтин ортосундагы курма дарагына чейин барып, ошол жерге жайгаш. Кийин Курайшты күзөт, бизге ал жөнүндө кабар бер».**

- Ибн Хишамдын «Сийрат»ында Бадр казатынын окуялары жөнүндө Ибн Исхак мындай деген:

«رَكِبَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ هُوَ وَأَبُو بَكْرٍ ؓ حَتَّى وَقَفَ عَلَى شَيْخٍ مِنَ الْعَرَبِ، فَسَأَلَهُ عَنْ قُرَيْشٍ وَعَنْ مُحَمَّدٍ وَأَصْحَابِهِ وَمَا بَلَغَهُ عَنْهُمْ، فَقَالَ الشَّيْخُ لاَ أُخْبِرُكُمَا حَتَّى تُخْبِرَانِي مِمَّنْ أَنْتُمَا؟ فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ إِذَا أَخْبَرْتَنَا أَخْبَرْنَاكَ. قَالَ أَذَاكَ بِذَاكَ؟ قَالَ: نَعَمْ. قَالَ الشَّيْخُ: ... وَبَلَغَنِي أَنَّ قُرَيْشًا خَرَجُوا يَوْمَ كَذَا وَكَذَا، فَإِنْ كَانَ الَّذِي أَخْبَرَنِي صَدَقَنِي، فَهُمُ الْيَوْمَ بِمَكَانِ كَذَا وَكَذَا لِلْمَكَانِ الَّذِي فِيهِ قُرَيْشٌ، فَلَمَّا فَرَغَ مِنْ خَبَرِهِ قَالَ: مِمَّنْ أَنْتُمَا؟ فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ نَحْنُ مِنْ مَاءٍ، ثُمَّ انْصَرَفَ عَنْهُ، قَالَ يَقُولُ الشَّيْخُ: مِنْ مَاءٍ، أَمْ مِنْ مَاءِ الْعِرَاقِ؟ ثُمَّ رَجَعَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ إِلَى أَصْحَابِهِ، فَلَمَّا أَمْسَى بَعَثَ عَلِيَّ بْنَ أَبِي طَالِبٍ وَالزُّبَيْرَ بْنَ الْعَوَّامِ وَسَعْدَ بْنَ أَبِي وَقَّاصٍ فِي نَفَرٍ مِنْ أَصْحَابِهِ، رِضْوَانُ اللَّهِ عَلَيْهِمْ، إِلَى مَاءِ بَدْرٍ يَلْتَمِسُونَ الْخَبَرَ عَلَيْهِ، أَيْ عُيُوناً عَلَى قُرَيْشٍ»

**«Пайгамбар ﷺ Абу Бакр ؓ менен бирге аттанып, бир араб абышканын алдына барып токтошту. Андан Курайш жөнүндө, Мухаммад жана анын сахабалары жөнүндө сурап сүрүштүрдү. Абышка «өзүңөр ким экениңерди айтмайынча, эч нерсе айтпаймын» деди. Пайгамбар ﷺ «сиз айтсаңыз, биз да айтабыз» деди. Абышка «башма-башпы» деди. Пайгамбар ﷺ «ооба» деди. Ошондо абышка «...мага кабар берген адам жалган айтпаган болсо, Курайш балан-балан күнү жолго чыккан, алар бүгүн балан-балан жерде» деп Курайштын**

**турган жайын айтты. Кийин «силер кимсиңер» деди. Пайгамбар ﷺ «биз сууданбыз» деди да, кайтып кетти. Абышка «сууданбы же Ирак суусунанбы» деген бойдон калды. Кийин Пайгамбар ﷺ сахабалардын жанына келип, түн киргенден кийин, Али ибн Абу Талиб, Зубайр ибн Аввам, Саъд ибн Абу Ваккос жана бир нече сахаба ﷺлларды кабар билип келүүлөрү т.а. Курайш үстүнөн тыңчылык кылуулары үчүн Бадр суусуна жиберди».**

- Ибн Хишам накл кылышынча, Ибн Исхак Басбас ибн Амр жана Адий ибн Абиз-Загбанын тыңчылык кылышканы жөнүндө мындай дейт: «Адий жана Басбас бул сөздү (т.а. эки жариянын суу алдында Курайш жөнүндө айткан сөздөрүн) уккандан кийин, төөлөрүнө миништи да, Пайгамбар ﷺдын алдына барып, уккандарын айтып беришти».

Мындай далилдер, мейли, амалий мухариб Курайш жөнүндө болсо да, согуш болуп калышы ыктымалынан келип чыкканда хукман мухарибдерге да туура келет. Айырмачылыгы ушунда, амалий мухарибдерге каршы тыңчылык кылуу важиб болсо – анткени, душманды жеңүү үчүн аскерий саясат ушуну талап кылат – хукман мухарибдерге каршы тыңчылык кылуу жайиз, себеби, алардын согуш кылып калышын күтүүгө болот. Эгер зыян жеткизүү коркунучу туулса, мисалы, амалий мухарибдерге жардам бериши же аларга кошулуп кетишинин ыктымалы жүзөгө келсе, аларга каршы тыңчылык кылуу мамлекетке важиб болот.

Ошентип, бул окуялардагы Пайгамбар ﷺдын буйруктарына жана «**Важиб эмне менен ишке ашса, ошол нерсе да важиб**» деген коидага ылайык, мухариб кафирлерине каршы тыңчылык кылуу мусулмандарга жайиз, мамлекетке болсо бул ишти акырына жеткирүү важиб болот.

Мусулман же зиммий болушуна карабастан, биздин өлкөбүздөгү же өз өлкөлөрүндөгү амалий же хукман мухариб кафирлер менен алакада болгон адамдар шектүү адамдар эсептелип, аларды күзөтүү, алардын үстүнөн тыңчылык кылуу жайиз. Анткени, алар тыңчылык кылынышы жайиз болгон кимселер менен алакада болуп жатат. Мындан тышкары, алар кафирлердин тыңчылары болуп чыкса, мамлекетке зыян жетишинин коркунучу да бар.

Ушул эки шарт табылса гана  жаран үстүнөн тыңчылык кылуу жайиз болот.

Аскерий идара амалий мухарибдер менен о.э. кафир өлкөдөгү хукман мухариб жооптуу кафирлер же алардын өкүлдөрү менен алакада болуп жаткандардын үстүнөн тыңчылык иштерин алып барса, ички коопсуздук идарасы өз өлкөбүздөгү хукман мухариб кафир жооптуулары же алардын өкүлдөрү менен алакада болуп жаткандардын үстүнөн тыңчылык иштерин алып барат.

## Жетинчи: Тышкы иштер

Союздаш болуу (иттифак), келишимдер түзүү (сулх), тынчтык бүтүмүн түзүү, сүйлөшүүлөр алып баруу, элчи алмашуулар, өкүл жиберүүлөр, элчикана жана консулдуктарды түзүү сыяктуу саясий алакалар болобу, же экономика, айыл-чарба, соода тармагына тиешелүү алакалар болобу, почта, телефон, телеграф алакалары болобу, Халифалык мамлекетинин чет элдик мамлекеттер менен боло турган бардык тышкы алакаларын тышкы иштер идарасы башкарат. Себеби, бул иштер чет мамлекеттер менен боло турган мамилелерге тиешелүү иштер.

Пайгамбар ﷺ башка мамлекеттер жана барлыктар менен алакаларды орноткон. Танфиз вазири баянында бул жөнүндө токтолгон элек. Мисалы, Пайгамбар ﷺ Усман ибн Аффанды Курайш менен сүйлөшүү алып баруу үчүн жиберген. Пайгамбарыбыздын өзү да Курайш элчилери менен сүйлөшүүлөр алып барган. О.э. ал зат падышаларга элчилерди жиберип, ошол эле учурда, алардын элчилерин күтүп алган. Бүтүмдөрдү, сулхтарды түзгөн. Ал кишиден кийинки халифалар да дал ушундай жолдон барып, чет мамлекеттер жана вужуддар менен саясий алакаларды орноткон. «Бир адам өзү аткарышы керек болгон бир ишти башка бирөө аткарып бериши үчүн өкүл же орун басар дайындоого акылуу» деген негизге таянып, бул жаатта орун басарларды дайындашкан.

Азыркы күндө эл аралык саясий турмуш татаалдашып кеткенинен жана эл аралык саясий алакалар кеңейип, ар түрдүү болуп кеткенинен келип чыгып, биз, халифа эл аралык алакалар менен алектенген атайын бир мамлекет жихазын өзүнө орун басар кылып дайындашын табанний кылабыз. Мамлекеттин башка ар кандай өкүм жана идара жихазы сыяктуу бул жихаз да түздөн-түз же танфиз вазири аркылуу, ушул тармакка тиешелүү шаръий өкүмдөргө ылайык, халифанын көзөмөлү астында болот.

## **<u>Сегизинчи</u>: Өнөржай**

Кыймылдаткыч жана станокторду иштеп чыгаруучу оор өнөржай болобу, машина куруу өнөржайы болобу, чийки-сырьё өнөржайы болобу, электрондук өнөржай болобу, жеңил өнөржай болобу, жеке менчик ишкана болобу, мамлекеттик ишкана болобу, аскерий өнөржайга тиешелүү болгон ишканалар болобу – өнөржайга тиешелүү бардык иштерди өнөржай идарасы башкарат. Бардык ишканалар аскерий саясат негизинде курулушу керек. Анткени жихад, согуш кошуунсуз болбойт. Кошуун үчүн болсо курал керек. Кошуунга курал жетиштүү даражада жеткирип берилиши үчүн мамлекеттин ичинде бир өнөржай, айрыкча, аскерий өнөржай болушу шарт. Кыскасы, аскерий өнөржай жана жихад – булар тыгыз байланыштагы түшүнүктөр.

Мамлекет өзүн-өзү башкарышы, башкалардын таасирине түшүп калбашы үчүн, курал өнөржайы менен алектенип, аны өнүктүрүшү керек. Анткени, ал ар дайым өзүнө-өзү кожоюн болуп турсун. Анда ар дайым эң күчтүү, эң өнүккөн курал бар болуп турсун. Анык көрүнүп турган душманды да, ыктымалда болгон душманды да коркута алган курал өзүнөн чыксын. Алла Субханаху ва Таала айтат:

﴿وَأَعِدُّوا لَهُمْ مَّا اسْتَطَعْتُمْ مِنْ قُوَّةٍ وَمِنْ رِّبَاطِ الْخَيْلِ تُرْهِبُونَ بِهِ عَدُوَّ اللَّهِ وَعَدُوَّكُمْ وَآخَرِينَ مِنْ دُونِهِمْ لاَ تَعْلَمُونَهُمُ اللَّهُ يَعْلَمُهُمْ﴾

*«(Эй момундар),* ***алар****(га каршы согуш кылуу)* ***үчүн мүмкүнчүлүгүңөрдүн барынча күч*** *(топтоп)* ***жана токулуу аттарды даярдап койгула, муну менен Алланын жана өзүңөрдүн душманыңарды жана да алардан тышкары, силер билбей турган, бирок, Алла биле турган башка бирөөлөрдү да коркунучка саласыңар».*** **[8:60]**

Мына ошондо мамлекет өзүнө-өзү кожоюн болот. Өзүнө керектүү куралды өзү иштеп чыгарып, аны өнүктүрөт. Курал иштеп чыгаруу тармагындагы өнүгүүдөн артта калбастан, дайыма эң өнүккөн куралдарга ээ болуп турат. Ошондо ачыктан-ачык душмандык кылып жаткан же душмандык кылуу ыктымалы болгон душмандарды коркута алат. Ошондуктан да, мамлекет куралды башкалардан сатып албастан, өзүнүн курал өнөржайын жолго коюшу керек. Анткени, куралды башка мамлекеттерден сатып алуу курал жана согуш жаатында ошол мамлекеттердин өз үстөмдүгүн өткөрүшүнө алып келет.

Бүгүнкү дүйнөгө назар таштасак, айкын болгон нерсе, башкаларга курал саткан мамлекеттер бардык куралды эле сата бербейт. Айрыкча, эң заманбап, өнүккөн куралды таптакыр сатышпайт. Башка куралдарды да алардын колдонушуна тиешелүү бир шарттар менен о.э. сатып алып жаткан мамлекеттин муктаждыгына карап эмес, өздөрү белгилеген

өлчөмдө сатышат. Бул нерсе курал сатуучу мамлекеттин курал сатып алуучу мамлекеттин үстүнөн өкүмдарлыгын көрсөтөт. Айрыкча, курал сатып алып жаткан мамлекет согушка кирип калса, мурункудан да көбүрөөк куралга, этияттык тетиктерине, ок-дарыларга муктаж болуп калат, ошол эле учурда, курал сатуучу мамлекеттин бардык шарттарына көнүүгө мажбур болот. Ошентип, курал сатуучу мамлекет куралга абдан муктаж абалдагы (согуш абалындагы) мамлекеттин үстүнөн өзүнүн толук өкүмдарлыгын орнотот. Муну менен курал сатып алуучу мамлекет өзүн, эрк-ыктыярын, бүткүл барлыгын курал сатуучу мамлекеттин колуна тапшырып коёт.

Мына ушул себептерге ылайык, мамлекет курал-жарак, этият тетиктерин иштеп чыгарышы керек. Ал эми, бул үчүн оор өнөржайды жолго коюшу о.э. эң оболу, оор өнөржай продукцияларын иштеп чыгара турган аскерий жана аскерий эмес ишканаларды курууга киришүүсү керек. Анын атомдук курал, космостук кеме, ракета, спутник, самолёт, танк, замбирек, аскерий кеме, ар түрдүү брондолгон машиналар, түрдүү оор жана жеңил куралдарды иштеп чыгарган өзүнүн ишканалары болушу керек. Ошону менен бирге, жабдууларды, станокторду, кыймылдаткычтарды, түрдүү материалдарды иштеп чыккан заводдорго, электроника өнөржайына жана умумий мүлккө тиешелүү ишканаларга о.э. аскерий өнөржайга алакасы болгон жеңил өнөржай буюмдарын иштеп чыгаруучу ишканаларга ээ болушу шарт. Булардын баары мусулмандар мойнуна жүктөлгөн «даярдык көрүүнүн важибдиги» талап кылган нерселер болуп саналат. Алла Таала айтат:

﴿وَأَعِدُّوا لَهُمْ مَّا اسْتَطَعْتُمْ مِنْ قُوَّةٍ﴾

***«**(Эй момундар),* **алар***(га каршы согушуу)* **үчүн мүмкүнчүлүгүңөрдүн барынча күч** *(топтоп)* **жана токулуу аттарды даярдап койгула».*****[8:60]**

Исламий мамлекет исламий даъватты жихад жана даъват аркылуу дүйнөгө алып чыга турган мамлекет болгондуктан, ал дайыма жихадга даяр турушу керек. Бул болсо, жеңил же оор болушуна карабастан, бардык өнөржай аскерий саясатка негизделип курулушу керектигин талап кылат. Анткени, муну менен ал өзүнүн мавжуд ишканаларын каалаган убакта курал иштеп чыгаруучу ишканаларга айланта алсын. Ошондуктан, Халифалык мамлекетиндеги бардык өнөржай аскерий саясат негизинде курулушу керек, оор өнөржай же жеңил өнөржай продукцияларын иштеп чыгарышына карабастан, бардык ишканалар ушул саясат негизине таянып курулушу керек. Себеби, мамлекетке керек болгон учурда аларды курал иштеп чыгаруучу ишканаларга айлантуу оңой болсун.

## Тогузунчу: Казылык

Казылык – бул бир өкүмдү уктуруу жана аны милдеттенме кылып жүктөө. Ал адамдардын ортосундагы келишпөөчүлүктөрдү ажыратат, коомчулукка зыян жете турган иштерди жоёт о.э. амалдарлар, акимдер же халифа менен адамдар ортосунда жүз берген чыр-чатак жана келишпөөчүлүктү чечет.

Казылыктын шаръийлиги Куран жана сүннөттөн алынган. Алла Таала айтат:

﴿وَأَنِ احْكُم بَيْنَهُمْ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ﴾

*«(Эй Мухаммад ﷺ), **алардын арасында Алла түшүргөн нерсе** (дин) **менен өкүм кылгын...».*** **[5:49]**

﴿وَإِذَا دُعُوا إِلَى اللَّهِ وَرَسُولِهِ لِيَحْكُمَ بَيْنَهُمْ﴾

***«Качан алар Алла жана Анын пайгамбарынын алдына ортолорунда өкүм чыгаруу үчүн чакырылышканда...».*** **[24:48]**

Пайгамбар ﷺдын өзү адамдардын арасында казылык кылган.

Пайгамбар ﷺ казылык мансабына адам дайындаган. Мисалы, Али رضي الله عنهну Яман казылыгына дайындаган жана бул жаатта көрсөтмөлөрдү берип, мындай деген:

«إِذَا تَقَاضَى إِلَيْكَ رَجُلاَنِ، فَلاَ تَقْضِ لِلْأَوَّلِ حَتَّى تَسْمَعَ كَلاَمَ الآخَرِ، فَسَوْفَ تَدْرِي كَيْفَ تَقْضِي»

**«Эгер эки киши өкүм сурап алдыңа келсе, экинчисинин сөзүн укпай туруп, биринчисинин пайдасына өкүм чыгарып жибербе. Мына ошондо кандай өкүм чыгаруу керектигин билип аласың».** Бул хадисти Термизий жана Ахмад риваят кылган. Ахмад кылган мына бул риваятта:

«إِذَا جَلَسَ إِلَيْكَ الْخَصْمَانِ، فَلاَ تَكَلَّمْ حَتَّى تَسْمَعَ مِنَ الآخَرِ كَمَا سَمِعْتَ مِنْ الأَوَّلِ»

**«Эгер эки кусуматчы алдыңа келип отурушса, биринчисинин сөзүн уккан болсоң, экинчисин да ошондой укпай туруп сүйлөбө** (т.а. өкүм чыгарып жибербе)» делген. О.э. Пайгамбар ﷺ Муаз ибн Жабалды Жанадга казы кылып дайындаган. Ушулардын баары казылыктын шаръийлигине далил болот.

Казылык аныктамасы адамдар арасын ажырым кылуу менен бирге хисбди (мухтасибдикти) да өз ичине алат. Мухтасибдик – бул «Жамаат акысына зыян жеткире турган иш үстүнөн өкүм чыгаруу жана аны милдеттенме кылып жүктөө». Муслимдин «Сахих»инде Абу Хурайрадан риваят кылынат:

«أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ مَرَّ عَلَى صُبْرَةِ طَعَامٍ، فَأَدْخَلَ يَدَهُ فِيهَا فَنَالَتْ أَصَابِعُهُ بَلَلاً، فَقَالَ: مَا هَذَا يَا صَاحِبَ الطَّعَامِ؟ قَالَ: أَصَابَتْهُ السَّمَاءُ يَا رَسُولَ اللَّهِ، قَالَ: أَفَلاَ جَعَلْتَهُ فَوْقَ الطَّعَامِ كَيْ يَرَاهُ النَّاسُ مَنْ غَشَّ فَلَيْسَ مِنِّي»

**Расул ﷺ таразада тартылып алынбай турган, үстү-үстүнө тактап коюла турган кургак тамактын алдынан өтүп калды. Тамакка колун салды эле, манжалары нымга урунду. «Эй тамак ээси, бул эмне?» деди. Ал «эй Алланын Расулу, асмандан жааган жамгырдан» деди. Ошондо ал зат: «Адамдарга көрсөтүп, тамактын үстүңкү бөлүгүнө койбойсуңбу? Алдаган адам менден эмес», - деди.**

О.э. казылык мазолимди (зулум жана адилетсиздик) көрүп чыгууну да өз ичине алат. Мазолимди көрүп чыгуу - бул «Адамдар менен халифа, же анын муавиндери, валийлери, амалдарларынын биринин ортосундагы ихтилаф жөнүндөгү о.э. же казылык кылуу жана өкүм чыгаруу үчүн негиз кылып алынмакчы болуп жаткан бирер шаръий хужжаттын мааниси туурасында мусулмандар ортосунда жүзөгө келген ихтилаф жөнүндөгү шаръий өкүмдү билдирүү жана аны милдеттенме катары жүктөө». Пайгамбар ﷺ баа белгилөө жөнүндөгү хадисте мындай деген:

«... وَإِنِّيْ لَأَرْجُوْ أَنْ أَلْقَى اللَّهَ، وَلاَ يَطْلُبُنِي أَحَدٌ بِمَظْلَمَةٍ ظَلَمْتُهَا إِيَّاهُ فِي دَمٍ وَلاَ مَالٍ»

**«...Мен Аллага – менин үстүмдөн бирер адам кун жана мал жаатындагы зулум тууралуу арызданбаган абалда – жолугууну үмүт кылам».** Бул хадисти Ахмад Анас жолунан риваят кылган. Мындан көрүнүп тургандай, аким, валий же бирер амалдардын зулуму тууралуу кимдир бирөө арызданса, бул ишти мазолим казысы көрүп чыгып, өз өкүмүн айтып, аны милдеттенме кылып жүктөйт. Ушуга ылайык, казылыктын аныктамасы Расулулла ﷺдын хадистеринде жана иштеринде келген ушул үч түрдүн баарын т.а. адамдар ортосундагы кусуматты ажырым кылууну да, жамаатка зыян жете турган ишти жоюуну да, жаран менен акимдер же амалдарлар ортосундагы ихтилафты чечүүнү да өз ичине алат.

## Казылардын түрлөрү

Казылар үч түрдүү болот. Биринчиси **казы**. Ал мамиле жана жазага тиешелүү адамдар ортосундагы кусуматтарды ажырым кылат. Экинчиси **мухтасиб**. Ал жамаат акысына зыян жеткире турган мыйзам бузуулардын үстүнөн өкүм чыгарат. Үчүнчүсү **мазолим казысы**. Ал адамдар менен мамлекет ортосундагы келишпөөчүлүктү чечет.

Казылык түрлөрүнүн баяны мына ушул. Казылык адамдар ортосундагы кусуматтарды ажырым кылуу экенине далил төмөнкүдөй, Пайгамбар ﷺ

өзү ушул иш менен алектенген, Муаз ибн Жабалды Ямандын бир нахиясына ушул ишке дайындаган. Казылыктын жамаат акысына зыян жеткире турган мыйзам бузуулар үстүнөн өкүм чыгаруу т.а. мухтасибдик экени Пайгамбар ﷺдын айткан сөздөрү жана кылган иштери менен сабит. Ал зат жогорудагы Ахмад Абу Хурайра жолунан риваят кылган хадисте **«...алдаган адам менден эмес»** деген. Ошентип, Пайгамбар ﷺ сатуучуларды алдап сатуудан кайтарды. О.э. базардагы соодагерлерди соода жаатында да, зекет берүү жаатында да чынчыл болууга буюрду. Ахмад Койс ибн Абу Гурза Кинанийден риваят кылат: «Мадина базарында соода кылар элек. Бизди далдалчылар дешчү. Пайгамбар ﷺ алдыбызга келип, бизди өзүбүз атаган наамдан жакшыраак наам менен атап,

**«يَا مَعْشَرَ التُّجَّارِ، إِنَّ هَذَا الْبَيْعَ يَحْضُرُهُ اللَّغْوُ وَالْحَلِفُ، فَشَوِّبُوهُ بِالصَّدَقَةِ»**

**«Эй соодагерлер жамааты, бул соодада керексиз сөз жана анттар болот, силер ага садаканы аралаштыргыла», - деди».**

Ахмад Абу Минхалдан риваят кылат:

**«أَنَّ زَيْدَ بْنَ أَرْقَمَ وَالْبَرَاءَ بْنَ عَازِبٍ رَضِيَ اللهُ عَنْهُمَا كَانَا شَرِيكَيْنِ، فَاشْتَرَيَا فِضَّةً بِنَقْدٍ وَنَسِيئَةً، فَبَلَغَ ذَلِكَ النَّبِيَّ ﷺ فَأَمَرَهُمَا أَنَّ مَا كَانَ بِنَقْدٍ فَأَجِيزُوهُ، وَمَا كَانَ بِنَسِيئَةٍ فَرُدُّوهُ»**

**«Зайд ибн Аркам менен Барро ибн Азиб шерик эле. Алар күмүштү нак жана насыяга сатып алышты. Пайгамбар ﷺ муну угуп, аларга «нак соодаңарды алып калып, насыя соодаңарды кайтаргыла» деп буюрду».** Пайгамбар ﷺ аларды риба (сүткордук) насыядан кайтарды. Мына ушулар мухтасибдикке тиешелүү казылык. Жамаат акысына зыян жеткире турган иштер жаатында ажырым кылуу менен алектенген казылыктын «хисба» т.а. көзөмөлчүлүк деп аталышы исламий мамлекеттеги белгилүү бир иштин т.а. соодагерлер менен кол өнөрчүлөрдү өз соодалары жана кесиптеринде адамдарды алдап койбоолору үчүн көзөмөлдөп, өлчөө жана тартуу аспаптарын текшерип туруу ишине карата колдонулган истилах (термин). Бул ишти Пайгамбар ﷺ өзү да аткарган, башкаларды да ушундай кылууга буюрган. Мисалы, жогоруда Барро ибн Азибдин хадисинде алардын экөөсүн тең риба насыядан кайтарды. Ибн Саъддын «Табакот» жана ибн Абдулбаррдын «Истийъаб» китебинде келишинче, Пайгамбар ﷺ Саид ибн Аасты фатхтан кийин Мекке базарына көзөмөлчү кылып дайындаган. Мындан, хисба т.а. мухтасибдиктин далили сүннөт экендиги көрүнүп турат. Умар ибн Хаттаб Шифага өз коомунан бир аялды т.а. Сулайман ибн Абу Хасманын энесин базар казысы т.а. хисба казысы кылган. Абдулла ибн Атабаны болсо Мадина базарына казы кылып дайындаган. Бул кабарды Малик өзүнүн «Муваттаъ»сында, Шафиий болсо өзүнүн «Муснад»ында келтирген. Умар ибн Хаттаб رضي الله عنه өзү да мухтасибдик иштери менен алектенип, Пайгамбар ﷺ сыяктуу базарларды айланып жүргөн. Тээ Махдийдин доору келгенге

чейин мухтасибдик менен халифа өзү алектенген. Махдий мухтасибдикти өзүнчө бир жихазга айлантып, натыйжада, ал казылык жихаздарынын бирине айланган. Харун ар-Рашиддин заманында мухтасиб базарларды айланып, тараза жана өлчөө аспаптарын текшерип турган, соодагерлердин мамилелерин да көзөмөлдөгөн.

Эми мазолим (зулум жана адилетсиздиктер боюнча арыздануулар) менен алектенүү да казылык жаатына кириши жөнүндөгү далилдерге токтолобуз. Алла Таала айтат:

﴿فَإِنْ تَنَازَعْتُمْ فِي شَيْءٍ فَرُدُّوهُ إِلَى اللَّهِ وَالرَّسُولِ﴾

***«Эгер кандайдыр бир нерсе жөнүндө талашып калсаңар – ал нерсени Алла жана пайгамбарына кайтаргыла!»*** **[4:59]**

Бул аят:

﴿يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا أَطِيعُوا اللَّهَ وَأَطِيعُوا الرَّسُولَ وَأُوْلِي الْأَمْرِ مِنْكُمْ﴾

***«Эй момундар, Аллага моюн сунгула жана пайгамбарга о.э. өзүңөрдөн болгон*** *(мусулман)* ***амирлерге моюн сунгула!»,*** **[4:59]**

аятынын артынан келип жатат. Жарандар менен жетекчилик ортосундагы келишпестик Алла жана Расулунун өкүмүнө коюлат. Бул болсо ушул иш менен алектене турган мазолим казысынын болушун талап кылат. Анткени, мазолим менен алектенген казылыктын аныктамасы адамдар менен халифа ортосунда жүз берген чыр-чатакты көрүп чыгууну да өз ичине алат. Мазолим казылыгына далил Пайгамбар ﷺдын айткан сөздөрү жана жасаган иштери. Бирок, Пайгамбар ﷺ да, ал заттан кийинки халифалар да мазолим менен алектенген өзүнчө бир казы дайындашпаган. Анткени, бул иш менен алар өздөрү алектенген. Мисалы, Али ибн Абу Талиб ﵁ өзү мазолим менен алектенген. Бирок, ал бул иш үчүн белгилүү бир убакыт бөлбөй, анык бир ыкманы кабыл албаган. Арыз түшөр замат карап чыгып, аны чечкен т.а. бул ишти иш арасында аткарып барган. Мындай абал Абдулмалик ибн Марвандын заманына чейин болгон. Ал мазолим үчүн анык бир убакыт жана белгилүү бир ыкма кабыл алган биринчи халифа. Ал арыздарды карап чыкчу, бирер проблема пайда болсо, казыга тапшырып, өкүм чыгартчу. Халифа адамдардын арыздарын көрүп чыга турган орун басарларды дайындаган. Ошентип, мазолим бөлүмү өзүнчө бир жихазга айланып, «Дарул-адл» т.а. адилеттүүлүк үйү деп аталды. Бул бөлүмгө белгилүү бир казыны дайындоо жагынан ушундай кылуу жайиз. Себеби, халифанын өзү аткарышы керек болгон ишти башка бирөө аткарышы үчүн өзүнөн өкүл же орун басар дайындоо укугу да бар. Бул иш белгилүү бир убакыт жана ыкма кабыл алуу жагынан да жайиз. Анткени, мындай кылуу мубах.

## Казылардын шарттары

Казылык кылган адам мусулман, азат, балагатка жеткен, акылы толук, адилеттүү, факих, өкүмдөрдү вакиъге түшүрүүнү биле турган болушу шарт. Мазолим казысы, казылардын казысы сыяктуу, бул шарттардан тышкары эркек жана мужтахид болушу да шарт. Себеби, анын иши – казылык кылуу жана өкүм чыгаруу. Ал акимдин үстүнөн өкүм чыгарат. Ага карата шариятты колдонот. Ошондуктан, ал жогорудагы шарттардан тышкары эркек да болушу шарт. Мунун үстүнө ал мужтахид да болушу шарт. Анткени, көрүлүп жаткан арыздарда акимдин Алла түшүргөн өкүмдөр менен иш алып барбай жатканы, мисалы, бирер өкүмдү шаръий далилсиз чыгарганы, же келтирген далили вакиъге дал келбегендиги көрсөтүлгөн болушу да мүмкүн. Мындай арыздарды болсо бир гана мужтахид чече алат. Эгер мужтахид болбосо, ал өз ишин билбеген казы болот. Бул болсо жайиз эмес жана арам иш. Ошондуктан, ал акимдик жана казылык шарттарынан тышкары, мужтахид да болушу шарт.

## Казыларды дайындоо

Казы, мухтасиб, мазолим казыларын бардык журттарга бардык маселелер боюнча жалпы казы кылып да, айрым жерлер же айрым маселелер үчүн өзүнчө казы кылып да дайындоого болот. Себеби, Пайгамбар ﷺ ушундай кылган. Ал зат Али ибн Абу Талибди Яман казылыгына, Муаз ибн Жабалды Ямандагы бир нахия казылыгына, Амр ибн Аасты болсо белгилүү бир маселе боюнча казы кылып дайындаган.

## Казылар маянасы

Хафиз «Фатх»та мындай дейт: «Ризк (маяна, эмгек акы) – бул халифа мусулмандардын иштери менен алектенген киши үчүн байтулмалдан бөлгөн үлүш». Казылык байтулмалдан эмгек акы алуу жайиз болгон иштерден. Мамлекет мусулмандардын иштери менен алектене турган кишилерди жалдап, аларга акы ажыратат. Мамлекет тарабынан мусулмандардын иштери менен шаръий түрдө алектенүү үчүн жалданган адам – анын иши ибадат же башка болушуна карабастан – маяна алууга акылуу. Буга далил Алла Субханаху ва Тааланын зекет жыюу менен алектенгендерге да үлүш белгилеген мына бул аяты:

﴿وَالْعَامِلِينَ عَلَيْهَا﴾

*«…садага жыюучуларга…».* **[9:60]**

Бурайдадан риваят кылынган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«أَيُّمَا عَامِلٍ اسْتَعْمَلْنَاهُ وَفَرَضْنَا لَهُ رِزْقاً، فَمَا أَصَابَ بَعْدَ رِزْقِهِ فَهُوَ غُلُولٌ»

**«Кайсы бир кызматчыны жалдап, ага маяна дайындасак, ушул маянасынан ашыкча алганы – кыянат кылганы».** Бул хадисти Абу Давуд, Ибн Хузайма өзүнүн «Сахих»инде, Байхакий, Хаким

риваят кылган жана эки шейх шартына ылайык да сахих деген о.э. аны Захабий макулдаган. Мавардий болсо «ал-Хавий»де айтат: «Казылык үчүн да байтулмалдан маяна алуу жайиз. Себеби, Алла Таала зекет жыюу менен алектенгендерге да үлүш дайындаган. Умар Шурайхты казы кылып дайындап, ага жүз дирхам айлык маяна дайындаган. Халифалык Алиге өткөндөн кийин, анын айлык маянасын беш жүз дирхамга көтөргөн. Зайд ибн Сабит да казылык кылганына маяна алган». Бухарий таълик т.а. түшүндүрмө катары риваят кылат: «Шурайх казылык үчүн маяна алчу». Хафиз түшүндүрмөгө түшүндүрмө катары риваят кылат: «Эми Шурайхка токтолсок, Саид ибн Мансур Суфяндан, ал Мужалидден, ал Шаъбийден риваят кылышынча, Масрук казылык үчүн маяна албас эле, Шурайх болсо алчу». Хафиз «Фатх»та мындай дейт: «Ибн Мунзирдин айтышынча, Зайд ибн Сабит казылык үчүн маяна алар эле». Ибн Саъд Нафиъден риваят кылат: «Умар ибн Хаттаб Зайд ибн Сабитти казылык ишине алып, ага маяна дайындаган». Сахабалар жана алардан кийинкилер казылык үчүн маяна алуунун жайиздигине ижма кылышкан. Хафиз «Фатх»та мындай дейт: «Абу Али Каробисий айтат, сахабалар жана алардан кийинки бардык илимдүүлөрдүн назарында казылык үчүн маяна алынса эч нерсе болбогон. Бардык өлкө фукахаларынын сөзү мына ушундай. Алардын арасында ихтилафты көрбөдүм. Масрук сыяктуу бир канчалары аны макрух деп билишкен. Ал эми, аны арам деп билген бир да факихти билбеймин». Ибн Кудама «ал-Мугний»де мындай дейт: «Умар Муаз ибн Жабал менен Абу Убайданы Шамга жиберген убакта аларга кат жөнөтүп, анда: «Өзүңөрдөн мурун барган салих кишилерди издеп тапкыла да, казылыкка ишке жалдагыла жана аларга кең болгула о.э. байтулмалдан жетиштүү маяна бөлгүлө», - деген».

## Мекемелерди түзүү

Мекемеде (сот мекемесинде) ажырым кылуу укугуна ээ бир гана казы болот. Башка казылар да болушу мүмкүн. Бирок, алардын өкүм чыгаруу укуктары болбойт. Алар өз пикирлерин айтышы, кеңеш бериши гана мүмкүн. Алардын пикирлери казы үчүн мажбурий эсептелбейт.

Мунун себеби мындай, Расул ﷺ бир маселеге бир гана казыны дайындаган. Мындан тышкары, казылык – бул өкүмдү уктуруу жана аны милдеттенме кылып жүктөө. Ал эми, мусулман үчүн бир гана өкүм болот. Ал Алла Тааланын өкүмү. Алла Тааланын өкүмү болсо бирөө гана болот. Туура, аны ар түрдүү түшүнсө болот. Бирок, амал кылуу жагынан бул өкүм бирөө гана болот. Казы өкүмдү айтып, аны милдеттенме кылып жүктөгөн кезде, мына ошол айтылган өкүм бирөө болуп калышы важиб. Анткени, анын акыйкаты ушундай, ал Алла Тааланын өкүмүнө амал кылуу болуп саналат. Алла Тааланын өкүмү болсо, мейли, аны ар түрдүү түшүнүүгө мүмкүн болсо да, амал кылуу абалында болгону бирөө гана болот. Ошондуктан, бир маселеде т.а. бир мекемеде бир гана казы

болушу керек. Ал эми, бир шаар болуп, бирок, бир жайдагы эки өз-өзүнчө бөлөк мекемеде бардык маселелер жаатында ар бирине өзүнчө бир казы казылык кылышы жайиз. Анткени, казылык – бул халифага орун басарлык, андан өкүлдүк. Вакалаттардын, вакилдердин бир нече болушу мүмкүн болгону сыяктуу, бир жердеги казылар да бир нече болушу мүмкүн. Жаңжалдашып жаткан эки тарап бир жерде эки казынын бирин тандоо туурасында тартышып калган учурда, доогердин каалоосуна карай казы тандалат. Себеби, доогер – акыйкатты талап кылуучу. Ушуга ылайык, бул жаатта анын сөзү эсепке алынат.

Казы жалаң казылык межлисинде гана казылык кыла алат. Казылык межлисинен башка жайдагы күбөлүк берүү да, ант ичүү да эсепке алынбайт. Абдулла ибн Зубайрдан мындай риваят кылынат:

«قَضَى رَسُولُ اللَّهِ ﷺ أَنَّ الْخَصْمَيْنِ يَقْعُدَانِ بَيْنَ يَدَيِ الْحَاكِمِ»

**«Расул ﷺ доогер да, жоопкер да акимдин алдында отурушу керек деп өкүм кылган».** Бул хадисти Абу Давуд жана Ахмад риваят кылган. Анда казылык иш жүзүнө ашырыла турган уюм баян кылынган. Бул уюм акыйкатына карай шаръий уюм болуп эсептелет. Т.а. казылыкты аткаруу үчүн белгилүү бир уюмдун болушу, башкача айтканда, доогер менен жоопкердин казылык межлисинде – аким алдында отурушу шарт. Ошондо гана казылык сахих-туура болот. Пайгамбар ﷺдын Али ؓга:

«إِذَا جَلَسَ إِلَيْكَ الْخَصْمَانِ، فَلا تَكَلَّمْ حَتَّى تَسْمَعَ مِنَ الآخَرِ كَمَا سَمِعْتَ مِنَ الأَوَّلِ»

**«Эгер эки кусуматчы алдыңа келип отурушса, биринчисинин сөзүн уккан болсоң, экинчисин да ошондой укпай туруп сүйлөбө** (т.а. өкүм чыгарып жибербе)» деген сөзү да ушуну тастыктайт. Ошол эле учурда, «**Эки кусуматчы алдыңа келип отурушса...**» деген сөз белгилүү бир уюмду түшүндүрөт. Демек, казылык кылуу үчүн казылык межлиси болушу шарт. Казылык межлиси ант ичүү этибарга алынышы үчүн да шарт. Пайгамбар ﷺ:

«اَلْيَمِينُ عَلَى الْمُدَّعَى عَلَيْهِ»

**«Доо артылуучу ант ичиши керек»** деген. Бул хадисти Бухарий ибн Аббас жолунан риваят кылган. Бул сыпат т.а. доо артылып жаткан адамдын ант ичиши казылык межлисинде гана болот. О.э. хужжат да бир гана казылык межлисинде этибарга алынат. Буга далил Пайгамбар ﷺдын:

«... وَلَكِنِ الْبَيِّنَةُ عَلَى الْمُدَّعِي، وَالْيَمِينُ عَلَى مَنْ أَنْكَرَ»

**«...бирок, хужжат келтирүү доогерге важиб, ант ичүү болсо аны инкар кылганга важиб»** деген сөзү. Бул хадисти Байхакий риваят кылган. Доогердин хужжат келтирүү сыпаты да казылык межлисинде гана болот.

Маселелерге карап мекемелердин даражалары ар түрдүү болушу мүмкүн. Айрым казылар белгилүү бир түрдөгү маселелерге хос кылынышы, башка маселелер болсо башка мекемелерге тапшырылышы жайиз.

Анткени, казылык – бул халифага орун басарлык. Бул иш менен вакалат бирдей иш. Алардын ортосунда айырма жок. Себеби, бул иш да вакалатка кирет. Вакалат болсо умумий болушу да, хусусий болушу да мүмкүн т.а. чектелбеген болушу да, чектелген болушу да мүмкүн. Ошондуктан, мейли, бир жерде болсо да, белгилүү бир маселе үстүнөн бир казы, башка маселелерге болсо башка казы дайындалышы мүмкүн. Түрдүү даражадагы мекемелер болушунун жайиздиги да мына ушундан келип чыгат. Алгачкы кылымдардагы мусулмандарда ушундай болгон. Мавардий өзүнүн «ал-Ахкам ас-Султанийя» деген эмгегинде мындай дейт: «**Абу Абдулла Зубайрий айтат: амирлер Басрада бир убактарда жамиъ мечитине бир казы дайындашкан. Аны мечит казысы деп аташчу. Ал жыйырма динар же эки жүз дирхам жана андан аз өлчөмдөгү иштерди көрүп чыгып, нафакаларды белгилечү. Өз жайынан жана өзүнө белгиленген нерседен башкасына өтпөс эле**». Расул ﷺ бир маселе үстүнөн казылык кылуу үчүн Амр ибн Аасты, бүткүл бир вилаятка – Яманга казылык кылышы үчүн болсо Али ибн Абу Талибди өзүнө орун басар кылып дайындаган. Ушудан көрүнүп тургандай, казылыкты хусусий кылуу да, умумий кылуу да т.а. чектөө да, чектебөө да мүмкүн.

Апелляция жана кассация мекемелери болбойт. Себеби, маселе үстүнөн чыгарылган өкүмдүн даражасы бир катъий өкүм даражасында болот. Демек, казы өкүмдү айттыбы, бүттү, ал албетте аткарылышы керек. Анын өкүмүн башка бир казынын өкүмү жоккко чыгара албайт. «**Ижтихад өзүнө окшогон дагы бир ижтихад менен бекер кылынбайт**» деген шаръий коида бар. Демек, кандайдыр бир мужтахид башка бир мужтахидге каршы хужжат боло албайт. Ошондуктан, бир мекеме чыгарган өкүмдү бекер кыла турган башка бир мекеме болушу мүмкүн эмес.

Бирок, эгер казы исламий шарият өкүмдөрү менен өкүм чыгарбастан, куфр өкүмдөрү менен өкүм чыгарса, же Китеп, сүннөт жана сахабалардын ижмасындагы катъий хужжатка карама-каршы өкүм чыгарса, же вакиъ акыйкатына туура келбей турган өкүм чыгарса, мисалы, бир адамды атайлап адам өлтүргөн деп анын үстүнөн өч алуу өкүмүн чыгарып жиберсе, артынан чыныгы катыл табылып калса, ушул жана ушул сыяктуу абалдарда казынын өкүмү бекер кылынат. Анткени, Расул ﷺ:

«مَنْ أَحْدَثَ فِي أَمْرِنَا هَذَا مَا لَيْسَ مِنْهُ فَهُوَ رَدٌّ»

**«Кимде-ким биздин бул ишибизде андан болбогон ишти пайда кылса, ал рад кылынат»**, - деген. Бул хадисти Бухарий жана Муслим Айша ﵂нын жолунан риваят кылган. Жабир ибн Абдулла риваят кылат:

«أَنَّ رَجُلاً زَنَى بِامْرَأَةٍ، فَأَمَرَ بِهِ النَّبِيُّ ﷺ فَجُلِدَ، ثُمَّ أُخْبِرَ أَنَّهُ مُحْصَنٌ فَأَمَرَ بِهِ فَرُجِمَ»

**«Бир киши бир аял менен зина кылды. Набий ﷺ буюрду жана ага дарра урулду. Кийин анын үйлөнгөндүгүнүн кабары берилди. Эми, ал зат буюрду жана ал ташбараң кылынды».** Малик ибн Анас риваят кылат:

«بَلَغَنِي أَنَّ عُثْمَانَ ﵁ أُتِيَ بِامْرَأَةٍ وَلَدَتْ مِنْ سِتَّةِ أَشْهُرٍ فَأَمَرَ بِرَجْمِهَا. فَقَالَ لَهُ عَلِيٌّ: مَا عَلَيْهَا رَجْمٌ، لِأَنَّ اللَّهَ تَعَالَى يَقُولُ: ﴿وَحَمْلُهُ وَفِصَالُهُ ثَلاَثُونَ شَهْرًا﴾ وَيَقُولُ: ﴿وَالْوَالِدَاتُ يُرْضِعْنَ أَوْلاَدَهُنَّ حَوْلَيْنِ كَامِلَيْنِ لِمَنْ أَرَادَ أَنْ يُتِمَّ الرَّضَاعَةَ﴾ فَالْحَمْلُ يَكُونُ سِتَّةَ أَشْهُرٍ، فَلا رَجْمَ عَلَيْهَا، فَأَمَرَ عُثْمَانَ بِرَدِّهَا»

**«Мага жетип келген кабарга ылайык, Усман ﵁нун алдына алты айда төрөп койгон бир аялды алып келишти. Усман аны ташбараң кылууга буюрду. Ошондо ага Али: ага карата ташбараң кылуу өкүмү чыгарылбайт, анткени, Алла Таала: *«Ага хамилалуу болуу жана аны* *(сүттөн)* *ажыратуу* *(мөөнөтү)* *отуз ай»* [46:15] жана *«Энелер балдарын толук эки жыл эмизишет.* *(Бул өкүм)* *эмизүүнү толук кылмакчы болгон адамдар үчүн»,* [2:233] деген, демек, жүктүү болуу алты ай болушу мүмкүн, ошондуктан, ал ташбараң кылынбайт, - деди. Бул сөздү уккан Усман аялды кайтарууга буюрду».** Абдурраззак имам Саврийден кабар берип мындай дейт: «Эгер казы Алланын Китеби, же Расул ﷺдын сүннөтү, же сахабалардын ижмасына карама-каршы өкүм чыгарса, кийинки казы анын өкүмүн жокко чыгарат».

Өкүмдөрдү бекер кылуу укугу мазолим казысына берилет.

## Мухтасиб

Мухтасиб – жалпы элдин укуктарына тиешелүү бардык маселелерди көрүп чыгуучу казы. Ал хаддардын, жинаяттардын алкагына кирбегендиктен, бул иште доогер болбойт.

Мухтасиб казынын аныктамасы мына ушул. Ал үстү-үстүнө тактап коюла турган кургак тамак жөнүндөгү хадистен алынган. Себеби, Пайгамбар ﷺ тамактын арасында ным бар экендигин билгенден кийин, аны тамактардын үстүңкү бөлүгүнө коюуну буюрду. Анткени, муну менен адамдар аны көрүшсүн. Бул жерде Пайгамбар ﷺ жалпы адамдардын акысына карады. Кыянат болуп калбашы үчүн ным тамакты тамактардын эң үстүнө коюуну буюрду. Бул хадис ушул жааттагы бардык акы-

укуктарга тиешелүү. Ал эми, ал хаддар менен жинаяттарга тиешелүү эмес, анткени, алар адамдар ортосундагы кусуматтар.

## Мухтасибдин укуктары

Мухтасиб мыйзамбузарлыкка туш келери менен ошол жайда өкүм чыгаруу укугуна ээ. Ал үчүн казылык межлисинин болушу шарт эмес. Ал чыгарган өкүм-буйруктарды иш жүзүнө ашырышы үчүн анын кол астында бир канча шурталар болот.

Мухтасиб доону көрүп чыгышы үчүн казылык межлисинин болушу шарт эмес. Ал мыйзам бузуу болор замат өз өкүмүн чыгара берет. Ал туш келген жайда жана туш келген убакытта өкүм чыгаруу укугуна ээ. Базардабы, үйдөбү, машинадабы, аттабы, күндүзүбү, түнүбү айырмасы жок. Анткени, казылык межлиси болушу шарт экендигин көрсөтүүчү далил мухтасибге түшпөйт. Казылык межлиси болушу шарттыгын көрсөтүүчү хадисте «**Эки жаңжалдашуучу акимдин алдында отурушат**» деп айтылган. Дагы бир хадисте болсо «**Эки доогер сенин алдыңа келип отурушканда...**» делген. Мухтасиб казысында болсо мындай абал жүз бербейт. Себеби, анда доогер жана доо коюлуучу болбойт. Тескерисинче, анда жалпы адамдар акысына кол салуу же шариятка тескери иш тутуу абалдары гана бар. Пайгамбар ﷺ үстү-үстүнө тактап коюла турган кургак тамакты базардан өтүп бара жатканда көрүп калган. Ал сатууга коюлган эле. Тамак ээсине карата доо кылынбады. Шариятка тескериликти көрөрү менен ошол жайдын өзүндө өз өкүмүн айтты. Бул нерсе мухтасиб казылыгында казылык межлисинин шарт эместигин көрсөтөт.

Мухтасиб өзүнө орун басарларды дайындоо укугуна да ээ. Мында орун басарлыктын шарттары табылышы шарт. Алар түрдүү тараптарга бөлүштүрүлөт жана өздөрү дайындалган региондо мухтасибдик милдетин аткаруу укугуна ээ болушат.

Бул иш мухтасибге өзүнө орун басар дайындоо укугу берилген же берилбегенине байланыштуу. Эгер ага өзүнө орун басар дайындоо укугу берилбеген болсо, анда өзүнө орун басар дайындоо укугуна ээ болбойт.

## Мазолим казысы

Мазолим казысы мамлекет тарабынан ушул мамлекеттин салтанаты астында жашап жаткан жаран же жаран болбогон адамга карата жасалган мазлиманы (зулум жана адилетсиздикти) жоюу үчүн дайындалат. Бул адилетсиздик халифа тарабынан болобу, же бирер аким, же бирер амалдар тарабынан болобу, айырмасы жок.

Мазолим казысынын аныктамасы ушундай. Мунун негизи мындай, Пайгамбар ﷺ акимдин жаран үстүнөн өкүм чыгарууда туура эмес жолдон барышын мазлима деп белгилеген. Анас риваят кылат: Пайгамбар ﷺдын

доорунда баа көтөрүлүп кетип, сахабалар: «эй Алланын Пайгамбары, баа белгилеп койсоңуз жакшы болор эле», - дешти. Ошондо Пайгамбар ﷺ:

«إِنَّ اللَّهَ هُوَ الْخَالِقُ الْقَابِضُ الْبَاسِطُ الرَّازِقُ الْمُسَعِّرُ، وَإِنِّي لَأَرْجُو أَنْ أَلْقَى اللَّهَ وَلاَ يَطْلُبُنِي أَحَدٌ بِمَظْلَمَةٍ ظَلَمْتُهَا إِيَّاهُ فِي دَمٍ وَلاَ مَالٍ»

**«Албетте, Алла – жаратуучу, аз кылып берүүчү, кең кылып берүүчү, ырыскы берүүчү, баа белгилөөчү. Мен Аллага – менин үстүмдөн бирер адам кун жана мал жаатындагы зулум тууралуу арызданбаган абалда – жолугууну үмүт кыламын», -** деди. Бул хадисти Ахмад риваят кылган. Хадисте Пайгамбар ﷺ баа белгилөөнү адилетсиздик деп билип жатат. Себеби, ушул ишти кылса, акысы жок болгон ишти кылган болорун айтып жатат. О.э. Пайгамбар ﷺ адамдардын мамлекет тартипке сала турган жалпы укуктарына тиешелүү маселелерди да мазолим казысы көрүп чыга турган маселелердин катарына киргизди. Мисалы, адамдар кызыкчылыгы үчүн мамлекет тарабынан бир тартип колдонулса жана бул тартипти кайсы бир адам өзүнө карата адилетсиздик деп билсе, бул иш мазолим казысы тарабынан көрүлүп чыгат. Себеби, ал мамлекет тарабынан ишке ашырылган тартиптин бир жаранга карата жасаган адилетсиздиги эсептелет. Мисалы, эгинди мамлекет белгилеп койгон кезек менен сугаруу ж.б.у.с.

Буга далил, бир ансарийдин кезек менен сугаруу жөнүндөгү мамлекет ишке ашырган тартип үстүнөн арызданганы. Т.а. мамлекет суу кимдин эгининен биринчи агып өтсө, ошол биринчи сугарат деп тартип белгилеген. Ансарий болсо Зубайр өз эгинин сугарбастан сууну өткөрүп жиберишин талап кылган. (Суу алгач Зубайрдын жеринен өткөн). Зубайр баш тарткан. Маселе Пайгамбар ﷺга көтөрүлөт. Ал зат алгач Зубайр өз жерин жеңил гана сугарып, калган сууну өткөрүп жиберүүгө өкүм кылды. (Т.а. ансарийге жардам берүү үчүн Зубайр өз кезегинен толук пайдаланбашы керек болгон). Ансарий бул өкүмгө да ыраазы болбогон, Зубайр сугарбастан суу анын жерине өткөрүлүшүн каалаган жана Пайгамбар ﷺга «Зубайр аммаңыздын уулу болгону үчүн ушундай өкүм чыгардыңыз» деген. (Пайгамбар ﷺ жөнүндө мындай деш абдан оор сөз болгон. Бирок, Пайгамбар ﷺ аны Бадрда катышканы үчүн кечирип жиберет. Бухарийдин риваятында мындай деп айтылат).

Мына ошондо Пайгамбар ﷺ Зубайр өз акысын толук алышына т.а. өз жерин дубалдын, даректын астына жетип барганга чейин сугарышына өкүм чыгарган. Аалымдар бул сөздү суунун жерден бутту көмө турган даражада көтөрүлүшү деп тафсир кылышкан. Бул хадисти толук бойдон Муслим Урва ибн Зубайр жолунан мындай риваят кылган: «Абдулла ибн Зубайр айтып беришинче, бир ансарий Зубайр менен Пайгамбар ﷺдын алдында Харра өзөнү тууралуу кусуматташыптыр. Курма дарактарын сугарган суу мына ошол Харра өзөнүнөн агып келген. Ансарий «сууну коё

бер» деди. Зубайр буга көнбөдү. Ошондо экөөсү Пайгамбар ﷺдын алдына жаңжалдашып келишти. Пайгамбар ﷺ,

«اسْقِ يَا زُبَيْرُ ثُمَّ أَرْسِلِ الْمَاءَ إِلَى جَارِكَ»

**«Эй Зубайр, алгач өзүң сугаргын да, кийин сууну коңшуңа жибер», -** деди. Буга ансарий ачууланып: «Эй Алланын Пайгамбары, бул адам аммаңыздын уулу да ээ», - деди. Бул сөзгө Пайгамбар ﷺдын жүзү өзгөрүп:

«يَا زُبَيْرُ اسْقِ ثُمَّ احْبِسِ الْمَاءَ حَتَّى يَرْجِعَ إِلَى الْجَدْرِ»

**«Эй Зубайр, сугар, кийин сууну тээ дубалга жетип кайтканга чейин кармап тур», -** деди. Зубайр айтат: Аллага ант болсун, мен Алла Тааланын:

﴿فَلاَ وَرَبِّكَ لاَ يُؤْمِنُونَ حَتَّىَ يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ بَيْنَهُمْ ثُمَّ لاَ يَجِدُواْ فِي أَنفُسِهِمْ حَرَجًا﴾

***«Жок,*** *(эй Мухаммад* ﷺ*),* ***Роббиңе ант болсун, тээ алар өз ортолорунда чыккан келишпөөчүлүктөрдө сени өкүм чыгаруучу кылышмайынча жана кийин сен чыгарган өкүмдөн дилдеринде эч кандай мүчүлүштүк таппай, толук моюн сунушмайынча эч качан момун боло алышпайт»,*** **[4:65]**

деген аяты мына ушул окуя жөнүндө түшүрүлгөн деп эсептеймин. (Харра өзөнү дегенден суу агып келе турган жай назарда тутулган. Харра Мадинадагы таанымал жердин аты. Ага өзөн сөзүнүн кошулуп айтылышы андан суу агып келишине ишара болот. Абу Убайд айтат «Мадинада жамгыр суусу аккан эки өрөөн болуп, адамдар аны талашчу. Ошондо Пайгамбар ﷺ алгач эң жогорудагы, кийин андан төмөнүрөөктөгү, кийин дагы төмөнүрөөктөгү жана башка ушул сыяктуу деп өкүм чыгарган. Т.а. өзөн кимдин жеринен биринчи өтсө, ошол биринчи сугара турган болгон).

Ушуга ылайык, аким тарабынанбы, мамлекет уюмдары тарабынанбы, кайсы бир адамга карата адилетсиздик кылынса, бул иш халифага же ага орун басар болуп дайындалган мазолим казыларына көтөрүлөт.

## Мазолим казыларын ишке дайындоо жана иштен алуу

Мазолим казысы халифа же казылардын казысы тарабынан дайындалат. Анткени, мазлима казылык иштерине кирет. Казылык болсо – шаръий өкүмдү уктуруу жана аны милдеттенме кылып жүктөө. Кандай түрдөгү казы болбосун, ар бир казыны халифа дайындайт. Себеби, жогоруда айтып өткөнүбүздөй, бардык түрдөгү казыларды Пайгамбар ﷺ өзү дайындаган. Эгер халифа казылардын казысын дайындаганда ага мазолим казысын дайындоо укугун берген болсо, бул орунга казылардын казысы да адам дайындашы мүмкүн. Мамлекет борборундогу негизги мазолим мекемесинин иши халифа, вазирлер, казылардын казысы

тарабынан болгон адилетсиздиктерди көрүп чыгуу менен чектелиши мүмкүн. Мазолим мекемесинин вилаяттардагы бөлүмдөрү валийлер жана башка мамлекет амалдарлары тарабынан жүз берген адилетсиздиктер менен алектенет. Халифа борбордук мазолим мекемесине вилаяттардагы ушул мекемеге караштуу бөлүмдөрдүн казыларын ишке дайындоо жана иштен алуу укугун бериши мүмкүн.

Мамлекет борборундагы башкы мазолим мекемесинин мүчөлөрүн халифа дайындайт жана иштен бошотот. Борбордук мазолим мекемесинин башчысын т.а. халифаны бошотуу маселесин көрүп чыга турган казыны иштен бошотуу маселесине келсек, негизи, халифанын аны ишке дайындоого акысы болгону сыяктуу, иштен бошотууга да акысы бар. Бирок, мындай абал туулуп калышы мүмкүн, эгер борбордук мазолим казысын иштен алуу укугу халифага берилсе, бул иштин арамга алып барып коюу ыктымалы көбүрөөк болот. Шаръий коидада болсо «Арамга алып бара турган васита да арам» делген. Ушундай болуу ыктымалынын көп болгондугунун өзү ушул коиданы колдонууга жетиштүү болот.

Мындай абалда т.а. халифанын өзүнө, же вазирлерге, же казылардын казысына (эгер халифа ага мазолим казысын ишке дайындоо жана иштен алуу укугун берген болсо) каршы иш козголгондо мазолим казысын иштен алуу укугунун халифада калышы мазолим казысынын өкүм чыгарышына таасир көрсөтүшү, мүмкүнчүлүгүн чектеп коюшу мүмкүн, натыйжада, ал халифанын өзүн же орун басарларынын бирин иштен бошото албай калышы мүмкүн. Ушул этибар менен, мындай учурда иштен бошотуу укугу арамга алып баруучу васитага айланып, анын халифада калышы арам.

Башка абалдарда болсо өкүм өз абалында калат. Т.а. мазолим казысын ишке дайындоо жана иштен бошотуу укугу халифада калат.

## Мазолим казылыгынын укуктары

Мазолим мекемеси мамлекет жихазындагы бирер адам тарабынан жасалган адилетсиздик; халифанын бирер шаръий өкүмгө тескери иш кылганы; халифа кабыл алган дустур же мыйзамдын бирер пунктундагы ката; адамдардын кызыкчылыктары, салык жана башка тармактарга тиешелүү идарий мыйзамдардагы бирер адилетсиздик сыяктуу иштер менен алектенүү укугуна ээ болот.

Мамлекет жихазындагы бирер адамдын иши болобу, халифанын бирер шаръий өкүмгө тескери иш кылганы болобу, ал табанний кылган дустур же мыйзамдагы каталык болобу, салыкка тиешелүү иш болобу, мамлекеттин жаран укугуна кол салышы болобу, мажбурлап салык салышы болобу, кошуун же кызматчылардын маянасы аздыгы болобу, анын убагында берилбеши болобу – ар кандай арызды көрүп чыгууда мазолим казылыгы үчүн казылык межлисинин, доогер жана жоопкердин

болушу шарт эмес. Эч ким доо кылбаса деле ал адилетсиздикти өзү көрүп чыгышы мүмкүн.

Анткени, жогоруда айтып өтүлгөн казылык межлиси болушунун шарт экендиги жөнүндөгү далил мазолим казылыгына туура келбейт. Себеби, бул иште доогердин да, жоопкердин да катышуусу шарт эмес. Иш доогерсиз деле, жоопкерсиз деле көрүлө берет. Ушуга ылайык, мазолим казылыгында казылык межлисинин болушу шарт кылынбайт. Абу Давуд жана Ахмад Абдулла ибн Зубайрдан риваят кылат:

«قَضَى رَسُولُ اللَّهِ ﷺ أَنَّ الْخَصْمَيْنِ يَقْعُدَانِ بَيْنَ يَدَيِ الْحَاكِمِ»

**«Расул ﷺ доогер да, жоопкер да акимдин алдында отурушу керек деп өкүм кылды».** Пайгамбар ﷺ Али ؓга:

«إِذَا جَلَسَ إِلَيْكَ الْخَصْمَانِ»

**«Доогер менен жоопкер алдыңа келип отурушканда...»** деген. Ушуга ылайык, мазолим казылыгы заман, мекен, казылык межлиси сыяктуу шарттарсыз деле ишти көрүп чыга берет. Болгону, бул мекеменин укуктары жагынан туткан деңгээлинин этибары менен, анын кадыр-баркын, айбатын ашыруу үчүн жай тандалышы мүмкүн. Мисалы, султандардын заманында Мисир жана Шамда арыздар көрүлүп чыга турган султан межлиси болгон. Аны **«Дарул-адл»** т.а. адилетүүлүк үйү деп аташкан. Мындай ишке орун басарлар, казылар, факихтер катышкан. Макризий «ас-Сулук ила маърифати дувалил-мулук» китебинде айтышынча, салих падыша, султан Айюб «Дарул-адл»да арыздарды көрүп чыгышы үчүн өзүнө орун басарларды дайындаган. Алар менен бирге күбөлөр, казылар жана факихтер да болушкан. Мазолим мекемеси үчүн бир кооз имарат курулса да боло берет. Себеби, бул иш мубах иштерден. Кала берсе, ал адилеттүүлүктүн улуулугун көрсөтүп турат.

## Халифалык тикеленишинен мурунку бүтүмдөр, мамилелер жана буйруктар

Халифалык тикеленишинен мурунку бүтүмдөр, мамилелер жана буйруuктар сахих эсептелип, аларды Халифалык бекер кылбайт, аларды кайра козгоп отурбайт. Халифалык тикеленгенден кийин алар жөнүндөгү доолор кабыл алынбайт.

Эки абал гана мындан тышкарыда:

1. Эгер түзүлгөн жана ишке ашырылып бүткөн бүтүм Исламга тескери болгон натыйжаларды берип турса;

2. Эгер маселе Ислам жана мусулмандарга азар бергендерге тиешелүү болсо.

Ушул эки абалдан башка абалдарда Халифалык тикеленишинен мурун түзүлгөн бүтүмдөр, чыгарылган буйруктар жана жолго коюлган мамилелер өз күчүндө калат. Анткени, Пайгамбар ﷺ жахилияттагы

мамилелерди, бүтүмдөрдү жана буйруктарды Ислам мамлекети тикеленгенден кийин бекер кылбады. Пайгамбар ﷺ фатхтан кийин өз журтуна кайтпады. Ал заттын туугандарына караштуу турак-жайларды ошол убактагы Курайш мыйзамдары боюнча Акыйл ибн Абу Талиб мурас кылып алып, иштеткен жана сатып жиберген. Алардын арасында Пайгамбар ﷺдын турак-жайы да болгон. Ошондо Пайгамбар ﷺдан, кайсы үйүңүзгө барасыз деп сурашканда, ал зат:

«وَهَلْ تَرَكَ لَنَا عَقِيلٌ مِنْ رِبَاعٍ»

**«Акыйл бизге жашай турган жай калтырыптырбы?»** деген. Дагы бир риваятта,

«وَهَلْ تَرَكَ لَنَا عَقِيلٌ مِنْ مَنْزِلٍ»

**«Акыйл бизге үй калтырыптырбы?»** деген. Себеби, ал Пайгамбар ﷺдын үйүн сатып жиберген эле. Пайгамбар ﷺ бул соода бүтүмүн бекер кылбады. Бухарий Усама ибн Зайд жолунан чыгарган хадисте мындай делген: «Ал фатх убагында: Эй Алланын Пайгамбары, эртең каерге жайгашасыз? – деп сурады. Пайгамбар ﷺ:

«وَهَلْ تَرَكَ لَنَا عَقِيلٌ مِنْ مَنْزِلٍ؟»

**«Акыйл бизге үй калтырыптырбы?»** – деди». О.э. варид болушунча, Абу Аас ибн Робиъ мусулман болуп, Мадинага хижрат кылгандан кийин (анын аялы Пайгамбар ﷺдын кызы Зайнаб, эрин мушрик абалында Меккеде калтырып, өзү Бадрдан кийин хижрат кылган), Пайгамбар ﷺ нике бүтүмүн жаңылабастан ага аялы Зайнабды кайтарып берген. Муну менен жахилияттагы никени тан алды. Ибн Маажа ибн Аббас жолунан чыгарган хадисте мындай деп айтылат:

«أَنَّ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ رَدَّ ابْنَتَهُ – أَيْ زَيْنَبَ – عَلَى أَبِي الْعَاصِ ابْنِ الرَّبِيعِ بَعْدَ سَنَتَيْنِ بِنِكَاحِهَا الأَوَّلِ»

**«Расул ﷺ кызын т.а. Зайнабды эки жылдан кийин биринчи никеси менен Абу Аас ибн Робиъге кайтарып берди».** Бу иш Абу Аас мусулман болгондон кийин жүз берген.

Эми Исламга тескери натыйжа берип тура турган бүтүм туурасында кайрадан иш козголушуна келсек, Пайгамбар ﷺ Ислам мамлекети тикеленгенден кийин адамдардын үстүндө калган сүткордукту бекер кылды. Алардын кирешелери өздөрүнө болушун белгиледи. Абу Давуд Сулайман ибн Амрдан, ал атасынан риваят кылышынча, Пайгамбар ﷺ коштошуу ажылыгында мындай деген экен:

«أَلا إِنَّ كُلَّ رِباً مِنْ رِبَا الْجَاهِلِيَّةِ مَوْضُوعٌ لَكُمْ رُؤُوسُ أَمْوَالِكُمْ لاَ تَظْلِمُونَ وَلاَ تُظْلَمُونَ»

**«Билип койгула, жахилият сүткордугунан болгон ар кандай сүткордук бекер кылынды. Кирешелериңер өзүңөрдүкү. Зулум да кылбайсыңар, зулум кылынбайсыңар да».**

О.э. сахабалар жахилият мыйзамына ылайык, төрттөн ашык аялга да үйлөнүшкөн. Ислам мамлекети жүзөгө келгенден кийин, төрт гана аялды алып калуу важиб кылынды. Термизий Абдулла ибн Умар жолунан риваят кылышынча, Гийлан ибн Салама Сакофий мусулман болгон кезинде анын он аялы болгон. Алар да Гийланга кошулуп мусулман болушту.

«فَأَمَرَهُ النَّبِيُّ ﷺ أَنْ يَتَخَيَّرَ أَرْبَعاً مِنْهُنَّ»

**«Ошондо Пайгамбар ﷺ ага аялдарынын төртөөсүн тандап алышын буюрду».**

Ушуга ылайык, Исламга тескери таасир кыла турган бүтүмдөр жөнүндөгү сөз мындай, Халифалык мамлекетинин тикелениши менен бул тескери таасирлер жоюлат. Өзү ушундай кылуу важиб.

Мисалы, муслима аял Исламдан мурун насронийге эрге тийген болсо, Халифалык тикеленгенден кийин шарият өкүмдөрүнө ылайык, бул нике бүтүмү бекер кылынат.

Эми Ислам жана мусулмандарга азар бергендерге тиешелүү иштерди кайра козгоого келсек, Расул ﷺ Мекке фатх кылынгандан кийин, жахилият убагында Ислам жана мусулмандарга азар берген бир канча кафирлердин – ал тургай, Каъба пардаларына асылып алышса да – канын төгүүгө буюрду. Негизи, Расул ﷺ өзү:

«اَلإِسْلامُ يَجُبُّ مَا قَبْلَهُ»

**«Ислам өзүнөн мурунку иштерди кесет** (т.а. кечирет)» деген. Бул хадисти Ахмад жана Табароний Амр ибн Аастан риваят кылган. Т.а. Ислам жана мусулмандарга азар берген кимселер бул хадистен тышкары.

Пайгамбар ﷺ алардын айрымдарын кечирип да жиберген. Мисалы, Икрима ибн Абу Жахлды кечирди. Ошондуктан, халифа аларга каршы иш козгошу да, же аларды кечирип жибериши да мүмкүн. Бул иш мусулмандар акыйкат сөздү айтышканы үчүн аларга азар бергендерге жана Исламды айыптагандарга тиешелүү. Аларга «**Ислам өзүнөн мурунку иштерди кесет** (т.а. кечирет)» хадиси колдонулбайт. Алар бул хадистен мустасна кылынат. Аларга каршы халифанын раъйына карап иш козголот.

Бул эки абалдан башка бүтүмдөр, мамилелер жана буйруктар болсо, түзүлүп, аткарылып бүткөндүктөн, өз күчүндө калат.

Мисалы, бир киши мектептин эшиктерин сындырууда айыпталып, эки жыл камак жазасына өкүм кылынып, Халифалык тикеленгенге чейин бул жазаны өтөп болгон болсо, Халифалык тикеленгенден кийин «мен жазыксыз камалганмын» деп камагандар үстүнөн доо кылса, анын бул

доосу кабыл алынбайт. Себеби, маселе үстүнөн өкүм чыгарылып жана ал аткарылып болгон. Эми бул жагы Алланын өкүмүнө калат.

Бирок, эгер бир киши он жыл камак жазасына өкүм кылынып, эми гана эки жылдык жазасын өтөгөн убакта Халифалык тикеленген болсо, халифа бул ишти көрүп чыгып, андан жазаны бүтүндөй алып ташташы, натыйжада акталып камактан чыгып кетиши да, же халифа ушул өтөгөн жаза мөөнөтү жетиштүү деген этибар менен аны азат кылышы да мүмкүн, же анын иши жарандар кызыкчылыктарына тиешелүү болгон, айрыкча, адам укуктарына тиешелүү болгон шаръий өкүмдөрдүн негизинде кайрадан каралып чыгылышы да мүмкүн.

## Онунчу: Идарий жихаз (адамдар кызыкчылыктары)

Мамлекет иштерин жана адамдар кызыкчылыктарын башкаруу – ушул тармак менен алектенген башкармалар, бөлүмдөр жана идаралардын иши. Ар бир башкармага, ар бир идарага, ар бир бөлүмгө аларды башкарган жана аларга түздөн-түз жооптуу болгон мүдүр дайындалат. Алар ушул башкарма, бөлүм жана идара иштерине иш жагынан башкы жетекчилик, жогорку бөлүм жана жогорку идара алдында, моюн сунуу жагынан болсо валий жана аамил алдында жооптуу.

Расул ﷺ адамдар кызыкчылыктарына тиешелүү иштерди башкаруу үчүн катчыларды дайындаган. Пайгамбар ﷺ Мединада адамдар кызыкчылыктарын коргоо, иштерин башкаруу, проблемаларын чечүү, муктаждыктарын кандыруу сыяктуу иштер менен алектенчү. Мындай идарий иштер алардын түйшүктөрсүз, чаташтыктарсыз жашашына мүмкүнчүлүк жаратып берер эле.

Мисалы, таалим тармагында Пайгамбар ﷺ кафир туткундардын фидясын (туткундун азат болушуна төлөнүүчү төлөм) он мусулман перзентине таалим берүү менен белгилеген. Негизи, фидя олжо болуп саналат т.а. мусулмандардын мүлкү болуп эсептелет. Демек, таалим мусулмандар кызыкчылыктарынын бир бөлүгү деп этибар кылынган.

Медицина (табиб) жаатына токтолсок, Пайгамбар ﷺга бир табибди белек кылышкан. Пайгамбар ﷺ болсо аны бардык мусулмандарга караштуу кылып койгон. Пайгамбар ﷺдын өзүнө келген белекти албастан, бардык мусулмандарга берип жибериши – медицина мусулмандар кызыкчылыктарынын бир бөлүгү экендигине далил болот.

Жумуш жаатында болсо, Пайгамбар ﷺ бир кишиге «тилемчилик кылуунун ордуна балта менен аркан сатып алып, отун кыйып сат да, ушул жол менен тиричилик өткөр» деп көрсөтмө берген. Жогорудагы нерсе жумуш менен камсыздоо да мусулмандар кызыкчылыктарынын бири экендигин көрсөтөт. Ахмад жана Термизий риваят кылып, хасан деп айтышкан хадисте мындай деп айтылган:

«أَنَّ رَجُلاً مِنَ الأَنْصَارِ أَتَى النَّبِيَّ ﷺ فَسَأَلَهُ، فَقَالَ: أَمَا فِي بَيْتِكَ شَيْءٌ؟ قَالَ: بَلَى... قَالَ: اِئْتِنِي بِهِمَا، فَأَتَاهُ بِهِمَا، فَأَخَذَهُمَا رَسُولُ اللَّهِ ﷺ بِيَدِهِ فقَالَ: مَنْ يَشْتَرِي هَذَيْنِ؟... قَالَ رَجُلٌ: أَنَا آخُذُهُمَا بِدِرْهَمَيْنِ، فَأَعْطَاهُمَا إِيَّاهُ وَأَخَذَ الدِّرْهَمَيْنِ، فَأَعْطَاهُمَا لِلأَنْصَارِيِّ وَقَالَ: اشْتَرِ بِأَحَدِهِمَا فَانْبِذْهُ إِلَى أَهْلِكَ، وَاشْتَرِ بِالآخَرِ قَدُومًا فَأْتِنِي بِهِ، فَأَتَاهُ بِهِ، فَشَدَّ فِيهِ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ عُودًا بِيَدِهِ ثُمَّ قَالَ: اذْهَبْ واحْتَطِبْ وَبِعْ، فَلاَ أَرَيَنَّكَ خَمْسَةَ عَشَرَ يَوْمًا، فَفَعَلَ فَجَاءَ وَقَدْ أَصَابَ عَشْرَةَ دَرَاهِمَ...»

**«Ансарлардын бири Пайгамбар ﷺдын алдына келип, бир нерсе берүүнү сурады. Пайгамбар ﷺ андан «үйүңдө эч нерсе жокпу» деп сурады. Ал «бар» деди. ...Пайгамбар ﷺ «ошол эки нерсени алып кел» деди. Ал нерселерди алып келди. Пайгамбар ﷺ ал эки нерсени колуна кармап туруп, «ушуларды ким сатып алат?» деди. Бир киши «мен аларды эки дирхамга аламын» деди. Ага нерселерди берип, эки дирхамды алды да, аларды ансарийге берип: «Бирине үй-бүлөң үчүн нерсе алып барып бер, экинчисине болсо бир балта сатып алып, менин жаныма кел», - деди. Ал балта сатып алып келди. Пайгамбар ﷺ ага өз колу менен сап жасады, кийин: «Эми барып, отун кыйып сат, сени он беш күнгө чейин көрбөйүн», - деди. Ансарий ошондой кылды. Ал кайра келгенинде он беш дирхам иштеп тапкан болчу...».** Бухарий чыгарган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«لَأَنْ يَأْخُذَ أَحَدُكُمْ حَبْلَهُ، فَيَأْتِيَ بِحُزْمَةٍ مِنْ حطَبٍ عَلَى ظَهْرِهِ، فَيَبِيعَهَا، فَيَكُفَّ بِهَا وَجْهَهُ، خَيْرٌ لَهُ مِنْ أَنْ يَسْأَلَ النَّاسَ، أَعْطَوْهُ أَوْ مَنَعُوهُ»

**«Силердин бирөөңөрдүн аркан алып, бир боо отун кыйып келип сатышы жана ушуну менен аброюн сакташы адамдардан тилемчилик кылгандан көрө, адамдар ага эмнедир берген же бербегендиктерине карабастан, жакшыраак».**

Пайгамбар ﷺ жол жаатын да тартипке салган. Тартышып калынган учурда жолдун кеңдигин жети кез кылып белгилеген. Бухарий Абу Хурайра жолунан риваят кылат:

«قَضَى النَّبِيُّ ﷺ إِذَا تَشَاجَرُوا فِي الطَّرِيقِ الْمِيتَاءِ بِسَبْعَةِ أَذْرُعٍ»

**«Адамдар өлүк жол жөнүндө тартышып калган чактарында Набий ﷺ аны жети кез деп өкүм чыгарган».** Муслим риваятында:

«إِذَا اخْتَلَفْتُمْ فِي الطَّرِيقِ جُعِلَ عَرْضُهُ سَبْعَةُ أَذْرُعٍ»

**«Жол жөнүндө ихтилаф кылсаңар, анын кеңдиги жети кез кылынды»** делген. Бул ошол убактагы идарий тартип орнотуу эле. Эгер муктаждык андан көбүрөөк болсо, муктаждыкка карай иш кылына берет. Шафиий мазхабында ошондой делген.

О.э. Пайгамбар ﷺ жолго кол салуудан (ээлик кылуудан) кайтарган. Табароний «ас-Сагир»де мындай деген:

«مَنْ أَخَذَ مِنْ طَرِيْقِ الْمُسْلِمِيْنَ شِبْراً طَوَّقَهُ اللَّهُ يَوْمَ الْقِيَامَةِ مِنْ سَبْعِ أَرْضِيْنَ»

**«Кимде-ким мусулмандар жолунун бир карыш жерин алса, Кыямат күнүндө Алла аны жети жерден тосуп коёт».**

Эгин-тегин жаатына токтолсок, Зубайр менен бир ансарий эгин сугаруу туурасында талашып калышканда Пайгамбар ﷺ:

«اِسْقِ يَا زُبَيْرُ ثُمَّ أَرْسِلِ الْمَاءَ إِلَى جَارِكَ»

**«Эй Зубайр, алгач өзүң сугаргын да, кийин сууну коңшуга жибер»** деген (муттафакун алайх). Лафз Муслимдики.

Пайгамбар ﷺ мусулмандар кызыкчылыктарын мына ушунтип коргогон, проблемаларын оңойлук менен чечкен. Бул жаатта айрым сахабалардын жардамынан да пайдаланган. Ушуга ылайык, адамдар кызыкчылыктары менен алектенген бир жихаз болуп, аны халифанын өзү башкарат же аны башкарууга жөндөмдүү бир киши мүдүр болуп дайындалат. Биз мына ошол кийинкисин т.а. бир мүдүр дайындоону табанний кылабыз. Анткени, муну менен халифанын жүгү жеңилдейт. Себеби, азыркы күндө кызыкчылыктардын тармактары кеңейип, көбөйүп кеткен. Демек, адамдардын кызыкчылыктары менен алектене турган бир жихаз түзүлөт. Ага адамдар ыңгайлуу жашашы үчүн ылайыктуу каражаттарды колдоно ала турган, адамдарды керектүү кызматтар менен камсыздай ала турган жөндөмдүү бир киши мүдүр болуп дайындалат.

Мындай жихаз башкармалар, бөлүмдөр жана идаралардан түзүлөт. Жарандык, алака, акча чыгаруу, таалим, саламаттыкты сактоо, айыл чарба, эмгек, жолдор сыяктуу ар бир башкарма жогорку идарага моюн сунат. Жогорку идара өзүнө караштуу башкармаларды, бөлүмдөрдү башкарат. Ар бир бөлүм өзүнө тиешелүү иштер менен алектенет. Идара да идарий иштер менен алектенет.

Бул башкармалар, бөлүмдөр жана идаралар мамлекет иштерин башкаруу о.э. адамдардын кызыкчылыктарын коргоо үчүн түзүлөт.

Бул башкармалардын, бөлүмдөрдүн жана идаралардын иштеринин жакшы жүрүшүн камсыздоо үчүн аларга жоопкерлерди дайындоо керек. Ушуга ылайык, ар бир башкармага аны башкара турган башкы жетекчи дайындалып, ал өзүнө караштуу бардык бөлүмдөр жана идараларды көзөмөлдөп турат. Ар бир бөлүм жана идарага да ошол бөлүм менен идара иштерине түздөн-түз жооптуу болгон бир жетекчи дайындалат.

## Идарий жихаз башкаруу эмес, ал идара услубу

Идарий жихаз иш аткаруу услуб-ыкмаларынын бири. Ошондуктан, ага атайын далил керек болбойт. Анын негизине далалат кылуучу умумий далилдин өзү жетиштүү. Мындай ыкмалар пенденин иштери болуп саналат, ошондуктан, алар шаръий өкүмдөргө ылайык болушу керек делбейт. Себеби, бул иштер жөнүндө умумий далил бар, ал далил алардан келип чыккан башка фаръий иштерге да далил болот, эгер фаръий иштерге тиешелүү өзүнчө хужжат келбеген болсо, албетте. Мисалы, Алла Таала айтат:

﴿وَءَاتُوا الزَّكَاةَ﴾

*«зекетти бергиле»,* **[2:43]**

Бул умумий далил. Андан келип чыккан нисаб өлчөмү, аамилдер, зекет алына турган катмарлар сыяктуу фаръий иштерге тиешелүү далилдер да келген. Бирок, аамилдердин зекетти кантип жыйышы айтылбаган. Т.а. алар ушул иш үчүн атчан барышабы же жөө барышабы? Өздөрүнө жардам бериши үчүн адамдарды жалдашабы же жалдашпайбы? Аларды дептерлерге жазып эсептешеби, жокпу? Аларды жыйып коюу үчүн атайын жай даярдашабы, жокпу? Топтолгон нерселерди бир жерге коюу үчүн кампалар курушабы, жокпу? Бул кампалар жер астына курулабы же дан кампалары сыяктуу үйгө окшоп курулабы? Зекеттин акчасы калталарда топтолобу же сандыктардабы? Мына ушул сыяктуу иштер *«зекетти бергиле»*ден келип чыккан фаръий иштер. Алар умумий далилдин ичиндеги иштер. Себеби, алардын өздөрүнө хас далил келбеген. Башка бардык ыкмалар да мына ушул сыяктуу. Демек, алар ыкма негизине умумий далил келген бир иштин фаръий бөлүктөрү болуп, бул фаръий бөлүккө өзүнө хас далил келбеген. Ушуга ылайык, умумий далил мына ошол фаръий бөлүккө да далил болот.

Ошондуктан, идарий ыкма – ырас, ага тыюу салган хужжат келбеген соң, идарий жихаздын ишин жүргүзүүгө жана адамдар муктаждыктарын кандырууга ылайыктуу болгон соң – ар кандай түзүмдөн алынышы мүмкүн. Анткени, идарий ыкма шаръий далилге муктаж болбогон өкүм. Ушуга ылайык, Умар ﵁ диван ыкмасын колдонуп, умумий жана мамлекеттик мүлктөн айлык, маяна ажыратуу үчүн кошуун жана жарандарды тизмеге алган.

Абид ибн Яхя Харис ибн Нуфайлдан риваят кылышынча, Умар ﵁ диван түзүү туурасында мусулмандар менен кеңешкен. Ошондо Али ибн Абу Талиб ﵁: «Сизге топтолуп келген мүлктү жылда бир бөлүштүрөсүз, андан эч нерсени алып калбайсыз», - деди. Усман ибн Аффан: «Мүлк көп, бардык адамдарга жетет деп ойлойм, эгер эсеп-китеп кылынбаса гана, ким алган ким албаганы билинбей калып, кеп-сөз таркап кетишинен корком», - деди. Валид ибн Хишам ибн Мугира болсо: «Шамда болгонумда алардын падышалары диван түзгөнүн, адамдарды аскерликке алганын көрдүм, сен да диван түз жана адамдарды аскерликке ал», - деди. Умар ﵁ анын сөзүн алып, Курайштын эң көрүнүктүүлөрү Акыйл ибн Абу Талиб, Махрама ибн Навфал жана Жубайр ибн Мутъимди чакырып: **«Адамдарды жашаган жайларына карай тизмеге алгыла»,** - деди.

Иракка Ислам кирип баргандан кийин дивандар мурун кандай болгон болсо, ошондой бойдон калган. Шам диваны рум тилинде алып барылчу. Себеби, ал Рум өлкөлөрүнөн болгон. Ирак диваны болсо фарс тилинде алып барылчу. Себеби, ал Фарс өлкөлөрүнөн эле. Абдулмалик ибн

Марвандын заманында – сексен биринчи хижрий жылы – Шам диваны араб тилине өткөрүлдү. Андан кийин дивандар муктаждыкка жана жарандар кызыкчылыктарынын талабына карай түзүлгөн. Кошуунга тиешелүү дивандарда аны бекемдөө, аскерлерге маяна дайындоо сыяктуу иштер; иштерге тиешелүү дивандарда расмиятчылыктар, укуктар сыяктуу иштер; аамилдер, валийлерге тиешелүү дивандарда аларды ишке дайындоо жана иштен алуу сыяктуу иштер; байтулмалга тиешелүү диванда кирише жана чыгашалар көрсөтүлгөн ж.б.у.с. Кыскасы, диванды түзүү муктаждыкка карай болгон. Анын ыкмасы болсо ар доордо ар түрдүү болгон. Себеби, услуб жана васиталар ар дайым өзгөрүп турат.

Диванга бир жетекчи, жетекчи үчүн болсо кызматчылар дайындалат. Диван жетекчисине кызматчыларды дайындоо укугу берилиши да, берилбеши да мүмкүн.

Ушуга ылайык, башкармаларды башкаруу т.а. диванды түзүү муктаждыкка жана ушул муктаждык жүктөрүн көтөрө алган услуб, васиталарга карап болот. Бул услуб жана васиталар ар доордо, ар вилаятта, ар шаарда ар түрдүү болушу мүмкүн.

Айтып өткөндөрүбүз башкармаларды башкаруу же диванды түзүү жаатындагы сөздөр. Эми андагы кызматчылардын жоопкерчилигине токтолсок, алар жалданган жумушчулар, ошол эле учурда, жарандар болуп саналат. Алар жалданган жумушчулар экендиктери жагынан өзүнүн бөлүм мүдүрлөрүнүн алдында, жаран экендиктери жагынан болсо акимдер, валийлер, кала берсе, халифанын алдында жоопкер о.э. шарият өкүмдөрүнө жана идарий тартиптерге баш ийүүгө милдеттүү.

## Башкармаларды идара кылуу саясаты

Башкармаларды идара кылуу саясаты жөнөкөй тартипке, иштерди тездик менен аткарууга жана кызматкердин жөндөмдүүлүгүнө, кесипкөйлүгүнө негизделет. Бул негиздер кызыкчылыкка жетүүнүн вакиъинен алынган. Кызыкдар адам өз кызыкчылыгынын мүмкүн болушунча тез жана толук ишке ашышын каалайт. Муслим Шаддад ибн Аус жолунан риваят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«إِنَّ اللَّهَ كَتَبَ الإِحْسَانَ عَلَى كُلِّ شَيْءٍ، فَإِذَا قَتَلْتُمْ فَأَحْسِنُوا الْقِتْلَةَ، وَإِذَا ذَبَحْتُمْ فَأَحْسِنُوا الذَّبْحَ...»

**«Алла ар бир нерсени жакшынакай аткарууну буюрган. Өлтүрсөңөр жакшынакай өлтүргүлө. Сойсоңор, жакшынакай сойгула...».** Демек, шарият иштерди жакшы аткарууга буюрат. Ал эми, кызыкчылыктарды жүзөгө чыгарууда жакшы аткарууга жетишүү үчүн башкарууда төмөнкү үч сыпат табылышы керек.

Биринчиден, жөнөкөй тартип. Анткени, жөнөкөйлүк ыңгайлуулукка, татаалдык болсо кыйынчылыкка алып барат.

Экинчиден, иштерди тездик менен аткаруу. Себеби, тездик кызыкдар адамга ыңгайлуулук жаратат.

Үчүнчүдөн, жөндөмдүүлүк жана кесипкөйлүк. Мындай сыпаттарсыз ишти жакшынакай аткарып болбойт.

## Идарий жихазда иштөөгө акылуу болгон адамдар

Эркек же аял, мусулман же кайрымусулман болушуна карабастан, жарандыкты алган ар бир жөндөмдүү адам идарий жихаздын кандайдыр бир башкармасына башчы болуп дайындалышы мүмкүн.

Бул нерсе жалдоого тиешелүү өкүмдөрдөн алынган. Анткени, мамлекеттеги мүдүрлөр жана кызматчылар жалданган кишилер болуп эсептелет. Жалдоо жөнүндөгү хужжаттар умумий мааниде келгендиктен, эркек же аял, мусулман же кайрымусулман болушуна карабастан, ар бир жаран жалданышы мүмкүн. Алла Таала айтат:

﴿فَإِنْ أَرْضَعْنَ لَكُمْ فَئَاتُوهُنَّ أُجُورَهُنَّ﴾

***«Эми эгер** (талак кылган аялдарыңар) **силер үчүн** (бала) **эмизишсе** (т.а. өздөрүнүн силерден болгон балдарын эмизишсе), **ал учурда алардын** (эмизгендиктери үчүн) **акыларын бергиле!»*** **[65:6]**

Бул жердеги буйрук мусулманга гана хос болбой, умумий мааниде келген. Бухарий Абу Хурайрадан риваят кылышынча, Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«قَالَ اللَّهُ تَعَالَى: ثَلاَثَةٌ أَنَا خَصِمُهُمْ يَوْمَ الْقِيَامَةِ... وَرَجُلٌ اسْتَأْجَرَ أَجِيرًا فَاسْتَوْفَى مِنْهُ وَلَمْ يُعْطِهِ أَجْرَهُ»

**«Алла Таала айтат: Ушундай бир үч тайпа бар, Кыямат күнүндө Мен алардын доогери болом: ...бир адамды жалдап, жалданган адам ишти толук аткаргандан кийин анын акысын бербеген киши».** Бул жердеги сөз мусулман жалдануучуга гана хос болбой, умумий болот. Кала берсе, Пайгамбар ﷺдын өзү Бану Дайлдан бир кишини жалдаган. Акыйкатта болсо, ал өз коомунун désinде болгон. Бул нерсе мусулман эместерди да кудум мусулман сыяктуу жалдоонун мүмкүн экендигин көрсөтөт. О.э. далилдердин умумий жана мутлак келгендигинен келип чыгып, кудум эркекти жалдагандай, аялды да жалдоого болот. Кыскасы, аял да, кайрымусулман да бирер башкармага башчы, бирер идарага мудира же мүдүр болушу жайиз. Себеби, алар жалданган кишилер. Жалдоо жөнүндөгү далилдер болсо умумий жана мутлак келген.

# **<u>Он биринчи</u>: Байтулмал**

Байтулмал эки сөздөн куралган. Ал мамлекет кирешелери сарпталып бүткөнгө чейин сактала турган жай. Ал мүлк кабыл алынып, акылуу болгон мусулмандарга бериле турган атайын тарапка карата да колдонулат.

Айтып өткөнүбүздөй, валийдин кошуун, казылык жана малиядан башка иштер менен чектелип атайын дайындалышын табанний кылганыбыз үчүн, бүткүл кошуундун борбордук идарасы (жихад амири) болот. Бүткүл казылыктын да борбордук идарасы (казылык) болот. О.э. бүткүл малиянын борбордук идарасы (байтулмал) болот. Ошондуктан, байтулмал мамлекеттин ар кандай жихаздарынан өзүнчө бөлөк жихаз болуп, мамлекеттин бардык жихаздары сыяктуу халифага моюн сунат.

Мындан тышкары, байтулмал түздөн-түз Пайгамбар ﷺга, же халифага, же анын уруксаты менен дайындалган кишиге моюн сунганы жөнүндөгү далилдер толтура. Анткени, Расулулла ﷺ кээде мүлктү түздөн-түз өзү сактаган, ал кишинин кампалары болгон. Мүлктү кабыл алуу, бөлүштүрүү жана орундарына сарптоо менен өзү алектенген. Айрым учурда болсо, бул иштерге башка бирөөнү дайындаган. Ал кишиден кийин хулафаи рошидиндер да ушундай жолдон жүрүшкөн. Алар да байтулмалдын иштерин өздөрү башкарышчу же өзүнүн ордуна башка бирөөнү өкүл кылып дайындашчу.

Себеби, Пайгамбар ﷺ мүлктү же мечитке коёр эле: Бухарий Анастан риваят кылышынча, «Набий ﷺга Бахрейнден мүлк алынып келди, ошондо ал зат:

«أُنْثُرُوهُ فِي الْمَسْجِدِ...»

**«Аны мечитке төгүп койгула...»** деди». Же аялдарынын бөлмөлөрүнүн бирине койчу. Бухарий Укбадан риваят кылат: «Мединада аср намазын Пайгамбар ﷺдын артында окуган элем. Ал киши салам берди да, шашып туруп, адамдардан аттап өтүп, аялдарынын биринин бөлмөсүнө кирип кетти. Адамдар ал кишинин шашканынан чоочуп кетишти. Кайтып чыгып, өзүнүн шашканына адамдардын таң калып турушканын көрүп:

«ذَكَرْتُ شَيْئًا مِنْ تِبْرٍ عِنْدَنَا، فَكَرِهْتُ أَنْ يَحْبِسَنِي، فَأَمَرْتُ بِقِسْمَتِهِ»

**«Үйүбүздөгү бир бөлүк алтын эсиме түшүп кетти, аны кармап турууну макул көрбөй, бөлүштүрүп жиберишин буйруп чыктым»**, - деди». Же кампасына койгон. Муслим Умардан риваят кылат: Ага (кызына) «Расулулла ﷺ каякта» дедим эле «ал киши суу турган кампада» деди. Расулулла ﷺдын кампасына карадым, бир соъдой келген бир кочуш арпа, бөлмөнүн бир чекесинде ошончо караз (мөмөнүн

түрү), дагы афик (жакшы ашталбаган тери) асып коюлуптур. Ошондо көздөрүмө жаш толду:

«ما يُبْكِيكَ يَا ابْنَ الْخَطَّابِ؟»

**«Сизди эмне ыйлатты, эй ибн Хаттаб?»** - деди. Мен: Эй Алланын Пайгамбары, кантип ыйлабайын, бүйрө жанбашыңызга өтүп кетиптир го, бул кампаңыздан болсо ушул көрүп турган нерселерден башкасын көрбөй турам... дедим».

Хулафаи рошидиндердин доорунда мүлк сакталуучу жай байтулмал деп атала баштаган. Ибн Саъд «Тобакот»то Сахл ибн Абу Хасма жана башкалардан риваят кылат: «Санах деген жерде Абу Бакрдын байтулмалы болгон. Аны эч ким коруктачу эмес. Ошондо ага «бирер корукчу койбойсуңбу?» дегенде, ал «кулпу бар» деди. Себеби, Абу Бакр ал жердеги нерселерди түгөнгөнгө чейин бере берген. Мадинага көчүп өткөндөн кийин, аны да үйүнө көчүрдү». Хинад «Зухд»да жакшы санад менен Анастан риваят кылат, Умардын алдына бир киши келип: «Эй амирул муъминин, мен жихад кылмакчымын, мага (бирер нерсе) бериңиз», - деди. Ошондо Умар бир адамга карап мындай деди: «Бул кишини байтулмалга алып бар, каалаган нерсесин алсын...». Шафиий «Умм»да келтирген жана ибн Хажар сахих деген риваятта Абдулла ибн Вадиа мындай дейт: «Абу Хузайфанын мавласы (азат кылынган кулу) Салим биздин Яардын кызы Салма деген аялдын мавласы болуп, аны жахилият доорунда назр кылып азат кылган эле. Ал Ямама согушунда өлгөндөн кийин, анын мурасы Умар ибн Хаттабдын алдына алынып келди. Ошондо ал Вадиа ибн Хузамды чакырып: «Мына бул – мавлаңардын мурасы, буга силер акылуусуңар» дегенде, ал: «Эй амирул муъминин, Алла бизди ага муктаж кылбаган, аны сахибабыз назр кылып азат кылган, ушул себептен улам, анын бирер нерсесинен пайдаланмакчы эмеспиз», - деди. Ошондо Умар мурасты байтулмалга койду». Байхакий жана Дарамий келтирген жана ибн Хазм сахих деген риваятта мындай деп айтылат: «Суфян ибн Абдулла ибн Рабиа Сакофий бир булгаары түйүн таап алат. Кийин аны Умар ибн Хаттабдын алдына алып барганда, Умар: «Ал жөнүндө бир жыл кабар бер. Ким аны тааныса, ошонуку, болбосо сеники болот», - деди. Аны эч ким таанproblem. Кийинки ажылык мезгилинде Умар менен жолугушуп, ошол окуяны айтып бергенде, Умар: «Ал сеники, себеби, Расулулла ﷺ бизге ушунтип буюрган», - деди. Ал болсо «мага анын кереги жок» дегенде, Умар аны байтулмалга кошту». Дарамий Абдулла ибн Амрдан риваят кылат: «Усмандын доорунда валийи (ээси) жок бир мавла өлгөн эле, буюрду, анын мал-мүлкү байтулмалга коюлду». Ибн Абдулбарр «Истизкар»да Анас ибн Сиринден риваят кылат: «Али мүлктөрдү бөлүштүрүп байтулмалды бошотту да, кийин суу сээп ошол жерге отурду».

Байтулмал деген сөздөн «жай» көздө тутулган абалдар ушулар. Ал эми, андан «тарап» көздө тутулушуна келсек, мунун себеби жерлер, мунай жана газ түтүктөрү, кен-байлыктар о.э. байлардан жыйып алынып, байтулмалга которулбастан, ошол жердеги акылууларга сарптала турган садака (зекет) мүлктөрү сыяктуу айрым абалдарда байтулмалга которулбай турган мал-мүлктөрдүн да болушу. Айрым абалдарда байтулмалдан «жай»ды көздө тутуунун мүмкүнчүлүгү болбостон, «тарап» маанисинде да колдонулган. Буга далил, Байхакийдин «Сунан»ында, Ахмаддын «Муснад»ында жана Абдурраззактын «Мусаннаф»ында Лахик ибн Абдулхамидден: «Ибн Масъудду казылыкка жана байтулмалга башчы кылып жиберди» деген риваяты. Умар ал кишини байтулмалга корукчу кылып жибериши мүмкүн эмес. Бул болсо ал кишини «тарап»ка т.а. (мүлктү) алып, (акылуу жайга) сарптай турган өкүл кылып жибергенин гана түшүндүрөт. Ибн Мубарактын «Зухд»да Хасандан чыгарган риваяты да ушул маанини көрсөтөт: Басра амирлери Абу Муса Ашъарий менен Умарга келишкенде, Умардан өздөрү үчүн азык-түлүк бөлүүнү талап кылышты. Ошондо сөзүнүн акырында аларга: «Эй амирлер жамааты, силер үчүн байтулмалдан эки кой жана эки жариб жер бөлдүм», - деди.

Байтулмалдын киреше жана чыгаша иштери менен халифа алектенет. Себеби, Расулулла ﷺ кыйынчылык мезгилинде Усмандын кошуунга берген табарруаттарын хужрасында сактады. Ахмад жана Термизий риваят кылып, Термизий хасан гариб деген, Хаким да риваят кылып, сахих деген жана аны Захабий макулдаган хадисте Абдуррахман ибн Самура мындай деген: «Набий ﷺ кыйынчылык доорунда кошуун даярдап жатканда, Усман ؓ ал заттын алдына миң динар алып келип, аны Набий ﷺдын этегине төктү. Ошондо Набий ﷺ аны аралаштырып көрүп:

«مَا ضَرَّ عُثْمَانَ مَا عَمِلَ بَعْدَ هَذَا الْيَوْمِ»

**«Усманга бүгүндөн баштап эч бир иши зыян жеткирбейт»,** - деди. Бул сөздү бир нече жолу кайталады». Кээде бөлүштүрүүнү өзү башкарчу. Себеби, Бухарий Анастан келтирген хадисте мындай деп айтылат: «Набий ﷺга Бахрейнден мүлк алып келингенде: «**Аны мечитке төккүлө...**» деди. Намазды окуп бүтүшкөндөн кийин, ошол мүлктүн жанына келип отурду. Кимди көрсө, ага берди... Кыскасы, ал жерде бир дирхам калбаганга чейин ордунан турбады». О.э. Абу Бакр Бахрейн мүлкүнүн бөлүштүрүлүшүнө өзү башчылык кылган. Бухарий Жабирден риваят кылат: «Расулулла ﷺ мага:

«لَوْ قَدْ جَاءَ مَالُ الْبَحْرَيْنِ، لَقَدْ أَعْطَيْتُكَ هَكَذَا وَهَكَذَا وَهَكَذَا»

**«Эгер Бахрейндин мүлкү келгенде барбы, сага ушунча, дагы ушунча, жана дагы ушунча берет элем»,** - деп үч жолу кайталады деди. Расулулла ﷺ дүйнөдөн кайтып, Бахрейндин мүлкү келгенден кийин, Абу Бакр жарчыга буюрду, ал «Расулулла кимге карыз болсо же убада

берген болсо бизге келсин» деп жар салды. Ошондо мен келип: Расулулла ﷺ мага балан-балан (сөздөрдү) үч жолу айткан... дедим». Суфян Сакофийдин бир баштык таап алып, анын кабарын айтып жүргөн киши жөнүндөгү хадисинде: «Умар аны алып, байтулмалга кошту» делген. Шафиий «Умм»да риваят кылат: «Бизге бир канча илимдүүлөр кабар беришти, Ирактан алынган нерселер Умар ибн Хаттабга алып келингенде, байтулмалдын башкаруучусу халифага «аны байтулмалга киргизе берейинби?» деди. Ал «Жок, Каъбанын Роббисине ант болсун, байтулмалга жайгаштырбастан аны бөлүштүрүп жиберемин» деди да, буйрук берди. Ал мечитке коюлду. Үстүнө териден жасалган төшөктөр ташталып, аны мухажир жана ансарлар коруктады. Таң аткандан кийин, Аббас ибн Абдулмутталиб жана Абдуррахман ибн Ауф менен бирге, ал экөөсүнүн биринин колунан кармап же алардын бири анын колунан кармап келишти. Аны көрүшкөндөн кийин, мүлктүн үстүнөн тери төшөктөрдү алып ташташты. Ошондо ушундай бир көрүнүштү көрүштү дейсиң, андайын мурун көрүшпөгөн эле. Андагы алтын, жакут, берметтердин жалтырап турганын көрүп ыйлашты. Ошондо алардын бири Умарга: «Аллага ант болсун, бүгүн ыйлай турган күн эмес, шүгүр кыла турган, курсантчылык күн дегенде, ал: «Мен, Аллага ант болсун, силер барган жайга барганым жок. Бирок, бул нерсе кайсы коомдо көбөйгөн болсо, албетте, алардын арасында бир балээ жүз берген – деп, кийин кыбылага жүздөндү да, колун асманга көтөрүп – Илахым, мен өзүм билбеген абалда аста-секинден балекетке түшүп кетишимден куткарышыңды жалбарып сураймын», - деди. Кийин ал кишинин

﴿سَنَسْتَدْرِجُهُمْ مِنْ حَيْثُ لاَ يَعْلَمُونَ﴾

***«...Биздин аяттарыбызды жалган деген кишилерди болсо өздөрү билбей кала турган тараптан акырындык менен*** *(жок болууга)* ***алып барабыз»,*** **[7:182]**

- деген аятты окуп жатканын уктум. Андан кийин «Сурока ибн Жаъшам кана?» деди. Кийин эки билеги түктүү, ичке бир киши алып келингенде, ага Кисронун билериктерин берип, "аларды тагып ал" дегенде, ал тагып алды. Кийин «Аллоху Акбар деп айт» деди, Аллоху Акбар деди. «Бул эки билерикти Кисро ибн Хурмуздан алып Сурока ибн Жаъшамга – Бани Мудлиж уруусунан болгон бир аъробийге тактырган Аллага мактоолор болсун дегин» деп, мүлктү түбүнөн аралаштырып көрө баштады. Кийин: «Муну алып келип тапшырган киши аманаткөй», - деди. Ошондо бир адам Умарга: «Сизге айтып коёюн, сиз Алланын аманаткөйүсүз. Сиз Алла жолуна бергендиктен, алар да алып келип беришет. Эгер сиз ойноп күлсөңүз, алар да ойноп күлүшөт», - деди. Туура айттың деди да, кийин аны таркатты». Дарамийдин Абдулла ибн Амрдын: «Усмандын доорунда валийи жок бир мавла өлгөн эле, анын мал-мүлкү байтулмалга коюлсун деп буюрду» деген хадиси да, «Истизкар»да Анас ибн Сиринден: «Али

мүлктөрдү бөлүштүрүп байтулмалды бошотор эле да, кийин суу сээп ошол жерге отуруп алчу» деп риваят кылынган хадис да жогоруда айтылып өттү.

Расулулла ﷺ кээде бөлүштүрүүгө сахабаларынын бирин башчы кылчу же аны айрым малиявий иштерге коёр эле. Бухарийдеги Укбанын хадисинде Набий ﷺ:

«ذَكَرْتُ شَيْئًا مِنْ تِبْرٍ عِنْدَنَا، فَكَرِهْتُ أَنْ يَحْبِسَنِي، فَأَمَرْتُ بِقِسْمَتِهِ»

**«Үйүбүздөгү бир бөлүк алтын эсиме түшүп кетти, аны кармап турууну макул көрбөй, бөлүштүрүп жиберишин буюруп чыктым», -** деген. Ибн Шайба Ибн Шихабдан риваят кылган – Хафиз Ибн Хажар Аскаланий, Мунзирий жана Хайсамий хасан деген – хадисте: «Расулулла ﷺ Билалдын садакалар коюла турган кампаканасына кирип, бир үймөк курманы көрүп калып:

«مَا هَذَا التَّمْرُ يَا بِلاَلُ؟ قَالَ: يَا رَسُولَ اللَّهِ، أَخَذْتُهَا لِنَوَائِبِكَ. قَالَ: أَفَأَمِنْتَ أَنْ تُصْبِحَ وَلَهَا فِي جَهَنَّمَ بُخَارٌ؟ أَنْفِقْ وَلا تَخْشَ مِنْ ذِي الْعَرْشِ إِقْلاَلاً أَوْ إِقْتَارًا»

**«Бул кандай курма, эй Билал?» дегенде, ал «Аларды кыйынчылык күндөрүңүз үчүн алып койгон элем» деди. Ал зат: «Анын тозокто чокко айланышынан бейгам болдуңбу? Сарпта, Арш Ээсинин кемейтип же кембагал кылып коюшунан коркпо», -** деди». Ушул хадисте дагы: «Абдуррахман ибн Ауф ؓ Расулулла ﷺдын доорунда төө жана кой садакаларына, Билал ؓ мөмөлөрдөн алына турган садакаларга, Махмия ибн Жуза хумска жетекчилик кылчу» деп келтирилген. Халифа: «Ал кишинин каражаттарына Билал башчы эле» дейт. Ибн Хиббан «Сахих»те Абдулла ибн Лехйи-л-Хавзанийден риваят кылат: «Мен Расулулла ﷺдын муаззини Билал менен учурашып: «Эй Билал, Расулулла ﷺдын каражаттары кандай болгон?» - дедим. Ал мындай деди: «Ал кишинин эч нерсеси жок эле. Ал кишини Алла Пайгамбар кылып жибергенден баштап тээ өлгөнгө чейин каражаттарын мен башкарчумун. Мисалы, бир мусулман киши келип калса, аны жылаңач абалда көрсө, мага буюрар эле. Мен барып карыз сурап, бурда (тонго окшош кийим) же намира (жүндөн токулган, чепкенге окшош кийим) сатып алар элем. Кийин аны кийиндирип, жедирер элем...». Муслим Расулулла ﷺдын мавласы Абу Рофиъден риваят кылат: «Расулулла ﷺ бакр (үч жаштагы төө) карызга сурады. Кийин садака төөлөрүнөн келип калды, Расулулла ﷺ мага баягы кишиге карыз-төөнү төлөп коюуну буюрду. Ошондо мен төөлөрдүн ичинде төрт жашарлык жакшы төөлөрдөн башкасын көрбөдүм дегенимде, Расулулла ﷺ:

«أَعْطِهِ إِيَّاهُ، فَإِنَّ خِيَارَ النَّاسِ أَحْسَنُهُمْ قَضَاءً»

**«Ошону ага берип жибер. Себеби, адамдардын эң жакшысы – карызды көркөм көрүнүштө кайтарганы»**, - деди». Ибн Аббастын муттафакун алайх хадисинде: «Расулулла ﷺ Муазды Яманга жиберип жатып мындай деди:

«... فَإِنْ هُمْ أَطَاعُوكَ، فَأَعْلِمْهُمْ أَنَّ اللَّهَ قَدِ افْتَرَضَ عَلَيْهِمْ صَدَقَةً تُؤْخَذُ مِنْ أَغْنِيَائِهِمْ فَتُرَدُّ عَلَى فُقَرَائِهِمْ، فَإِنْ هُمْ أَطَاعُوكَ لِذَلِكَ، فَإِيَّاكَ وَكَرَائِمَ أَمْوَالِهِمْ، وَاتَّقِ دَعْوَةَ الْمَظْلُومِ فَإِنَّهُ لَيْسَ بَيْنَهَا وَبَيْنَ اللَّهِ حِجَابٌ»

**«...Эгер алар сага моюн сунушса, аларга билдирип кой, Алла аларга байларынан алынып, кембагалдарына кайтарып бериле турган садаканы фарз кылган. Эгер алар ушул иште да сага моюн сунушса, алардын эң кымбаттуу малдарын алуудан сактан жана мазлумдун дубасынан этият бол, себеби, бул дуба менен Алланын ортосунда парда болбойт».** «Эки сахих»те Абу Хурайрадан риваят кылынышынча, «Пайгамбар ﷺ Умарды зекет садакаларын жыюуга жиберген».

Хулафаи рошидиндер ал кишинин жолун карманышты. Себеби, алар мал-мүлк жана малиявий иштерге башкаларды жетекчи кылышчу. Ибн Исхак жана Халифа риваят кылып айтышат: «Абу Бакр Абу Убайда ибн Жаррохту байтулмалга башчы кылды. Кийин аны Шамга жиберди». Муайкибдин өмүр таржымалында Захабий «Абу Бакр менен Умар аны байтулмалга жетекчи кылып коюшту» дейт. Хаким хасан деген санад менен Ибн Исхак о.э. «Таротибул идария»нын автору да Абдулла ибн Зубайрдан риваят кылышат: «Ал Абу Бакрга катчы болуп, байтулмал да анын карамагына берилген эле. Умар да ал кишини ушул эки иште калтырды» т.а. Абдулла ибн Аркамды. Ибн Саъд «Тобакот»то, ибн Хажар «Исаба»да риваят кылышына караганда, Умардын казына мавласы Ясар ибн Намир болгон. Ахмад «Муснад»да, Абдурраззак «Мусаннафат»та Лахик ибн Хамидден риваят кылышат: «Ибн Масъуд казылыкка жана байтулмалга башчы болуп жиберилди» т.а. Куфага. Халифа Малик ибн Анастан, ал Зайд ибн Асламдан риваят кылат: «Умар Абдулла ибн Аркамды байтулмалга жетекчи кылып дайындады». Ибн Хузайма «Сахих»инде Урва ибн Зубайрдан риваят кылышынча: «Абдуррахман ибн Абдулкорий: «Мен Умардын доорунда байтулмалга башчы элем» деген». Ибн Хажар «Фатх»та Абдулла ибн Масъуддун фазилаттары жөнүндө: «Ал Куфада Умар менен Усмандын доорунда байтулмалды башкарган» деп риваят кылат. Жахшаярий «ал-Вузаро вал Куттоб» китебинде: «Набий ﷺдын катчыларынын бири Абдулла ибн Аркам ибн Абду Ягус Усмандын доорунда байтулмалга жетекчилик кылган» деп жазат. Хаким «Мустадрак»та Зубайр ибн Баккардан риваят кылат: «Абдулла ибн Аркам ибн Абду Ягус Умардын доорунда жана Усман халифалыгынын

башталышында тээ өлгөнүнө чейин байтулмалды башкарган сахабалардан эле». Ибн Абдулбарр «Истийаб»да жазышынча: «Зайд ибн Сабит Усмандын Халифалык доорунда байтулмалга башчы болуп, анын Вахиб аттуу кулу болгон. Усман анын байтулмалда жардам берип жүргөнүн көрүп калып, «бул ким?» деп сурайт. Ошондо Зайд «кулум» дейт. «Ойлошумча, мусулмандарга жардам берип жатат, анын да акысы бар. Ага да (каражат) бөлөмүн» деп, ага эки миң ажыратат. Ошондо Зайд: «Аллага ант болсун, бир кулга эки миң ажыратпаңыз» дегенде, ага миң ажыратат». Судфий «Миср аалымдары жана Расулулла ﷺдын ал жерге келген сахабаларын таануу» деген китебинде минтип жазат: «Андан кийин Абу Рофи Али ибн Абу Талибдин алдына барат. Кийин аны Куфанын байтулмалына валий кылып дайындайт». Ибн Абдулбарр «Истийаб»да: «Убайдулла ибн Абу Рофи Алиге казыначы жана катчы болгон» дейт. Айний «Умдатул Кари»де: «Али Абдулла ибн Вахб Суваийди урматтап, жакшы көрчү, ага ишенчү. Аны Куфада байтулмалга башчы кылып койду» деп жазат. Али Басрага Зиядды аамил кылды. Жахшаярий: «Ал Басрадан кайтып келгенден кийин, аны хирож жана диванга башчы кылып койду» дейт.

Байтулмалды эки бөлүккө бөлүүгө болот:

**Кирешелер бөлүмү:** Бул бөлүк үч диванды өз ичине алат:

- **Фай жана хирож диваны:** Бул диван гоним, хирож, жерлер, жизя, фай жана салыктарды өз ичине алат.
- **Умумий мүлк диваны:** Бул диван нефть, газ, электр, кендер, деңиздер, дарыялар, көлдөр, булактар, токойлор, жайлоолор жана коруктарды өз ичине алат.
- **Садакалар диваны**: Бул диван акчалар, соода товарлары, өсүмдүктөр түшүмдөрү, мөмөлөр, төө, уй жана кой зекеттерин өз ичине алат.

**Каражаттар бөлүмү:** Сегиз диванды өз ичине алат:

- **Дарул-Хилафат диваны.**
- **Мамлекет кызыкчылыктары диваны (мамлекеттик мекемелер).**
- **Сыйлык диваны.**
- **Жихад диваны.**
- **Садакаларды сарптоо орундары диваны.**
- **Умумий мүлктү сарптоо орундары диваны.**
- **Өзгөчө кырдаалдар диваны.**
- **Мамлекеттик бюджет, мамлекеттик бухгалтерия жана мамлекеттик көзөмөл диваны.**

## <u>Он экинчи</u>: Маалымат

Маалымат даъват жана мамлекет үчүн маанилүү иштерден болуп эсептелет. Ушул себептен улам, ал адамдар кзыкчылыктары менен алектене турган идарага караштуу кызыкчылыктардын бири эмес, балким, анын орду бир өз алдынча жихаз катары халифага түздөн-түз байланыштуу болуп, анын иши мамлекеттин башка жихаздары сыяктуу.

Исламды күчтүү, таасирдүү көрүнүштө баяндаган өзүнө хос маалымат саясатынын болушу адамдар пикирин Исламга, аны үйрөнүүгө жана ал жөнүндө пикир жүргүзүүгө карай аракетке келтирет о.э. исламий өлкөлөрдүн Халифалык мамлекетине кошулушун жеңилдетет. Мындан тышкары, маалыматтын көпчүлүк иштери мамлекетке ушунчалык байланыштуу болгондуктан, аны халифанын буйругусуз ачыктап болбойт. Бул нерсе аскерий иштерге тиешелүү ар бир нерседе жаркын көрүнөт. Мисалы, кошуундардын аракеттери, жеңиштери же жеңилиши жана аскерий өнөржайлар жөнүндөгү маалыматтар сыяктуу. Мындай маалыматтардын халифага түздөн-түз байланыштуу болушу шарт. Анткени, эмнени жашыруу керек, эмнени таркатып жарыя кылуу керектиги жөнүндө халифа чечим чыгарат.

Мунун далили Китеп жана Сүннөт.

Китептен далил Алла Тааланын мына бул сөзү:

﴿وَإِذَا جَاءَهُمْ أَمْرٌ مِنَ الْأَمْنِ أَوِ الْخَوْفِ أَذَاعُوا بِهِ وَلَوْ رَدُّوهُ إِلَى الرَّسُولِ وَإِلَى أُولِي الْأَمْرِ مِنْهُمْ لَعَلِمَهُ الَّذِينَ يَسْتَنْبِطُونَهُ مِنْهُمْ﴾

***«Качан аларга*** *(согушка кеткен мусулман аскерлер жөнүндө)* ***тынчтык же коркунуч*** *(т.а. жеңиш же жеңилүү)* ***кабары келсе, аны жайып жиберишет. Эгер*** *(алар өздөрүнө келген кабарды ар кимге жайып жибербестен)* ***пайгамбарга жана өздөрүнөн чыккан башчыларга жеткиришкенде, аны*** *(т.а. мына ушул кабардын акыйкатын)* ***билмекчи болгон кишилер ошолордон билишкен болор эле».*** **[4:83]** Бул аяттагы маани кабарлар жөнүндө.

Сүннөткө келсек, Ибн Аббастын Мекке фатхы туурасындагы хадиси далил болот. Бул хадисти Хаким «Мустадрак»та риваят кылып, Муслим шартына ылайык аны сахих деген. Захабий болсо макулдаган. Анда минтип айтылган: «Маалыматтар Курайшка белгисиз болуп калып, аларга Расулулла ﷺ жөнүндө кабар келбегендиктен, эмне кыларын билишпес эле». Дагы Абу Саламанын ибн Абу Шайбадан келтирген мурсал хадиси:

«ثُمَّ قَالَ النَّبِيُّ ﷺ لِعَائِشَةَ: جَهِّزِينِي وَلاَ تُعْلِمِي بِذَلِكَ أَحَداً،... ثُمَّ أَمَرَ بِالطُّرُقِ فَحُبِسَتْ، فَعَمِيَ عَلَى أَهْلِ مَكَّةَ لاَ يَأْتِيهِمْ خَبَرٌ»

**«Кийин Набий ﷺ Айшага: «Мага нерселерди даярда. Бул жөнүндө эч кимге билдирбе...», - деди. Андан кийин буйрук берди, жолдор жабылды. Кыскасы, Мекке калкына кабар барбай калды».** Дагы бир далил Каъбдын кыйынчылык кезиндеги казат жөнүндөгү хадиси: «Пайгамбар ﷺ бирер казатка чыкмакчы болсо, башка нерсе менен таврия кылат эле (жашырат эле). Бул казатта андай кылбады. Мында Расулулла ﷺ катуу ысыкта алыскы сапарга, чөлгө жана көп сандуу душманга каршы казат кылмак. Ушул себептен улам, мусулмандар казатка жакшы даярдык көрүшү үчүн аларга иштерин анык көрсөтүп, бара турган тарабынан кабардар кылды». Дагы Анастын «Бухарий»де келтирилген хадиси: «Набий ﷺ Зайд, Жаъфар жана Ибн Раваханын өлгөндүгүн айтып:

«أَخَذَ الرَّايَةَ زَيْدٌ فَأُصِيبَ، ثُمَّ أَخَذَ جَعْفَرٌ فَأُصِيبَ، ثُمَّ أَخَذَ ابْنُ رَوَاحَةَ فَأُصِيبَ، وَعَيْنَاهُ تَذْرُفَانِ حَتَّى أَخَذَهَا سَيْفٌ مِنْ سُيُوفِ اللَّهِ حَتَّى فَتَحَ اللَّهُ عَلَيْهِمْ»

**«Рояны Зайд алды, мусибаттанды. Кийин аны Жаъфар алды, мусибаттанды. Кийин аны Ибн Раваха алды, мусибаттанды –** Көздөрүнөн жаш куюлган абалда **– Аны Алланын кылычтарынын бири алды, Алла аларга фатх берди», -** деди».

Хулафаи рошидиндердин ушул өкүмдү колдонгондуктарын ибн Мубарак «Жихад»да, Хаким болсо «Мустадрак»та риваят кылып, Муслимдин шартына ылайык ал сахих деген. О.э. ал өкүмдү макулдаган Захабийдин эмгегинде Зайд ибн Асламдан, ал атасынан риваят кылышынча, Умар ибн Хаттабга коом катуу каршылык көрсөткөн болсо да, Абу Убайда Шамды камал кылганынын кабары келет. Ошондо Умар ага кат жазат: Сизге салам болсун. Амма баъд. Бир момун пендеге катуу кыйынчылык жетсе, андан кийин, албетте, Алла бир кеңдикти берет. Бир кыйынчылык эки жеңилдиктен үстөм келбейт.

﴿يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا اصْبِرُوا وَصَابِرُوا وَرَابِطُوا وَاتَّقُوا اللَّهَ لَعَلَّكُمْ تُفْلِحُونَ﴾

***«Эй момундар, сабыр кылгыла жана сабыр-таакат кылууда*** *(кафирлерден)* ***өйдө болгула о.э. дайыма*** *(күрөш-жихад үчүн белиңер байлануу абалда)* ***даяр болуп тургула! Алладан корккула,*** *(ошондо)* ***мүмкүн нажат табасыңар!»*** **[3:200]**

Умарга Абу Убайда минтип жазат: Сизге салам болсун. Амма баъд. Алла Өз Китебинде мындай деген:

﴿اعْلَمُوا أَنَّمَا الْحَيَاةُ الدُّنْيَا لَعِبٌ وَلَهْوٌ وَزِينَةٌ وَتَفَاخُرٌ بَيْنَكُمْ وَتَكَاثُرٌ فِي الْأَمْوَالِ وَالْأَوْلَادِ﴾

***«Билип алгыла, бул дүйнө тирүүлүгү болгону*** *(бир демдик)* ***оюн-күлкү,*** *(ар түрдүү)* ***жасалгалар, ортоңордогу өз ара мактаныч жана мал-дүйнө о.э. перзенттерди көбөйтүү гана».*** **[57:20]**

Ошондо Умар бул катты алып, минбарга чыгып отуруп, Мадина калкына окуп берди. Кийин: Эй Мадина калкы, Абу Убайда жихадга талпынып-шыктангыла деп силерге сунуштап жатат», - деди.

Халифа же анын орун басарлары менен куфр мамлекеттери ортосунда алып барыла турган сүйлөшүүлөр, талкуулар жана жарашуу жөнүндөгү кабарлар аскерий маалыматтардын катарына кирет. Сүйлөшүүлөр туурасындагы мисалдарга Худайбияда Пайгамбар ﷺ менен Курайш өкүлдөрүнүн ортосунда өз ара сулх беренелерине келишилген сүйлөшүү мисал болот. Набий ﷺдын түздөн-түз талкууларынын бири – бул Нажрон өкүлдөрү менен өткөргөн талкуусу жана аларды ал талкууга чакырышы. Расул ﷺдын буйругуна ылайык, Сабит ибн Койс жана Хассондун Тамим өкүлдөрү менен алып барган талкуулары ж.б. Булардын баары ашкере көрүнүштө өтүп, эч кандай жашыруун тарабы болбогон.

Башка маалыматтар, мисалы, күндөлүк кабарлар, саясий, сакофий жана илимий программалар, дүйнөдө болуп жаткан окуялар сыяктуулар – мейли, алар мамлекетке тиешелүү болгон о.э. халифанын түздөн-түз райы керек болгон кабарларга кошулбаса да, бирок, алар да кандайдыр бир деңгээлде турмуш жөнүндөгү көз карашка жана мамлекеттин эл аралык алакаларына болгон көз карашына кирет. Ошондой болсо да, мамлекеттин бул маалыматтарды көзөмөлдөшү биринчи түрдөгү маалыматтарга караганда айырмаланат.

Ушуга ылайык, маалымат жихазы негизги эки чөйрөнү өз ичине камтышы керек:

**Биринчи:** Анын иши аскерий иштер, аскерий өнөржай, эл аралык алакалар сыяктуу мамлекетке тиешелүү маалыматтар туурасында.

Бул чөйрө ушундай маалыматтарды түздөн-түз көзөмөлдөйт. Кыскасы, алар маалымат жихазынын кароосунан өтпөстөн туруп мамлекет же жеке маалымат каражаттары аркылуу ачыкталбайт.

**Экинчи:** Анын иши башка маалыматтарга да тиешелүү болуп, аларды көзөмөлдөө кыйыр түрдө болот. Мамлекеттик маалымат каражаттарына же жеке маалымат каражаттарына өз кабарларын ачыкташы үчүн эч кандай уруксатнаманын кереги жок.

## Маалымат каражаттарынын уруксатнамасы

Маалымат каражаттарына уруксатнаманын (лицензия) кереги жок. Исламий мамлекеттин жарандыгына ээ болгон ар бир адам ар кандай маалымат каражатын – уктуруубу, көрсөтүүбү же басма сөзбү – түзүшү мүмкүн. Ал болгону өзү түзгөн маалымат каражаты жөнүндө маалымат жихазына кабар берип, билдирип коюшу керек.

Ага – биз жогоруда айтып өткөнүбүздөй – мамлекетке тиешелүү маалыматтарды ачыктоого гана уруксат керек. Башка маалыматтарды болсо алдынан уруксат албастан туруп тарката берет.

Ар кандай абалда массалык маалымат каражатынын ээси өзү таркаткан маалымат материалы үчүн жооптуу болуп, шариятка тескери иш туткан болсо, ар бир жаран сыяктуу жооп берет.

## Мамлекеттин маалымат саясаты

Мамлекеттин маалымат саясаты боюнча кең көлөмдүү пландарын баяндаган мыйзам шаръий өкүмдөргө ылайык чыгарылат. Мамлекет Ислам жана мусулмандарга кызмат кылышы, бекем биригишкен, Алланын арканын бекем карманган исламий коомду курушу үчүн ошол негизде жүрөт. Жакшылыктар ушул мыйзамдан жана ушул негизде жайылат. Бузук, бузгунчу пикирлерге да, адашкан, адаштыруучу сакофаттарга орун калбайт. Ал ушундай бир исламий коом дейсиң, сасык жытты сүрүп чыгарып, жыпар жыт таркатат, ааламдар Роббиси – Аллага тасбих айтат.

## <u>Он үчүнчү</u>: Үммөт межлиси (шуро жана мухасаба)

Бул межлис рай билдирүү жаатында мусулмандар өкүлү эсептелген адамдардан түзүлөт. Халифа иштер туурасында кеңешүү (шуро) үчүн аларга кайрылат жана алар акимдерди мухасаба кылууда Үммөттүн орун басары болот (мухасаба – эсеп-китеп кылып тергөө). Буга Пайгамбар ﷺ өз коомдорунун өкүлү болгон мухажир жана ансарлардан турган адамдар менен кеңешкени жана сахабалардын арасынан бир канча кишилерди шуро үчүн бөлгөнү далил болот. Рай алууда башкалардан көрө көбүрөөк аларга кайрылчу. Алар: Абу Бакр, Умар, Хамза, Али, Салман Фарсий, Хузайфалар... эле.

Дагы бир далил, Абу Бакр ؓнун – кандайдыр бир иш жүз берсе, пикир алууда кайрылуу үчүн – мухажир жана ансарлардан турган бир нече кишини бөлгөнү. Абу Бакр ؓнун доорунда шуро мүчөлөрү аалымдар жана фатва ээлери болушкан. Ибн Саъд Косимден чыгарып, риваят кылат: «Абу Бакр Сыддык бирер иш жүз берип, бул иш боюнча рай калкы жана фикх калкы менен кеңешмекчи болсо, мухажир жана ансарлардан Умар, Усман, Али, Абдуррахман ибн Ауф, Муаз ибн Жабал, Убай ибн Каъб жана Зайд ибн Сабиттерди чакырчу». Абу Бакрдын халифалык доорунда мына ушулар фатва беришкен. Адамдар тарабынан суралган фатвалар бир гана ушуларга жиберилет эле. Кыскасы, Абу Бакр ушундай тартипте иш алып барган. Кийин Умар жетекчи болуп, ал киши да кеңешке ошол топту тарткан. Ошентип, мусулмандарды акимдерин мухасаба кылууга чакырган далилдер көп келген. Мусулмандар хулафаи рошидиндер доорунда да ушундай жолду карманышкан. Кала берсе, Үммөт шуродо орун басар болгону сыяктуу, мухасаба кылууда да орун басар болуу укугуна ээ. Булардын баары акимдерди мухасаба кылууда да, Куран, сүннөт менен сабит болгон шуро жаатында да, Үммөттүн орун басары болгон атайын кеңеш түзүлүшү мубахтыгына далалат кылат. Ал мухасаба кылууда жана кеңеш берүүдө Үммөттүн орун басары болгондуктан «Мажлисул-Умма» (Үммөт межлиси) деп аталат.

Бул межлиске акимдердин зулумунан, же Ислам жаман колдонулуп жатканынан, же кызматтар толук камсыздалбай жатканынан арызданууү үчүн, кайрымусулман жарандар да мүчө болушу жайиз.

### Шуронун укугу

Шуро – бардык мусулмандардын халифа үстүндөгү акысы. Демек, ал бир нече иштерде кеңеш сурап аларга кайрылышы керек. Алла Таала айтат:

﴿وَشَاوِرْهُمْ فِي الْأَمْرِ فَإِذَا عَزَمْتَ فَتَوَكَّلْ عَلَى اللَّهِ﴾

***«...жана иштериңде аларга кеңеш салгын! Эми** (кеңеш салган соң, бир иши)* ***ниет кылсаң Аллага тобокел кылгын!»*** **[3:159]**

﴿وَأَمْرُهُمْ شُورَى بَيْنَهُمْ﴾

***«Алардын иштери** (дайыма)* ***өз ара кеңеш** (менен)* ***болот...».*** **[42:38]**
Пайгамбар ﷺ адамдарга кайрылып кеңеш сураган. Мисалы, Бадр күнү согуш майданы жөнүндө алардын кеңешин уккан. Ухуд күнү болсо согуш Мадина тышкарысында же ичкерисинде алып барылышы туурасында кеңеш сураган. Биринчи абалда Хаббаб ибн Мунзирдин райына токтолгон. Ал согуш өнөрүнөн кабардар киши тарабынан чыккан тажрыйбага тиешелүү рай болгондуктан, ал кишинин райын алган. Ал эми, Ухуд күнү – өз райына тескери болсо да – көпчүлүктүн райын алган.

Умар Ирак жери туурасында мусулмандарга кайрылат: ал жерлер олжо болгондуктан мусулмандарга бөлүштүрүлүп берилеби, же ал байтулмал мүлкү болуп, хирож берүү шартына ылайык өз калкынын колунда калтырылабы? Умар өзүнүн ижтихадына амал кылып, хирож берүү шарты менен өз ээлеринин колунда калтырды, муну көпчүлүк сахабалар макулдашты.

## Мухасаба кылуу важиб

Мусулмандардын халифа үстүндө шуро укугу болгону сыяктуу, акимдердин иштери менен тасарруфтарын мухасаба кылуулары важиб. Алла Субханаху ва Таала акимдерди мухасаба кылып туруунну фарз кылды. Эгер алар жарандар укуктарын тебелешсе, же өз милдеттерине кош көңүлдүк кылышса, же болбосо бирер иштерге кайдыгер карашса, же Ислам өкүмдөрүнө тескери иш кылышса, же Алла түшүрбөгөн нерсе менен өкүм жүргүзүшсө, Алла мусулмандарга аларды мухасаба кылууну жана өзгөртүүнү катъий буюрду. Муслим Умму Салама ﵂дан риваят кылышынча, Пайгамбар ﷺ мындай деген:

**«سَتَكُونُ أُمَرَاءُ، فَتَعْرِفُونَ وَتُنْكِرُونَ، فَمَنْ عَرَفَ بَرِئَ، وَمَنْ أَنْكَرَ سَلِمَ، وَلَكِنْ مَنْ رَضِيَ وَتَابَعَ»**

قَالُوا: أَفَلاَ نُقَاتِلُهُمْ؟ قَالَ: **«لاَ، مَا صَلُّوا»**

**«Жакында ушундай бир амирлер болот, силер аларга амри маъруф жана нахий мункар кыласыңар. Кимде-ким амри маъруф кылса, таза болот. Кимде-ким нахий мункар кылса, саламат калат. Бирок, ким ыраазы болуп ээрчип кете берсе... (аларга кыйроо болсун)»,** - деди. «Аларга каршы согушабызбы», - деп сурашты. Расулулла ﷺ: **«Жок, эгер араңарда намаз окуп жатышса», - деп жооп берди.** «Намаз» бул жерде Ислам менен башкарууга киная.

Мусулмандар, эң оболу Умар, алгач Абу Бакрдын муртаддарга каршы согушуу туурасындагы максатын инкар кылган.

Бухарий жана Муслим Абу Хурайра ﷺдан риваят кылышат: «Расулулла ﷺ дүйнөдөн кайтып, Абу Бакр ﷺ халифа болгондон кийин жана арабдардын кафир боло турганы кафир болгондон кийин, Умар ﷺ: Адамдар менен кантип согушасыз, Пайгамбар ﷺ:

«أُمِرْتُ أَنْ أُقَاتِلَ النَّاسَ حَتَّى يَشْهَدُوا أَنْ لاَ إِلَهَ إِلاَّ اللَّهُ، وَأَنَّ مُحَمَّدًا رَسُولُ اللَّهِ، وَيُقِيمُوا الصَّلاَةَ، وَيُؤْتُوا الزَّكَاةَ، فَإِذَا فَعَلُوا ذَلِكَ عَصَمُوا مِنِّي دِمَاءَهُمْ وَأَمْوَالَهُمْ إِلاَّ بِحَقِّهَا وَحِسَابُهُمْ عَلَى اللَّهِ»

**«Адамдар Алладан башка илах жок, Мухаммад Алланын элчиси деп күбөлүк беришмейинче алар менен согушууга буюрулдум. Эгер ошондой кылышса, менден жандары менен малдарын сактап калышат. Алына турган акысы мындан тышкары. Алардын эсеп-китеби Аллага** (калат)**»** деген го», - деди. Ошондо ал: «Аллага ант болсун, намаз менен зекеттин арасын ажыраткандар менен албетте согушамын. Себеби, зекет малдын акысы. Аллага ант болсун, эгер Расулулла ﷺга берип жүргөн улакты мага бербей турган болушса, бербегендиктери үчүн согушкан болор элем», - деди. Умар ﷺ: «Аллага ант болсун, бул Алла анын жүрөгүн ачып койгонунан. Эми, анын хак экенин (туура кылганын) билдим», - деди».

О.э. Билал ибн Рабах, Зубайр жана башкалар Умардын Ирак жерин жоокерлерге бөлүштүрүп бербегенин инкар кылышкан. О.э. бир аъробий Умардын айрым жерлерди корукка айландырганын инкар кылган. Абу Убайда «Амвал»да Амир ибн Абдулла ибн Зубайрдан, ойлошумча, ал атасынан риваят кылат: «Бир аъробий Умардын алдына келип: Эй амирул муъминин, биз жахилият мезгилинде өлкөбүз үчүн согушканбыз. Ислам доорунда болсо ал жерде мусулман болгонбуз. Эмнеге аны корукка айлантып жатасыз? - деди. Ошондо Умар узакка ойлонуп калды. Терең дем тартып, мурутун бурай баштады. Ал бирер ишти ойлонуп калганда мурутун бурап, күрсүнө баштачу. Аъробий анын абалын көрүп, алиги сөзүн кайталай баштады. Ошондо Умар: Мал – Алланын малы. Пенделер болсо – Алланын пенделери. Алланын жолунда жоопкерчилигиме алган нерсе болбогондо, бир да карыш жерди корук кылбаган болор элем», - деди. Умар умумий мүлккө караштуу айрым жерлерди мусулмандардын жылкылары үчүн корукка айландырган болчу. О.э. Умардын адамдарды махрды төрт жүз дирхамдан ашыруудан кайтарганын бир аял инкар кылып: «Буга сенин акың жок, эй Умар, Алла Субханахунун:

﴿وَءَاتَيْتُمْ إِحْدَاهُنَّ قِنطَارًا فَلاَ تَأْخُذُوا مِنْهُ شَيْئًا﴾

***«...абалкысына эсепсиз мал-дүйнөнү** (махр кылып) **берген болсоңор да, андан бир да нерсени кайтарып албагыла!»,*** **[4:20]**

- дегенин укпагансыңбы?» дегенде, Умар: «Аял туура айтты, Умар ката кылды», - деди.

О.э. Али ﵁ Усман ﵁ амирул муъминин болуп турганда, анын хаж менен умраны бирге өтөө жөнүндөгү сөзүн инкар кылды. Ахмад сахих риваят менен Абдулла ибн Зубайрдан риваят кылат: «Биз Жухфада Усман менен бирге элек. Ал кишинин жанында Шам калкынын бир топ адамдары чогулуп, арасында Хабиб ибн Маслама ал-Фахрий да бар болчу. Ошондо таматтуъ хаж (ажылык менен умраны бирге өтөө) жөнүндө сөз башталганда, Усман: «Хаж менен умра – экөөсү хаж айларында бирге өтөлбөсө, толук аткарылган болот. Кана эми, ушул умраны кечиктирип, байтулланы эки жолу таваб кылсаңар жакшыраак болор эле. Анткени, Алла жакшылыкка мүмкүнчүлүк берген го», - деди. Бул учурда Али ибн Абу Талиб өрөөн ичинде төөсүн оттотуп жүргөн болчу. Усмандын сөзүн угар замат анын алдына келип: «Расулулла ﷺ ишке ашырган сүннөткө жана Алла Өзүнүн Китебинде пенделерине берген уруксатка кол салып, алардан адамдарды кайтарып, кыйын абалга салмакчысызбы, акыры бул муктаж болгондор жана алыста жашагандар үчүн го...?» - деди. Ошондо Усман адамдарга карап: «Мен кайтардымбы? Мен кайтарганым жок. Балким, ал менин гана райым. Ким кааласа алсын, каалабаса инкар кылсын», - деди».

Ошондуктан, Үммөт межлисинде шуро укугу болгону сыяктуу, анын жоопкерчилигинде мухасаба кылуу важибдиги да бар.

Жогорудагылардан шуро менен мухасабанын ортосунда айырма бар экендиги маалым болот. Себеби, шуро чечим кабыл алынбай туруп, рай алуу же аны угуу болсо, мухасаба чечим кабыл алынгандан же иш жүзүнө ашырылгандан кийин каршылык билдирүү болуп эсептелет.

## Үммөт межлиси мүчөлөрүн шайлоо

Үммөт межлисинин мүчөлөрү дайындалбайт, балким, шайланат. Себеби, алар рай жаатында адамдардын өкүлү болуп саналат. Өкүлдү болсо вакалат берүүчү шайлайт. Эч ким бирөөнү өкүл кылууга таптакыр мажбурлабайт. Себеби, Үммөт межлисинин мүчөлөрү рай жаатында адамдардын – жеке адамдар болобу, жамааттар болобу - өкүлү болуп эсептелишет. Ал эми, чоң жер жана белгисиз коомдун ичинде өкүлдү аны өзүнөн өкүл кылып шайлаган адам гана тааныйт. Межлис мүчөлөрүнүн дайындалбай, бир гана шайлануулларына дагы бир далил, Пайгамбар ﷺ рай боюнча кайрыла турган кишилерди алардын жөндөмү менен шахсиятына карап тандабаганы. Балким, аларды эки негизге таянып тандап алды: Биринчиси: алардын – зээндүүлүгү менен жөндөмүнө карабастан – өз жамааттары үстүнөн жетекчиликтери болсо, экинчиси: мухажир жана ансарлардан өкүл экендиктери. Себеби, ахли шурону түзүүдөн көздөлгөн максат, алардын адамдар өкүлү болушу. Ушул себептен улам, үммөт межлисинин мүчөлөрүн шайлап ала турган негиз

адамдарга карата дал Пайгамбар ﷺдын жетекчилерди шайлап алууну адамдарга тапшыргандыктары сыяктуу болот. Ал эми, жамааттарга карата болсо, мухажир жана ансарлардан өкүлдү тандап алганы сыяктуу. Ушул себептен улам, адамдар жана жамааттардын тааныш эмес адамдар үчүн мындай өкүл көрсөтүүлөрү бир гана шайлоо аркылуу ишке ашат. Демек, шайлоо жолу менен гана Үммөт межлисинин мүчөлөрү тандалат. Ал эми, Пайгамбар ﷺдын өзү кеңешкен кишилерди тандаганына келсек, мухажир жана ансарлар жашаган жер чоң болбогон, аныгыраагы, Мадина болгон, кала берсе Мадинанын айланасындагы мусулмандар да тааныш болгон. Мунун далили мындай, экинчи Акаба байъатында байъат берген мусулмандар тааныш эмес болгондуктан, накибдерди (жетекчилерди) шайлоону өздөрүнө калтырып:

«أَخْرِجُوا إِلَيَّ مِنْكُمْ اِثْنَىْ عَشَرَ نَقِيبًا يَكُونُونَ عَلَى قَوْمِهِمْ»

**«Мага араңардан он эки накибди чыгарып бергиле. Алар коомдорун көзөмөлдөшөт», -** деди. Бул хадисти Ибн Хишам «Сийрат»та Каъб ибн Малик аркылуу риваят кылган.

Ушуга ылайык, Үммөт межлисинин мүчөлөрү рай жаатында өкүл экендиктери, Үммөт межлиси түзүлүшүндөгү иллет рай жана мухасаба жаатында адам менен жамааттар боюнча өкүлдүк экендиги жана бул иллет тааныш эмес адамдар арасында жалпы шайлоо өткөрүлбөстөн ишке ашпашы себептүү, мына ушулардан мындай нерсе истинбат кылынат: Үммөт межлисинин мүчөлөрү дайындалбайт, балким, шайланат.

## Үммөт межлиси мүчөлөрүн шайлоо абалы

1. Валийлер жөнүндөгү хадисте айтып өткөнүбүздөй, биз вилаят калкынан өкүл болгон вилаят межлисинин шайлоосун эки максат үчүн табанний кылабыз: Биринчиси – вилаят вакиъи жана анын муктаждыктары туурасында валийге керектүү маалыматтарды жеткирүү. Мындан максат, валийге өз ишин аткарууда көмөктөшүү, муну менен ал вилаят калкына тынч-бейпил жашоону камсыздап берсин, алардын муктаждыктары жана кызматтары камсыздалышын жеңилдетсин. Экинчиси болсо, валийдин башкаруусуна карата калктын ыраазычылыгын же наразычылыгын көрсөтүү. Себеби, көп учурларда вилаят межлисинин валийдин үстүнөн арызданышы валийдин кызматынан бошотулушун важиб кылат. Т.а. вилаят межлисинин вакиъи идарий жактан валийге көмөктөшүү болуп, вилаяттын вакиъин, адамдардын ыраазычылыгын жана даттануусун ага көрсөтүү. Ал эми, мындай иштер аны жакшы иштөөгө үндөйт. Бул межлис кийинки бөлүмдөрдө баян кылынган Үммөт межлисинин укуктарына окшош башка укуктарга ээ эмес.

2. Кийин биз бул орунда Үммөт межлисинин (шуро жана мухасаба) түзүлүшүн, ал шайланып алынышынын жана Үммөттөн өкүл болушунун

важибдигин о.э. ал – кийинчерээк керектүү орунда көрсөтүлгөн – бир канча укуктарга ээ болушун табанний кылдык.

3. Бул болсо вилаят межлистеринин мүчөлөрүн тандоо боюнча да, Үммөт межлисинин мүчөлөрүн тандоо боюнча да шайлоо өткөрүлүшүн түшүндүрөт.

4. Шайлоо өнөктүгүн жеңилдетүү жана жарандарды кайра-кайра шайлоолор менен убара кылбоо үчүн төмөнкүнү табанний кылдык, биринчи болуп вилаят межлистери боюнча шайлоо өткөрүлөт. Андан кийин вилаят межлистеринин шайлоолорунда утуп чыккандар топтолуп, араларынан Үммөт межлисинин мүчөлөрүн шайлашат. Т.а. вилаят межлистери Үммөт тарабынан түздөн-түз шайланат. Үммөт межлисин болсо вилаят межлистери шайлашат. Бул болсо Үммөт межлиси мөөнөтүнүн башталышы жана аякташы дал ошол вилаят межлистеринин мөөнөтүнүн башталышына жана аякташына туура келишин түшүндүрөт.

5. Вилаят межлистеринин Үммөт межлисине мүчө болуп шайланып жаткан кишинин ордун өз вилаяты межлиси шайлоосунда көп добуш алып, бирок, утуп чыга албай калган киши ээлейт. Эгер көпчүлүктүн добушу тең болсо, араларында чүчү кулак кармалат.

6. Ахли зиммалар да өз өкүлдөрүн вилаят межлистерине шайлашат. Ошол өкүлдөр болсо өз өкүлдөрүн Үммөт межлисине шайлашат. Вилаят межлистеринин шайлоолору менен Үммөт межлисинин шайлоосу бир убакытта алып барылат.

Ушуга ылайык, жогоруда айтылган иштерди этибарга алып, вилаят межлистери шайлоолорунун о.э. Үммөт межлиси шайлоосунун өткөрүлүшү көрсөтүлгөн мыйзам даярдалды. Алланын уруксаты менен ал ыңгайлуу учурда талкууланып, табанний кылынат.

## Үммөт межлисине мүчө болуу

Жарандыгы болгон ар бир мусулман – эркек же аял болушуна карабастан – балагатка жеткен, акылы толук болсо, Үммөт межлисине мүчө болуу укугуна ээ, Үммөт межлисин шайлоо укугуна да ээ. Себеби, Үммөт межлиси башкаруу сыяктуу эмес о.э. аялдын аким болушун тыйган хадиси шарифтин алкагына да кирбейт. Балким, ал шуро жана мухасаба катарына кирип, эркек кандай укукка ээ болсо, аял да ошондой укукка ээ болот. Себеби, пайгамбарлыктын он үчүнчү жылы (т.а. хижрат кылган жылдары) Пайгамбар ﷺдын алдына жетимиш эркек жана эки аялдан турган мусулмандар келип, бардыгы экинчи Акаба байъаты менен байъат беришкен. Бул согуш байъаты жана саясий байъат эле. Алар байъат беришкенден кийин, алардын баарына карата:

«أَخْرِجُوا إِلَيَّ مِنْكُمْ اِثْنَيْ عَشَرَ نَقِيباً يَكُونُونَ عَلَى قَوْمِهِمْ»

**«Мага араңардан он эки накибди чыгарып бергиле. Алар коомдорун көзөмөлдөшөт»,** - деди. Бул узун хадисти Ахмад Каъб ибн

Малик аркылуу чыгарган. Бул болсо баарынын ичинен шайлап алуу жөнүндө бардыгына карата берилген буйрук болуп, эркектерди хос кылган жок. Аялдарды шайлоочулар арасынан да, шайлануучулар арасынан да истисна кылган жок. Кайд кылуучу далил варид болбогондуктан, мутлак мутлактыгынча кала бергендей, умум да хос кылуучу далил келбегендиктен, умум бойдон кала берет. Бул жерде сөз умум жана мутлак келип, эч кандай хостоочу жана кайд кылуучу далил келбеген. Демек, Пайгамбар ﷺ эки аялга да накиб шайлоого буюрганына жана ал экөөсүнө мусулмандар тарабынан накиба болуп шайлануу укугун бергенине далалат кылат.

Пайгамбар ﷺ күндөрдүн биринде адамдар ага байъат берүүлөрү үчүн отурган эле. Жанында Абу Бакр менен Умар да бар болчу. Пайгамбарыбызга кишилер жана аялдар байъат беришти. Бул байъат Исламга болгон байъат эмес, башкарууга болгон байъат эле, анткени, бул байъатка даярданган аялдар муслималар эле. Худайбиядагы «ризван байъаты»нан кийин аялдар да байъат беришти. Алла Таала айтат:

**﴿يَاأَيُّهَا النَّبِيُّ إِذَا جَاءَكَ الْمُؤْمِنَاتُ يُبَايِعْنَكَ عَلَى أَنْ لاَ يُشْرِكْنَ بِاللَّهِ شَيْئًا وَلاَ يَسْرِقْنَ وَلاَ يَزْنِينَ وَلاَ يَقْتُلْنَ أَوْلاَدَهُنَّ وَلاَ يَأْتِينَ بِبُهْتَانٍ يَفْتَرِينَهُ بَيْنَ أَيْدِيهِنَّ وَأَرْجُلِهِنَّ وَلاَ يَعْصِينَكَ فِي مَعْرُوفٍ فَبَايِعْهُنَّ وَاسْتَغْفِرْ لَهُنَّ اللَّهَ إِنَّ اللَّهَ غَفُورٌ رَحِيمٌ﴾**

***«Эй Пайгамбар ﷺ, эгер сенин алдыңа муминалар келишип, сага өздөрүнүн Аллага эч бир нерсени шерик кылбашына, уурулук кылбашына, зина кылбашына,*** *(кембагалдык же шерменде болуудан коркуп)* ***өз балдарын өлтүрбөшүнө жана кол-буттары ортосунда токуп ала турган ушаак-жалааны кылбашына*** *(т.а. перзентсиздик себептүү өз эрлеринен ажыралып калбастык үчүн кандайдыр бир таштанды баланы таап, куду ал кол-буттары ортосунан чыккандай т.а. өздөрү төрөгөндөй күйөөлөрүнө: «Мына ушул бала сенден болду» деп жалган айтпоого)* ***дагы кандайдыр бир жакшы иште сага моюн сунбастык кылбашына байъат беришсе, сен алардын байъаттарын кабыл алгын жана алар үчүн Алладан кечирим сурагын! Албетте, Алла Кечиримдүү, Мээримдүү».*** **[60:12]**

Бул да башкарууга болгон байъат. Себеби, Куран алардын муслима экендиктерин баса белгилөөдө. Ушул себептен улам, бул байъат ал затка маъруф иштерде асийлик кылбоо үчүн аялдар тарабынан берилген.

Ошону менен бирге аялдын дагы бир укугу – рай жаатында өзүнөн өкүл кылышы жана анын башка бир кишинин өкүлү болушу. Себеби, ал рай билдирүү укугуна ээ. Демек, ал рай жаатында өкүл кылышы мүмкүн. О.э. укукта эркек болушу шарт кылынбагандыктан башка киши тарабынан өкүл болушу да мүмкүн.

О.э. саййидибиз Умардан мындай нерсе сабит болгон, ал киши кандайдыр бир көйгөй жүз берсе – ал шаръий өкүмдөргө тиешелүү болобу, же башкарyугабы, же мамлекет иштеринин биринеби, айырмасы жок – мусулмандардын райын алмакчы болуп, аял жана эркек мусулмандарды мечитке чакырып, алардын баарынын райын алчу. Ал киши махр белгилөө ишинде бир аял ага раддия билдиргенде өз райынан кайткан.

Үммөт межлисинде мусулмандар кандай укукка ээ болушса, кайрымусулмандар да ошондой укукка ээ. Алардын да Үммөт межлисинде өзүнүн өкүлдөрү болушу, орун басар болуулары жана Ислам өкүмдөрү жаман колдонулуп жатканы, аким зулум өткөрүп жатканы жөнүндө шайлоочулары тарабынан рай билдириши мүмкүн.

Бирок, ошого карабастан, кайрымусулмандар шарий өкүмдөр жаатында раъй билдирүү укугуна ээ эмес. Себеби, исламий шарият исламий акыйдадан келип чыгат. Демек, ал тафсилий далилдерден истинбат кылынган амалий шаръий өкүмдөр. О.э. ал адам проблемаларын исламий акыйда белгилеп берген көз карашка ылайык чечет. Кайрымусулман болсо исламий акыйдага тескери акыйданы кабыл алып, анын көз карашы да Ислам көз карашына тескери. Демек, шаръий өкүмдөр жаатында анын райы алынбайт.

О.э. кайрымусулмандын халифаны шайлоого да, халифалыкка талапкерлерди чектөөгө да укугу жок. Анткени, анын өкүм-башкарууда укугу жок. Бирок, ал Үммөт межлиси укуктарынан турган нерселер боюнча да, алар жөнүндө рай билдирүүдө да мусулман сыяктуу.

## Үммөт межлисине мүчөлүк мөөнөтү

Үммөт межлисине мүчөлүк мөөнөтү чектелет. Себеби, Абу Бакр кайрылууда Пайгамбар ﷺ шуродо кайрылган кишилер менен чектелбеген. Умар ибн Хаттаб да Абу Бакр кайрылган кишилер менен чектелбеген. Умар өз башкаруусунун акыркы кездеринде башкаруунун башында кайрылган кишилерден башка кишилерге кайрылган. Бул болсо Үммөт межлисине мүчөлүктү белгилүү бир мөөнөткө чектөөгө далалат кылууда. Биз мындай жагдайда бул мөөнөттүн беш жыл болушун табанний кылдык.

## Үммөт межлисинин укуктары

Үммөт межлиси төмөнкүдөй укуктарга ээ:

1. а) Ички саясаттагы иштерди башкарууга тиешелүү, терең назар жана пикирий талкууга кажет болбогон амалий иштер боюнча халифанын кеңеш сурашы жана межлистин ага кеңеш бериши. Мисалы, башкаруу, таалим-тарбия, саламаттыкты сактоо, экономика, соода, өнөржай, айыл чарба сыяктуу иштер жагынан жарандар бейпил турмушта жашашы үчүн аны керектүү кызматтар менен жетиштүү түрдө

камсыздоо. Өз шаарларын коргоону, коопсуздукту сактоону жана душман коркунучун кайтарууну талап кылуулары да ушулардын катарынан. Ушул иштерде межлистин райы халифа үчүн мажбурий болот. Т.а. көпчүлүктүн райы ишке ашырылат.

б) Терең назар жана пикирий талкуу зарыл болгон пикирий иштер, мисалы, акыйкатты аныктоо, согуш жөнүндө чечим кабыл алуу сыяктуу иштер. Тажрыйба, билим жана маалыматтар керек болгон иштер. Мисалы, аскерий пландарды түзүү, бардык фан жана амалиятка тиешелүү иштерде көпчүлүктүн райы эмес, адистердин райы алынат. О.э. малия, кошуун, тышкы саясат иштерин халифа межлис райын албастан, шаръий өкүмдөргө ылайык, өзүнүн райы жана ижтихады менен башкарат. Халифа бул иштерде кеңеш суроо үчүн межлиске кайрылышы жана анын райында токтошу да о.э. межлис бул иштерде өзүнүн райын сунушташы да мүмкүн. Бирок, бул иштерде межлистин райы мажбурий эмес.

2. Мыйзамчылыкта межлистин райы алынбайт. Балким, мыйзамчылык Алланын Китеби, Пайгамбардын сүннөтү жана бул экөөсүнүн негизиндеги сахабалардын ижмасы о.э. шаръий кыястан сахих ижтихад аркылуу алынат. Шаръий өкүмдөрдү табанний кылуу жана мыйзамдарды түзүү ушундай жосунда алып барылат. Халифа өзү табанний кылмакчы болгон өкүмдөр менен мыйзамдарды межлиске сунушташы мүмкүн о.э. межлистин мусулман мүчөлөрү аны талкуулап, межлис анын туура жана ката жактарын айтуу укугуна ээ. Эгер ал мамлекетте табанний кылынган шаръий усулдагы табанний кылуу тарыйкатына тескери болгону үчүн алардын истинбат кылынышынын же далилинин сахихтиги боюнча халифа менен ихтилаф кылышса, мындай маселени чечүү үчүн мазолим мекемесине кайрылынат. Мекеменин бул жааттагы райы мажбурий алынат.

3. Межлис мамлекетте болуп жаткан бардык иштер боюнча халифаны мухасаба кылуу укугуна ээ. Бул иштер ички иштерге тиешелүү болобу, тышкы иштергеби, малияга, кошуунга же башка иштерге тиешелүү болобу, айырмасы жок. Көпчүлүктүн райы мажбурий болгон иштерде межлистин райы да мажбурий болот. Көпчүлүктүн райы мажбурий болбогон иштерде межлистин райы да мажбурий болбойт.

Эгер межлис халифа менен аткарылган иштер боюнча шаръий жактан келише албаса, мунун шаръий жана шаръий эместигин анык чечүү үчүн мазолим мекемесине кайрылынат. Бул жаатта мекеменин райы мажбурий алынат.

4. Межлис муавиндерге, валийлерге жана аамилдерге болгон наразычылыкты билдирүү укугуна ээ. Бул жаатта да межлис көпчүлүгүнүн райы мажбурий болуп, халифа дароо аларды кызматтан бошотушу керек. Валийлер жана аамилдерге болгон ыраазычылык же наразылык боюнча межлис райы менен ошол вилаят межлисинин райы

бири-бирине карама-каршы болуп калса, бул жаатта вилаят межлисинин райы биринчи орунда турат.

5. Межлистин мусулман мүчөлөрү халифалык үчүн мазолим мекемеси тарабынан байъат берүү шарттары толук табылган деп чечим чыгарылган талапкерлерди чектөө укугуна ээ. Мында алардын алтоого же экөөгө чектелишинин айырмасы жок. Бул болсо өз кезегинде т.а. халифаны шайлоо бабында баян кылынган. Бул жаатта көпчүлүктүн райы мажбурий болот. Демек, межлис тарабынан талапкерлиги көрсөтүлгөн кишилерден башкалардын талапкерлиги кабыл алынбайт.

Үммөт межлисинин укуктары ушулар. Бул укуктардын далилдери төмөнкүлөр:

**Биринчи берене: а)** Терең назар жана талкууга кажет болбогон амалий иштерде Үммөт межлисинин райын алуу мажбурий экендигинин далилине келсек, Расулулла ﷺдын Ухуд согушунда мушриктер кошууну менен согушуу үчүн Мадинанын тышкарысына чыгуу жөнүндөгү көпчүлүктүн райын алган. Негизи, Пайгамбар ﷺ менен улуу сахабалардын райлары Мадинада калуу жана андан тышкарыга чыкпоо эле. Дагы бир далил, Пайгамбар ﷺдын Абу Бакр жана Умар رضي الله عنهمаарга:

«لَوِ اجْتَمَعْتُمَا فِي مَشْوَرَةٍ مَا خَالَفْتُكُمَا»

**«Эгер экөөңөрдүн кеңешиңер бир жерден чыкса, силерге каршы чыкпаймын»,** - деген сөзү. Ошондуктан, жарандардын бейпил жашашы, коопсуздугу камсыздалышы, шаарлардын корголушу, душман коркунучун токтотушу жагынан кандайдыр бир ишти аткарууга алып баруучу райга тиешелүү иштерде халифа межлистеги көпчүлүктүн райын алууга мажбур, мейли, ал рай анын каалоосуна тескери келсе да. Мунун мисалын Расулулла ﷺдын көпчүлүктүн райын алып, Ухудга чыкканынан көрүүгө болот.

**Биринчи берене: б)** Халифа ушул бөлүмдөгү иштер боюнча аалымдар, тажрыйбалуу кишилер жана адистердин раъйын алышы керек. Мисалы, Пайгамбар ﷺ Бадрда согуш майданын тандоодо Хаббаб ибн Мунзирдин раъйын алганы ибн Хишамдын «Сийрат»ында мындай келтирилген:

«إِنَّهُ ﷺ، حِينَ نَزَلَ عِنْدَ أَدْنَى مَاءٍ مِنْ بَدْرٍ، لَمْ يَرْضَ الْحَبَّابُ بْنُ الْمُنْذِرِ بِهَذَا الْمَنْزِلِ، وَقَالَ لِلرَّسُولِ ﷺ: يَا رَسُولَ اللَّهِ، أَرَأَيْتَ هَذَا الْمَنْزِلَ، أَمَنْزِلاً أَنْزَلَكَهُ اللَّهُ لَيْسَ لَنَا أَنْ نَتَقَدَّمَهُ وَلاَ نَتَأَخَّرَ عَنْهُ، أَمْ هُوَ الرَّأْيُ وَالْحَرْبُ وَالْمَكِيدَةُ؟ قَالَ: بَلْ هُوَ الرَّأْيُ وَالْحَرْبُ وَالْمَكِيدَةُ، فَقَالَ: يَا رَسُولَ اللَّهِ، فَإِنَّ هَذَا لَيْسَ بِمَنْزِلٍ، فَانْهَضْ بِالنَّاسِ حَتَّى نَأْتِيَ أَدْنَى مَاءٍ مِنَ الْقَوْمِ فَنَنْزِلُهُ، ثُمَّ نُغَوِّرُ مَا وَرَاءَهُ مِنَ الْقُلُبِ، ثُمَّ نَبْنِي عَلَيْهِ حَوْضًا فَنَمْلَؤُهُ مَاءً، ثُمَّ نُقَاتِلُ الْقَوْمَ فَنَشْرَبُ وَلا

يَشْرَبُونَ، فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ: لَقَدْ أَشَرْتَ بِالرَّأْيِ، فَنَهَضَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ وَمَنْ مَعَهُ مِنَ النَّاسِ، فَسَارَ حَتَّى إِذَا أَتَى أَدْنَى مَاءٍ مِنَ الْقَوْمِ نَزَلَ عَلَيْهِ، ثُمَّ أَمَرَ بِالْقُلُبِ فَغُوِّرَتْ، وَبَنَى حَوْضًا عَلَى الْقَلِيبِ الَّذِي نَزَلَ عَلَيْهِ، فَمُلِئَ مَاءً، ثُمَّ قَذَفُوا فِيهِ الآنِيَةَ»

**«Пайгамбар ﷺ Бадрдын жанындагы бир суунун жанына түшкөндө, Хаббаб ибн Мунзир бул жерге канааттанбастан, Пайгамбар ﷺга: «Я Расулулла, айтыңызчы, бул жер Алла сизди түшүргөн жана биздин аяк-биякка өтүшүбүзгө мүмкүн болбогон жайбы, же рай, согуш жана айлабы?» - деди. Ошондо ал зат: «Ал рай, согуш жана айла», - деди. Ошондо ал: «Я Расулулла, бул жер түшө турган жай эмес. Адамдарды тургузуңуз, коомго жакыныраак болгон суунун жанына барып түшөбүз. Кийин аркадагы кудуктарды көмүп таштайбыз. Кийин анын башына көлмөк куруп, сууга толтурабыз. Андан кийин коом менен согушабыз. Биз суу ичебиз, алар болсо иче алышпайт», - деди. Ошондо Расулулла ﷺ: «Жакшы кеңеш бердиң» деди да, өзү да, бирге болгон адамдар да туруп, коомго жакын болгон суунун жанына келип түшүштү. Кийин буйрук берди. Кудуктар көмүп ташталды. Өздөрү келип түшкөн кудуктун үстүнө көлмө курулуп, суу толтурулду. Кийин болсо анын ичине идиштерди таштап коюшту».** Кыскасы, Пайгамбар ﷺ Хаббабдын райын угуп, ага ээрчиди.

Рай, согуш жана айла-амал катарына кирген бул окуяда адистин райынан башка адамдардын райларынын эч кандай кыйматы болбоду. Терең талкуу зарыл болгон илим жана пикирге тиешелүү иштер ошол окуянын катарына кирет. Аныктама ушуга окшойт. Себеби, мында да адамдардын райларына эмес, билимдүүлөр менен адистерге кайрылынат. Анткени, мындай нерселерде көпчүлүктүн райынын эмес, билим, тажрыйба жана адистиктин гана кыйматы бар.

Малия иштери да ушуга окшойт. Себеби, шарият жыйып алына турган мүлктөрдүн түрлөрүн да, алардын сарптоо орундарын да о.э. салыктар качан салынышын да белгилеп берген. Ушуга ылайык, мүлктөрдү жыйып алууда да, сарптоодо да адамдар райынын мааниси жок. Кошуун да ушуга окшойт. Анткени, шарият анын иштерин тадбир кылууну халифага калтырып, жихад өкүмдөрүн белгилеп берген. Демек, шарият белгилеп берген иштерде адамдар райынын эч кандай мааниси жок. Мамлекеттин башка мамлекеттер менен болгон алакасына карата да иш ушундай. Себеби, ал терең талкууланышы керек болгон пикирге кошулуп, жихадга алакасы бар. Кийин болсо ал рай, согуш жана айла-амал катарына кирет. Ошондуктан, көп жана аз болушуна карабастан, адамдар райынын

этибары жок. Ошондой болсо да, халифа бул иштерди Үммөт межлисине сунуштап, кеңеш сурашы, райын алышы жайиз. Анткени, сунуштоо мубах иштерден. Межлистин бул иштер туурасындагы райы – Бадрда сабит болгондой – мажбурий болбостон, чечим кабыл алуу укук ээсинде калат.

Биринчи беренедеги (а) менен (б)нын айырмасын түшүндүрүп өтөбүз:

Дээрлик алакалар үзүлүп калган бир айылда адамдар кызыкчылыктарына кызмат кылуу үчүн дарыянын үстүнө көпүрө салуу жана ушул сыяктуу нерселерди куруууда айылдын алака проблемасын чечүү үчүн межлистеги көпчүлүктүн райын аткаруу халифа үчүн мажбурий болот. Бирок, көпүрө куруу үчүн илим көз карашына ылайыктуу жерди жана көпүрө үчүн эң ылайыктуу долбоорду т.а. асма көпүрө болобу, же дарыяга казыктар орнотулабы жана башка ушул сыяктууларды белгилөөдө межлистеги көпчүлүктүн райы алынбайт, балким, билим жана адистик ээлеринен кеңеш суралат.

О.э. бир айылдын перзенттери шаарлардагы медреселерге барууга кыйналып жаткан болушса, аларга медресе куруп берүүдө межлистеги көпчүлүктүн райы халифага мажбурий болот. Ал эми, айылдагы медресенин жайын тандоо т.а. ошол жайдагы топурактын медресе курууга жарактуулугу, кандай көрүнүштө курулушу, ал жай мамлекетке караштуубу же караштуу эмеспи б.а. курула береби же сатып алынабы, бир же эки жылга ижарага алынабы жана башка ушул сыяктуу иштерде билим жана адистик ээлеринен кеңеш суралат. Межлистеги көпчүлүктүн райынын кажети жок. Халифа алардан кеңеш сурашы мүмкүн болсо да, бирок, алардын райы мажбурий эмес.

Дагы бир мисал, чегарада (душман менен карама-каршы туруу сызыгында) жайгашкан шаарды алып көрөлү. Айылды коргоо, андан душман коркунучун алыстатуу, душман тарабынан кандайдыр бир кол салуу жүз берсе, айылдын кыргынга жана куугунга учурабастыгы жана башка жактардан Үммөт межлисиндеги көпчүлүктүн райы мажбурий. Бирок, бул коргонуулардын кандай курулушу жана кооп-коркунучту кайтаруу үчүн кандай куралдардан пайдалануу жөнүндө межлистеги көпчүлүктүн райы эмес, билим ээлеринен жана адистерден кеңеш суралат.

Жана башка ушул сыяктуу.

**Экинчи беренеге келсек,** мыйзам чыгаруу бир гана Аллага таандык.

﴿إِنِ الْحُكْمُ إِلاَّ لِلّهِ﴾

***«Өкүм жалгыз Аллага гана таандык»,*** **[12:67]**

﴿فَلاَ وَرَبِّكَ لاَ يُؤْمِنُونَ حَتَّىَ يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ بَيْنَهُمْ ثُمَّ لاَ يَجِدُواْ فِي أَنفُسِهِمْ حَرَجًا مِّمَّا قَضَيْتَ وَيُسَلِّمُواْ تَسْلِيمًا﴾

***«Жок,** (эй Мухаммад ﷺ)**, Роббиңерге ант болсун, тээ алар өз ортолорунда чыккан келишпөөчүлүктөрдө сени өкүм чыгаруучу кылышмайынча жана кийин сен чыгарган өкүмдөн дилдеринде эч кандай мүчүлүштүк таппай, толук моюн сунушмайынча эч качан момун боло алышпайт».*** **[4:65]**
О.э. Пайгамбар ﷺдын

﴿اتَّخَذُوا أَحْبَارَهُمْ وَرُهْبَانَهُمْ أَرْبَابًا مِنْ دُونِ اللَّهِ﴾

***«Алар Алланы коюп өздөрүнүн даанышмандарын жана рахибдерин кудай деп билишти»*** **[9:31]**
деген аятын тафсир кылганы туурасында Термизий Адий ибн Хатамдан ушуну чыгарды:

«أَتَيْتُ النَّبِيَّ ﷺ وَفِي عُنُقِي صَلِيبٌ مِنْ ذَهَبٍ، فَقَالَ: يَا عَدِيُّ اطْرَحْ عَنْكَ هَذَا الْوَثَنَ. وَسَمِعْتُهُ يَقْرَأُ فِي سُورَةِ بَرَاءَةٍ ﴿اتَّخَذُوا أَحْبَارَهُمْ وَرُهْبَانَهُمْ أَرْبَابًا مِنْ دُونِ اللَّهِ﴾ قَالَ: أَمَّا إِنَّهُمْ لَمْ يَكُونُوا يَعْبُدُونَهُمْ وَلَكِنَّهُمْ كَانُوا إِذَا أَحَلُّوا لَهُمْ شَيْئًا اسْتَحَلُّوهُ، وَإِذَا حَرَّمُوا عَلَيْهِمْ شَيْئًا حَرَّمُوهُ»

**«Мен Набий ﷺдын алдына келгенимде, мойнумда алтын крест бар эле. Ошондо ал зат: «Эй Адий, бул бутту алып ташта» деди. Ал кишинин «Бароат» сүрөсүндөгү *«Алар Алланы коюп, өздөрүнүн даанышмандарын жана рахибдерин кудай деп билишет»* аятын окуганын уктум. Пайгамбарыбыз: «Аларга ибадат кылышпайт эле, бирок, алар бирер нерсени адал кылышса, адал санашчу, бирер нерсени арам дешсе, арам деп билишер эле», - деди».** Ошондуктан, мыйзамчылык межлистин райынан да, ижма жана көпчүлүктүн добушу аркылуу да алынбайт. Балким, Алланын Китеби, Расулунун сүннөтү жана ушул экөөсү негизиндеги туура ижтихад аркылуу алынат. Ушул себептен улам, Пайгамбар ﷺ Худайбия сулхунда көп мусулмандардын райын кайтарып:

«إِنِّي عَبْدُ اللَّهِ وَرَسُولُهُ، وَلَنْ أُخَالِفَ أَمْرَهُ»

**«Мен Алланын пендеси жана элчисимин. Таптакыр Анын буйругуна тескери иш кылбаймын»,** - деди. Себеби, бул сулх Алла Субханахудан вахий болгон эле. Ошондуктан, мыйзамчылыкта адамдардын райына каралбайт. Шаръий өкүмдөрдү табанний кылуу жана мыйзамдар түзүү мына ушундай негизде алып барылат. Өкүмдөр менен мыйзамдарды табанний кылуу болсо жалгыз халифанын гана укуктарына кирет. Муну жогоруда баян кылган элек. Ошого карабастан, халифа табанний кылмакчы болгон шаръий өкүмдөр менен мыйзамдар туурасында Үммөт межлисинин райын билүү үчүн аларга сунушталышы мүмкүн. Умар ибн Хаттаб ушундай жолду карманган. Ал шаръий өкүмдөр, аныгыраагы, Ирактагы фатх кылынган жерлердин окуясы боюнча

мусулмандарга кайрылган жана сахабалар инкар кылышпаган. Мусулмандар Умардан ал жерлерди фатх кылган жоокерлерге бөлүп беришин талап кылышкан. Ошондо ал киши адамдардан сурап кайрылган. Кийин болсо анын райы ал жерлерди өз ээлеринин колунда белгилүү бир өлчөмдө хирож о.э. жан башына жизя төлөө шартына ылайык калтырууга келип токтогон. Умардын, ал кишиден мурун Абу Бакрдын сахабаларга кайрылып сурап, шаръий өкүмдөр жөнүндө алардын райларын алгандары, сахабалардын инкар кылбаганы мунун жайиз экенине сахабалар ижма кылышканына далил болот.

Бул мыйзамдардын мамлекетте табанний кылынган усулдун табанний кылуу тарыйкатынан туура истинбат кылынышына же далили боюнча халифа менен шуро межлиси ихтилаф кылганда мазолим мекемесине кайрылынышына келсек, мазолим казысынын укуктарынын бири – халифа табанний кылган өкүмдү шаръий далили барбы, далил ввакиъге дал келеби – мына ушул тараптарды көрүп чыгуу. Ошондуктан, халифа өзү табанний кылган өкүмдүн туура шаръий өкүм экендиги же туура эместиги жагынан межлис менен (т.а. межлистин көпчүлүгү менен) келише албай калса, бул келишпөөчүлүктү мазолим казысы чечет. Себеби, бул анын ишине кирет. Мазолим мекемесинин райы мажбурий алынат.

Межлистин кайрымусулман мүчөлөрү халифа табанний кылмакчы болгон өкүм менен мыйзамдарды көрүп чыгуу укугуна ээ эмес. Себеби, алар Исламга ыйман келтирбеген. О.э. алар шаръий өкүм жана мыйзамдар жаатында рай билдирүү эмес, акимдер тарабынан болуп жаткан зулумга карата рай билдирүү укугуна ээ.

**Үчүнчү берене**нин далили болсо, акимдерди мухасаба кылуу жөнүндөгү насстардын умумий келгени. Ахмад ибн Умардан риваят кылышынча, Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«سَيَكُونُ عَلَيْكُمْ أُمَرَاءُ يَأْمُرُونَكُمْ بِمَا لاَ يَفْعَلُونَ، فَمَنْ صَدَّقَهُمْ بِكَذِبِهِمْ، وَأَعَانَهُمْ عَلَى ظُلْمِهِمْ، فَلَيْسَ مِنِّي وَلَسْتُ مِنْهُ، وَلَنْ يَرِدَ عَلَيَّ الْحَوْضَ»

**«Жакында силерге амирлер башчы болот. Алар силерди өздөрү кылбай турган нерселерге буйрушат. Эми, кимде-ким алардын жалганын тастыктаса, зулумдарына жардам берсе, ал менден эмес жана мен андан эмесмин. Менин хаузума таптакыр келбейт».** Ахмад Абу Саид Худрийден риваят кылышынча, Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«... أَفْضَلُ الْجِهَادِ كَلِمَةُ حَقٍّ عِنْدَ سُلْطَانٍ جَائِرٍ»

**«...эң абзел жихад – залим падышанын алдында айтылган акыйкат сөз».** Хаким Жабирден риваят кылышынча, Набий ﷺ мындай деген:

«سَيِّدُ الشُّهَدَاءِ حَمْزَةُ بْنُ عَبْدِ الْمُطَّلِبِ وَرَجُلٌ قَامَ إِلَى إِمَامٍ جَائِرٍ فَأَمَرَهُ وَنَهَاهُ فَقَتَلَهُ»

**«Шейиттердин саййиди – Хамза ибн Абдулмутталиб о.э. залим акимдин алдына барып, аны** (маъруфка) **буюруп,** (мункардан) **кайтарган, натыйжада, ошол залим аким тарабынан өлтүрүлгөн киши».** Муслим Умму Салама ﵂дан риваят кылышынча, Расулулла ﷺ мындай деген:

«سَتَكُونُ أُمَرَاءُ، فَتَعْرِفُونَ وَتُنْكِرُونَ، فَمَنْ عَرَفَ بَرِئَ، وَمَنْ أَنْكَرَ سَلِمَ، وَلَكِنْ مَنْ رَضِيَ وَتَابَعَ...»

**«Жакында ушундай бир амирлер болот, силер аларга амри маъруф жана нахий мункар кыласыңар. Кимде-ким амри маъруф кылса, таза болот. Кимде-ким нахий мункар кылса, саламат калат. Бирок, ким ыраазы болуп ээрчип кете берсе...».** Кыскасы, бул насстар умумий болуп, акимди шарият өкүмдөрүнө ылайык тергеп-тескөөнү жана тергеп-тескөө бардык иштердин үстүнөн болушун көрсөтүүдө. Ушуга ылайык, халифа, анын муавиндери, валийлер жана аамилдер аткарылган ар бир иштин үстүнөн межлис тарабынан мухасаба кылынат. Бул иш шаръий өкүмгө карама-каршы же ката болгонунун, мусулмандарга зыяндуу болгонунун, жарандарга зулум же анын иштерин камкордук менен башкарууда кош көңүлдүк кылынганынын айырмасы жок. Халифа мухасаба кылууга жана наразычылыктарга аткарган иштери, тасарруфтары, сүйлөгөн сөздөрү жөнүндө өз көз карашы менен хужжатын көрсөтүп, жооп бериши важиб. Анткени, муну менен межлис иштердин жакшы аткарылып жатканына жана халифанын туура жолдо бара жатканына канааттансын. Эгер межлис халифанын көз карашын кабыл албай, хужжатын четке какса, мындай учурда каралат, эгер бул четке кагуу көпчүлүктүн райы мажбурий болгон иштердин үстүндө жүз берсе, мында межлистин райы мажбурий болот: (а) беренесиндеги иштер сыяктуу. Башка учурда анын райы мажбурий болбойт: (б) беренесиндеги иштер сыяктуу. Мисалы, мухасаба кылуу жогорудагы мисалда көрсөтүлгөндөй медресе куруп берилбегени жөнүндө болсо, бул мажбурий болот. Эгер мухасаба медресе эмнеге тигинин эмес, мунун долбоору боюнча курулуп жатат деген нерсенин үстүндө болсо, бул мухасаба мажбурий болбойт.

Мындай нерсе да бар, мухасаба кылуучулар кайсы бир иште акимдер менен шаръий жактан ихтилаф кылышса, ал иш межлистин талабы менен мазолим казылыгына кайтарылат. Себеби, Алла Таала айтат:

﴿يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا أَطِيعُوا اللَّهَ وَأَطِيعُوا الرَّسُولَ وَأُوْلِي الْأَمْرِ مِنْكُمْ فَإِنْ تَنَازَعْتُمْ فِي شَيْءٍ فَرُدُّوهُ إِلَى اللَّهِ وَالرَّسُولِ﴾

***«Эй момундар! Аллага моюн сунгула жана пайгамбарга о.э. өзүңөрдөн болгон** (мусулман) **амирлерге моюн сунгула. Эгер кандайдыр бир нерсе жөнүндө талашып калсаңар – ал нерсени Аллага жана пайгамбарына кайтаргыла!»*** **[4:59]**

Мунун мааниси мындай, эй мусулмандар, кайсы бир иште иш ээлери менен тартышып калсаңар, аны Аллага жана пайгамбарга кайтаргыла. Т.а. шариятка кайрылгыла, бул болсо «казылыкка кайрылгыла» дегени. Ошондуктан, мазолим мекемесине кайрылынат. Бул иште анын райы мажбурий болот. Себеби, ал мындай абалда адистик ээси эсептелет.

**<u>Төртүнчү берене</u>**нин далили болсо, Пайгамбар ﷺ Абдул Койс өкүлдөрү арызданганы үчүн Бахрейндеги аамили Алаа ибн Хазрамийди бошоткону. Ибн Саъд Мухаммад ибн Умар аркылуу риваят кылышынча:

«أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ قَدْ كَتَبَ إِلَى الْعَلاَءِ بْنِ الْحَضْرَمِيِّ أَنْ يَقْدَمَ عَلَيْهِ بِعِشْرِينَ رَجُلاً مِنْ عَبْدِ الْقَيْسِ، فَقَدِمَ عَلَيْهِ بِعِشْرِينَ رَجُلاً رَأْسُهُمْ عَبْدُ اللَّهِ بْنُ عَوْفٍ الأَشَجُّ، وَاسْتَخْلَفَ الْعَلاَءُ عَلَى الْبَحْرَيْنِ الْمُنْذِرَ بْنَ سَاوَى، فَشَكَا الْوَفْدُ الْعَلاَءَ بْنَ الْحَضْرَمِيِّ، فَعَزَلَهُ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ وَوَلَّى أَبَانَ بْنَ سَعِيدِ بْنِ الْعَاصِ، وَقَالَ لَهُ اِسْتَوْصِ بِعَبْدِ الْقَيْسِ خَيْراً، وَأَكْرِمْ سَرَاتِهِمْ»

**«Пайгамбар ﷺ Алаа ибн Хазрамийге Абдул Койстон жыйырма киши менен бирге келиши жөнүндө кат жиберет. Ал Абдулла ибн Ауф ал-Ашаж башчылыгында келди. Алаа Бахрейнге орунбасар кылып Мунзир ибн Саваны калтырды. Ошондо өкүлдөр Алаа ибн Хазрамий үстүнөн арызданганы себептүү Расулулла аны бошотуп, Аббан ибн Саид ибн Асты валий кылып дайындады. Ага: «Абдул Койс менен жакшы мамиледе бол, улууларын урматта», - деди».** Дагы бир далил, Умар ибн Хаттаб адамдардын арызы үчүн гана Саъд ибн Абу Ваккосту валийликтен бошоткон. Умар мындай деди: **«Мен аны алсыздыгы жана кыянаты себептүү бошотконум жок».** Булар болсо вилаяттардын эли өз валийлери жана амирлерине кыжырданганын, наразычылыктарын билдирүүгө акылуу экендигин жана бул үчүн халифа аларды кызматтан бошотушу важибдигин көрсөтөт. Т.а. вилаят межлистери о.э. Үммөт межлиси да – вилаяттардагы бардык мусулмандардын өкүлү болгондуктан – валийлер жана аамилдер үстүнөн өз наразычылыктарын билдириши мүмкүн. Халифа болсо, эгер арыз вилаят межлисинин көпчүлүк бөлүгү же Үммөт межлисинин көпчүлүгү тарабынан болсо, дароо аларды кызматтан бошотушу важиб болот. Бул экөөсү өз ара карама-каршы болуп калса, биринчи кезекте вилаят межлисинин райы кабыл алынат. Себеби, ал валийдин абалын Үммөт межлисинен көрө жакшыраак билет.

**<u>Бешинчи беренеде</u>** эки маселе бар:

Биринчиси: талапкерлерди чектөө; экинчиси: алгач алты талапкерге чектөө, андан кийин эки талапкерге чектөө.

Биринчисине келсек, кимде-ким хулафаи рошидиндердин кандай шайланганын карап чыккан болсо, талапкерлерди чектөө түздөн-түз мусулмандардын көрүнүктүүлөрү тарабынан, же халифадан талапкерди алардан орун басар катары белгилеп берүүнү талап кылуулары аркылуу ишке ашканы маалым болот.

Бану Саиданын бастырмасында талапкерлер Абу Бакр, Умар, Абу Убайда жана Саъд ибн Убадалар болуп, ушуларга чектелген эле. Бул нерсе бастырма асхабдарынын ыраазычылыгы менен, андан кийин болсо сахабалардын ыраазычылыгы менен ишке ашып, ошол жерде байъат беришкен.

Абу Бакр ﵁нун соңку доорунда ал үч айга жакын өзүнөн кийинки халифа жөнүндө кеңеш сурап, талкуулады. Бул жөнүндө асхабдар ал киши менен талкуулашкандан кийин, ал киши тарабынан Умардын көрсөтүлгөнүн макулдашты т.а. талапкер бир кишиге чектелди.

Умарга кол салынып, канжар сайылгандан кийин чектөө дагы да анығыраак жана айкыныраак болду. Себеби, Умар ﵁дан талапкерди көрсөтүп берүүнү талап кылышканда, ал киши аны алты кишиге чектеп, башкаларды бул талапкерлердин сабына кошушту тыйып, мында катуу турду. Бул нерсе болсо баарыга белгилүү.

Али ﵁га байъат берилген убакта жалгыз талапкер ал болуп, башка талапкерлер жок эле. Ушул себептен улам, чектөөгө кажет болбогон.

Чектөө мусулмандар ааммасынын алдында ишке ашырылчу. Эгер ал жайиз болбогондо, дагы бир жерде башкалар талапкерди рад кылуу укугуна да ээ болсо, ал инкар кылынып, аткарылбаган болор эле. Ошондуктан, сахабалар ижмасына ылайык халифалыкка талапкерлерди чектөө жайиз. Демек, Үммөт т.а. анын өкүлдөрү талапкерлерди чектөө укугуна ээ. Бул Үммөт тарабынан түздөн-түз ишке ашырылабы, же мурунку халифанын алардан орун басар катарындагы чектешин аткаруу менен болобу, айырмасы жок.

Чектөө жагынан алып каралганда ошондой болот. Ал эми, алгач чектөөнүн алтоо болушуна келсек, ал Умар ﵁нун кылган ишинен үйрөнүлгөн, андан кийин анын экиге чектелиши болсо, Абдуррахман ибн Ауфтун кылган ишинен алынган. О.э. байъат мааниси мусулман шайлоочулардын көпчүлүгү менен жүзөгө чыгышы көздөлгөн. Себеби, талапкерлер экиден көп болсо, утуп чыккан талапкер эң кеминде шайлоочулардын отуз пайызы менен жеңип чыккан болуп эсептелет. Бул болсо элүү пайыздан кем дегени. Талапкерлердин саны экиден ашпаса гана алардын бири көпчүлүк добуш менен жеңип чыккан болот.

Мазолим мекемеси тарабынан байъат берүү шарттары толук табылган деп чечим чыгарылган талапкерлердин санын Үммөт межлиси алтоого жана экөөгө чектешине токтолсок, мындан максат, байъат берүү

шарттары табылган талапкерлердин арасынан халифанын шайланышы. Ошондуктан, мазолим мекемеси талапкерлердин ичинен ушул шарттар табылбаган ар кандай кишини четтетет. Андан кийин мекеме тарабынан шарттар табылган деп чечим кылынган талапкерлерди Үммөт межлиси белгилейт.

Бешинчи берене ушул үчүн иштелип чыкты.

### Эч кандай тыюусуз сүйлөө жана рай билдирүү укугу

Ар бир Үммөт межлисинин мүчөлөрү шарият уруксат берген орундарда эч кандай тыюусуз, каалагандай сүйлөө жана рай билдирүү укугуна ээ. Себеби, межлистин ар бир мүчөсү рай билдирүү жана мухасаба кылууда мусулмандардын өкүлү болуп саналат. Ушул себептен улам, анын иши: халифа, же мамлекеттеги ар кандай аким, же болбосо мамлекет жихаздарынын биринде иштеген ар кандай кызматкер аткарып жаткан иштерди терең үйрөнүү о.э. алардын ар бирине насаат айтуу, пикир билдирүү, сунуш көрсөтүү, аларды талкуулоо менен бирге тергептескөө жана мамлекет тарабынан аткарылып жаткан карама-каршы иштерге нааразылык билдирүү. Ал мындай иштерди мусулмандардын жоопкерчилигиндеги амри маъруф, нахий мункар, акимдерди мухасаба кылуу, аларга насаат жана рай билдирүү иштерин алардын наамынан аткарат. Себеби, бул иштер мусулмандар жоопкерчилигиндеги важиб. Анткени, Алла Таала айтат:

﴿كُنْتُمْ خَيْرَ أُمَّةٍ أُخْرِجَتْ لِلنَّاسِ تَأْمُرُونَ بِالْمَعْرُوفِ وَتَنْهَوْنَ عَنِ الْمُنكَرِ﴾

«*(Эй Мухаммад Үммөтү),* ***силер адамдар үчүн чыгарылган үммөттөрдүн эң жакшысы болдуңар. Анткени, силер жакшы иштерге буюрасыңар, жаман иштерден кайтарасыңар...».*** **[3:110]**

﴿الَّذِينَ إِنْ مَكَّنَّاهُمْ فِي الْأَرْضِ أَقَامُوا الصَّلَاةَ وَآتَوُا الزَّكَاةَ وَأَمَرُوا بِالْمَعْرُوفِ وَنَهَوْا عَنِ الْمُنْكَرِ﴾

***«Аларды*** *(т.а. мусулмандарды)* ***эгер Биз жер жүзүнө үстөм кылсак, алар намазды толук аткарышат, зекетти*** *(тийиштүүлөргө)* ***беришет, жакшылыкка буюрушат, жамандыктан кайтарышат».*** **[22:41]**

﴿وَلْتَكُنْ مِنْكُمْ أُمَّةٌ يَدْعُونَ إِلَى الْخَيْرِ وَيَأْمُرُونَ بِالْمَعْرُوفِ وَيَنْهَوْنَ عَنِ الْمُنْكَرِ﴾

***«Силерден жакшылыкка*** *(Исламга)* ***чакыра турган, маъруфка*** *(Алла жана Пайгамбары буюрган иштерге)* ***буюра турган жана мункар*** *(күнөө-жаман)* ***иштерден кайтара турган бир жамаат болсун».*** **[3:104]**
О.э. амру маъруф, нахий мункарга буюрган абдан көп хадистер келген. Мисалы, Пайгамбар ﷺдын мына бул сөзү:

«وَالَّذِي نَفْسِي بِيَدِهِ، لَتَأْمُرُنَّ بِالْمَعْرُوفِ، وَلَتَنْهَوُنَّ عَنْ الْمُنْكَرِ، أَوْ لَيُوشِكَنَّ اللَّهُ أَنْ يَبْعَثَ عَلَيْكُمْ عِقَابًا مِنْ عِنْدِهِ، ثُمَّ لَتَدْعُنَّهُ فَلاَ يَسْتَجِيبُ لَكُمْ»

**«Жаным колунда болгон Затка ант болсун, маъруфка буюрасыңар, мункардан кайтарасыңар, андай кылбасаңар Алла үстүңөргө Өз алдынан жаза жиберет. Кийин дуба кыла бересиңер,** (бирок) **ал кабыл болбойт».** Бул хадисти Ахмад Хузайфа аркылуу риваят кылган. Дагы мына бул сөзү:

«مَنْ رَأَى مِنْكُمْ مُنْكَرًا فَلْيُغَيِّرْهُ بِيَدِهِ، فَإِنْ لَمْ يَسْتَطِعْ فَبِلِسَانِهِ، فَإِنْ لَمْ يَسْتَطِعْ فَبِقَلْبِهِ وَذَلِكَ أَضْعَفُ الإِيمَانِ»

**«Силерден кимде-ким бирер мункарды көрсө, аны колу менен өзгөртсүн. Эгер** (колу менен) **кайтара албаса, тили менен** (кайтарсын)**. Эгер** (тили менен да) **кайтара албаса, дили менен** (кайтарсын)**. Бул болсо эң күчсүз ыйман болот».** Бул хадисти Муслим Абу Саид аркылуу риваят кылган.

Кыскасы, бул аят менен хадистер мусулмандарды амри маъруф жана нахий мункар кылууга буюрат. Акимдерди мухасаба кылуу амру маъруф жана нахий мункардын катарына кирип гана калбастан, акимди мухасаба кылуу, аны маъруфка буюруп, мункардан кайтаруу абдан маанилүү иштерден болгондуктан, акимди мухасаба кылуунун важибдигин көрсөткөн хадистер да варид болгон. Умму Атийя Абу Саидден риваят кылат, Пайгамбар ﷺ айтат:

«... أَفْضَلُ الْجِهَادِ كَلِمَةُ حَقٍّ عِنْدَ سُلْطَانٍ جَائِرٍ»

**«...эң абзел жихад – залим падышанын алдында айтылган акыйкат сөз».** Бул болсо акимди мухасаба кылуунун жана анын алдында акыйкат сөздү айтуунун важибдиги жөнүндө келген насс болуп, аны жихадга теңдештирип гана калбастан, эң абзел жихадга айланткан. Мейли, ал өлүмгө алып барса да ага катуу үндөгөн. Мисалы, Пайгамбар ﷺдан варид болгон сахих хадисте мындай деп айтылат:

«سَيِّدُ الشُّهَدَاءِ حَمْزَةُ بْنُ عَبْدِ الْمُطَّلِبِ وَرَجُلٌ قَامَ إِلَى إِمَامٍ جَائِرٍ فَأَمَرَهُ وَنَهَاهُ فَقَتَلَهُ»

**«Шейиттердин саййиди – Хамза ибн Абдулмутталиб о.э. залим акимдин алдына барып, аны** (маъруфка) **буюруп,** (мункардан) **кайтарган, натыйжада, ошол залим аким тарабынан өлтүрүлгөн киши».**

Пайгамбар ﷺга Худайбия сулхунда сахабалар каршылык билдиришкенде, алардын каршылыктарына кулак салбады. Балким, алардын райларын четке кагып, сулх бүтүмүнө кол койду. Себеби, ал заттын иштери Алла тарабынан вахий болуп, мында адамдар райынын эч

кандай кыйматы жок болчу. Аларды курмандыктарды союуну, чачтарын алууну жана ихрамдан чыгууну талап кылгандарында гана буйрукка моюн сунбагандыктары үчүн зажр кылган, жемелеп-кейиген. Хаббаб ибн Мунзир Бадрга келип жайгашкан жерге каршылык билдиргенде, Пайгамбар ﷺ ага кейибестен, анын райына ээрчиди.

О.э. Пайгамбар ﷺ Курайш менен согушуу үчүн Ухудда Мадинадан тышкарыга чыгууда көпчүлүктүн райына ээрчиди, акыйкатта болсо, өзүнүн райы ага тескери эле. Пайгамбар ﷺ булардын баарында алардын каршылыктарын угуп, аларга жооп кайтарган.

Сахаба ﷺдар ал зат ﷺдан кийин хулафаи рошидиндерди мухасаба кылышкан, хулафаи рошидиндер аларды бул иштери үчүн жемелешпеген. Мисалы, Умар ибн Хаттабды минбарда турганында Ямандан келген бурдаларды бөлүштүргөнү үчүн тергеп-тескешкен. О.э. махрды көбөйтүүнү тыйганы үчүн ал кишиге бир аял каршылык билдирген болсо, Ирак жерин фатх кылгандан кийин бөлүштүрбөгөнү үчүн Умарга сахабалар каршылык билдирип, мухасаба кылышкан. Бул иште Билал менен Зубайр катуу турушкан. Ал киши сахабалар менен талкуулашып, кеңешип, аларды өзүнүн райына көндүргөн.

Ошондуктан, Үммөт межлисинин ар бир мүчөсү мусулмандардын өкүлү деген этибарда межлисте эч кандай тыюусуз, тартынбастан каалагандай сүйлөшү, каалагандай рай билдириши, халифаны, муавинди, валийди жана мамлекет жихазынын ар кандай кызматкерин мухасаба кылышы мүмкүн. Алар болсо ага, эгер өз мухасабасында жана рай билдиришинде шарият өкүмдөрүнө баш ийип жаткан болсо, жооп бериши важиб.

О.э. Үммөт межлисинин кайрымусулман мүчөлөрү да акимдер тарабынан болуп жаткан зулумдар жөнүндө, эгер рай билдирүүдө шарият алкагынан чыгышпаса, эч кандай тыюусуз, тартынбастан өз райларын билдирүү укугуна ээ.

# Ливалар жана роялар

Мамлекеттин ливалары жана роялары болот. Бул болсо Расулулла ﷺ Мадинаи Мунавварада тикелеген биринчи Исламий мамлекеттеги абалдан төмөнкүдөй көрүнүштө истинбат кылынган:

1. Лива жана роя – «ал-Комус ал-Мухит»те келишинче, алардын ар бири лугавий маанисинде байракты түшүндүрөт.

Кийин шарият алардын ар бирине пайдалануу жагынан төмөндөгүдөй түрдө шаръий маани берген:

- Лива ак түстө болуп, үстүнө кара тамгалар менен **Ла Илаха Иллаллаху Мухаммадур Расулулла** деп жазып коюлат. Ал кошуун амирине же кошуун командачысына берилет. Лива анын штабынын үстүндө турат жана штаб каерде болсо, ал да ошол жерде болот. «Набий ﷺ фатх күнү Меккеге ак байрак менен киргени» кошуун амирине лива берилишине далил болот. Бул хадисти ибн Маажа Жабир аркылуу риваят кылган. Нисаий Анастан риваят кылышынча: «Набий ﷺ Усама ибн Зайдды Румга чабуул жасашы үчүн кошуунга амир кылган кезинде өз колу менен лива берген».
- Роя болсо кара түстө болуп, үстүнө ак тамгалар менен **Ла Илаха Иллаллаху Мухаммадур Расулулла** деп жазып коюлат. Ал кошуун дивизияларынын (полктор, роталар, кошуундун башка бөлүмдөрү) командачыларында болот. Анын далили мындай, Хайбарда кошуунга командачы болуп турган Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«لَأُعْطِيَنَّ الرَّايَةَ غَداً رَجُلاً يُحِبُّ اللَّهَ وَرَسُولَهُ، وَيُحِبُّهُ اللَّهُ وَرَسُولُهُ، فَأَعْطَاهَا عَلِيًّا»

**«Рояны эртең Алла жана Расулун жакшы көргөн, Алла жана Расулу да аны жакшы көргөн кишиге беремин”. Кийин аны Алиге берди»** (муттафакун алайх). Анткени Али –аррамаллоху важхаху – ошол убакта кошуундагы дивизиянын же полктун командачысы болуп эсептелчү. Харис ибн Хассон Бакрийдин хадисинде да ушундай келтирилген: «Мадинага келдик, карасак, Пайгамбар ﷺ минбарда, жанында Билал, ал болсо Набий ﷺдын алдында кылыч жылаңачтап алган абалда турган экен. Ошондо кара рояларды көрүп калып: «Бул роялар эмнеге турат?» - деп сураганымда: Амр ибн Аас казаттан келди дешти». «Ошондо кара рояларды көрүп калдым» дегени, кошуундун амири бирөө т.а. Амр ибн Аас болгон абалда аны менен көп байрактар болгонун түшүндүрөт. Демек, бул полктор, роталар жана башка ушул сыяктуулар менен бирге да роялар болгонун билдирет.

Ошондуктан, лива кошуун амирине берилсе, роялар болсо кошуундун дивизиялары, полктору жана бөлүктөрү менен бирге болот. Ошентип, кошуунда лива бирөө болуп, роялар болсо көп болот.

Ошону менен бирге, лива жалгыз кошуун амиринин гана белгиси болот. Роялар болсо аскерлер менен бирге жүргөн белги болот.

2. Лива кошуун амирине берилет. Ал кошуун амиринин штабында ар дайым турат. Согушта болсо согуш командачысына – ал кошуун амири болобу же кошуун амири дайындаган башка командачы болобу – согуш майданында көтөрүп жүрүү үчүн берилет. Ошондуктан, ал «согуш энеси» деп аталат. Анткени, аны согуш командачысы майданда көтөрүп жүрөт.

Ошондуктан, согуш учурунда согуштун ар бир командачысында бирден роя болот. Бул ошол доорлордо жалпы кабыл алынган иштерден болгон. Роянын көтөрүлгөн абалда болушу согуш командачылыгынын күчүн көрсөтүп турган. Ал идарий тартип болуп, кошуундардын согуш адатына ылайык баш ийилет.

Расулулла ﷺ кабар келбей туруп, Зайд, Жаъфар жана ибн Раваханын өлүмдөрүн айтып:

«أَخَذَ الرَّايَةَ زَيْدٌ فَأُصِيبَ، ثُمَّ أَخَذَ جَعْفَرٌ فَأُصِيبَ، ثُمَّ أَخَذَ ابْنَ رَوَاحَةَ فَأُصِيبَ»

**«Рояны Зайд алды, мусибаттанды. Кийин аны Жаъфар алды, мусибаттанды. Кийин аны ибн Раваха алды, мусибаттанды», -** деди.

О.э. согуш учурунда майдандагы кошуун командачысы халифанын өзү болсо, согуш майданында жалгыз роя гана болбостон, лива көтөрүлүп турушу да жайиз. Ибн Хишамдын «Сийрат»ында чоң Бадр казаты жөнүндөгү хадисте лива менен роя согушта болгондугу келген.

Тынчтык абалында же согуш бүткөндөн кийин роялар кошуунга таркатылып, аларды кошуун дивизиялары да, полктору да, отряддары да, бөлүктөрү да көтөрүп жүрөт... Харис ибн Хассон Бакрийдин Амр ибн Аас кошууну жөнүндөгү хадисте ошондой келтирилген.

3. Халифа Исламда кошуун командачысы болуп эсептелет. Ошондуктан, лива шаръий жактан анын штабы – Халифалык имаратынын үстүнө тикеленип коюлат. Себеби, лива кошуун амирине берилет. Халифа мамлекет мекемелеринин башчысы деген этибарда, роя (идарий жактан) Халифалык имаратынын үстүнө тикеленип коюлса да жайиз.

Мамлекеттин калган жихаздарынын, мекемелеринин жана идараларынын үстүнө роя гана тикеленет. Себеби, лива кошуун командачысы штабынын белгиси катары ага гана хос.

4. Лива найзанын бир тарабына байланып, ага ороп коюлат жана кошуундардын санына карай кошуун командачысына берилет. Мисалы, биринчи, экинчи, үчүнчү... кошуун командачысына, же Шам, Ирак, Палестина... кошуунунун командачысына, же Халаб, Химс, Бейрут... кошуунунун командачысына жана башка ушул сыяктуу кошуундардын аталышына карап берилет.

Негизинен, ал найзанын бир тарабына байланып, муктаждык болбосо жайылбашы керек. Мисалы, Халифалык имаратынын үстүнө – бул имарат маанилүүлүгү үчүн орнотуп, жайып коюлат. О.э. тынчтык абалында кошуун командачылыгы штабдарынын үстүнө жайып коюудан максат,

Үммөттүн өз кошуун байрактарынын улуулугун көрсөтүү. Бирок, бул муктаждык коопсуздук жагдайы менен кайчы келип калса, мисалы, душман аскер командачылыгы штабдарын билип алышынын коркунучу туулса, лива негизине кайтарылат т.а. жайып коюлбастан оролгон абалда калтырылат.

Роя болсо азыркы убактагы байрактар сыяктуу шамал желбиретип турушу үчүн жайып коюлат. Ошондуктан, ал мамлекет мекемелеринин үстүнө орнотуп коюлат.

**Тыянак:**

**Биринчиден:** Кошуунга карата:

1. Согуш учурунда, лива кошуун амиринин штабынан ажыратылбайт. Негизинен, ал жайып коюлбастан, найзага оролгон абалда турушу керек. Бирок, коопсуздук жактары үйрөнүлүп чыккандан кийин жайып коюлса да болот.

Рояны болсо согуш командачысы согуш майданында көтөрүп жүрөт. Эгер согуш майданында халифа болсо, лива көтөрүп жүрүлсө да жайиз.

2. Тынчтык абалында болсо лива кошуун командачыларына берилип, найзага ороп коюлат. Аны кошуун командачылык штабдарынын үстүнө жайып койсо да болот.

Роялар кошуун дивизияларына, полкторуна, отряддарына, бөлүктөрүнө жана башка уюмдарга таркатылып чыгат. Ар бир дивизияны же полкту (идарий жактан) ажыратып турган атайын роясы болушу мүмкүн.

**Экинчиден:** Мамлекеттик идаралар, мекемелер жана коопсуздук идараларына карата алсак, алардын бардыгынын үстүнө роя гана орнотулат. Халифа кошуун командачысы деген этибарда, Халифалык имаратынын үстүнө лива орнотулат. Халифалык имараты мамлекеттик мекемелердин башы эсептелгени үчүн анын үстүнө (идарий жактан) лива менен бирге роя да тикеленсе жайиз. Жеке менчик мекемелер жана катардагы адамдар да айрыкча айт, жеңиш жана ушул сыяктуу майрамдарда роя көтөрүп жүрүшү, мекемелеринин жана үйлөрүнүн төбөсүнө орнотуп коюшу мүмкүн.

## Халифалык мамлекетинин урааны (же гимни)

Белгилүү бир топ башка бир топтон, бир мамлекет башка бир мамлекеттен бөлүнүп турушу үчүн кыйкырып айтыла турган ураан кабыл алуу мубах иштерден. Мусулмандар согушта башка мамлекеттер менен жолуккан кезинде бийик үн менен айтыла турган ураан тандап алышкан. Бул нерсе Расулулла ﷺдын доорунда, ал кишинин ыраазычылыгы менен колдонулган. Хандак жана Курайзада **«Хо мим. Үстөм боло алышпайт»** деген ураанды тандашса, Бану Мусталакда **«Эй музаффар, өлтүр, өлтүр»** деген ураанды... тандап алышкан жана башка ушул сыяктуу.

Мындан тышкары, Алла Субханаху адамга бир канча касиет-сыпаттарды берип, аны ушул сыпаттар менен жараткан. Мисалы, угуу, көрүү, сүйлөө... сыяктуу. Булар болсо мубах жаатындагы умумий далилдерге кирет. Демек, ал каалагандай көрөт, угат, сүйлөйт, кыйкырат. Бирок, алардын бирертесине тийиштүү атайын далил келген болсо, ага моюн сунулат.

Ошондуктан, Исламий мамлекет бийик үн менен айтылган, башка мамлекеттерден бөлүп турган бир ураан (же гимн) тандап алышы жайиз. Аны башка мамлекеттер менен болгон алакаларда колдонот. Т.а. халифанын сапарында же мамлекеттердин жетекчилери сапар кылган убактарда ыргак менен айтылат. О.э. адамдар аны жалпы жыйындарда, медреселерде, уктурууларда жана башка ушул сыяктууларда ырдап айткан абалда, өз алакаларында да пайдаланышы мүмкүн.

Эми бул ураандын кантип айтылышына келсек т.а. бийик үндөбү, төмөн үндөбү же маанай мененби, маанайсызбы... булардын баары жайиз. Анткени, мусулмандар өздөрү алып чыгып жаткан иштерге карап ураандарды таасирдүү үн менен айтышкан.

Мамлекеттин урааны болушу керектиги табанний кылынган. Керек болгон учурда андан пайдаланылат, халифанын башка мамлекеттердин жетекчилери менен болгон расмий учурашууларында ыргак менен айтылат. Үммөт да белгилүү бир жыйындарда, учурашууларда андан пайдаланат. Алланын уруксаты менен **ТУУРА ЖОЛДОГУ ЭКИНЧИ ХАЛИФАЛЫК МАМЛЕКЕТИ** тикеленген убакта анын ураанында төмөндөгүлөр этибарга алынат:

1. Расулулла ﷺдын туура жолдогу экинчи Халифалыктын кайтып келиши жана «Укоб» роясы – Расулулла ﷺдын байрагы кайрадан көтөрүлүшү жөнүндөгү башараттары жүзөгө чыкканы айтылып өтүлөт.

2. Расулулла ﷺдын Халифалык тикеленген убакта жер өз казыналарын чыгарышы, асман өз берекесин жаадырышы, жер зулумга толуп ташкандан кийин адилетке толушу жөнүндөгү башараттары айтылып өтөт.

3. Мусулман өлкөлөрү Халифалык байрагы астына кошулгандан кийин дүйнө бойлоп жакшылыктын жайылышы жана футухат-жеңиштер, эң оболу зыярат үчүн барыла турган үч мечит: Масжидул Харам, Масжидун Набавий, - жөөт вужуду тамыры менен омкорулуп ташталгандан кийин – Масжидул Акса айтылып өтүлөт.

4. Үммөт – Алла ирада кылгандай – инсандар үчүн чыгарылган эң жакшы Үммөткө айланганы менен аякталышы. Анын эң улуу максаты Алла Субханахунун ыраазылыгына жетүү. Ошондой болгон соң, Өз Фазли, Рахматына жана улуу фирдавс бейишине жетиштирсин.

5. Анда «Аллаху Акбар» такбирлеринин кайталанып айтылышы. Себеби, такбирдин Исламда да, мусулмандар жашоосунда да өзүнө гана тиешелүү таасири бар. Ушул себептен улам, ал алардын жеңиштеринде, майрамдарында кайра-кайра айтылат, таасирге ээ ар бир жыйындарда алардын тилинен такбир түшпөйт.

Ушул нерселердин негизинде бул китептин тиркемесине арзуу кылынган ураан жана анын кандай көрүнүштө болушу киргизилет. Ал – Алланын уруксаты менен – ыңгайлуу учурда жарыя кылынат.

❁ ❁ ❁

**Соңку дубабыз: ааламдар Роббиси Аллага мактоолор болсун.**

## Мазмуну


**Кириш сөз ..................................................5**
**Алгы сөз ..................................................8**
**Халифалык мамлекетинин жихазы**
**(башкаруу жана идара) ..................................19**
**Биринчи: Халифа .........................................19**
Лакаб (наам) ..................................................19
Халифанын шарттары ........................................21
Инъикод шарттары...........................................21
Абзелдик шарттары .........................................25
Халифа шайлоо тарыйкаты ..................................25
Халифа шайлоо жана ага байъат берүүнүн
амалий иш-чаралары.........................................27
Убактылуу амир...............................................30
Талапкерлердин санын чектөө ............................32
Байъат берүү тартиби .......................................37
Халифалыктын бирөө гана болушу.........................39
Халифанын укуктары.........................................41
Халифа табанний кылууда шаръий
өкүмдөр алкагынан чыкпайт................................47
Халифалык мамлекети башарий мамлекет, илахий
мамлекет эмес ................................................ 50
Халифанын башкаруу мөөнөтү ..............................53
Халифаны иштен бошотуу...................................54
Халифа тикелөө үчүн
мусулмандарга берилген мөөнөт ..........................55
**Экинчи: Муавиндер (тафвид вазирлери) ..................57**
Тафвид муавиндердин шарттары ...........................61
Тафвид муавиндин иши .....................................62
Муавиндерди дайындоо жана кызматтан бошотуу........65
**Үчүнчү: Танфиз вазирлери...................................66**
**Төртүнчү: валийлер ..........................................77**
Валийдин иштерин текшерип туруу
халифанын милдети ..........................................80
**Жихад ..........................................................83**
<u>Биринчи:</u> Кошуун..................................................84
<u>Экинчи:</u> Ички коопсуздук...................................85
<u>Үчүнчү:</u> Өнөржай..................................................86
<u>Төртүнчү:</u> Эл аралык алакалар ..............................88
**Бешинчи: Жихад амири - Аскерий идара (кошуун) ......90**

Кошуун бөлүктөрү ........................................................93
Кошуун командачысы – халифа ....................................96
**Алтынчы: Ички коопсуздук.......................................98**
Ички коопсуздук идарасынын милдеттери....................99
**Жетинчи: Тышкы иштер...........................................108**
**Сегизинчи: Өнөржай ...............................................109**
**Тогузунчу: Казылык.................................................112**
Казылардын түрлөрү .................................................114
Казылардын шарттары...............................................116
Казыларды дайындоо..................................................117
Казыларга маяна берүү..............................................117
Мекемелерди түзүү....................................................118
Мухтасиб ..................................................................122
Мухтасибдин укуктары .............................................122
Мазолим казысы ........................................................123
Мазолим казыларын кызматка дайындоо
жана кызматтан алуу ...............................................126
Мазолим казылыгынын укуктары...............................127
Халифалык тикеленишинен мурунку бүтүмдөр, мамилелер
жана буйруктар.........................................................128
**Онунчу: Идарий жихаз (адамдар кызыкчылыктары) ..132**
Идарий жихаз башкаруу эмес, ал идара услубу ...........135
Башкармаларды идара кылуу сяасаты .........................137
Идарий жихазда иштөөгө акылуу адамдар ..................138
**Он биринчи: Байтулмал ...........................................139**
**Он экинчи: Маалымат...............................................147**
Маалымат каражаттарынын уруксатнамасы.................150
Мамлекеттин маалымат саясаты................................150
**Он үчүнчү: Үммөт межлиси (шуро жана мухасаба) ......151**
Шуро укугу ..............................................................152
Мухасаба кылуу важиб..............................................152
Үммөт межлисинин мүчөлөрүн шайлоо .......................155
Үммөт межлисинин мүчөлөрүн шайлоо тартиби ..........156
Үммөт межлисине мүчө болуу ...................................157
Үммөт межлисине мүчөлүк мөөнөтү ...........................160
Үммөт межлисинин укуктары ....................................160
Эч кандай тыюусуз сүйлөө жана рай билдирүү укугу...172
**Ливалар жана роялар ...............................................175**
**Халифалык мамлекетинин урааны ............................179**